
ИСРАИЛ
СУЛАЙМАНОВ

# АЛЫС САПАР



С кирг
С89

ИСРАИЛ СУЛАИМАНОВ

# АЛЫС САПАР



РОМАН

ОШСКАЯ
областная
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 341637

ФРУНЗЕ
«КЫРГЫЗСТАН»
1988

84 Ки 7—4
С 89

**Сулайманов Исраил.**

С 89 Алыс сапар: Роман /Сүрөтчүсү Б. Жайчибеков. — Ф.: Кыргызстан, 1988. — 272 б.

ISBN 5-655-00120-9

Жазуучунун бул романында Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде советтик жоокердин туткунга түшүп калуусу, туткун лагеринде көргөн азап-тозогу таасын чагылдырылат. Туткун жоокердин эли-жерине болгон ыйманынын тазалыгы, кыйын кезең мезгилге моюн сунбай, анын граждандык жана правалык туруктуулугу көркөм сүрөттөлгөн.

**ББК 84 Ки 7—4**

**С** $\frac{4702280200-112}{М\ 451\ (17)-88}$ **130—88**

**ISBN** *5-655-00129-9*

Рецензиялаган философия илимдеринин кандидаты
АСЫЛБЕК МЕДЕТБЕКОВ
Сүрөтчүсү
Б. ЖАЙЧИБЕКОВ

© «Кыргызстан» басмасы, 1988

# БИРИНЧИ БӨЛҮМ



«Гүп-ба-ах» этип жарылган снаряддын үнү түнкү токойдо жаңырып, алда кайда кетти.

Мурат, Михаил, Сактан үчөө «ЧТЗ» тракторунун түбүнө баш калкалап жатышкан эле, алар снаряддын жарылышы менен ойгонушту. Чуу чыккан тарапка обдулган Муратты Сактан этегинен тартып токтотту.

— Каякка!? Өлгүң келип турабы? — деди ал шыбырап.

— Билбейсиңби, каякка экенин? — Мурат үнүн чыгара айтты.

— Тысс... — Михаил берки экөөнүн үнүн басты. Аңгыча «Ордуңардан козголбогула...» деген команда угулду. Караңгы түндүн кучагында дүрбөлөңгө түшкөн жоокерлер, акырындап тынчый баштады.

Мураттын оюна Жапар менен Эдилбек түштү. «Деги, соо калышты бекен?» жүрөгү сызып, көңүлү бук боло кыжаалаттанды. Түш чендерде жолугушкан эле. Алар байланышчы, замбирекчи, болгондуктан, телефондун зымдары түрүлгөн калтектерин көтөрүшүп, замбирекчилер менен артта калышкан. Мурат чыдап отура албастан, Сактанды акырын капталга түрткүлөдү.

— Жатпайсыңбы? — Сактан кайра Муратка бурк этти.

— Тигинде... тигинде... — Мураттын тили жамандыкка барбай дудаланды.

— Жардам бергиле-ээ... өлүп баратам...

— Мени атып эле... койгула...

Аянычтуу чыккан бул үндөр Муратты титиретти. Анын денеси чыйрыгып, тиши-тишине тийбей, боюн калтырак басты. Көз алдына оозун араандай ачып, ажал келди. Ал ушу токойдо бугуп жаткан жоокерлерди оп тартып, соруп келаткан сыяктанды.

— Ой, ушинтип жатсак, баарыбызды кырып жиберетко! — деп сүйлөгөнүн Мурат өзү да байкабады. Аны кандайдыр бир коркунуч өз кучагына алып демин кыстыктырып бараткан эле.

— Эй, бала эмне деп балдырайсың? — Сактан башын

котордү; анан — о чем он бормочет? — деп, Михаилге карады. Сактан Мураттан улуу эле. Муратты бала катары көрүп, ага дайыма «эй, бала» деп кайрылчу.

— Мурат, сен адамды уктатасыңбы, жокпу? — деди Сактан.

— Азыр уктай турган убакпы, Сактан?..

— Болбосо эмне кыл дейсиң, түн жарымында...

— Мен сени азыр эле фашисттерге каршы атырылып, чабуулга чык дебейм... мен...

— Эми эмне дейсиң?..

Сактан азыр Муратты демите карап, дагы бир нерсе деп, кыжырына тийсе, жаактан ары коюп жиберүүгө даяр турду.

Бара-бара онтогондордун үнү басаңдап, чуу азайды. Күбүр-шыбыр үндөр сейрек угулуп, айлана акырындап жымжырттанып баратты. Баятан бери башын жерге салып отурган Михаил да противогазын жазданып мылтыгын кучактап жатты.

— Сен бизди күзөтүп отур — Сактан Муратка мыскылдуу сүйлөдү. Улам коргонууда болуп Тарту дарыясынан бери аскерлер качып келген болсо да Мурат эми уктай албай турган болуп, уйкусу тарап кетти.

— Биз эмне болдук? — деп, Мурат өзүнө өзү суроо берди да ичинен оор үшкүрүндү. Үч уктаса түшүнө кирбеген бул каргашалуу күндөр аны ойго салды. Ал көпкө чейин ойлуу отурду. Кийин көзү кандай ирмелип кеткенин өзү да сезбеди.

* * *

Жекшемби, 22-июнь. Бул күнү үчүнчү батарея колоннанын алдында баратты. Мураттардын «Газиги» жолдо укмуш жүргөнү менен замбирекчилерден арылышпады. Жарым саат жол жүрүшсө, бир саат дем алышат. Бул учурда радист арттагылар менен байланышып, аралыкты тактайт. Адаттагыдай аба ачык, чөптүн жыты буркурап турат. Башкаруу взводундагылар машинадан түшүп, экиүчтөн топтолушуп алган. Куудул сөздөр, каткырыктар айланага өзгөчө бир шаң берет. Аба күрүлдөп калды. Дагы самолёт. Мурда да чыгышка, батышка карай самолеттор көктү сызып өтүшкөн. «Көнүгүп жүрүшөт» деп, коюшкан жоокерлер. Самолёттун күрүлдөгөнү бара-бара жакындап келип, кийин өзү да көрүндү.

— Ой, бул эмнеси, формасы башкача да? — деди би-

рөө. Бардыгы асманга тигилишти. Чын эле самолёттун формасы өзгөчө. Мурда аны көрүшпөгөн. Жоокерлер таңданыша караштты.

— Ээ, туугандар, силер билбейсиңер, бул биздин «секреттеги» самолёттор. Эми чыгарылган турбайбы, дагы көбүн көрөсүңөр,— деди четте турган жоокер.

— Ошондой болсо керек... — чуу акырындап басылды. Самолёт чыгышка карай багыт алып, көк мейкиндикке сиңип кетти. «Секреттеги» согуш куралдары, согуш самолёттору жөнүндө жоокерлер жомоктогудай «имиш-имиштерди» айтышканы менен ал самолёттун кийин «Рама» деп аталарын, ал душмандын самолёту экенин анда билишпеди.

Команда берилип, колонна токтоду. Тынчтык кези болсо да, машиналар жолдон чыгарылып, карагай, кайыңдын шактары менен жашырылды. Аскердик адеп ушундай эмеспи. Дежурныйдын «оокаттангыла!» — деген командасы оозмо-ооз кетти. Заматта карагайлардын кургак шактары чатырап күйүп, көк түтүн сызыла баштады. Сактан зериктти окшойт, таруудан жасалган концентратты бышырбай эле сухары менен аралаштыра жеп калды. Кургак паёк менен үч-төрт күндөн бери каткаксыган Мурат, Михаилдер токойду аралап аккан булак суусунан алып келип, борщ, ботко кайнатуу менен алек болушту. Аскердик салт, аскердик адаттын өзүнчө бир көрүнүшү бар. Каякка барышса да, каерге токтошсо да, арыдым-талыдым дегенди билбей, көбү бирин-бири тамашалоого, кыраан-каткы күлкүгө өтүшөт.

Бу сапар да көрүнүш ошондой болду. Токойдун ичи шаңга бөлөнүп, токойдун ичи кыймылга келди. Мурат менен Михаилдин борщу, ботколору эми гана коюла баштаган кезде күтпөгөн жерде «тревога» көтөрүлдү. Дүрбөлөңдө оокат бышырабыз деп отурушабы, катарга котелокторун кармай жүгүрүштү. «Даяр ырыскыны таштап кетебизби?» деген ойго келип, чала бышкан ботко менен борщун башкалардай төгүүгө Мураттын дити барбады.

Жоокерлер заматта катарга тизилишти. Батареянын командири адаттагыдай кимдин кандай турганын көрүп, көбүн жемеге алды. Ушул учурда дивизиондун штабынын начальниги келди. Ал бир топ чалгынчы алып, атайын машина менен дайыма колоннанын алдында жүргөн эле. Азыр эмнегедир анын жаактары куушурулуп, ыраңы кубарып көрүндү. Ал өзүн канчалык токтоо кармоого аракеттенсе да, жүзүнөн кандайдыр бир толкундоо билинип турду.

— Смирно... равнение... — деп, батареянын командирин сөзүн бүтө электе штабдын начальниги аны токтотту. Ал катардын бет маңдайына келип, бир азга жоокерлерге тигилип карады. Мурда антчу эмес, жоокерлерден ага командирлерден да адептүүлүктү талап кылчу. Кылдан кыйкым таап, «машыгууда канчалык кыйынчылык болсо, согушта ошончолук жеңил болот» деп койчу Суворовду туурап. Мына азыр көздөрү үңүрөйүп, эмненидир айтайын деп, дити барып айталбай ойлуу турду ал. Үксөгөй каштары тикеленип, эрдин тиштенди да:

— Жолдош жоокерлер! Согуш... Согуш башталыптыр... — деди. Катардагылардын бардыгы демдерин ичтерине алып, заматка катып калышкандай өңдөндү. Анан алардын беттерине кан уруп, жүрөктөрү ок бүрккөн пулемёттой тытырагансыды. Мурат асманга карап күндү каптап баратканын көрдү. Согуш, согуштун белгиси...

«Согуш... согуш...» Бул сөз токойду күңгүрөтүп, туюк жаңырды.

— Германия бизге кол салыптыр, фашисттердин моторлошкон алдыңкы дивизиясы чекти кара ниеттик менен бузуп өтүп, азыр биздин жерге тереңдеп кирип келатыптыр...

Штабдын начальниги дагы бир азга айтайын деген сөзүн табалбай тургансыды да:

— Воевать будем, орлы! — деди.

Катарда турган жоокерлер анын сөзүн бир оозгон кайталашты. Сактан Муратты быкынга түртүп:

— Согуш болот дебедим беле, мына, сага согуш, — деп күңк этти. Анын өңү кубарып, эрди кеберсип калганын Мурат кийин сезди.

— Согуш болсо, эмне экен? Талкалайбыз! — деп койду өзүн дымактуу кармап. Бу сапар Сактан унчукпады. Ал өзүнчө кандайдыр ойго чөмүлүп, көңүлсүз тургандай көрүндү. Булар өз ара чогула калышканда да согуш жөнүндө сөз козгошоор эле. Анда көбү: «Ким бизге катылат? Ажалдуу эчки койчунун таягына сүйкөнөт дегендей, өлгүлөрү келсе, тийишип көрбөйбү» дешчү. Азыр да: «Япония талкаланды, Финляндия кол көтөрдү... эми Германия кайда бармак эле? Анын да адебин колуна беребиз» дешти, өз ара чурулдашып. Штабдын начальниги батареянын командирине замбирекчилер жетип келгиче ушул жолду тосуп, коргонуу линиясын түзүүгө тапшырма берди. Өзү беш-алты чалгынчыны алып, абалды байкаштыруу үчүн «Газик» менен алдыга кетти. Булардын арасына Мурат да кошулуп калды.

Алар бир нече километр илгериледи. Алдыдан чегинип келаткан жөө атчан аскерлер учурай баштады. Штабдын начальниги машинаны токтотуп: кавалерист майор менен сүйлөштү. Ындыны өчкөн майор: «бизди талкалап койду. Соо калганыбыз ушу» деп он-он беш атчан аскерлерин көрсөттү. «Самолет бомбалап, танкасы сүрүп келе жатат. Алдыга баруу кооптуу... ушерден эле кайта берсеңиз да болот» деди. Артиллерист-чалгынчылар тигилердин кебетекешпирине карашып, таңданышты. «Согуш болду, балээ болдубу? Бир күндө ушундай абалга келишеби?» деп, өз ара кобураштты. Араларынан бирөө:

— Булар паникёрлор,— деди. Калгандары башка сөзгө келишпеди. Штабдын начальниги кабинага отуруп, машина алдыга жылды. Чалгынчылар мылтыктарын мыжыга кармашып, жолго телмиришет. Эми чегинип келаткандар көбөйө берди. Алар кээде топ-топ болуп, кээде иретсиз эле келатышты. Жолдон чыгууга да чамалары жок. Кээ бирлеринин кийимдери айрылган, кээ бирлери ботала-чаң. Бара-бара чегингендердин артынан граждандар, көздөрү алаңдап, коркуп калган бала-бакырасы менен эркектер, аялдар учурады. Чегинүү — өзүнчө бир агым сыяктанып, жалгыз «Газик» ал агымга каршы жирен баратты. Машинанын бортунда отурган Мураттар чегинип келаткандарга: «Бул эмне деген кеп, эмне болду?» дешет. Тигилер «күч жок... күч жок» дегендей колдорун шалдайтып жайышат. Алардын арасында жарадар болгон жерлерин ак дакп менен ороган жоокерлер бар. Мурат мындай чегинүүнү оюна алган эмес эле. Эми буларды көрүү менен анын жүрөгү билинер-билинбес титиреди. Кандайдыр бир коркунуч пайда болуп, андан ал чочулоого өттү. «Кантип эле душманды токтото албай калабыз, биздин танкалар, биздин самолёттор кана?» деп, ичинен кыжалаттанды.

Токой суюлуп, машина ачык талаага чыкты. Согуштун панорамасы булардын көз алдына эми тартылды. Алды тарапта жер-жерлерден түрмөктөлгөн кочкул кара түтүндөр авага көтөрүлүп, шаар, кыштак өрттөнүп жатты. Батыш жактан самолёттор топ-тобу менен бийиктен-бийиктен чыгышка өтүштү.

Штабдын начальниги ачык талаага чыгаары менен машинадан түшүп, чегингендер менен сүйлөшүп жүрсө, Мураттар үрккөн эмедей жолдогуларды карап турушту. Болгон окуяга баяракта Мурат ишенип-ишенбей келген эле. Азыр андагы күмөнсүрөөдөн эч нерсе калбады. Немецтер согуш ачып, чекти бузуп киргенине, аларды токтотууга күч жок, биздикилердин чегине баштаганына көзү жетти. «Эми

тигилердин жеринде эмес, өз жерибизде согушат экенбиз го» деди оюнда. Штабдын начальниги машинага келип:

— Канаке, бүркүттөрүм, эми эмне кылабыз? — деди.

Чалгынчылар ийиндерин күүшөшүп, үнчүгушкан жок.

— Булардын айткандарына караганда, согуш башталганы ачык. Бирок абалды эч ким билбейт. Алга — деди ал. «Газик» турган ордунан атырылып, кайра токойго кирди. Баш аламандан келаткан жоокерлер кишилер жүрүүгө жол бербейт.

— Бүүп-бүп, бүүп-бүп,— сигнал токойдо жаңырып, алда кайда кетет.

— Штабдын начальниги бизди кайда алып барат? Абал көрүнүп турбайбы. Согуш... чегинүү... дагы эмне керек? — Чалгынчылардын бирөө бурк этти.

— Да-аа — деди экинчиси.

— Ээ, жолдоштор, ба-ардыгы ушинтип качып келатпаса керек. Кимдир бирөөлөр каердедир согушуп жатууга тийиш. Фронттун линиясы болууга тийиш. Кантип эле душманга «мына кире бергиле» деп эшикти ачык таштасын. Мындай болууга мүмкүн эмес. Штабдын начальниги ошону билүүгө бaратaтко — деди дагы бир чалгынчы. Анын сөзүн калгандары да маакул көрүштү. Саамга алдыга телмиришип, эч ким үн катпады. Токой дагы суюла баштады.

Баякыга караганда чегингендер, алардын түрлөрү көбөйдү. Атка сүйрөтүлгөн замбиректери менен артиллеристтер, ат-арабасы менен жөө аскерлер, атчан, жөө болуп чек арачылар пайда болду. Алар алдыга бараткан «Газикке» карашып, «эстеринен ажыраган эмелерби» дегендей, баштарын чайкап коюшат.

Машина токтоду. Алдыдан ири калибрлүү пулемёттун татыраганы угулуп, мотордун күрүлдөгөн үнү чыкты.

— Немецтердин танкасы!.. — деген чуу көтөрүлүп, жолдогулар саамга дүрбөштү. Атчан, жөө аскерлер бойлорун токойго урушуп, заматта бир нече араба, анан Мураттар отурган машина гана жолдо калды. Эми немецтердин танкасы замбирек менен атып пулемётунан ок төгүп келатты. Бир снаряд алдыраактагы арабага тийип, аттары оонап түштү. Штабдын начальниги шоферго:

— Машинаны бур, машинаны бур! — деп бакырды. Буерде аны буруууга шарт жок эле. Чегингендер токойго кире качышса да «Газиктеги» чалгынчылар штабдын начальнигинен команданы күтүштү. Пулемёттун октору төбөлөрүнөн ызылдап өтө баштаганда, кабинага жашынышты.

Абалдын оорлошуп баратканын сезген командир аргасы кеткенде гана чалгынчыларга:

— Машинадан түшүп, менин артымаи токойго! — деп, буйрук берди. Эми ал өзү алдыда аркы карагайларды аралап баратты. Токойдо алардан башка жоокерлер да көп эле. Мураттар токтошуп бири-бирине жакын карагайларга далдаланышты.

— Граната барбы? Граната барбы? — деген үн чыкты.

Артиллеристтерде граната жок эле. Башка чегингендердин арасынан эки граната табылды. Орто бойлуу бакжыйган старший лейтенант аларды алып, жолго карай жер боортоктоду. Жоокерлер дем чыгарбай бугуп жатышат. Душмандын үч танкасы чубап чыкты. Алдыцкысы жолго ок төгөт, жолду замбиреги менен атат. Ана «Газикке» снаряд тийди. Ал качыр-кучур этип барып, өрттөнүп кетти.

— Ах — деди штабдын начальнигинин жанында жаткан жоокер шофер.

— Ах, мерзавцы! —деди ал сөзүн кайталап. Мураттын боюн эми калтырак басты. Күйүп жаткан машинанын ысы, жарылган снаряддын ысы анын мурдуна урду. Аңгыча танкалар кирип келди. Эң оболу бир аты өлүп, бир аты туурасына тарталбай турган арабаны тебелетти. Танка басарда үрккөн ат кишенеп, кишенеп жиберди. Мурат көзүн жума койду. Анын жүрөгү тыз-тыз этип, жүлүнү титиреп кеткенсиди. Кийин машина тебеленди. Ушул учурда граната жарылды. Бирок ал танкага зыян келтире албады. Старший лейтенант алыстан калтаарып ыргытып калса керек. Балакет эми башталды. Ортоңку танканын башнясы Мураттар жакка бурулуп, пулемёттон ок төгүлүп, замбирегинен снаряд бүркүлдү. Арткы танка жолдун аркы өйүзүн атып келатты.

— Мына, сага тактикалык окуу! — деди Мурат жер кучактап жатып.

— Ма-маа, Ма-маа! — деген үндөр чыгып, кайра жок болуп, октор «чуу-чуу» этип, жерге карагайларга кадалды, снаряд Мураттардан бир аз өтүп барып түшүп, кара топуракты асманга көтөрдү. Бир жоокер «Ва-а» деп, ордунан обдулуп барып, кайра жерге тийди. Экинчиси үн-сөзгө келбей шылк этти.

Танкалар токтободу. Алар алдыга кетти. Эми «жардам бергиле-ээ жардам бергиле-э» деген үндөр авада каалгып, чуу көтөрүлдү. Штабдын начальниги снаряд тийген жоокерге барды. Анда жан жок эле. Осколка көкүрөккө тийген окшойт, гимнастеркасынын төшү, тешилип, канга ымдалышып калыптыр, экинчисинде араң гана жан бар.

Чалгынчылар пакет беришти, ар жактан санитар табылып, аны таңууга өттү.

Мурат жана анын жолдоштору штабдын начальниги менен биринчи ирет мына ушу жерде согушта бетме-бет келишти. Мына ушул жерде өлүмдөн калышты. «Эми бизге кол салган душманды өз жеринде эмес, өзүбүздүн жерибизде талкалоо да оор болот окшойт» деген ойго келди Мурат карагайдын арасында жөө калышканда. Бирок ал оюн эч кимге айтпады. Эмнегедир ага бардыгы башкача, штабдын начальниги да мурдагыдай эмес, башкача, өзгөргөн түрдө көрүндү.

* * *

— Стой, кто идет? — деген үн ындыны өчүп келаткан жоокерлердин көңүлүн көтөрө коюп, көздөрүнө чолок жаштарын мөлтүрөттү. «Ушул жерде коргонуу линиясы бар го, эми ушерден душманга сокку беребиз» деген үмүт менен кубанышты алар. Бая күндүзү үлбүлдөп өчүүгө бараткан ишеничтери кайрадан тутангандай болду.

— Стой, кто идет! — үн кайталанды.

— Свой... свой... — дешти чуулдаша, Мурат алдыга жашыруун коюлган посттогу жоокерди үнүнөн таанытды. Ал Михаил эле. Михаил дагы бирөө менен турган. Штабдын начальниги тигиден абалды сурап, мына ушу жерге полктун коргонуу линиясы түзүлгөнүн билди.

— Жолдош майор, машинаңар кана, жөө келатыпсыздар? — деди Михаил. Майор ага жооп бербеди. Ал кеттик дегенсип колун шилтеди да алдыга умтулду. Калгандары топурашып, анын артынан жөнөштү.

— Мурат Сактандын жанынан өзүнө окоп казууга киришкени менен иши арбыбады. Борпоң жердин куму эшилип, башкаларга кошулган жолу кеңейип барууда. Окобу да ойдогудай чыкпады.

— Кантип машинаны тебелеп кетти? — деп, Сактан таңданды.

— Эң оболу снаряд тийди, өрттөндү. Кийин таңке келип тебеледи.

— Немецтерди көрдүңбү?

— Жок... танкасын гана көрдүк.

— Анан артыңарга качтыңарбы?

— Машинадан ажырагандан кийин кайда бармак элек. Бардыгы чегинип келатыптыр, биз да... — Мурат айынтуу момоороду.

— Оо, вояки, немецтерди көрбөй. ..— Сактан билинээр-

билинбес үшкүрүп койду. Мураттардын кандай абалда калганын көз алдына келтире албады. Ал али согуштун эмне экенин көрө элек, биле элек болучу.

— Машина менен барып, жөө келишкенин кара — деди.

Сактан окобун эбак эле казып, аны башкалар менен туташтырып алганы менен Муратка жардамга келбеди.

— Долби, долби — деп, коюн папиросунан түтүн буратып отуруп алды.

Батыш, чыгыш тарапта өрт асманга көтөрүлүп, шаар-кыштак күйүп жатты. Убак-убагы менен бийиктен-бийиктен самолёттордун күрүлдөгөнү угулуп, анан кайра жок болуп турду. Мураттар кызыл оттун ортосунда калгансышты. Түндүн кара көшөгөсү тартыла берди. Окопту казуу менен алек болгон Мурат түрдүү-түмөн ойдон арылбады. Ал улам-улам бешенесинен терин сүртүп коёт.

* * *

Алгачкы түн окопто өттү, бирок чуусуз өттү. Кадимкидей, дүйнө тынчтыктын кучагына бөлөнүп, анан таң атты. Анткени менен немецтердин чабуулу күтүлүп, уктагандар кем болду. Мурат да окобунда кээде үргүлөп кетип, кээде чочуп ойгонуп, уктаган-уктабаганын сезбеди. Башы зыңгырап, оорлошуп калгандыктан, ал таңдын атышы менен аркы жыбытчадагы агып жаткан суугa барып бети-колун жууду. Көңүлү ачылып, бою бир аз серүүндөдү. Ал ордуна кайра келгенде взводдун командири жоокерлердин казган траншея, окопторун карап, акыл-насаат, сөздөрүн айтып жүргөн экен.

— Мурат бруствердеги топурагыңы чөп менен жашыр. Өзүңдү-өзүң ашкерелеп алган турбайсыңбы? — деди командири. Мурат жанындагы дарактын шагынан сындырып, ыргытылган топурактын үстүн дарактар менен жапты.

— Келатат... келатат — деген үндөр чыкты. Ким келатат? Кайдан келатат? Аны ажыратуу кыйын эле. Бардыгы окоп, траншеяга кирип, жолго көз жиберишти. Жөө, атчан кишилер келатат. Алар кимдер? Биздикилерби же немецтерби? Эмне болсо да, даяр туруу керек. Айлана жымжырттана түштү.

Түнү менен түзүлгөн бул коргонуу линиясында артиллеристтерден башка жөө аскерлер, чек арачылар, танкисттер, куралданган айрым граждандар бар эле. Кантсе да душманды мына ушу жерде тосуп, токтотуп калуу максаты алдыга коюлгандыктан, кечээ алактап, артына чегинип

келген эмелер, азыр мылтыктарын мыжыгып «бизди да көрөрсүңөр» дегендей жолго үңүлүштү.

Эдилбек телефондо улам-улам:

— Огневая, огневая! Мен сиренмин, мен сиренмин, мени кандай угуп жатасың? — дейт. Михаил Стеоро трубаны, Мурат бусолду кармашып прицелдерин аныкташат. Сактап болсо, дүрбүсү менен жолго карайт. «Келатат, келатат» деген үндөрдөн улам булар «Огневая» менен байланышып, атууга даяр болушту.

Жолдогулар бара-бара жакындай берип, кийин өзүбүздүкүлөрдөн экени билинди. Он чакты атчан, отуздай жөө аскерлер. Башындагы жараатын ак даки менен таңып, жылаңбаш бойдон жүргөн лейтенант алдыда бастырып келет. Арттагыларынын көрүнүшү ар түрдүү. Кечээ гана чыпыйып кийинип, тыкан жүргөн жоокерлерге окшошпойт. Бири пилоткачан, бири жылаңбаш. Дагы бирөөнүн гимнастеркасы айрылып, көөдөнү жагжайып калган. Буларды көргөн Мурат: «Согуш бир күндө адамды мына ушундай абалга келтиреби? Ал созулуп кетсе эмне болот?» — деген ойго келип, кийин бул оюнан өзү да чочуп кетти. «Согуш созулууга тийиш эмес. «Биздикилер баш-аягын жыйып, баш аламан чегинип бараткан армияны тартипке келтирип алса анан тиги эрдемсинген фашисттердин энесинин тоюн көрсөтөбүз»— деп, өзүнө өзү дем берди.

Аңгыча тигилер да кирип келди.

— Токтогула... каякка барасыңар? — Үн траншеядан чыкты.

— Каякка экенин көрбөй турасыңбы? — лейтенант кекээрдүү сүйлөп, өтө берди. Аны ээрчигендер да окоптогуларды көзгө илбеди, жүрүштөрүн улантты.

— Токтогула-аа... Токтогула-аа... — штабдык блиндаждан дивизиондун командири майор чуркап чыкты, окоп-траншеядагы аскерлерден бир нече жоокер көтөрүлүп, тигилердин алдын торошту. «Бизге эмне күндө токто десе, токтой беребиз, а лейтенант эмне дээр экен?» дегендей тигилер жер тиктешет.

Тизгин тартылды. Майор менен лейтенант бетме-бет келди.

— А ну, аттан түш! — Майор заар бакырып, кабурага колун жиберди.

— Коркутпа, мени, сен мага начальник эмессиң...

— Мен сага начальникти көрсөтөм, паникёр... аттан түш...

— Жайыраак... Албууттана бербе, андай баатыр экенсиң азыр немецтер келет, ошого көрсөт күчүңдү...

Көрсөтөм... паникёр, аттан түш... — майор пистолетин колуна алды. Лейтенанттын каны ичине тартылып, ыраңы кумсарды, бирок өзүн токтотту ал.

— Тоспо, коюп жибер мени, мына булардын тагдыры үчүн мен жооп берем. Өз бөлүктөрүбүзгө жетүүбүз керек.

— Жок, аттан түш, душманды мына ушу жерден тособуз...

— Мен бир жолу тосуп көрдүм...

— Дагы тособуз...

— Ыракмат... эми силер тосуп көргүлө — лейтенант алга теминди. Атты жылоологон солдат дыргаяктап барып жыгылды. Заматта ойго келбеген окуя болуп өттү «тарс» эткен үндөн улам лейтенант ээрден ооп барып, шалак этип жерге тийди.

— Паникёр!.. — Майордун өңү өчүп, титиреди. Ал пистолетин кабурасына колдору калтырап, кайра салып жатып дагы бир жолу «паникёр» деди.

— Согуш башталып, башталбай эле өзүбүздү өзүбүз ата баштадыкпы? — шыбыш траншеяга тарады. Жоокерлердин ындыны өчүп, колдору шалдайды.

«Адептүүлүк керек... адептүүлүк керек» деген сөз өкүм чыгып, Мураттын кулагына жаңырды. Ал окуяга эми түшүнүп, «ырас эле согушта адептүүлүк болбосо, ар ким өзүнчө кете берсе, анда немецтер бизди чилдей тозутпайбы?» деген ойго келип, майордун жоругун көңүлүндө актады. Анан бир азга үн-сөзсүз туруп, кийин өзү да: «паникёр — дүрбөлөңчү»— деп, күбүрөндү. Аттан кулап бараткан лейтенант көз алдына келип турду.

Чегинип келаткандар чепке урунуп, коргонуу линиясы улам-улам толуктала берди.

Немецтер өздөрүн көпкө күттүрбөдү. Күн кыйгач көтөрүлүп, айланага назик нурун чачып келатканда аркы тараптан мотор үнү күрүлдөдү. Анан мотоциклчендер чыкты. Алардын артынан бронетранспортерлер көрүндү. Бул душмандардын чалгынчылары эле.

Артиллерист командирлер менен телефонисттер үн алышып, ары жакта замбирекчилер аракетке келди.

— Командасыз ок атылбасын! — деген шыбыш оోздон оозго өтүп, окоптон окопко кетти. Мурат бусолу менен мотоциклчен немецтерди биринчи ирет көрдү. Каскачан, автомат, пулеметторун алдыга сунган немецтер ага сүрдүү көрүндү. Немецтер жакындай берди. Жолдун бул жеринде согуш болоорун алар оюна да алган эмес окшойт, жапырып гана келатышат.

«Кызыл Армиянын алдыңкы отрядын талкаладык, эми

калган-катканын жеткен жерибизде жер менен жексен кылабыз дешкендей өңдөнөт.

— Жакын келмейинче ок атылбасын... команда кайталанды.

Алдыңкы коргонуу линиясына душмандын чалгынчылары эки жүз метрдей калганда атылган алгачкы снаряд тигилерден ашып барып түштү. Бул биздин замбирекчилерге болжолдоого мүмкүнчүлүк бергендиктен кийинки снаряддар бронетранспортерлорго тийип, чаң аралаш кара түтүн асманга көтөрүлдү. Түшкөн снарядарды чалгынчылар корректирлеп, үлгүрө албай кыйкырышып жатты. Душмандын чалгынчылары да дүрбөдү. Алар алдыга карай ок жаадыра баштаганда «Огонь... Огонь...» деген үндөрдү мылтыктын, анда-санда пулемёттун тытыраган үнү каптап токой ичи күүлдөдү. Айлананы топуракка аралаш коюу кара түтүн каптап баратты. Биринчи жеңиш... Душман каршылык көрсөтүүгө үлгүрбөй талкаланды. Ал жоокерлерге дем берип, канат байлатты. Жоокерлер окоп-траншеядан белдерине чейин чыгып алышып, жанараакта эле душман келаткан жакка телмиришет. Кээ бирөөлөрү токтоно албай, көз жаштарын мөлтүрөтүп «ураа, ураа!» деп кыйкырышат. Мурат Сактанга карай берип:

— Көрдүңбү, ырастап кармаша келсек, мына ушинтебиз,— дейт. Жеңишке Сактан да ыраазы. Командирлер чууну басат. Пилотканы асманга ыргытууга али эрте. Бул душмандын чалгынчылары гана. Негизги күчү эми келет.

Эртең мененки болгон окуя жоокерлердин жүрөктөрүнө ишенимдин үрөнүн септи. Баяраакта мылтык «тарс» этсе эле артка карай «дыр» коюуга даяр турган айрым аскерлер эми ал ойлорун унутуп коюшуп, ушул жерде көпкө чейин коргонууда турууга даярданган эмедей, окопторуна ок, гранаталарды үймөлөп жатышты. Көңүлдөрүндө замбирекчилерге ыраазы болушту.

— Атаганат, кечээ ушу замбирекчилер болсо кана? — дешип, өткөн күнгө өкүнүштү. Армансыз адам болбойт өңдөнөт. Мурат да, «Атаганат кечээ согуш башталаарда чек арага жетип калганыбызда да, душманды ошол баш көтөргөн жеринде талкаламак экенбиз, кап!» деп койду ичинен.

Күн төбөгө көтөрүлүп калды. Немецтерди ана-мына кирип келишет деп отуруп жоокерлер тамекинин түтүнүн булатып, айрымдары согуштун алгачкы күндөрү жөнүндө үйлөрүнө салам дубай жаза башташты. Айрымдары оокаттануу менен алек болсо, кээ бирөөлөрү дагы эле аркы токойдон чыгып келген жолго телмирген бойдон отурду. Командирлер траншеяларды кыдырып, жоокерлерге көр-

сөтмөлөрдү беришет да анча-мынча жылуу сөздөрү менен алардын көңүлдөрүн көтөрөт. Кечээги эле тырсылдап, кемчиликтен башканы көрбөгөн командирлер бүгүн негедир жоокерлерге сылык да, жакын да өңдөнүшөт.

Сактан кынтайып жаткан бойдон уйкуга кеткен экен аны Мурат бутунан тартып ойготкондо, ал терчиге түшүп, бутун серпип жиберди бирок Муратка тийбеди.

— Согуш болуп жатса, уктай бересиңби?

— Болгондо көрөбүз, азыр тийбе мага.

— Ошо уктаган бойдон о дүйнөгө аттанып кетип жүрбө.

— О дүйнөңдү урдум... бу дүйнөң да көңүлүмө тийди.

— Эмне дейсиң? — Мурат укса да кайра сурады. Сактандын оозунан чыккан сөзгө ишенбеди. Балким, ал уйкусурап жатабы деди өзүнчө ойго келип.

— Укпадыңбы, эки дүйнөңдү бирдей урдум...

«Гуп-ба-ах» алдыга снаряд келип тийди. Сактан башын колдору менен калкалап, жер кемире түштү. Мурат өз окобуна секирип өттү. Көңүлүндө «Эми баштады окшойт» деп койду. Айткандай эле душмандын снаряддары бири өтө түшүп, бири жетпей калып, жерди тытып жиберди. Өлгөндөр, жарадар болгондор пайда болду. Уу-чуу күчөдү, «Мама-аа-а...» деген кыйкырыктар чыкты.

— Артка чегинбегиле! Артка чегинбегиле! — деген үндөн улам бир алдын дүрбөй түшкөн жоокерлер кайра окопторуна жашынды. Жарылуу сээлдей калганда мотор үнү угулуп, көпкө узабай эле аркы тараптан душмандын танкалары жайнап жайылып чыкты. Ана, бирөө-экөө... бешөө... танкалар ажал чачып, атырылып келатты. Алдыңкы линияда беш атар менен отурган жоокерлер брондолгон танкаларга каршы эмне кылмак? Баштары маң болуп, байланган гранаталарды даярдап, ажалды күтүшөт. Танкалардын артынан жөө аскерлери көрүндү.

— Жөө аскерлерди аткыла... жөө аскерлерди аткыла!.. — траншея менен окоптордон дарынын ысы сасып, кара кочкул түтүн асманга көтөрүлдү. Танкалар келатты. Мурат менен Сактан экөө жанаша турушкан. «Өлдүк» — деди Сактан. Мурат үндөбөдү. Анткени менен чочуп калды. Эмне үчүн батареянын командири үнчүкпайт? Ал пысып калдыбы? Мурат алдын карады. Танкалар келатат. Артын карады. Дарактар кыйылып, жарылган снаряддар чаңды түрмөктөлтүп көтөрөт. «Өлүм... Эми экен да»— деди Мурат. Ал бусолдон карап танкалардын жүрүшү жөнүндө кыйкыра баштады. Ошондой эле кыйкырыктар ары жактан да угулат. Бирок замбирекчилерден дайын жок. Балким, танкалардын бута атым жакын келишин күтүшөбү?

Ошондой болгон экен. Алдыңкы линияга жакын алып келинген замбирек менен мелжеп аткан өңдөнүшөт алдыда келаткан танка чимирилип кетип, өрттүн ичинде калды. Алоолонгон кызыл жалын майланышкан коюу кара түтүндү жалмап баратты.

Душмандын алдыңкы танкасы талкаланды! — Мурат үнүнүн бардыгынча кыйкырды. Кубанганынан окоптон көтөрүлө түшкөн экен, кайра кире качты. Октор «чуп-чуп» этип чопулдады. Топурак ызгыды, кийин экинчи танка талкаланды. Бул көрүнүш окоп-траншеядагыларга дем берди. Алар жан-алы калбай атышып, душмандын жөө аскерлерин жер өбөктөтүп, алдыга жылдырбады. Мурат, Сактан, Михаилдер артиллерист-чалгынчылар эмеспи, алар дүрбүлөрү аркылуу алдыдан эмнелерди көрсө, ошону кабарлоо менен мылтыктарынан ок атууга чололору тийбеди. Замбирекчилер канчалык жакшы атышса да душмандын чабуулун токтотууга мүмкүндүк болбой, бир танка туура эле Мураттар жаткан траншеяга кирип келди. Сактан обдулуп, окоптон чыга качмак болгондо, аны Мурат артына оодара тартты. Ушул учурда танка булардын үстү-үстүнө келди. Мураттын эси чыгып: «аа-а-а»— деп бакырып жиберип, траншеяга суналды. Фашист окопторду траншеяны тебелетип, танкасын чимирилтет. Ал өкүм көрүнөт. Бул ортодо оңчөй артиллеристтер жайгашкан экен, гранаттары жок. Каршылык көрсөтө албай, пысып гана калышты. Түнү бою терецдетилип казылган окоптор аларды өлүмдөн сактады. Бул танканын таманына ары жактагылар граната урушуп, жер өбөктөтүшкөндө гана окоп-траншеяларда тирүүлөй көмүлүшкөн жоокерлер бирин-сериндеп ордуларынан козголушту... Душмандын чабуулу майтарылды. Дагы башталды. Дагы...

Ал күнү ушундай кандуу чабуул төрт жолу кайталанды. Бирок Мураттар дарынын ысын ыстап, чаң жутуп, согушка көнүгө түшүштү. Согуш эми аларга анчейин көнүмүш иштей сезиле баштады. Ок-дары жетиштүү болуп, замбиректер атып турса, бул чектен душманды бир кадамга да өткөрбөй коюуга болооруна көздөрү жеткен жоокерлер кечээкидей калтырап, титиребей кайраттанып, алдыга карай колдорун кадашты. Батышты боз каптап, чыгыш тарап кыпкызыл жалынга бөлөнүп, күн отуруп баратты.

Түн. Жайдын мемиреген түнү Мураттар артка чегинип келатышат. Бул тим эле акылга сыйбай турган иш.

— Эмнеге чегинебиз, эмне үчүн качабыз? — дейт Мурат Сактанды улам-улам түрткүлөп.

— Мен кайдан билемин?.. Чегин дешти, келатабыз.



ОШСКАЯ
областная
БИБЛИОТЕКА
3770?

— Бул жерде бир чыккынчылык бар го, болбосо эмнеге...

— Душман бизди курчап калды дешин атпайбы, ага ишенбейсиңби? Анан аны текшерип отуруу экөөбүздүн ишибиз эмес...

— Ишенбейм... кантип эле?..

— Анда сен кал... — Сактан эми Муратка кекээрдүү сүйлөдү. Мурат үнчүккөн жок. Жол. Караңгыда жол. Ар ким өз ою, өз санаасы менен келатты. Анда-санда гана алыстан-алыстан атылган замбиректин үнү угулуп, авада ракета каалгыйт. Айлананы бара-бара ракеталар ороп бараткандай туюлат. Ракета, ракета... Согуштан Мурда Мурат мынчалык көп ракетаны көргөн эмес эле. Ракетанын адамды жер өбөктөтүп, замананы тарытаарын билген эмес эле. Эми ракета көкөйгө өттү. Фронтто түнү ушу ракеталар баш көтөртпөйт. Күндүзү самолёттору тынбайт.

— Бизде танка, самолёттор бар беле? — дейт Мурат өзүнө өзү суроо берип — кана, каякка житип кетти алар? Мурат кыжынат, кыжалаттанат.

— Э-эй, кана биздин самолет, танкалар кана, кана? — деп Сактанга чамынат, ага күчүн чыгарат. Сактан бир алдын ылжыйып күлүмүш болот, кийин кабагын саландатып:

— Мен аларды сактап чыгарбай атам, мен аларды учурбай атам. Билдиңби? — деп Муратты теше карайт.

Канчалык алга умтулушканы менен жол арбыбайт. Армия качууга туура келбесин экен, баш көргөндү көз көрбөйт. Улам-улам чуу көтөрүлүп, анан кайра басылат. Кээкээде «стой, стой, кто идет?» — деген үндөр угулат. Таңдын дык салышы менен Шаулай шаарына жакындап кирип барганын билишти.

— Ой, тобоо — дейт Мурат.

— Эмнеге тооба кылып калдың? — Сактан таңдана сурайт.

— Биз жакында эле эч нерсе оюбузда жок ушерден кетпедик беле. Ошондо кайра качып келебиз деп, ким оюна алыптыр...

— Согуш... бул согуш...

— Согушу курусун. Мурда дале согуш болгон. Япония менен согуштук, Финляндия менен согуштук. Биздин армия согушта чегиниптир дегенди уккан белең?..

— Анда укпасаң эми өзүң көрүп, өзүң чегинип келе жатасың. Колуңдан келсе, токтот душманды. Артына кууп жиберели.

— Койсоңчу, Сактан тамашаңды...

— Койбогондо эмне кыласың? Качып келатасыңбы? Качып келатабыз...

Мурат дагы далайга үн сөзсүз жүрдү. Болуп жаткан окуяга деги эле ишенгиси келбеди. Бул бир жаңылыштыктай, бул бир адашуудай өңдөнөт. «Кызыл Армия чегинип баратат» деген сөздү айтууга тили күрмөлбөйт, оозу барбайт. Жок... Бүгүн болбосо эртеге душманды дагы токтотобуз деген ойго келип, жүрөгү жылый түшкөн өңдөнөт. Башкалардын сөзүнө кулак түрөт. Эч кандай байланыш жок, катардагы аскерлер эмнени билсин, а командирлердин кабактары бүркөө, кем сүйлөшөт. «Чуу көтөрбөгүлө колоннадан калбагыла» деп, команда беришет. Команда шыбыш менен берилгендиктен алдыдан артка, же арттан алдыга карай ооздон оозго кетет.

Тигине, Шаулай шаарынын бараны көрүнө баштады. Шаардын үч-төрт жеринен түрмөктөлгөн түтүн асманга көтөрүлүп, абада каалгып турду. Бомбаланса керек. Эми шаарга кайсы беттери менен киришет? Эмне деп киришет? Мураттын өңү кумсарып, өңү өчөт. Ал шериктерине карайт. Алар андан бетер карарып, түнөрүп алышкан. Баштары салыңкы, маанайлары пас. Мурда бир жактарга чыгышса, тамаша, күлкү менен убакыттын өткөнүн сезбей калышар эле. Айлананы жаңыртып ырдашар эле. Азыр андай белги жок. «Кана, бүркүттөрүм, ырдап жибергилечи» дечү старшина тигинде терең ойго чөмүлүп, үңкүйүп, үн сөзсүз отурат. Азыр анын оюнда эмне барын ажыратуу кыйын.

Аэродромго да келип калышты. Жол аны жандап өтөт. Аскерлердин көздөрү ошо аэродромго тигилип, төбө чачтары тик тургандай болду. Тигине, кыйрап жаткан самолёттор... Тигине, бир канча күндөн бери Мураттар күткөн самолёттор. Жер өбөктөп жатышат. Көбү өрттөнүп, көбүнүн күлү көккө сапырылып кетиптир. Үч-төрт истребитель учууга старт алып, ал жерде калыптыр. Асманга көтөрүлүүгө үлгүрө алышпаса керек. Аэродром капысынан бомбаланган го...

Мураттын жүрөгү тыз-тыз этип, бир азга согуусун токтотуп койгон өңдөнүп, жүзүнөн каны кача, кеңгиреп туруп калды.

— Эй бала, эмнеге эсиң ооду? — Сактандын заар сөзү Муратты өзүнө келтирди. Ал алдыда бараткан машиналарга, аскерлерге, качкындарга карады. Жол толо. Бардыгы бир тарапка, чыгышка агылып бара жатышат. Батышка багыт алган эч ким жок. Литвалык хуторлор жансыз селейип калган өңдөнөт. Анда-санда гана карыя кишилер

«эми силер кетесиңерби? Дагы кимдер келер экен? Биздин көрөр күнүбүз эмне болор экен?» дегенсип, колдорун боoруна алып, чегинип бараткандарга жай гана карашышат. Алардын жүзүндө кайгыруу да, кубануу да жок, тим эле мостоюшкандай көрүнөт. Буерге илгертен бери бири келсе, бири кетип жүрүп, эл көнүмүш болуп калган сыяктанат. «Кичине элдин тагдыры курусун!» деп койду Мурат үшкүрүнө. Ага Сактан көңүл бурбады. Мылтыгын кучактап, үңкүйүп отурган бойдон отура берди. Машинанын кузову термелип, колонна алга жылып баратты.

Колонна аэродромдон өтүп, алды шаарга кирип барды. «Эми кышкы казармага токтойбуз го» деген ойго келген Мурат, темир жолдун ары жагына көзүн жиберди. Экиүч жерден түтүн чыгат. Өрт. Буер да бомбаланган. Эки жылдан бери жашап, өз үйү, өлөң төшөгү болуп калган казарма. Тигине, талкаланып жатат. Мураттын ичинен кан өтүп кеткенсиди. Эчкирип ыйлап жиберүүдөн ал өзүн араң токтотуп, казармадан көзүн алды. Оор аба аны тумчуктуруп, оор ойлор аны ороп кетти. Мураттын ата-бабасы согушта болгон эмес. Мурат өзү да мурда согушам деп ойлогон эмес. Өз үйү, өлөң төшөгү тигинтип, бир заматта ойрон болот деп көңүлүнө албаган. Согуш жөнүндө газеталардан окуп, радиодон укканы менен ал согушту өзүнчө башкача баамдар эле. Эмичи? Эми Мурат өрттөнгөн үй, өлгөн кишилерди көрдү. Көз жашын төктү, каардыданды. Бирок өрт күчөп, өлгөндөр андан бетер көбөйүп барууда. Кайгыруу, капалануу менен көздүн жашы менен душманды токтотууга болбой тургандыгына түшүндү. Эми мылтыкты бекем кармап, ок атуу керек. Мурат, Сактан дагы, дагылар ага жарайт. Согуштун эртеси, чындап кармашпады беле, ошондо душманды токтотуп калышпады беле? Эми артка чегинип баратышат. Ушу «чегинүү» деген команда Мураттын көкөйүнө тийди. Мурда аны уккан да, ойлогон да эмес. Чегинүү... каргыш тийген чегинүү... Арга жок... фронттун баардык жери бирдей болбосо керек. Үчтөрт күн болду, чегинип келатышат. Башка эч нерсени билишпейт. Радио жок, газета келбейт. Байланыш үзүлгөн.

Колонна казармага бурулбай, аны жандап өтө берди. «Шаарды коргоого токтойбуз го» деген ой менен келаткан аскерлердин ындыны өчүп, кабактары түйүлдү. Буга Мурат чыдай албады.

— Биздин армияга эмне болгон? Качат десе эле кача беребизби? — деп дагы Сактанга тигилди.

— Мен кайдан билейин — деди Сактан мурду менен күңк этип. Сөздүн жиби үзүлүп, ар ким өзүнчө ойго чө-

мүлгөндүктөнбү, айлана тынчтана түшкөн сыяктанды. Колонна алдыга жылган сайын Шаулай шаары, казарма артта калып жатты. Мурат көпкө чейин ошол таранка көз жиберип, көңүлү чөгөт отурду. Эң оболу шаардын, анан казарманын баарын боз каптап, боз ороп кетти. Бара-бара эт комбинатынын гана көктү тиреген морусунан көтөрүлгөн коюу кара түтүн көрүнүп туруп, кийин ал да көздөн кайым болду.

Колонна Латвияга багыт алып, кенен таш жолго чыкты. Чегинүүнүн алгачкы күндөрү фашисттердин чалгындоочу самолёттору тополоң салып турган эле кийин алар дайынсыз жоголгондой болуп, чегинүү ирети менен жүрүп жаткан өңдөнду.

— Эми Латвиянын чегинде токтосок керек — деди отургандардан бирөө.

— Ошентетко сыягы — экинчи үн аны колдоду.

— Жетишет чегинүү.

— Качкан жоону катын алат дейт. Миптип кача берсек, көздөгөн жерибизге жеткичеңди талкаланып бүтөбүз...

— Башка фронттордо биздин армия Германияга кирип баратат дешет, ырас бекен?

— Мүмкүн. Андай болушу да ыктымал. Баары эле бизге окшоп калыптырбы?

— Ой, абдан чоң күч бизге жардамга келатат имиш...

Бул имиш-имиштер дагы узакка созулаар беле, ким билет, аны арттан чыккан «Воздух... вооз-дуух!» — деген үн бузду. Айткандай эле батыштан самолёттун күрүлдөгөнү угулуп, ал жакындай берди. Анан өзү да көрүнүп калды. Душмандын чалгындоочу самолёту. Аны Мураттар мурда көрүшкөн. Ал абада жай каалгып, түз эле колоннага карай келатты. Айлана жайык, баш калкалар токой жок. Колонна токтоду. Аскерлер жолдун эки тарабына жайыла качып, жер өбөктөп жатып калышты. Мурда да душмандын самолёттору ушинтип учуп келгенде: «Өзүбүздү байкатып койбойлу, атпагыла!» деп, буйрук берген командирлер. Эми алар айдың талаада, алакандын отунда жатышат. Самолёт туура эле колоннанын үстүндө келатты. Фашист-чалгынчы: «Кызылдардын сазайын колдоруна берейин» дедиби, эң оболу пулемёт менен аткылап өтүп, кайра артына бурулганда майда бомбаларды таштады. Бир машина өрттөнүп кетти. Эки-үч аскердин ачуу үнү угулду. Жарадар болушту го сыягы. Жан деген кыйын экен душмандын пулемёту татырагаңда Мурат менен Сактан жер кучактап, баштарын колдору менен калкалай калып жатышты. Учкуч самолётун кайра буруп, эми анчалык эмес бийиктиктен аткылоо-

го өттү. Ушул учурда жерден мылтыктын «тарс» эткен үнү чыкты. Анан ал дагы кайталанды. Кийин кол пулемёт татырады. Эрденип төмөндөп алган учкуч эми бийиктикке көтөрүлө албай, буйтап кетүүгө аракеттенди. Жерден ок күчөдү. Самолёт калдактай түштү. Бул окуя көз ачып, кайра жумганча болуп өттү. Самолёт абдан пас учкандыктан, парашюту менен секирүүгө учкучтун чамасы келбеди. Самолёт жолдон көп алыс эмес жерге «гүп» этип тийип, анан күчтүү жарылуу болду.

* * *

Күн төбөгө көтөрүлүп, токойго тике карай баштаган кезде батыш тараптан самолёттун күркүрөгөн добушу чыгып, ал уламдан-улам жакындай берди. Анан самолёттун өзү да көрүнүп, айван чегиртке өңдөнүп, токойдун үстүнөн ары-бери учуп өттү. Ал душмандын чалгындоочу самолёту эле. Үч-төрт күндөн бери курчоону бузуп кетүүгө аракеттенген Кызыл Армиянын бөлүктөрү бул күнү аракетсиз токойго бугып калганынан тиги самолёт аны чалгындоого көтөрүлсө керек. Бир аз айлангандан кийин кайра көздөн кайым болду.

— Эми бизди бомбалайт,— деди Сактан асманга тигилип. Шериктери үндөшпөдү. Анткени, ушул учурда батыш тараптан күүлдөгөн үн көтөрүлүп калган эле. Баятан бери топ-тобу менен отурган аскерлер калың түп карагайларга бет алышты. Аңгыча болбой токойдун аркы четине ташталган бомбалардын жарылышы жер титиретип, эртеңден берки мемиреген тынчтык бузулду. Сирендерин озондоткон штурмовик-бомбардировщиктер токойго шукшурулуп, бойлорун жеңилдете кайра батышка карай каалгып баратышты. Айтор, мына ушу токойду бостек сабагандай сабашты. Ар-ар жерден кара кочкул коюу түтүн түрмөктөлүп көккө көтөрүлдү. Асманда самолёттордун экинчи тобу пайда болуп, алар токойду эң оболу пулемёт менен аткылап, артынан бомбалап кирди. Бир бомба артиллеристтердин арасына түшүп, эки-үч жоокер жарадар болду да бир машина өрттөнүп кетти. Баарынан жаманы анын кузовундагы снаряддар жарылып артиллеристтер баш калкаларга жер таппай кыйналышты.

Жоон карагайлардын түбүндө жаткан Мурат авага кулагын түрүп, самолёттордун багытын байкоого аракеттенген менен алардын күрүлдөгөн добушун гана укту, бирок өздөрүн көралбады.

Токойду бомбалоо аяктады. Эми алыстан-алыстан гана замбиректин атылганы, снаряддын жарылганы, анан анда-санда пулеметтун тытыраганы угулуп турду.

— Дивизион, дивизион боюнча топтолгула. Жарадарлардын жанына топтолгула — деген команда токой ичин кыймылга келтирди. Мурдагыдай батарея-батарея боюнча отурушпай, дивизион боюнча аралаш отура кетишти. Анан командирлер келишип, штабдын начальниги менен дивизиондун командирин, комиссарын күтүп калышты. Аларды полктун командири өзүнчө бөлүп чакырган экен.

Ушул учурда отургандар дүрбөй түшүп, анан кайра тынчтанды. Көрсө дивизиондун командири, комиссары келип калган экен. Мураттын оюна эч кандай жамандык келбеди. Ал алдыдан, анан кала берсе, тиги командирлеринен жакшылыкты гана күттү. Жакшылык үчүн ал отко, сууга түшүүгө даяр турду.

— Тынчтангыла, жолдоштор,— деди дивизиондун командири. Жоокерлер ичтеринен дем алууга өтүштү. Баятан бери онтоп жаткан жарадарлар да эрдилерин тиштеп, муштумдарын түйгөн бойдон катып калышты.

— Абал оор болуп турат — сөзүн улады командир, — Армия менен бир нече күндөн бери байланыш жок. Алдыга жиберилген чабармандардын бири да кайтпады. Алар же немецтердин колуна түшүп калышты, же согушуп жүрүп курман болушту. Же курчоодон чыгып алып, кайра бизге өтөлбай жүрүшөт. Ушинтип биздин бөлүктөрдүн, айрыкча артиллеристтердин абалы оор. Татаал техника менен мындан ары чытырман токойдо жол жүрүүгө мүмкүнчүлүк болбой калды. Курчоону бузууга суралган жардамдын дайыны жок. Фронтто эмне болуп жатат, эмне жок билбейбиз. Рациялардын көбү иштен чыкты. Көбү байланыша албай жатат — ушул жерде командир сөзүн бир азга токтотуп, жоокерлерди айландыра карады. Мураттын көзү эми командирге түшүп, командирдин кабагы үңүрөйүп, жаагынан эти качып, сөөгү калганын көрдү. «Буларга да кыйын, жүздөгөн жоокерлердин тагдырын ойлонушуп, күнү-түнү кирпиктүү көздөрүн ирмебей келе жатышат»— деди ойго батып, отургандар командирге телмирип караган бойдон үндөшпөдү. Командир сөзүн улады.

— Бизди эртең менен дивизиянын командири генерал өзүнө чакырды. Анан төмөндөгүдөй чечимге келишти. «Оор техника, жүздөгөн жарадарлар менен ушу бойдон жүрүп, курчоону бузуп кеталбайбыз. Ошондуктан майда-майда группа менен билинбей, фронттон өтүүгө өзүбүздүкүлөргө кошулууга болот» дешти. Бул сөздү силерге айтуу мен үчүн

да оор. Силер эмне дээриңерди жүрөгүм сезип турат. Бирок башка арга жок. Эмне кылабыз? Өзүңөр көрүп турасыңар, курчоо күндөн-күнгө куушурулуп баратат. Күнүгө техникадан, адам күчүнөн ажырап жатабыз. Бүгүнкүдөй дагы үч-төрт жолу бомбалоо болсо, талкаланып бүтөбүз. Биздин милдет жок дегенде курчоону бузуп чыккандан кийин колуна курал кармап, душманга каршы чыга ала турган жоокерлерди сактап калууда турат... — деп командир сөзүн бүтө электе:

— А биз, жарадарлар эмне болобуз! — деди жаткандардан бирөө чыканагына көтөрүлө берип.

— Мен силерге командир дивизиянын буйругун айттым,— деди командир тайсалдап. — Анан, биз силерге кайра келебиз — деп койду, бошоңураак.

— Эми биз жарадар болгонубузда керектен чыгып калдыкпы?

— Бул чыккынчылык...

— Мындай болууга тийиш эмес... — чуу капысынан көтөрүлдү. «Кечээ эле бир катарда согушуп келип жарадар болгон шериктерибизди бүгүн оор абалда таштап кетсек, эртеге эмне болобуз? Эртеге мен жарадар болуп калсам эмне болом?» деген ойдон улам Мураттын бешенесине муздак тер келе түштү. «Мындай болушу мүмкүн эмес, мүмкүн эмес» деп, онтоп жиберген өңдөнду. Чуу дагы көтөрүлдү.

— Тынчтангыла... тынчтангыла... — деп бакырды командир. Аны кээси укса, кээси укпады. Эми жарадарларга соо жоокерлер да кошулуп кыйкыра баштады. Чуу күчөдү.

— Бул чыккынчылык!..

— Бизди бирөөлөр сатып жатат!

— Чыккынчыларды атуу керек! — дегендей чууну пистолеттин тарс эткен үнү басты.

Жамбашына осколка тийип, козголалбай жаткан старшина өзүн-өзү атып жибериптир.

Дивизиондун штабынын начальниги батареяны катарга турууга буйрук берди. Мурат, Михаил, Сактандар дароо эки-экиден болуп тизилип тура калышты. Батареянын командири доклад кылууга бара-тканда майор аны колу менен жаңсап токтотту да кийин катардагы жоокерлерге кайрылып:

— Силер, азыр буердеги жарадарлардын куралдарын топтоп алгыла. Аларга куралдын кереги жок. Кана, буйрукту аткаргыла — деди.

— Тарс, тарс... — мылтыктар атылды. Дагы эки жарадар жоокер жерде сулап калды. Абал баягыдан да оорло-

ню түштү. Мураттар бир алдын эмне кылаарын билишпей, делдароо болуп туруп калышкан эле. Катар атылган мылтыктын үнү, сулап жаткан жоокерлер аларды аракетке келтирди. Жарадарлардын кээ бирөө өз жаны менен өзү алек болуп жатса, кээ бирөөлөрү чын эле курал-жарактарын талашып көрүштү. Жанагы окуядан улам, аларга жарак калтыруу коркунучтуу болуп калды. «Немецтердин колуна тирүү түшкөндөн көрө, өлгөнүбүз түзүк?» дешип, өзүн-өзү атуу көбөйөөрү билинди.

Көкүрөгүнө ок жеп, кээде эсинен танып, кээде эсине келе түшүп жаткан кенже лейтенанттын кабурасынан Мурат пистолетин алуу аракетинде болду. Тиги жамбашына баса жаткан экен, аны чалкасына оодарды. Жарадар көздөрүн ачып эсине келе түштү. Муратты көрө коюп эмнегедир сүйүнүп кетти ал.

— Биздикилер чабуулга өттүбү? Курчоону бузууга өттүбү? — деди башын көтөрө. Мурат буга эмне дейт? Эмне деп жооп берет? Ал бир азга калтаарыды.

— Чабуулга даярданып жатат,— деп жалган айтып жиберди кийин.

— Жакшы болгон экен. Өзүбүзгө кошулсак, кайра согушабыз. Буга сен эмне дейсиң, жоокер? — деди жарадар чын пейли менен.

— Албетте, албетте, жолдош кенже лейтенант... — Мураттын оозуна башка сөз кирбеди. Ал мурда чын дили менен эле тигинин пистолетин алып коюуга ниеттенген эле. Буйрук да ошондой болучу. Ошол максатта тигинин кабурасына кол сала баштады. Бул учурда кенже лейтенант айланага көз жиберип, абалдын эмне болуп жатканына түшүнүп калган экен.

— Эй, тууганым, куралымды алба, алба... — деп жалооруду. Анын конфет сураган жаш баладай болгон көз карашы Мураттын жүрөгүн титиретип жиберди.

— Болуптур,— деди ал тигиге. Анан кабурасынан пистолетин сууруп алып, жарадардын койнуна катты да, курулай кабурасын бери жакка ыргытып жиберди.

— Ырахмат... — деп барып дагы эсинен танып кетти тиги.

Мурат эми эмне кылаарын билбей, селейип туруп калды. Аны байкап калган экинчи бир жарадар:

— Эч нерсе эмес, буерде мен бармын. Кенже лейтенантка мен жардамдашам,— деп онтоп алды...

Жарадарларды куралсыздандыруу чуу менен аяктады. Дивизиондун командири эми сопсоо жоокерлерди жарадарлардан ажыратып топтоду.

— Дагы эмне болор экен? — деди Мурат Сактанга шыбырап.

— Ким билет, да бир шумдукту башташатко.

— Ошондой, түрлөрү бузук. Эми аз-аздан топ-топ кылып бөлүп жиберет бейм.

— Балким ошентет.

— Тынчтангыла... тынчтангыла... — деген команда угулуп, жоокерлер командага кулак түрө башташты. Катарды отурууга буйрушту командирлер. Жоокерлер топурап отура кетишти. Дивизиондун командири-шатбдын начальниги жана дивизиондун комиссары отургандарга бет маңдай тике турушуп, эмненидир өздөрүнчө талдап жатышкандай көрүндү. Батарея менен взводдун командирлери да өздөрүнчө бир топту түзүшүп, тигилердин эмне дешээрин күтүп калгандай болушту.

— Мен силерге абалды түшүндүрдүм,—деди дивизиондун командири майор жоокерлерге тике карай албай. — Жогорудан болгон буйрук ушу. Биз өзүбүз алып жүрө албай турган согуш техникасын бүтүндөй бузуп кетүүбүз керек. Жарактуу эч нерсени душманга калтырууга болбойт...

— Бу кимдин буйругу? — деди отурган бирөө.

— Дивизиянын командири генерал Гусевдин буйругу.

Майордун үнү сүрдүү муңкануу менен каардуу угулду.

— Батареянын огневой взводу бир замбиректи тиги жалаңга алып чыксын, ал эми тиги трактор, замбиректердин жанынан жарадарларды алгыла. Кана, команданы аткаргыла. Операциянын даярдыгы жөнүндө батареянын командирлери мага билдирсин,— деди дивизиондун командири. «Эми башталды» дегенсип, отурган жоокерлер бир алдын нестейип, ката түшүшүп, кийин дүрбөп алышты. Бир взводдун жоокерлери замбирек жакка жүгүрүп, бат эле трактордун татыраган үнү чыкты. Анан көнкө узабай, баягы көрсөтүлгөн жайык аянтчада замбиректи атууга даярдашты. Мына ушу жерде мурда күтүлбөгөн бир окуя болуп өттү. Огневой взводдун командири армияда он жылдан ашуун кызмат кылган Белобередов деген старший лейтенант бар эле. Ал Жапарларды замбирек менен түз жана таамай атууга үйрөткөн. Согуш башталгандан бери эчен ирет душман менен бетме-бет келип, снаряддарын зыян келтирише элек болучу. Мына эми булардын бактына өзүбүздүн техниканы атып, талкалоо туура келип отурат. Баятан бери ыраңынан каны кетип, өңү кумсарып команда берип жаткан старший лейтенант сөздөн-сөз жок туруп эле «отставить» деди, замбиректин расчету орду-ордуна делдейип туруп калды. Жапар снарядды ящиктен алып жаткан

эле аны кайра ордуна коё коюп, тике турду. «Отставить» деп сөзүн кайталады командир. Буларды ар жактан карап тургандар бир алдын эч нерсеге түшүнбөдү. Дивизиондун командири:

— Силерге эмне болду? Кыймылдабайсыңарбы тезирээк — деди.

Жоокерлер статуядай турган-турган жерлеринде катышты.

— Я не могу. Я не мо-гуу! — деп, старший лейтенант өкирип жиберди. Анын бешенесинен мончоктоп тер кетип, ыраңы кумсарып баратты.

— Эмне үчүн? — Дивизиондун командири тигиге бетмебет басып келди. Калган комсоставдар буларды жардана тиктеп калышты.

— Жолдош майор, техниканы талкалоого менин колум барбайт. Менин өмүрүм тиги турган замбиректер менен тамырлаш эмес беле? Аларсыз менин көрөр күнүм эмне болот?

— Эмне үчүн буйрукту аткарбайсыз, жолдош старший лейтенант?

— Колум барбайт.

— Ушул техника душманга калсын дейсизби?

— Жок, жолдош майор.

— Жолдош Сталиндин буйругуна каршы чыгасызбы?

— Жок, жолдош майор.

— Анда сөздү кыскартыңыз, буйрукту орундатыңыз. Күтүп туруууга убактым жок, старший лейтенант.

— Эмне десеңиз ошо деңиз, бирок бул буйрукту мен аткара албайм. Пуст, башкалар аткарсын.

— Жок, сиз өзүңүз аткарасыз?!

— Жок — оо, жо-ок... — старший лейтенанттын көздөрү чанагынан чыгып кетчүдөй чакырайып, эки колу менен чачтарын жула баштады.

— Чыккынчы! Предатель! — деди майор. Анан пистолетин кабурасынан сууруп алып, баштагы буйругун кайталады. Ага тиги көнбөдү.

— Атыңыз мына, мени атыңыз! — деп старший лейтенант колдору менен жакасын эки жакка айра тартып, көкүрөгүн каккылады, көкүрөгүн тосту.

Абал оорлоду. Бардыгы «эми эмне болот экен?» дешкенин, ичтеринен дем алып, ойго чөмүлүштү. Заматка токой ичинде тынчтык өкүм сүрдү. «Бул ишке майор эми башка бирөөнү буюрат» деген ойго келди Мурат. Бирок майор бара-бара сузданып бара-бара сурданып, саамга өзү менен өзү күрөшүп турган өңдөндү. Анан буйругун дагы бир

жолу кайталады. Баягыдан азыраак өзүп токтотуп калган старший лейтенант:

— Колум барбайт,— деди жай гана.

— «Тарс» эткен үндү майордун «предатель» деген сөзү коштоп кетти.

* * *

Чак түш. Буттарынын учу менен баскан отуздай жоокер токойдун четине чыгып токтошту. Карагай-карагайга далдаланып, алдыга алдыдагы жаткан жайыкка көз чаптырышты. Талаа түптүз. Аны туурасынан шоссе жолу кесип өтөт экен. Тигине, ал жол менен немецтер өтүп жатышат. Үстү жабык, укмуштай чоң машиналар, мотоциклчендер, замбирек сүйрөткөн тягачтар. Айтор, жолдо кыймыл күч. Ары бери каттаган транспорттун куйругу үзүлбөйт. Азыр токойдо отургандар мына ушу жолду кесип өтүп кетүү керек. Башка арга жок. Арттарында оң-сол тараптарында немецтер өңдөнөт. Дайыма атышуу. Өрт. Аккан кан. Бир гана мүмкүнчүлүк жолду кесип өтүү. Качан? Каеринен? Аны ойлонуп көрүү керек. Тиги жолдогу кыймылды көрүшүп, азыр өтүүгө мүмкүн эместигине көздөрү жетти. Эми күтүү керек. Түндүн келишин күтүү керек. Жайдын узун күнү. Кеч кирүүгө дагы сегиз-тогуз саат убакыт бар. Эмне кылышат? Алар өз ара күбүр-шыбыр боло калышты. Анан, бир аз артка чегинишип, топтоло түшүштү.

— Абалды көрдүңөрбү? Кечти күтөбүз. Азыр туш-тарапка пост коюп, дем алалы,— деди капитан. Ага макул болушту. Капитан төрт жоокерди төрт тарапка жиберип жатып:

— Уктап калбагыла. Эмне болсо, тез гана мага кабар берип тургула. Бир сааттан кийин силерди ооштурабыз,— деди. Москоол келген старшина тигилерди постко ээрчитип кетти. Калгандары отуруп калышты. Бул группага Мурат, Сактан, Михаил үчөө кошулуп калган эле. Алар өздөрүнчө чогуу жүрүшөт. Көпчүлүгү полктун башка дивизиондорунан. Араларына кайдандыр жөө аскерлер аралашып кетиптир. Буларда жалаң мылтык, анан патрондору гана бар. Пулемет, граната, автомат дегенден эч нерсе жок.

Мына эми, токойдо отурушат. Адам ачка жүргөндө биринин сөзү бирине жакпай калабы, сүйлөшкөндөр кем. Өздөрүнчө эле үңкүйүп отурган жоокерлер. Капитан менен старшина гана карталарын карашып, өздөрүнчө күбүрөшөт. Алардын сөзү жанындагыларга угулбайт. Ага эч ким кызыкпайт. Анткени бул көрүнүш көнүмүш болуп келатат.

Бир аз отургандан кийин «да-а, чогуубузда чоң күч элек, эми биз эмнебиз?» деди Мурат ичинен. Талкаланып жаткан замбиректер, тракторлор, машиналар анын көз алдына тартылды. Аларды душман талкалабай эле өздөрү талкалашты. Ошого колдору да, диттерди да барды. «Антүүгө менин колум барбайт» деген үн кулагына жаңырды. Бул старший лейтенант Белобородовдун үнү эле. Ал эми жок. Замбиректер менен бирге трактор-машиналар да жок...

* * *

Күндөр. Бирине бири окшобогон күндөр өттү. Дагы экиүч жоокер кошулуп, бара-бара булар көбөйө беришти. Бирок мындан ары жол жүрүү барган сайын татаалдана баштады. Эң жаманы ачкачылык болду. Эң акыркы сынык капттары да түгөнүп, вещевой мешокторунда майда буюмтеримдери, ички кийим кечелери, анан ок-дарылары гана калды. Кээ бирөөлөр токойдогу бадалдардан бир нерселерди терип жеген болушат. Ага тоюшабы жокпу аны ажырата албай койду Мурат. Анткени, бир-эки жолу ал да ошолорду туурап, бир нерселерди терип оозуна салып көрсө, даамсыз экен алары, көңүлү айланып, түкүрүнүп жиберген. Анын үстүнө:

— Эй бала, өлалбай жүрөсүңбү? Аны жебе, ичиңди алып кетип, ич өткөк болосуң да, өлүп каласың,— деп коркутуп койгон Сактан. Мұратка караганда куу эмесли ал.

Мурда кантсе да курчоодон чыгып кетебиз деп дымактуу келаткан жоокерлердин эми ындыны өчүп, маанайлары пас.

Дагы токойдун четине чыга келишип, дем алууга отурушту. Пост коюлду. Үн-сөз жок. Буларды ачкалык алкымдап салып, чер токойдо жол жүрүү жүдөтүп жиберди. Кечээ жылжып аккан сууга туш келишип, жуунуп таранып алышкандан кийин бири-бирин карап ичтеринен чочулоого түштү. Мындан бир нече күн мурда тасырап, толуп турган жоокерлердин жаактары шимирилип, көздөрү үңүрөйүп баратканын көрүштү.

— Чогуу болгулачы — деди капитан. Жоокерлер аны ороп отура кетишти. «Дагы эмне жаңылык болор экен? Же көбөйүп баратабыз бөлүнбөсөк болбойт дээр бекен?» деген арасаат ойдо отурду Мурат. Аны Сактанга же Михаилге айткысы келгени менен ага үлгүрө албады.

— Кана, эми эмне кылабыз? —деди капитан жоокерлерге карап.

Отургандар дымып калгандай болушту.

— Унчукпайсыңарбы?— капитан сөзүн улады. — Абал оорлошуп кетти. Айланабызда эмне болуп жатканын билбейбиз. Башка группалардын кайда кеткени белгисиз. Балким, алар курчоодон чыгып кетиштиби же... же... — деп, кекечтенип жатканда:

— Же душмандын колуна түшүп калыштыбы? — деди отургандардын бирөө.

— Ошондой болушу да ыктымал — деди экинчи жоокер. Капитан жок дебеди. Тигилерди да алгачкы күндөрдөгүдөй жемелебеди. — Мүмкүн — деп койду кийин.

— Ачка өлө турган болдукко,— деди старшина жоокерлердин атынан сүйлөгөн өңдөнүп.

— А мени ток жүрөт дейсиңби? — капитан старшинага карады.

— Сиз ток эмессиз. Аны билебиз. Анда сөз жок. Эми, эмне кылгыла дейсиз? — деп Сактан ыңгайсыздана түштү туурадан.

— Оо, мен ошону сурап жатпаймынбы. Эми, эмне кылабыз?

Дагы жоокерлер дымып калышты өңдөнөт айлана жымжырттанып, саамга тынчтык болду.

— Эми эмне кылмак элек, эң оболу курсакты тойгузуу керек. Анан дагы көрө жатабыз,— деди бирөө.

— Ооба, ошентүү керек,— дешип чуулдашты көбү.

Колун серелөө менен капитан чууну басты.

— Минтип жүрө беришибиз болбойт. Алдыда хуторлор кездешсе, чалгындоо жүргүзүп, азык-түлүк алалы. Анан атышып болсо да бир жагына сүрүлбөсөк, ушинтип жүрө берет окшойбуз — деп, баратып капитан четте отурган Сактанга тигилди. Анан:

— А нука, ыргыт колуңдагыны — деди ачуулуу. Отургандар тигиге жалт карашты. Ордунан турган орто бойлуу, арык чырай келген Сактан бир алдын кызара түшүп, кийин кумсарып бараткан түрү менен:

— Мен тим эле тамеки чегейин деген элем,— деп мукактанды. Анын колунда шапаттай болгон кагаз бар эле. Аны жоокерлердин баары билет. Курчоодо калгандан бери немецтер самолёт менен чачып бул кагазга токойдун ичин толтуруп жиберишти. Аны баары эле окуган. Бирок ошол эле жерде таштап, тебелеп кетишкен, айрымдары өрттөп жиберишкен. Ал биздин курчоодо калган жоокерлерди туткунга түшүүгө чакырган немецтердин «пропускасы» болучу. Мына, ошо «пропусканын» бирөө азыр Сактандын колунда экен.

— Ыргыт тез, бул үчүн сени азыр атып жиберем,— деп капитан ордунан обдулуп, кабурасын сыйпалай турду. Отургандар да турушту.

Жолдош капитан жалган айтсам өлүп кетейин. Бул чын сөзүм. Чөнтөгүмдө тамекинин кичине күкүмү калган экен, ушуну чегейин дедим эле. Ишеницproperties, башка кагаз жок. Ишенициз... — деди Сактан алаканындагы тамекинин азыраак күкүмүн көрсөтүп.

— Баары бир, ыргыт,— деди капитан.

Чөнтөгүнөн ширеңке алып, кагазды Сактан өрттөп жиберген менен алаканындагы махорканын күкүмүн уучтап калды.

— Уктум-укпадым дебегиле. Муну силерге эң акыркы ирет эскертемин, дагы кимде-ким тиги «булганыч кагазды» алууга ниеттенет экен, билип калсам, атып жиберем. Ал үчүн мени Родинабыз соттобойт. Анткени, шарт ошону талап кылат. Бул кагаз менен тамеки тартууга да тыюу салам, уктуңарбы? — деди капитан эми группага кайрылып.

— Уктук,— дешти жоокерлер.

— Бул жаман жышаан,— деди аны көрүп калган старшина.

Кайра отурушту. Кайра сөз башташты. Анысы а деп, мунусу бу деп туруп, эми кантсе да бир хуторго кирүүнү чечишти.

* * *

Алдыдан үй көрүндү. Токойчунун үйү көрүндү. Ал хутор эмес эле. Токойлуу жерлерде мындай үйлөр көп болууга тийиш. Бирок беш-алты күндөн бери биринчи учураган үй ушу болду. Карагай, карагайдын түбүндө жоокерлер отурат. Алардын көздөрү тиги үй тарапта.

— Адам бар экен, тигине, баласы эшикке чыкты,— дейт бирөө.

— Ооба, ооба, тигине-тигине — деп жиберет экинчиси.

Эки-үч сааттан бери булардын пайлап отурганы ошол үй. «Ким бар экен? Ким чыгар экен?» деген өңдүү суроолор отургандардын жүрөгүн өйөт.

«Эми, эмнеси болсо да жакшыраак байкап көрүп, анан, чалгынчы жиберели. Дагы кечээкидей ойрон болбойлу», дешкен капитан менен старшина мына ушу үйдү көрүшөөрү менен. Азыр үйдө адам бар экени анык болду.

— Дагы азыраак тура туралы. Бул үйдөгүлөрдөн бирди жарымы бир жакка кетеби, же башка жактан ушул

үйгө келгендер болобу? Байкайлы — деди капитан. Жоокерлер үн катышпады. Бирок оокат эстерине түшүп, ооздорунан кара шилекейлери акты өңдөнөт бири-бири менен гана тамак жөнүндө сүйлөшүүгө өттү.

— Кана, жөнөгүлө! — деди капитан старшинага бурулуп. Мурда макулдашылгандай бул үйгө старшина менен Мурат, дагы бир жоокер үчөө бармак болушкан.

— Азык-түлүгү болсо, бергенин алгыла. Дагы опузалап жүрбөгүлө. Көпкө отурбагыла. Азыр күндүзгү саат туура он эки болду. Биз силерди ушерден күтүп алалы. Үйгө кирээрде да абайлагыла. Кооптуу бир нерсени байкасаңар шарпа билдирбей гана артыңарга кайткыла. Ачкалыкка ушунча күн чыдадык. Дагы бир хуторго чейин чыдаарбыз. Кана, жөнөгүлө, ак жолуңар ачылсын! — деди капитан.

— Биз тез эле — деп старшина күлүмсүрөдү...

* * *

Көптөн бери отурушканы менен жоокерлердин бирөө да уктай албады. Капитанда гана саат бар. Ал улам-улам билегин карanып, чекесин тырыштырып коюп тим болот. Анан тиги токойчунун үйүнө тигилет. Старшинадан дайын жок. Буларга эмне болду? Капитан тынчсызданат. Аны жанында отургандар да сезет. Бирок эч кимиси үн катпайт. Мына капитан саатын дагы карады. Бирден он беш — минута өттү. Деги, тынч эле бекен алар? Эми командирдин кооптонуусу күчөй баштады.

— Акмак, курсагын тойгозом деп, отуруп алды го?!. — деди. Ал старшинаны ошентти. Анан ичинен жек көрүп да калды.

— Балким, аларды меймандап жөнөтпөй жатышса керек,— деди Михаил сөзүн тамашага салып. Буерде ачка отургандар анын тамашасын көтөрө беришпедиби, чурулдашты. — Кобурабагыла,— деди капитан — кобурабагыла. Башта келишсин. Анан, мен аларга меймандa отурууну үйрөтөм. Мында аларды ондогон киши акыйып карап отурса, меймандап отуруп алат имиш...

Анткени, убакыт өтүп жатты. Саат эки болду. Эки жарымга жетти. Тигилер жок. Үйгө кирип чыккан да эч ким жок. Баягы ойноп жүргөн балдары да эми көрүнбөйт.

— Буларга эмне болду? — дейт капитан. «Ким билет? Ким билет?» дешет отургандар. Капитан ордунан туруп, ары-бери басат. Саатын карапат. Кыжаалат болот. Ушул

учурда старшина анын бет-мандайына келсе, тим эле жеп-жутуп жиберчүдөй ызырынат. Бирок старшина жок. Аны менен кеткен жоокерлер да жок.

Сактан ордунан козголуп алды. Курсагын тойгузуп, мандайында отурган Мурат анын көз алдына тартыла калып, оозуна шилекейи келди. Ал куру жутунду. Анан, «Эх, ты косой» деп, алды адатынча. Мураттын ордуна мен эле барайын деп суранбаганына өкүндү. Айрым иште ал ичи тардык да кылаар эле. Армияда экенде башкаларга «благодарность» жарыялап калганда, Сактандын желкеси тырышып, ичин ит тырмап кызандап калчу. А Муратты болсо, «Сен эми отличниксиң. Эми сага ким теңелсин, сага ким жетсин» деп, эки-үч күнгө чейин өгөйлөп жүргөн күндөрү болгон. Ага Мурат анчейин маани берчү эмес.

— Старшина тиги экөө менен эң оболу курсагын тойгозду. Анан, андан ары бизден качып кетишти. Мындай үркүп жүргөндө кишинин азыраагы жакшы эмеспи — деди отургандардын бирөө.

— Мүмкүн, ошентишсе керек. Болбосо келишпейт беле? — деп, Михаил сөзгө кошулду.

— Эки кочкордун башы бир казанда кайнабайт дешет кыргыздар. Буерде капитан турганда, ага бийлик тийбей, эми өзүнчө болоюн десе керек. Эки жоокерге болсо да старшина командир да,— деп Сактан жөтөлүп койду. Бирок алар менен Мураттын кошо кетип, жоголгонуна ичи ачышып калды.

Анан, тигилердин житип кетишин ар ким ар нерсеге жоруду. Өз ара бир азга чуру-чуу болушту. Булардын сөзү капитанды ойго салды. «Чын эле старшина өзүнчө кетейин деди бекен» деп, күбүрөнүп да алды. Азыр капитан бир жыйынтыкка келүү керек. Мына бу отургандар ага баш ийишет. Ал эмне деп буюрса, ошону аткарышат. Бул аскердик адептүүлүк. Мына, бир нече күндөн бери эч-жыланач келатышат. Бирок алиге чейин капитандын сөзүн бирөө да кайыра элек. Капитанга ишенишет. Ал командир. Булардын өмүрү капитандын аракетине байланыштуу. Ошондуктан, эми минтип, тиги үйдү карап, телмирип отура берүүдөн эч нерсе чыкпайт. Бир кырсык болду. Антпесе, бул убакта тигилер кайтып келишээр эле. Эми алар келбейт. Эмне кылышат? Ушул ойлор капитандын жүрөгүн эзди. Ал ары-бери басты. Эрдин тиштеди. Азыр капитан жалгыз. Жоокерлерди арасаат жолго таштап кетүүгө капитандын акысы жок. Ал чыккынчылык болот. Ага капитандын дити да эрки да барбайт. Буларды курчоодон алып чыгып кетүү, өз армиябызга кошуу — капитандын

ыйык милдети. «Ушул отурган жоокерлер душман менен дагы согушууга тийиш. Ушулар душманды талкалоого тийиш» деген ойлор капитандын тынчын алып, ал саатын дагы бир ирет карады. Үчтөн өтүп кетиптир, эми күтүүгө болбойт. Баруу керек. Эмне болсо, ошону билүү керек. Балким старшина жанындагы экөө менен, жоокерлер айткандай кете бердиби? Же да бир кырсыкка учураштыбы? Муну билүү керек. Билбей туруп, башка жакка бурулуп кетүүгө да капитандын акысы жок. Ал ушул чечимге келди.

— Жолдоштор, мына буерге чогулгулачы. Тиги постуларга да белги бергиле. Келе беришсин. Сүйлөшүп алалы,— деди. Жоокерлер дароо эле капитанды ороп отура калышты. Алар эми командиринин көзүнө карап, бир жакшылыкты күтүштү. Ошондой эле ал эмне десе, ошого даяр турушту. Бир кезде батальонду башкарып жүргөн капитан эми отузга жетпеген жоокер менен орто жолдо курчоодо отурду.

— Күткөн менен күн өткүдөй. Азыр тиги үйгө барабыз. Старшиналардын эмне болгонун билебиз. Мүмкүн болсо, тоюнуп да алабыз. Баятан бери карап отурасыңар, кооптуу эч нерсе билинбейт. Бул үй башка хуторлордон, жолдон ыраак болсо керек. Каттаган эч ким жок — деди капитан. Эртеден бери эмне кылышаарын билбей, тиштеринин кирин соруп отурган жоокерлер аны маакул көрүштү. «Ачка качып жүрө берүүдөн көрө урушса-урушуп, согушса согушуп өлөлү» дешти өздөрүнчө. Арадан анчалык убакыт өтпөй токойчунун үйүнө да келип калышты. Аларды жашы элүүдөн ашып калган болук карыя тосуп чыкты. Кирдеп, жүдөп калган жоокерлерди көргөн тиги киши: «Боже мой, ушунчалык кыйналдыңарбы? Ачка да болсоңор керек»,— деп орусча сүйлөп безилдеди. Капитан эң оболу карыядан фронт жакынбы, немецтер каерде бар, мындан ары каякка барууга болоорун сурады.

— Фронт алыстап кетти окшойт буерден. Жакын арада немецтер жок. Алар жол боюндагы хуторлорго токтошот экен. Токойго кирише элек. Кооптонбогула. Чечингиле, сууга жуунгула, анан оокаттанып да алгыла. Барыбызга байбыз,— деп келгендерге жадырай карады. Тигинин орусча сүйлөгөнүнө жоокерлердин ичи жылып, эмнегедир карыя көзгө жакын көрүнүп кетти. Ушул учурда капитан аны чыканактан алды да:

— Айтчы карыя, мындан төрт саат мурда ушул үйгө үч жоокер келдиби? — деди.

— Кандай үч жоокер? Эч ким келген жок. Эч кимди

көргөн жокпуз,— карыя ийиндерин күүшөп койду. А, капитан болсо, эмне дешээр экен дегенсип жоокерлерин айландыра карады. Алар да бири-бирине карап тим болушту.

— Ушул үйгө чейин келгенин көрүп отурганбыз, үйгө кирүүгө тийиш эле,— деп, капитан эми бошураак айтты. Айткени, старшина жөнүндө жоокерлердин айткан божомолдору али эсинде турган болчу «Собака, кеткен экен да» деди ал ичинде. Анан карыяга:

— Биз көпбүз, курсагыбыз тоёр бекен? — деп суроолуу күлүмсүрөдү.

— Оо, ал жагына камтама болбоңуз. Силерден мурда да чегинген жоокерлер келип, кетип жатышкан. Мен атайын нан жаптырып койгонмун. Колуман келген жардамым ушу болот,— деп карыя үйүнө бурулду да өз тилинде бир нерселерди айткан болду. Бакжайган семиз кемпири эшиктен көрүнүп, бир азга үрөйү учкан эмедей жоокерлерге карап турду да, кийин үн-сөзсүз эле кайра үйүнө кирип кетти.

Капитан бирөөнү сарайдын ар жагынан, бирөөнү үйдүн тоңой тарабына постко койду. Жоокерлер кудуктан чакалап суу алып талашып ичип, анан жууна баштышты. Карыя болсо, үйүнө кирип чыгып:

— Кана эмесе, оокатты үйдөн эле ичкиле, үйгө эле киргиле,— деп жүрдү. Сактандын көзүнөн оокат өтүп баратты. Алар ачка эле...

* * *

Жолдун боюндагы кичинедей деревня. Жат үн, жат кыйкырык. Мотоциклчендер ары-бери дуу-дуу өтөт. Оор, үстү жабык машиналардын колоннасы токтоп, кайра жөнөйт. Сарайдын далдоолорунда танкалар турат. Аларды дарактын шактары менен далдаалап коюшкан. Автоматтарын жалаңдаткан солдаттар, бирден-экиден кээде топтобу менен ары-бери жүрүшөт. Эмнегедир бири-бирине дайыма бакырып сүйлөшкөнсүп, дайыма үндөрү бийик чыгат. «Ав-ав» дешкендей болушат. Кээде замбирек сүйрөткөн тягачтар өтөт. Булар — немецтер. Фронт алдындагы полосадагы немецтер. Деревнянын күн батыш тарабындагы жыйыктын ортосунан кара кожум көрүнөт. Айланасында билектерин түрүнүп, ит жетелеген, автомат пулемётчон солдаттар жүрөт. Ошо кара кожумдун орто ченинде бирине бири ыктап Мурат, Сактан, Михаил — үчөө олтурат. Алар нес. Алар эч нерсени укпайт. Алар эч нерсени көрбөйт. Баштарын мыкчып, тек гана жерге үңүлүшөт. Тике

кароого жүздөрү чүркөөлөнүп, диттери барбайт. Бирине-бири да сүйлөбөйт. Ар кимиси өзүнчө ойго тунат.

Тигине, Мурат жер чукулап калды. Ага эмне болду? Азыр ал эмнени ойлонуп жатат? Бая токойдо отурганда Муратты тиги старшина менен качып кетишсе керек дешпеди беле? Токойчунун үйүнө келбеген болуп чыгышпады беле? Эми буларга кайдан жүрүп кошулуп калды? Кантип кошулуп калды? Балким, Мурат ошону ойлонуп жүрбөсүн. Ооба, ал азыр эртеңден бери болуп өткөн окуяны көз алдынан өткөрүп, анан ага ишенип-ишенбей, эси оон отурат.

...Алар старшина менен токойчунун үйүнө келишти. Орус тилин билген толук карыя аларды жылуу тосуп алды.

— Чочубагыла, жакын арада немецтер жок. Алар буерге али келе элек. Жуунуп-таранып оокаттанып алгыла. Анан, кетээр жолуңарды мен өзүм көрсөтүп берем — деди карыя. Старшина бир азга ага тигилип, үн сөзсүз турду.

— Бу эмне, мага ишенбей турасыңарбы? — деди ал.

— Ишениши ишенем, бирок...

— Бирок, эмне экен? Оюңду оптолобостон айта бер.

— Биздин... биздин шериктерибиз бар...

— Оо, бая эле ошентип айтпайсыңбы, шериктериңер болсо, абдан жакшы экен. Азыр өзүңөр оокаттанып алгыла. Кийин аларга кабар бересиңер же чакырып келе коёсуңар. А нука, жуунгула,— деди карыя.

Кийин үчөө үйгө кирип отуруп калышты. Карыянын кемпири нан, сүт, май апкелип, столго койду.

— Жегиле... жегиле — деп, айтып баратып, жашып кетти кемпир. Көздөрүнөн жаш мөлтүрөдү. «Бизге боору ачып жатса керек» деген ойго келген старшина:

— Эч нерсе эмес, мамаша, эч нерсе эмес,— деди.

— Сен эмне? — Карыя кемпирин жекирип койду. Кемпир фартугу менен көз жашын сүртүп, тетири бурулуп кетти. Бирок башка эч нерсе дебеди. «Бу кемпир эмнеге жашыйт, эмне үчүн суз» деген ой Мураттын көңүлүн алагдыланта койгон эле. Бирок столдо жайнап турган оокат аны азгыра баштады.

— Көптөн бери ачка болсоңор керек, эң оболу сүт ичкиле. Нанды шашылбай, аз-аздан жегиле, үздүгүп каласыңар — деди баятан бери эпилдеп-жепилдеп аткан карыя. Анан:

— Ушу куралыңарды кучактабай эле дубалга жөлөп койгула. Ага эч ким тийбейт. Жүдөп атасыңар,— деп Мураттын мылтыгын колунан алып дубалга сүйөп койду. Эч нерседен коон санабаган старшина менен берки жоокер да куралдарын ошентишти.

Оокат, бир нече күндөн бери көздөн өткөн оокат. Булар ансыгып сүттү ичип, нанга майды шыбап жеп жатышты.

Ичкерки үйдүн эшиги ачык эле. Отургандар мурда ага сересеп салышкан эмес. Мына, эми ошол үйдөн төрт киши атылып чыгып, тиги үчөөнү ороп калышты. Үйдүн ээси үч беш атарды ар жакка жылдырып кетти.

— Ордуңардан козголбогула. Колуңарды көтөргүлө. Каршылык көрсөтсөңөр атыласыңар,— деди тигилердин бири орусчалап. Төртөө төрт автомат менен атууга даяр турушту. Беркилер мындай болушун күтүшкөн эмес эле. Старшинанын ыраңы кубулуп барып, анан жай гана колдорун көтөрдү.

— А силерчи,— деген үн Муратты эсине келтирди. Али абалдын эмне болуп кеткенине түшүнбөй, ал старшинага, анан жанында отурган шеригине карады.

— Көтөр колуңду, көтөр,— дешти тигилер автоматтарын жалаңдатып Мурат, шериги экөө да колдорун көтөрүштү.

Кемпирдин мөлтүрөгөн көз жашы Мураттын көз алдына тартылды. «Байкуш кемпир бая биздин ушундай болоорубузду билип, бирок айталбай ыйласа керек» деди өзүнчө ойго келип. Булардын коюн, кончун тинтишип, дароо эле сарайларына айдап барышты.

Колго түшкөндөрүнө Мурат ишенип, ишенбей отурду. «Биз немецтер менен согушпадык беле? Биздин жерге немецтер басып кирбеди беле? Бул кишилер кимдер? Алар эмне үчүн буларды куралсыздандырышат? Эми эмне кылышат буларды? Немецтерге тапшырабы же атып таштайбы?» деген өңдүү суроолор биринин артынан бири чубурганы менен Мурат аларга жооп таба албады. «А балким, курал-жарактарыбызды алып, кайра коё беришеби? Буларга эч кандай жамандык кылганыбыз жокко» деди ал өзүнчө.

Кенен сарай. Ичи токойчунун ыкыр-чыкырына толо өңдөнөт. Мураттар сарайдан да автоматтарын көкүрөгүнө кармаган он чакты кишилерди көрүштү, алар эмнегедир карыларына ак чүпүрөктөрдү байлап алышкан экен, Мурат ага чейин маани берген эмес эле. Старшинанын «предатели» деген күбүрүнөн улам тигилердин кимдигине түшүнүп бүткөн бою эми дүрт эте түштү, ошондо гана анын денесин билинээр-билинбес калтырак басып, жүрөгүн коркунуч каптады.

Тигилер өздөрүнчө сүйлөшүп, өздөрүнчө балдырашып жатышты. Баяраакта буларды «жылуу» тосуп алган үйдүн

ээси да орусча сүйлөбөй койду. Ал эми кабагынан кар жаадырып, эмне үчүндүр шериктерине сөз бербей атты. «Атабыз деп жатышат го» деген ойго келди Мурат. Анан: «Ушу ара жолдо өлүп кетебизби? Биздин өлгөнүбүздү ким билет? Өлүгүбүздү көмбөй таштаса, карга, кузгунга жем болобузбу? Арманда өлөт деген ушу турбайбы» деп үшкүрүнүп алды. Ушул учурда тиги бандиттер өз ара бир ойго келиштиби, бака-шакасын токтотушту. Үйдүн ээси старшинага келип:

— Кана, буерге көмкөрөңдөн жат,— деп үңүрөйдү.

— Предатель! — деди старшина. Тиги аны кулак түпкө коюп жиберди. Ал сендиректей түшкөнү менен жыгылбады. Старшианын тиштери кычырады. Бирок эрдин тиштеп ачуусун жуткан өңдөнду. Бул советтик бийликтин душмандарына бир нерсе деш азыр пайдасыз экенин ал сезди өңдөнөт, тим гана көмкөрөсүнөн түшүп жатты. Мурат менен шериги «дагы эмне болот экен» дегенсиңип, карап турушту. Тигилер дароо эле старшинанын колдорун артына кайрып, анан колу, буттарын байлап, чырмап жиберишти. Кийин чалкасынан аңтарып:

— Ушинтип жата бер,— деди үйдүн ээси. Ошол эле мүнөздө беркилерди да байлап чырмашты. Мына эми колу, буттары байланып, үчөө катар жатышат. Бул иштин аягы эмне менен бүтөт, аны булар билишпейт, үйдүн ээси сарайдан чыгып кетти. Калганы ушерде.

— Жолдош старшина, бул эмне деген шумдук? — деди Мурат.

— Биз советтик бийликтин эң каардуу душмандарынын колуна түштүк. Булар бандиттер. Мен тиги иттин орусча сүйлөгөнүнө азгырылып кетпедимби, болбосо, бул абалда калбайт элек,— деп старшина ойго чөктү.

— Эми эмне кылабыз?

— Эмне кылмак элек, колу-бутубуз бош болгондо ойлонушуп көрсөк болоор эле. Жок дегенде токойдогуларга бир белги да бере албай калдык.

— Балким алар келип калышар.

— Мүмкүн.

— Эми ошону күтүүбүз керек,— деди старшина. Тиги отургандардын бирөө туруп келип:

— Молчать... Не разговаривать,— деп старшина менен Муратты быкынга бирден тээп өттү.

— Звери,— деди старшина. Дагы бир тепки жеди.

Бандиттер өз ара алда эмелерди шыбырашып, тамеки соруп олтурушат. Старшинанын чеккиси келет. Бирок тигилерден сурагысы келбейт. Эрдин тиштенет. Чала тоют

болуп калган Мураттын ичи ноёт, оозуна кара шилекейи келет, шериги болсо, үн-сөзсүз дым гана жатат.

Мурат азырынча тирүү экенин сезгени менен баары бир бүгүн түнү өлтүрүшөт дегенсип, шекшинет, бирок ойго чөгөт.

...Туулган жери, көк шибер каптаган бийик аскалар, ороондогу кичинекей бирок тез аккан дарыя, көз алдына келет. Алыстан-алыстан «Мурат сен качан келесиң?» деп үн жаңыргандай болот.

Бул кимдин үнү? Айдындын үнү эмеспи? Ооба, ошо Айдындын үнү! Мурат жандана түшөт. Айланасына каранат. Кийин сарайда жатканын сезет. «Оо, кыял, кандай учкулсуң», Мурат үшкүрүнөт.

«Оо, жерим, мен эми сени көрбөй кетмек болдум го. Айдың. Жаны биргем! Сени да көрбөй калат окшодум. Кыялым кылт этсе, элесиң көз алдыма тартыла түшөт. Ошого да канимет этем. Мен азыр кыялдануудан башка эч нерсеге жарабай калдым. Менин кантип өлгөнүмү, каерде өлгөнүмү сурабай эле кой. Сураба. Бир өтүнөрүм ушу. Сага оор болор. Бирок, баары бир душман жеңилет. Аны биздикилер бизсиз эле талкалайт. Ага мен ишенем. Ошондо жеңиш күнүн майрамдайсыңар, билбейм, анда сен мени эсиңе аласыңбы, жокпу? Мүмкүн эсиңе албай койгонуң деле жакшы болор. Мен сенин, сенин жаш жүрөгүңдүн жабыркашын каалабайм. Жеңиш күнүндө сен деле башкалардай ойно, күл, жаркылда. Мен ошону каалайм. Анан, дагы бир өтүнөрүм, сен өмүр бою бой өтмөк белең? Эртеби, кечпи дагы бирөөгө баш кошууң керек да, мен өлгөнүм менен сенин жашооң керек. Айдың, мени ук. Ушерде ашыкпа. Өмүр соодасы оор болот. Ушерде сен ашыкпа, өзүңө тең, кадыр-баркыңа жетер бирөөнүн колун карма. Мен сенин көз жашыңды каалабайм, мына азыр мен өлүм алдында турам. Дагы бир-эки сааттан кийин биз жок болобуз. Ага көзүм жетип турат. Дагы бир саат, эки саат. Анан... Анан биз жокпуз. Кош бол менин туңгуч сүйүүм, кош бол менин периштем!» дейт Мурат ичинен онтоп.

— Эмне, сен ооруп калдыңбы? — дейт шериги.

— Жок, мен тим эле,— деп Мурат көздөрүн ачып-жумат.

— Кобурабагыла,— старшина башын буруп, жоокерлерине карайт. Ал да ойлуу. Ал дагы алда эмелерди ойлонуп жатып, ушундай ыңгайсыз абалда калганына танданат. Өзүн өзү сөгөт. Анткени менен, болоор иш болуп, босогу каныл бараткансыйт.

Бандиттердин сөздөрү түгөнбөйт. Алар дагы эле күбүр-

шыбыр этишет. Эмнени сүйлөп жатышат, эмне жөнүндө сүйлөп жатышат, аны булар ажырата алышпайт, бук болушат. Арга жок, эми күтүү керек? Балким токойдогу шериктери келип калышаар. Анда тиги кулак чыккынчы менен ушерде сүйлөшүп көрүшөт, а балким токойдогулар келбей калышаар, анда эмне болушат? Булардын тагдыры азыр кыл учунда турат. Ага старшина да, берки экөө да түшүнөт. Эмнеси болсо да күтүү гана калды. Кечке чейин экөөнүн бирөө болот. «Же пан, же пропал» дейт старшина.

— Сарайга үйдүн ээси кирип келди. Буердегилери тигини ороп алышты. Саамга күбүр-шыбыр этишип, кийин жерге жаткандарга бурулушту. Эң оболу старшинанын, кийин берки экөөнүн оозуна тыгын тыгып, баштарын таңып коюшту. Бул эмнеси экен? Бир азга таң калып жаткан Мурат бакырайын деген ойго келгени менен тили күрмөлбөй мурдунан дем алуусу оордоп баратты. Заматта эле бешенесинен мончоктоп тер кетип ал кыйылдай баштады. Шериктери да мына ушул абалда жатты. «Кызык. Булардын максаты эмнеде? Эң оболу сарайга камашты. Колу-буттарын чырмашты. Эми ооздорун таңып коюшту. Булардын максаттары эмнеде экен?» деди Мурат ичинде. Анан, ал абалга түшүндү, бакыргысы келди, бакыра албады. «Эми аларды да, биз өңдөнтүп колго түшүрөт» деген ойдон улам Мураттын жүрөгү тез-тез кагып, үрөйү учту. Старшина да ошол ойго келдиби, булкунуп оонап кетти. Аны көргөн бандиттердин дагы бирөө басып келип, ойдолоктогон эмелерди тепкилеп кирди. Бир азга старшина менен Мурат да тынчый түштү. Барган сайын алардын дем алуулары оорлошуп, жандары алкымдарына такалып баратты. Арадан бир топ эле убакыт өткөндөй болду.

Токойдогулар келип калышты өңдөнөт, бандиттер автоматтарын мыжыгып, сарайдын жылчыгынан үй тарапка үңүлүшөт. Алардын күбүр-шыбыры да жок болду. Эх, баарынан мына ушул кордук өтүп кетти. Кандайдыр 10—15 метрдей аралыкта жатышып, тиги жерде торго түшүп келаткан шериктерине кабар бере албай калышаары мурда ойлоруна келишпи? Эми үчөө үч жакка оонай баштады. Бандиттердин экөө келип, үн сөз чыгарбай буларды башка-көзгө тепкиледи. Туткундардын жаны ачышып, кыйкыргылары келди, бирок үндөрү чыкпады. Булардын ою, булардын максаты ушерден дүрбөлөң чыгарууда болду. Балким, шериктери сезип калышаар дешти өздөрүнчө. Анткени менен алардын оюна коюшпады. Үчөөнө үчөө минип отуруп, ооздорун басып калышты.

Мураттын жан тери келди. Эми өлүп кетээр абалга жетти. Мурда эркин дем алып жүрүп, абанын кадыр-баркын билген эмес экен ал. Азыр ага аба жетишпей, деми кыстыгып, үп этээр жел көздөн өтүп, өлүп баратты. Ошентип жатып, эсинен танып кетти. Ал башка бир гүлзарга кирип, башка бир дүйнөнү аралап баратты...

...Эсине келгенде башында турган Сактап менен Михаилди, дагы-дагыларды көрдү. Таң калды. «Бая мен өлбодүм беле?» деди өзүнө өзү ишенбей туруп. Анан Сактапга бурулуп:

— Силер буерге качан келдиңер? Кайдан келдиңер? — деди. Кийин шериктеринин курал-жараксыз отурганын көрдү.

* * *

Чуу көтөрүлдү. Жетелеген иттери менен солдаттардын үнүн ажыратуу кыйын болуп калды. Иттер дале аулдайт. Солдаттар деле «Ауфштеин... андретен»* дешип, аулдаган өңдөнүшөт.

— Төрттөн төрттөн катарга тургула,— деп кыйкырат ары жакта граждандарча кийинип алышкан эки-үч киши. Туткундар көбөйүп кеткен экен. Токойдо майда-майда топторго бөлүп жибергендердин көбү ушерде жүрүшөт. Мурат дүбүрөгөн топтун арасынан Эдилбек менен Жапарды издейт. Алар көрүнбөйт. Көңүлү жайлана түшөт. «Ылайым, алар биз өңдөнүп колго түшпөсүн. Жолдору ачылып, курчоодон чыгып кетсин» деп, тилейт. Буерде өздөрүнүн полкторунан да бир топ жоокер, анан комиссар, командирлер көрүндү. Баарынын ындыны өчкөн. Маанайлары пас. Тике карай алышпай, эмнегедир жер тиктеп, жерге тигилишет.

Немецтердин солдаттары буларды автомат менен түрткүлөп, буту менен тепкилеп, катарга тургузуп жатканда Мурат: «туткун деген ушул экен да» деп, койду ичинен. Биринен бири ажырап кете тургансып, алар үчөө бир катарга тизилди. Катардагыларга астыртадан көз жүгүрткөн Мурат көргөн көзүнө өзү ишенбей, «бул бизбизби» деген күмөн ойдо калды. Кечээ эле армияда кызмат кылып жүргөндө чыпыйып тыкан баскан эмелер эми жүдөп, кир. Айрымдарынын сакал-муруту өскөн, түктөйүп калган. Аныда келгенсип, эмнегедир, өздөрүн күнөөлүүдөй сезип, бири бирине тике карай алышпайт.

Катар «П» тамгасынын түспөлүндө түзүлдү. Аны айландыра ит жетелеген солдаттардан башка пулеметтуу мо-

тоциклчендер да турушту. «Төрт-төрттөн катарга тургула» деп, орусча кыйкырып жүргөндөр — тилмечтер экен. Карыларына ак байлап алышыптыр. Солдаттарды жандап ары-бери жүгүрүп, аны-муну бакырып жүрүп, үндөрү каргылданып калыптыр. «Булар каяктан экен?» деп, Мурат бир азга аларга тигилип карап, баскан-тургандарына сарасап салып көрдү. Кайсы солдат «долмеччер»* деп, кыйкырса эле, ошого жете барып «Явол-Явол»* деп туруп калгандарына караганда, булар немецтей көрүндү. Өзүбүздөн болушса керек. Тил билишет турбайбы. Эми диКилдеп, тигилерге кызмат кыла башташыптыр. Чыккынчылар» деп койду. Кийин «ой биз деле немецтердин колуна түшүп калбадыкпы. Туткунбуз да. Балким, бизди да бирөөлөр «чыккынчылар» дешер деген ойдон улам, жүрөгү сыздады. «Жок, жок, биз өз эркибиз менен колго түшкөн жокпуз. Бизди тиги токойчулар сатып жиберишти. Өлбөсөк, бул иттерге тизе бүкпөйбүз. Өлүп кетсек, анда арга жок» деп, күбүрөндү.

— Эй, бала, эмне эле күбүр-шыбыр болосуң? — деди Сактан адатынча.

— Мен тим эле — Мурат муңайды.

— Тирүү жанмын да. Аны-муну ойлоном.

— Ой, эми сен ойлонуп эмне кылмак элең. Көрдүңбү тигилерди. Азыр сенин өмүрүң ошолордун колунда. Ошолор ойлонот — деп, Сактан айланада автоматтарын жаландатып, бака-шака түшүп жүргөн немецтерди көрсөттү.

— Эмне кылат эми бизди? — Мурат дагы сөзүн улады.

— Менин оюмча, анан буердеги имиш, имиштерге караганда эң оболу комиссарларды, кийин коммунист, комсомолецтерди атат имиш,— деди Сактан.

— Кантип эле? — деп, Мурат көздөрүн бакырайтып, дендароо болуп туруп калды. Ал мурда мындай ойго келген эмес эле.

Аңгыча сакчы немецтер дүрбөлөңгө түшүп, ары-бери жүгүрүштү. Кийин тиги хутор тараптан кайкайган фуражка кийген, көз айнектүү, узун бойлуу офицер келди. Аны жандап, бир топ майдараак чиндегилер жүрүшөт. Баягы «долмеччерлердин» бирөө эми ушу офицерди жандап калыптыр.

«Ит, жалданган ит» деп, алды Мурат дагы тиги тилмечти ичинен көрүп.

— Тынчтангыла. Тынчтангыла — деген тилмечтин кыйкырыгы дуу-дуу, чуу-чууну басты. Жанагы офицер ортого кирип, анан, катардагыларды тек гана кыдырата карап чыкты. Кийин тилмечке бурулуп, бир топ бакылдады.

Мурат менен Сактан жанаша турушкандыктанбы, улам-улам бири-бирине бурулуп, тиги эмне деп жатат дегендей көз карашта болушту. Офицерлердин сөзүнөн «Москау капут», «Ленинград капут», «Офицери», «Комисс-сари» деген оңдуу сөздөрдөн башка эч нерсени түшүнүшпөдү.

— Кантип эле Москва, Ленинградды алып коюшту экен? — деп, шыбырады Мурат.

— Тысс — деди жанында тургандардын бирөө.

Офицер кадимки зор чогулушта же митингиде сүйлөгөндөй бакырып жатты. Тилмеч дагы эле «Явол явол» деп, башын ийкеңдете, тигинин сөзүн угуп атты. Офицер сөзүн бүттү.

— Уккула. Уккула — деди тилмеч. Эми катардагылар оно тилмечке тирмейип карап калышты.

— Господин хаувтман* эки катардан комиссарларды, коммунисттерди бөлүнүп чыксын дейт — деп, бул жарыялоосун эки-үч ирет кайталап жиберди. Катарда бир азга «дуу» көтөрүлүп, кайра басылды. Он чакты киши ортого чыкты. Тилмеч жарыясын дагы кайталады.

— Кимде ким өз эрки менен чыкпаса, анан кийин билинип калса, эч кандай суроксыз эле ошол ордунда атылат дейт господин хаувтман — деди. Эми катар козголбоду. Мурдагы чыккандарды да айдап кетишти.

Кийин командирлерди ортого чыгууга буюрушту. Эми көбүрөөк киши ортого сүрүлдү. Командирлер көбүрөөк экен. Алардын арасынан капитан менен старшинаны көрүп, Мураттын жүрөгү болк эте түштү. Ушул учурда ары жактан автомат менен пулеметтун тытыраган үнү, иттердин ууладаганы угулду. Мураттын желкесинен төмөн карай бирөө муздак суу куюп жибергендей бою ичиркенди. Дагы ордун тиштенди.

— Звери-ии! Звери-ии! — деген үн чыкты катардан.

— Русе-е, русе-е! — деп, пистолетин жалаңдатты немецтердин бирөө. Көпкө чейин катардагылар дүрбөп турук, кийин кайра басылды.

Немецтер көп деле алыска алып барбай, жанагы буерден бөлүп кеткен комиссарларды, коммунисттерди атып жиберишти. Мурат мындай мыкаачылыкты мурда уккан да эмес эле, көргөн да эмес эле.

«Эми буларды да атышат окшойт» дегенсип ортодо турган командирлерге көз жиберди. Анан өзү ичинен уялып кеткен өңдөндү. «Мен барып турган коркок окшойм. Мен эмнеден корком? Өлүмдөнбү? Мен эмнеге эле калтырап-титирейм? Мына бу өлүм алдында турган командирлерден да менин жаным таттуубу?» — деп, Мурат өзүнчө ойлоно

түштү. Командирлер эч нерсени билбеген, эч нерсени сезбеген өңдүү катып турушат. Балким, алар коркушканын билдирбейби?

Тилмеч баягы жарыясын дагы кайталады.

— Өз эрки менен чыкпагандарды орду-ордунда атып жиберебиз дейт, господин хаувтман — деди тилмеч каргылданган үнү менен.

Катардагылар ары-бери түйшөлгөн өңдөнүп, кийин тим болду. Ортого эч ким чыкпады. Эки немец солдаты туткундарды аралай баштады. Алар көп деле кыйналышпай, чачтуу эмелерди «ду-ду»* деп, терип алышты. Старшина ушуну күтпөй эле чыккан экен.

— Мен сверхсрочныймын — деген үндөр улам-улам кайталанганы менен ага немецтер көңүл бөлүшпөдү, чачтуу эле болсо аны офицер дешти. Командирлердин тобу көбөйө берди. Катарда жалаң гана чачтары алынган жоокерлер калып жатты.

* * *

Бул күн ойдо жок оор күн болду. Комиссарлар менен коммунисттердин атылышы Муратты терең ойго салды. «Коммунисттер, комиссарлар, фашисттердин элдешкис душманы. Аларды бешенелеринен сылабайт. Аларда эмне күнөө» деп ойлоду Мурат. Ушул эле оюн ал Сактандан сурайт. Сактан да «билбейм» дегенсип бир алдын ийнин күүшөйт. Мурат комсомолдун мүчөсү. Ал өзүн партияга даярдап келаткан. Эртеби, кечпи партиянын катарында болууну эңсегени менен «мен али партиянын катарына өтүүгө татыктуу эмесмин. Бир жагынан жашмын, бир жагынан оозго аларлык эч нерсе кыла элекмин» деп, тартынып койгон. Ал партияны, комиссарларды урматтоочу. Кечээ токойдогу бандиттер Мураттын чөнтөгүндөгү комсомолдук билетин алып, өрттөй баштаганда тим эле өзү да өрттөнүп бараткансып күйүп-бышкан. Ошо комсомолдук билети менен бирге Айдыңдын каттары өрттөнүп кеткен. Алгачкы сүйүүсү да өрттөнүп кеткендей сезилген.

— Ачкадан өлөт окшойбуз — деди Сактан Муратты ойдон ойготуп. Эртеден бери атуу менен өлүмдү көрүп, көңүлү чөгөттөнүп отурган Мурат ачкалыгын да унутуп калган экен, эми Сактандын сөзүнөн улам ашказаны ноюганын сезди. Бирок унчукпады.

— Пропускаларында жазылгандардын бирин да кылышпайт го — деди Сактан өзүнчө эле отуруп. Мурат Сактанды карап калды. Токойдо болгон окуя көз алдына кел-

ди. Анда Сактан «Мен бул кагазга тим эле тамеки чегейин дедим эле» деп, баарын ишендирбеди беле? Көрсө аны окуп, туткунга түшүү жөнүндө ойлонуп да көрсө керек деген күмөнсүрөөсүн азыр Мурат сыртка чыгарбаганы менен Сактанга бир аз тигилип турду. Анын бул көз карашында өз жолдошуна болгон кандайдыр бир жийиркенүү бардай эле. «Канткен менен ушу Сактан туруксуз эле» деп, койду ичинен.

— Эмнеге эле тигиле карайсың? Же мени таанып турасыңбы? — деди Сактан. Мурат ага жооп бергиче болбой, отургандар дүрбөп калышты. Немецтер туткундарга оокат беришмек болуптур. Үстү жабык эки машина келип токтоду. Алардын борттору ачылды. Анда отурган солдаттар пачкасы менен галеттерди, бухонка нандарды жарданып турган туткундарга ыргыта баштады. Бир нече күндөн бери ачка жүргөн эмелер нанды, галетти биринен бири талашып, чуу көтөрүлдү. Солдаттар бир азга ыргытып коюшат да анан туткундардын нан талашканын тамаша кылып, кыраан каткы күлкүгө өтүшөт. Сүрөткө тартышат. Нан, галеталар бирөөлөрдүн колуна тийсе, айрымы тебелешип калууда.

— Эй акмактар, эми ушул иттерге маскара болобузбу? Өлүп баратасыңарбы? Ортого алсаңар, кийин бөлүштүрөбүз го — дешти бирөөлөр. Чуу бир азга басыла калды. Чын эле тигилер оюн кылып жатышат. Маскаралап жатышат. Туткундардын көбү шалдайып, шалдайып туруп калышты.

— Команда кылуучу убактыңар өткөн. Азыр ар ким өз жанын өзү сактап калуу керек. Мен силер үчүн өлгүм келбейт — деди сакал-муруту өскөн бир эме.

— Ме, сен той — экинчи бирөө ага колуна тийген бир бухонка нанды сунду.

— Сенин жашагың келбейби, анда бери бер. Мен тоём эле. Эмне экен? Сен комиссарлардан болуп жүрбө? — деди тиги.

— Задушу гад — деп, москоол жоокер ага карап умтулганда, шериктери аны тосуп коюшту. Немецтер галет менен буханкаларды ыргытып жатышты. Бирок, туткундар эми баягыдай нанга боюн урушпай, эмне колго тийсе, ошону ортого топтоого өтүштү.

— Вот, собаки — деди көптөн бери үн-сөзсүз турган Михаил.

Ал күнү туткундар ошол эле талаада жатып калышты. Немецтер аларды жетелеген иттери менен кайтарып чыгышты. Түн тынч гана өткөндөй сезилген эле, бирок таң аткандан кийин Мурат эки-үч кишинин өлүгүн көрүп, таң

калды. «Буларга эмне болду?» деди ойго тунуп. Анткени менен, анын туңгуюк ойго батуусу тез эле тарап кетти. Тиги өлүктөрдүн арасынан кечээги нан талашкан эмени тааныды. «Кызык. Ал кечээ жашоо үчүн нан талашып жатпады беле? Бүгүн буга эмне болгон?» деген ойдон улам Сактанга, Михаилге карады.

— Итке ит өлүмү — деп койду Михаил туюк гана. Тигинин өлүмүнө Мурат эми түшүндү. «Беркилери да ошондой иттерден болсо керек. Болбосо, кечээ буерде жалаң сопсоо жоокерлер турбады беле?» деди, ал өзүнө өзү жооп берип. Чынында эле буларды топтой баштаганда, жарадарлардын баарын башка жакка бөлүп кетип жатышкан. Бирөөлөр: «аларды атайын уюштурулган лагерге алып барып, айыктырат экен?» дешкен. Бирөөлөр: «оо, буларды ашка жүк, башка жүк кылып жүрүшөт беле, көздөн буйдоорок жерде атып жиберишсе керек» дешкен.

* * *

Күн төбөгө көтөрүлүп калгандыктан, аптап чызырап, айлана үп боло баштады. Чаңы асманга көтөрүлгөн жол. Немецтер туткундарды ошо жолдо айдап келатышат. Колонна созулуп кеткен. Колоннанын алдында, артында мотоциклчендер. Алар автомат, пулемёт менен куралданышкан. Ошондой эле колоннанын алды-артында, жан-жакаларында солдаттар. Көбүнүн жетелеген иттери бар. Булардын жолго чыккандарына эки күн болду Бирок, жол арбыбайт. Күндүзү жүрүшкөнү менен күндү отургузуп, отургузбай элдүү пункттардын четине түнөттүрүп келатышат. Түнү жүрүүдөн качып кетишет деп сезишет өңдөнөт, кечтин кириши менен колоннаны токтотуп, топтоп ороп алышат. Туткундар ушу жолго чыккандан бери оокаттанышпа элек. Чуу көтөрүшкөн эле тиги немецтер менен кошо жүргөн тилмеч «немецтердин силерге даярдаган эч нерсеси жок экен. Темир жолго, же атайы даярдалган лагерлерге жеткенге чейин эч нерсе жок» деп түшүлткөн.

Бул күнү эртеден бери тынымсыз келатышат. «Лос-лос»*, «шнел-шнел»* деген ачуу айкырыктар туткундарды дирт-дирт эттирет. Сакчылар колдоруна дарактардын ноодасынан чырпылдаган чыбыктарды жасап алышкан. Туткундардан бирөө колоннадан кичине эле чыга түшсө жанагы чыбыктар «чуп-чуп» чабылат. Бирөөнүн бети айрылса, бирөөнүн башында так калат.

Сактан, Михаил, Мурат үчөө бир катарда. Эмнегедир

эртеден бери Сактан терден-тепчип, күшүлдөп-бышылдайт. Өзүнчө эле согүнөт. «Менин алым куруп, шаштым кетип баратат» дейт. Мураттын оозу кургап, таңдайы катты. Тамчы суу көзүнөн өттү. Баяракта кичинекей аккан сууну Багып өтүштү. Суудан ичүүгө сакчылар уруксат этишпеди. Колоннанын алдындагылардан сууга туш келгенде, котелоктору менен бир-экөө жүгүрүшкөн экен ошо жерде атып салышты. Автомат татырап, ажал бүрккөн октор аларды жалмап кетти. Экинчи ага жүгүргөн эч ким болбоду.

— Агып жаткан сууну аяшат, бул иттерден жакшылык күтүүгө болобу? — деди Мурат.

— Жакшылыкты күтпө. Эми өлүмдү күт. Мен жанымдан түңүлүп калдым. Азыр ана-мына дегенче жыгыламын деп калатам. Бул кордукту мен көтөрө албайм, бул кордукту көргөн эмесмин. Туткунчулукка караганда, бизде түрмөдө отуруу ырахат өңдөнөт,— деп Сактан эрдилерин жалап алды. Михаил унчукпады.

Иттер аулдайт. Артта калгандарды тим эле бучкактап калат. Алдан тайыган туткундарды жанындагы жолдоштору колтуктап алышкан. Алгачкы күнү экөө-үчөө өзүнчө болуп, шашты кеткенде, мүдүрүлүп жыгылышкан экен ошо бойдон калышты. Атып коюшту аларды.

Туткундар бир жагынан ачка, бир жагынан чаңкашат. Жолдун чаңы ага кошул-ташыл болуп, оозу-мурдуларын каптайт. Иттердин үргөнү, сакчылардын кыйкырыгы туткундардын жүрөгүн зырылдатат. Бир кезде саздак жерден өтүштү. Бирөөлөр ылайды уучтап-уучтап алышты. Ага Сактан менен Мурат көңүл бурушкан эмес. «Ылайды эмне кылышар экен?» деп, ойлогон Мурат. Эми тигилерге карап, өзү кызарды. Тигилер ылайды бир нече кабат пакеттеги дакиге орошуп, ошонун сыртынан соруп келатышат. «Тилди шымдаса керек» деп, таңданган Мурат дагы ыңгайы келсе, жок дегенде ошондой ылайдан алууга ниеттенди. Ошону менен өзүн алагдылантты.

— Жолдоштор, мен еврейmин. Мен евре-еймин! Эврей болуп туулганыма мен күнөөлүүмүнбү? — деп, ак саргыл, тармал чач эме колоннаны бойлоп келатты. Аны сакчылар «Юде-юде»* дешип, чыбыктары менен уруп келатышат. Ал алга чуркады. Ал артка чуркады. Бир аздан кийин баягы ак саргыл эме капкара болуп, күйүгүп кеткен өңдөндү. Ошого карабай, аны жүгүрүүгө «мен еврейmин» деп, кыйкырууга аргасыз кылып турушту. «Лос-лос, шнел-шнел», деп, кыйкырышты ал жандарынан өтүп баратканда. Мураттын ага боору ачыды. Аны аяды.

— Шордуууну өлтүрө турган болушту,— деди Сактан.

Ушул учурда эврей жигит алдан кетип, оозунан ак көбүгү бүркүлүп көмкөрөсүнөн кетти.

— Ауфштеин... ауфштеин,— деп бир сакчы келип тепкилеп көрдү. Экинчиси колундагы итин коюп жиберди. Ит аны колу-бутунан тиштеп, ары-бери жулкулдатты. Шордуу эврейдин козголууга алы келбеди. Үчүнчү сакчы алда эмелерди балдырады эле беркиси итин тартып алды. Ит тиштеп алган эврейди коё бербей ары-бери чойгулады. Анан, дагы автомат «татыр-татыр» эте түштү. Эврей жигит үн да чыгарбады, кыймылдап да койбоду.

— Мурда эле жанын берсе керек — деди Сактан өңү кубулуп.

Мураттын жүрөгү үшүдү.

«Бир акмак анын эврей экенин айтып коюптур» деген шыбыш колоннанын аягынан башына, башынан аягына кетти. Эми ошо акмакты да өлтүрүү керек дегендей ойго келди Мурат.

Кеч кирип баратты. Хуторлор көрүнбөйт. Сакчылар дүрбөшүп, дагы «шнел-шнел» дей баштады Бирөөлөр жай баскандай көрүнсө, аларды сакчылар чыбык менен сабоого өтүштү. Талаага жаткырып калышпайт. Ошондуктан хуторлорго жетүүгө ашыгып калышканын туткундар түшүндү. Бирок, ачка эмелер алсырашып, араң эле жылышкан өңдөнөт. Сакчылар жинденет. Иттери тигилерден өтүп тим эле жулунат.

— Эмне болсо да бир жерге жетип тынсак экен деди жаны кашайып калган Сактан. Ал мурдагыдан да начарлап, Михаил менен Мурат коё берсе эле көмкөрөсүнөн гүп этип жолго бир тийчүдөй сезилет.

— Мен силерди кыйнап койдум окшойт. Мени таштагыла, тиги иттер атса атсын мени,— деп Сактан шериктерине жалооруй карайт.

— Сен эмне, өлгүң келип атабы? — дейт Михаил.

— Эртеби, кечпи, баары бир өлөбүз,— деп Сактан өрөпкүйт.

— Жаман сөздү оозуңа албачы,— Мурат кейиген өңдөнөт. Сактан бир азга унчукпай жүрөт, өзүнчө эле үшкүрүнөт. Сакчылардын үнү күбүр-шыбырды басат.

— Рус! — деп, бир сакчы Муратты желкеден ары тартып жиберди. Чыбык желкесинен бетине артылып тийип, сызылган кызыл так жайнай түштү. Дагы чаап жибереби деген ойдон улам Мурат Сактанды коюп жиберип, эки колу менен башын калкалап калды. Сакчы алдыга кетти.

— Вот, собаки — деди Михаил Мураттын жүзүнө карап. Мурат унчукпады. Сактан өзү басып баратты.

— Эми эллен, жерден үмүттү үзгүлө — деди Сактан шыбырап — немецтер жеңсе да, биздики жеңсе да эми биз элди көрбөйбүз. Ошол күнгө чейин биз өлүп бүтөбүз.

— Немецтерге биздин эл жеңилбейт — деди Михаил.

— Мен да ошондой ойдомун — деп, Мурат шериктерине карады. Бирок, эки көзү кайра сакчыларга тигилди.

— Азырынча бир нерсе деп айта албайм. Бирок, бизди ажыдаар оп тартып калды. Андан кутулуп кеталбасыбызга көзүм жетти. Биздин таш капкан тагдырыбыз бар экен, — Сактан ушуну айтып терең улутунуп алды. Эми алар ар кимиси өзүнчө ойго тунуп баратты «Сактан айткандай, элди-жерди көрбөй калат окшойбуз» деди ичинен Мурат «бала элек, бала бойдон же жакшыраак бир нерсе иштебей, же бирөөлөргө жамандык көрсөтпөй өлүп кете бермек болдукпу?» Мураттын жүрөгү тызылдап, ою онго, санаасы санга бөлүндү. Бир-эки жыл бала окутканы, эки-үч жолу Айдыңды бекем-бекем кучактап, апакай беттеринен өпкөнү гана оюнда калыптыр, башка эмне иш кылды? Армияда коптүн бири болуп жүрдү. Согушуп да, жарытпады.

«Армандуу өлүм деген ушул болобу?» деди өзүнө өзү суроо берип. Ал өзүн өлгөндөрдүн катарына кошуп, эли-жери менен тууган-уругу менен, сүйгөн кызы, жоро-жолдоштору менен көңүлүндө коштошуп баратты. «Кечиргиле мени, мен силер үчүн жакшылыктуу эч нерсе иштебедим. Ал аз келгенсип, азыр мен немецтердин колунда айдалып баратам. Балким силер «Мурат дайынсыз жоголду» деген кабарды алган чыгарсыңар. Мен дайынсыз жоголгонум жок. Мен тирүүлөй эле өлдүм. Мени өлдү деп коё бергиле. Мен силердин арзууңарга татыктуу боло албадым» деп, билинер-билинбес эчкирип алды.

Ушул учурда Сактан жерге гүп этип бир тийди. Михаил менен Мурат аны колдоп алып кетишти.

— Мени таштагыла. Мени таштагыла! — деп, Сактан кыйкырды.

— Молчи! — деп Михаил бир колу менен Сактандын оозун басып калды. «Тынч жүрбөйсүңбү?» дегендей Мурат аны быкынга түртүп койду.

— Васисто лос? — деди арт жактан жалкоолонуп келаткан сакчы. Колонна алга жыла берди. Анан, Мурат менен Михаил Сактанды тим эле көтөрүп алышкандай болду. Анткени, анын буттары шилтенүүгө келбей, жолдо сүйрөлүп баратты.

«Эми бизди кудай сактаса эле» деди Мурат өзүнчө.

Ангыча колонна токойду аралап өтүп калды. Кеч кирип

келди. Сакчылар дүрбөп, артка, алдыга жүгүрүшөт. Анда-санда бирин бири чакырып, алда эмелерди айтып бакырышат. Токойду кесип өткөн жол кээде оңго бурулуп, кээде солго бурулуп жыландай сойлой берди. Токой бир жерде коюулана түшсө, бир жерде сейректей көрүндү. Колонна алга жылган сайын көз байланып, айлана күңүрттөнүп бараткандай сезилди. Немецтер автоматтарын жалаңдатып, иттерин булкунтканча туткундарга жаалдарын төктү. Сөгүнүштү.

Сактан эми өлүк сымак Мурат менен Михаилге бардык салмагын таштап койду. Мураттын бешенесинен мончоктогон терлер кетип, оозу-мурдун каптады. Аны сүртүнүп алууга чолосу жок, ал Сактан менен алек болду.

Арт жактан автоматтын татыраган үнү угулуп, немецтер кыйкыра баштады. Арткы алдыңкы сакчылар мотоциклчендердин шамдарын жандырып, токой ичи жарыша түшкөнү менен жолду бүтүндөй камтый албай жатты. Колонна бурумга келип калган экен. Сактан менен алек болуп бараткан Мураттын оюнда эч нерсе жок болучу. Шатыр-шутур эткен дабыш аны селт эттирди. Ал оң тарабына карап, токойду аралап качып бараткан эки-үч караанды көрүп калды. Жүрөгү дүк-дүк кагып, аз-аз жерден Сактанды таштап жибере жаздап, өзүн араң токтотту. Качкандарды немецтер да көрүп калыштыбы, ошо тарапка автомат пулемет менен ок төгүштү. Анан, мотоциклдин жарыгын каптаішты. Аларга ок тийдиби же жокпу аны ажыратуу кыйын эле.

Сакчылар колоннадагы туткундарды «шнелле, шнелле»* деп сабап киришти. Мурат менен Михаил Сактанды көтөрүп баратышты. Анткени менен, Мураттын көз алдына жанагы качкындардын элестери келип, жүрөгүнө жылуу ой оролошту. «Биз али өлбөппүз. Тигилер качып кетишти. Бул тозоктон алар кутулушту, бул тозоктон кутулууга болот турбайбы?» деп, ал өзүнчө күбүрөнүп алды. Тиги качкындарга ак жол тиледи. Аңгыча токойдон чыгып, жайык талаага өттү. Алдыдан хутордун бараан көрүнө баштады. Мурат алда эмелерди ойлоп, арыган-талыганын да унутуп баратты...

# ЭКИНЧИ БӨЛҮМ



Мурат кайдагы бир калың токойду аралап, качып жүрүп, анын четине чыга албай турган болду. Каякка караса да, каякка умтулса да чытырман токой, токой... Ал сейректөөнүн ордуна, улам кайра коюуланып, кайра карарып-түнэрүп баратты. Мураттын тили оозуна батпай акылдады. Чаңкады. Мына ушул учурда тамчы суу анын көзүнөн өттү. Ал сууга туш келсе, жээгине жата калып, шимирип ичкиси келди. Бирок, бул чытырман токойдо суунун бары-жогу ага билинбеди. Анын бүткөн боюнан көл-шал болуп тер кетти. Бадалдардын шактары анын бети, колун тытмалап, жолун тороду. Бирок, Мурат ага карабай, аны таназарына албай, өжөрлүк менен алдыга умтулуп, алдыга жиреп баратты. Ушу караңгы, калың токойдун аркы четине чыкса эле эркиндикке чыгып кетчүдөй көрүндү. Ага кайдагы бир күч пайда болду. Кийимдери тытмаланып, колдору менен беттери чиймеленди. Кан кетти. Мурат эрдин тиштене чымырканды, алга жылды. Анткени менен, токой коюулана берди. Жолу татаалданды, бир топ жүргөндөн кийин алдан, күчтөн тая баштады. Жарыкчылыкты көрбөй, мына ушу токойдо калып кетүү коркунучу аны каптады. Ал кандайдыр жардам күттү. Бирөөлөрдүн келип, бул тозоктон аны куткарып кетүүсүн эңседи. Бирок, эч нерсе билинбеди. «Душмандын колунан кутулаары кутулуп алып, эми ушул караңгы токойдо жок боломунбу?» деген ойго келди. Бою титиреди. Анан, ал эки алаканын сурнай кылып коюп, «оо, кишилер жардам бергиле-ээ!» деп, кыйкыра баштады.

— Мурат, Мурат... деген үндөн улам, ал ойгонуп кетип, өзүнүн туткунда, барактагы нардын экинчи кабатында жатканын сезди. Кысылып жаткандыктанбы, ысып, алка-шалка терге чөмүп, тили оозуна батпай, чын эле чаңкап калыптыр. Ал ордунан тура отурду да, колунун сырты менен бешенесин сүрттү. Көздөрүн ачып-жумуп, жаагын кере эстеп алды.

— Мурат, сага эмне болду? Эмнеге кыйкырдың? — деди Сактан.

— Түш көрүпмүн. Немецтердин колунан качып чыгып, чытырман караңгы токойдун ичинде жүрүптүрмүн. Ошо токойдон чыгып кете албай, кишилерди жардамга чакырып жатканымда, сен ойготуп жибердиңби. Кап, бир аз тура турганыңда балким, жардам болуп калаар беле? Жакшы түш көрсө жакшылыктан белги берет имиш го. Муну сен билесиңби? — деп Мурат Сактанга жалооруду. «Эми дос, сенден эмне кетет эле жок дегенде, түшүмдү жакшылыкка жоруй көр» дегендей өтүнүч турду жүзүндө. Аны Сактан көрдү. Аны Сактан сезди. Анан:

— Немецтердин колунан качып чыгып, калың, караңгы токойго кирдим, кийин анын четине чыгалбай жүрүптүрмүн дедиңби? — деп Сактан Муратка кытмыр карады.

— Ошентипмин, дос ошентипмин — Мурат шашкалактады.

— Таранчынын түшүнө таруу кирет болгон турбайсыңбы? Кечээ ошону сөз кылып келбедиң беле. Ошолор түшүңө кириптир. Капа болбо, биринчиден эми бул иттердин колунан качып кеталбайбыз. Сен мага акырая караба. Качкан убакта да кайда бармак элек? Булар баары-жокту жанырып эле басып баратышпайбы. Качып чыккан учурда да, кайда бармак элек? Калың токойдо жүрүптүрмүн дегениң мына ушу барак да. Көрбөйсүңбү, караңгы десең ушу, калың десең ушу, туткундар көп. Балыкча солуп калдыкко — деди Сактан. Мураттын сабыры сузданып, айланасына көз кырын салды. Чын эле барактын ичи күңүрттөнүп, сасык, суук көрүндү. Төрт кабат нарда туткундар жатат. Алардын ичинен чалкасынан жатканын көрбөдү, мындай барактардан нечөө бар экен. Аларды кечээ санап үлгүрө алышкан эмес. Аларды саноого чамалары да келген эмес. Колдору бозоруп, ана өлөм, менен келип, жүз элүү граммдайдан дан менен бир чөмүчтөн чай алышып, өзөк жалгашты. Кийин ушул барактан орун алып, жата кетишти. Мурат ушуну билет. Ал жанына карады. Михаил тыноосунан дем алып жатат. Сактан менен Мураттын күбүр шыбырына ойгонбоду. Абдан арып-талыса керек. Анын эриндери кеберсип, өңү өчүп калыптыр. Сакал-муруту өсүп, түктөйүп көрүнөт. «Орустар эмнегедир түктүү келишет экен» деп ойлогон Мурат өзүнүн ээк, жаактарын сыйпалады. Араңжан сары түктөр анын колуна урунбады. Анткени менен, Мурат өзүн Михаил менен Сактандан жакшы сезбеди.

Али таң ата элек болчу. Барактын ичи күңүрттөнүп караңгы эле.

— Мен уктадым — деп, Сактан дагы кырынан кетти. Мурат да кайра жатууга кыялданды. Бирок, уйкусу тарап

кетти, ичегилеринин курук нөюганын сезди. «Оо, ушундайда бир тоюнуп алсак, кандай жакшы болоо эле» деди ичинен. Анан, дүйнөгө таң калды. Ушу ак төөнүн карды жарылып жаткан бир учурда бирөөлөрдүн куунап, жыргап жүргөнүн көрдү. Өздөрүнүн далай күндөн бери жок дегенде бир убак тоюнуп оокаттана албай жүргөнүнө зээни кейиди. Анан «бири кем дүйнө» деген ушу турбайбы деп күбүрөндү. Эртеңки, андан кийинки көрөөр күндөрүн көз алдына элестеткиси келди. Эч нерсени көралбады. Алды тарабы боз чалып жаткан бир туңгуюк сыяктанды. Мурдагы үмүттөр үзүлүп, өмүрдүн эң акыркы секундалары качып жаткандай, сезилди. Мурат эки колу менен чекесин мыкчып, бир топко үнсүз-сөзсүз отурду. Ал ушул учурда ой, санаасыз гана сенек болуп катып отурду. Кийин бирөөлөрдүн онтогону, бирөөлөрдүн коңуругу угулуп, ал кайра сезимге ээ болгонсуду. Айланасын туюп калды. Эми анын көз алдына дагы өткөн күндөрү тартыла баштады. Окуялар биринин артынан бири чубурду...

* * *

Түнү ырп этерге дармандары жок эмелер өлүк немедей укташыптыр. Балким, алар солуп дагы жатыша берет беле, аны ажыратуу кыйын, «Ауфштейн...» деген кыйкырык аларды ордуларынан козгоду. Кээ бирөөлөр шапа-шуп тура калып жатышса, кээ бирөөлөрү жанындагылардан түрткү жеп, сөгүнүп атты. Алар туткунда экендиктерин унутуп коюшуп, кыялдарында эркин жаткандай уйкусураштьы. Туткундукка али көнүгө бербей, өздөрүн минүүгө үйрөтүлө элек азоо эмелердей сезип жатышты.

Михаил мурда туруп, Мурат менен Сактанды ойготту. «Ауфштейин, ауфштейн... шнелле, шнелле»* деген команданы угуп Сактан менен Мурат экөө бир мезгилде силкинип алышкандай болушту.

— Кандай абалың? — деди Мурат Сактанга.

— Эми өлгүң келбейби? — деп койду Михаил.

— Али өлүүгө эрте окшойт. Бүгүн кайра адам болуп калыпмын. Ыракмат силерге — Сактан ыраазычылыгын чын дилинен айткандай болду. Анан, көпкө узабай эле туткундардын колоннасы жолго сүрүлүп чыкты. Ордуларында төрт өлүк калды. Аны туткундардан эч кимиси карабады. Аларга эч ким күйүп бышпады. Буга Мурат ичинен абдан таңданды... «Булар эмнеден өлүштү экен? Ооруштубу? Анда онтогону, ойдологону билинбес беле? Ачкадан өлүштүбү?

Анда бардыгы өлүп калбайт беле? Же бирөө колдуу болуштубу? Эмне үчүн эмне кылган жазыктары үчүн?» деген ойлуу ойлор анын жүрөгүн өйүдү. Бул суроолоруна жооп издеп, аны таба албады. Бешенесинен майда, мөлтүрөгөн тер кетти. Ал Михаил менен Сактандан тигилер жөнүндө сурагысы келгени менен оюн купуя калтырды. Алар эмнени билишет? Бир жатып, бир турушпадыбы? Ушул учурда кечээги эврей жигиттин өлүмү көз алдына келип, «аны бирөөлөр билдирип коюптур» деген шыбыш кулагына жаңырды. Ошондо гана Мурат: «аа-аа» деп алып, кайра тим болду. Ага Михаил менен Сактан көңүл бурбады.

Колонна жолдо сүрүлүп баратты. Дагы өткөн күндөрдөгү кыйкырык, өткөн күндөрдөгү көрүнүш. Таңдын атышы менен туткундардын жонуна нанушта ордуна дубинка ойноой баштады. Мотоциклчендер чаң көтөрүп, иттер аулады. Бул жолдун жетээр жери билинбеди. Мындан бир-эки күн мурда: «Биздикилер контрчабуулга өткөн имиш» деген ойлуу тараган шыбыштар бүгүн жок. Туткундар үңкүйүшүп, баштарын жерге салышат. Кадамдары кээде ыргактуу жакшы кетсе, кээде чалыштап калат. Биринин согончогун бири басып алган учурлары болот. Сөгүнүшөт. Эмнегедир ырктары ыдырап, ыдырап сөгүлүп бараткандай сезилет. Кечээ эле бир жакадан баш чыгарып, бир жеңден кол чыгарып келаткан эмелер бүгүн эмне болуп баратат? Буга Мурат түшүнө бербейт. «А балким, ачкалыктандыр». Элде «ач ит кабаган болот» деп калышат. Мүмкүн адамдар да ач болгондо, териси жукарып, сиркеси суу көтөрбөй калса керек» деген ойго келет Мурат. Ал Сактанга, Михаилге каранат. Сактан өзүн кечээкиден жакшы сезгени менен бүгүн эмнегедир карарып, түнөрүп баратат. Ойлуу, а Михаил болсо, өсүп калган тырмагын тиштегилеп, аны тегиздөө менен алек. Жол, чаңы асманга көтөрүлгөн такатма, суусуз жол. Ал жакында түгөнбөй тургандай, жер ширын айлана созулуп кетчүдөй көрүнөт.

Күн төбөгө көтөрүлө берди. Туткундардын бойлору талыкшып, дагы тилдери ката баштады. Муратты тер каптады. «Бүгүн мен жыгылбасам эле» деп, ал өзүнөн өзү чочулады. Бирок, түшкө жетип-жетпей колонна темир жол станциясына келип токтоду. «Поездге салышат экен... чамасы бизди Германияга алып кетет окшойт» деген шыбыш бирден бирге өттү.

— Каерде өлсөк да, баары бир өлүм эмеспи — деди Сактан. Сыртынан унчукпаганы менен ичинде ага каршы турду Мурат. Ал кечээтен бери Эстония, Латвия же Литвада карман тура турган болсо, ыңгайын таап, качып ке-

тээрин ойлонуп келаткан эле. Эми буларды Германияга алып кетсе, анда тагдырлары эмне болот? Кайкка качат? Кимдерге калкаланат? Качкан учурда да кадам жылдырбай кармап беришпейби аны. Бул ойлордон улам Мурат тим эле ичегилери түйүлүп бараткан эмедей ойдолоп, онтоп жиберди. Эрдин тиштенди.

— Сага эмне болду? Өңүң өзгөрүп баратат да,— деп Сактан Муратка ороло түштү.

— Эч нерсе эмес. Мен тим эле, мен тим эле,— деген Мурат өзүнүн чындап эле алсырап, абалдан тайып бараткaнын кийин сезди. Чочулады. Анткени менен Сактандын жылуу мамилесине ичи жылып, аны арка кылып калды.

Арадан бирар саат өткөнгө чейин туткундар темир жолдун жээгиндеги түзөңдө солуп жатышты. Немецтер аларды ороп отуруп алышып, бутерброддорун жеп, флягаларынан эмненидир ичип, анан кара цигараларынан түтүн булатышты. Дагы конвойлор дүрбөп, ары-бери жүгүрүштү. Жаңыдан келген кайкагай фуражкачан офицер туткундарга жакындабай, алыстан карап туруп, жанындагыларга алда эмелерди айтты. «Ябол, хер оберс, хер оберс»* деп, тигилер өтүктөрүн карсылдата жаакташтырып, шарт арттарына бурулуу менен, туш тарапка чуркашты.

...«Ауфштейн... ауфштейн»— деген команда дагы туткундарды жерден көтөрүп, катарга тургузду. Бул сапар эмнегедир он-ондон кылып тизди катарды. «Бул эмнеси экен?» деди Мурат өзүнчө ойго тунуп. Бирок, ага кийин түшүндү. Ондон кишиге бир буханка нанды карматып, анан, аларды кызыл вагондорго карата айдашты. «Нан талаштырбай бул ишти түзүк кылды»— дешти кээ бирөөлөр. Арттагыларга нан жеткиче алдыдагылар нандын тырмактай бүдүрүн жерге түшүрбөй бөлүп алышты. Анан сага көп, мага аз тийди» деген сөздөр кем угулуп. «Кому?»... кому?» деп бөлүштү. Он туткундун тизмесин колуна алып, тетири карап отурган киши «кому?» дегенде эле тиги тизмедегилердин бирөөнү атады. «Бул калыстык» деп койду Михаил. Ага Мурат бир алдын таңданганы менен кийин ыраазы болду. Азыр нандын бир сындырымы эмес, бир бүдүрү да кымбат экени көзгө көрүндү. Сактан нанды шапа-шуп аймап коюп, тим болду. Артынан «жумуруума жук болбоду» деп койду. Мурат болсо, саамга нанын бир колунан экинчисине алып, үбөлөндүсүн кайра кошуп, аз-аздан тиштеп жеп, өзүн алагдылаткан өңдөнду. А Михаил болсо, нанын кочуштап алып, көпкө ойлуу турду. Бирде колундагы нанын караса, бирде айланасындагы туткундарга көз чаптырды. Аны байкап калган Сактан.

— Миша жебейсиңби наныңды? — деди шилекейин жутуп.

— Жейм, жейм... чекким келип турат. Башым кеңгиреп, башым тең бөлүнүп баратат,— деди Михаил. Булардын сөзүнө кулак түрүп турган Мурат селт эте түштү. «Ушу кичинекей нанын бир тартым тамекиге ооштуруп жибереби?» деген ойдон улам ал жолдошуна карады.

— Михаил, наныңды же. Тамеки тартпасаң эч нерсе болбойсуң. Башың ооруса, кайра тарап кетет. А курсагың ач калса, ишиң чатак. Же наныңды, же — деп, Мурат Михаилди тим эле демитип кирди. Ичинен үшкүрүнүп алган Михаил нанын майда чайнап жешке өттү. «Эми жакшы болду» деп, Мурат ичинен сүйүнүп калды. Анткени, мурда нанын тамекиге ооштуруп жибергендерди да көргөн.

Кийин вагондорго отургузуу башталды. Атайы жасалган нары жок жүк ташыган кызыл вагондордун ичине туткундарды тим эле солоп койду. Дагы Мурат, Сактан Михаил — үчөө бир бурчка сүрүлүшүп алышканы менен отурууга мүмкүндүк болбоду. Туткундар бири бирине ыктап, бири бирине сүйөнүп буттары менен тике туруп калышты. Сырттагы чуу бүтөөрү менен вагондордун эшиктери шарта шурт жабылып, сыртынан илмектери илингенсиди. Адам боюнан жогорураак жердеги тордолгон эки тешиктен жарык киргени менен вагондун ичи күңүрттөнүп турду.

— Эми буулугуп өлөт окшойбуз, мага аба жетпей жатат — деди ар жактан бордуккан бирөө.

— Бизди жыргап атат дейсиңби? — деп, экинчи туткун тигинин жактырбаган өңдөндү. Чын эле вагондун ичи күнүлдөп ысып кетти. Ава жетишпей, туткундар суудан ыргытылган балык сымал ооздорун чоң-чоң ачып, дем алууга өтүштү. Мураттын жүрөгү кысылып, ирени саргарып баратты. Ал жакаларындагы топчуларын чыгарып, көкүрөгүн жалаңдатууга аракеттенгени менен, бою жеңилдебеди. Жанындагы Сактанга карап «эми эмне болобуз?» дегендей момоороду. Сактан менен Михаил да терге түшүп, көөдөндөрү көтөрүлгөнү менен Мураттан өздөрүн жакшы сезгендей турушту.

— Ээ, братцы, дайте мне воды... умираю — деп кыйкырган эме сөзүн аягына чыгарбай, шалактап калды. Вагондо: «кимде суу, кимде суу баа-ар?» деген чуу көтөрүлдү. Бирөөлөр вагондун эшигин тепкилей баштады эле сырттан автомат тытырады. Анын октору эшиктин жогору бурчун көз-көз кылып тешип, вагондун төбөсүн төөнөп өттү.

— Эшикти тепкилебегиле. Тепкилебегиле — деген чуу вагонду тынчтандырды.

— Тигини вагондун тешигине алып келгиле. Жок дегенде бир аз авадан дем алгандай болсун — дешти бирөөлөр. Аны тешикке жакын алып келүүнүн өзү да, зор машаакатка айланды. Бурчта болушкандыктан бул ишке Мураттар кол кабыш кыла алышпады.

— Менде кичине суу бар, нанга ооштурам. . — деди вагондун орто жеринде чыйылдаган бирөө. Ага кайдагы нан болсун. Баары нан колдоруна тиери менен жеп алышпады беле?

— Дагы нан бөлүнсө, мен сага өз тиешемди берейин. Сууңду бер, ушу шордуу өлүп кетпесин... — деди эсинен танган эмени жөлөп турган жигит. Кыязы жолдошу го. Суусу бар киши жер карап, мелтиреп калды.

— Биз эмне болуп баратабыз? — деди Мурат Сактан менен Михаилге кайрылып:

— Бул итчилик. Мындай кишилерди атып жиберүү керек — Сактан эмнегедир аптыга сүйлөдү.

— Эмнең менен атат элең? — деп, Михаил аны тамашага алып кетти. Кечээ эле армиянын катарында жүргөндө бир бүдүр нанды, бир ууртам сууну тең бөлүшүп жүргөн кишилердин бүгүн минтип баратканына Мурат эми таң калып отурду. «Менин флягамда суу болсо, нан дебей эле берет элем» деп алды өзүнчө. Анан «көпчүлүк да, көпчүлүктүн ичинен бирди-жарым тигиндей акмактары чыгат да» деп, өзүн жообанткан ойго келген кезде.

— Оой, оой мени тоноп жатат... Жардам бергиле, жардам бергиле-ээ! — деп, баягы суусу бар киши бакыра баштады. Шапалактар чак-чак эте түшүп, кийин тигинин жаагы бир азга жап болду. Анын флягасындагы аз гана суу эсучун билбей жаткан кишинин көзүн ачып, тилин күрмөөгө келтирди. «Көрөр күн, ичер сууң бар окшойт» дешип, аны жөлөп турган туткундар сүйүнүп калышканы менен, суусун алдырып жиберген тиги эме кийин жаш балача өңгүрөп ыйлады.

— Дагы эле өзүңөрдү баягыдай көрөсүңөрбү? Офицер келсе мен арызданам. Арызданам! — деди өпкөсү толуп, тили балдырап. Туткундар аны ары-бери түрткүлөп отуруп, бир бурчка алып барып тыгышты. Ал дагы эле бакырып-өкүрө берди эле,— жашагың келсе, үнүңдү бас, ато, муунтуп өлтүрүп коёбуз — дешти жанындагылар. Тиги аз-аздан солуктап олтуруп, анан тынып калды. Ага жан таттуу өңдөнду.

Убакыт өтүп жатты. Вагондун ичи мончо сымак буулanып, дем алуу оорлошо баштады. Туткундар колдоруна эмне кирсе, ошону менен желпинишет. Азыраак өздөрүнө

келе түшүшөт. Бирок, абал оор. Аны дени соолору гана көтөрбөсө, жүрөгү начарлары акылдап, жан терге түшүштү. Мураттын абалы бир алдын оорлошуп кетип, кайра оңолду. Сактан менен Михаил анын жүзүн желпип, ага жардамдарын көрсөтүштү.

— Качан жылар экен? Өлүп кетмек болдукко — деди бирөө.

— Бизди эми ушинтип өлтүрүшөт да — деди экинчиси. Вагондо чуу көтөрүлдү. Эшикти тебишти. Дагы автомат тарап, анан туткундар тынчтанып калышты. Алардын октон бейажал өлгүлөрү келбеди. Алар алдыдан, келечектен али үмүттөрүн үзүшө элек болчу.

— Тынчтангыла жолдоштор, тынчтангыла. Дарбазаны тепкилөө жакшылыкка алып келбейт. Чыдагыла — деди сакал, муруту өсүп, өңү түктөйүп калган болук туткун. Башкалар үн катышпады. Вагондун ичи бара-бара тынчтанып, туткундардын оор дем алышы гана туюлуп калды.

Мына ушул учурда паровоз «мен силерди өлүмгө алып баратам, мен силерди бир түбү жок туңгуюкка алып баратам!» дегендей ачуу чаңырып алды да, анан «буф-буф» этип алдыга эки-үч ирет умтулду. Буферлер буферлерди шапалактады. Поезд ордунан сызып, ал бара-бара ылдамдап кетти. Вагондогу эки тешиктен муздак ава кирип, туткундар жандана түшүштү.

«Дүк-дүк, дүк-дүк» этип поезд сыза берди. Убакыт өтүп жатты. Туткундар отуруп көрүштү, бирок сыйышпады. Тек гана туруп туруу керек болду. Анткени менен, көбүнүн буттары талып, көздөрү караңгылашты. Минтип дагы качанга чейин барууга болот? Жок, чыдоого мүмкүн эмес. Вагондо дагы кыжы-кужу башталды. «Ары тур, бери тур» дешип, кээ бирөөлөр жөөлөшүүгө өттү. «Вагонду тешебиз» дешти бирөөлөр. «Тишиң мененби?» дешти экинчилери. Чынында эле куру кол менен вагонду бузуу, тешүү жөнүндө ойлонуу өзүн өзү алагдылантууга гана барабар эле. Вагондо дагы абал оорлошо баштады. Баягы «тынчтангыла» деген туткун... «Эй, жолдоштор, бул иш жарабайт. Давай, вагондун ичиндегилер эки бөлүнөлү. Теңибиз туруп турсак теңибиз отуруп, дем алып алабыз. Анан, алмак-салмак ойноп, отуруп туруп кетебиз» деди. Вагондун ичи жымжырттана түштү.

«Туура айтат... туура айтат» деген чуу көтөрүлдү кийин.

— Ушул киши командирлерден болсо керек — деди Сактан шыбырап.

— Мүмкүн,— деп, Михаил күңк этти.

— Эстүү эме экен,— Мурат тигинин баш-көз болгонуна

сүйүнүп калды. Аны ушу вагондогулардын командири катары көрүп, азыр анын ар бир айткан сөзүн «жок» дебестен аткарууга өзүн даяр сезди. «Жакшы кишилер арадан ушинтип чыгат турбайбы» деген оюн «арадан жаман кишилер да ушундай оор абалда бөлүнүп чыга келет экен» деген ою жеңип кетти. Анан, «Жаман болбой, жакшысы жок» деп, өзүнчө күбүрөнүп алды.

— Эй, бала, эмне деп атасың? — деди Сактан адатынча.

— Мен тим эле... — деп койду Мурат.

— Бул кетишибизде бизди Германияга алып барат. Шахтада же бир завод-фабрикада иштетет. Аларга азыр жумушчу күчү керек,— деди Михаил ойго тунуп отурган калыбын бузбай.

— Да-аа — деген болду жанындагылардан бирөө.

Поезд күнү, түнү жүрдү. Кээ бир станцияларда көпкөкөпкө, токтоп калган убактылары да болду. Бирок, вагондун эшиктери ачылбады. Мурат «параш» деген эмени өмүрүндө биринчи жолу мына ушу вагондо көрдү. Кишилер ушул вагондо эле бардыгын каратып туруп, даарат ушатып алышты. Вагондун ичин сасык ис каптады. Мураттын көңүлү жипкирип, бир алдын окшуду. Тамагынан эч нерсе чыкпады. Тирүү жан да, кийин бурчка коюлган ошо «парашка» өзү да барды. Ал тим эле кызарып-татарып отуруп, жети өмүрү жерге киргендей болду. Вагондогу оор абал туткундарды ойлонтууга койбой, өз жандары менен өздөрүн алек кылды.

Улам-улам буферлерге тийип, жол артта калып жатты.

* * *

Бул станцияда вагон көпкө токтоп калгандыктан, туткундар да кээде үргүлөп, кээде түпсүз ойго чөгүп, үн-сөзсүз турушкан. Отурууга кезек Мураттарга жеткендиктен ал далайга чейин тизелерин кучактап отуруп, кийин көздөрү ирмелип кеткен экен, түшүндө немецтер менен согушуп жүрүптүр. Дагы эле алар качып баратышат. «Качанга чейин кача беребиз!» дешип, жоокерлер командирлерине чуу көтөрөт. Ушул учурда кимдир бирөө «во-оздух», «во-оздух» деп кыйкырып калат. Мураттар жолдун жээгиндеги токойго кире качып, чоң түп карагайларга далдаланышат. Аңгыча немецтердин самолеттору төбөдө каалгып, бомба таштоого өтөт. Мурат асманды карады. Тигиле, бомбалар, бирөө, экөө, үчөө... Алар чубуруп, бирин бири кууган сымак жарышып түшүп келатты. Көзгө көрүнүп келген ажалдын

жаманы болбосо керек, ышкырык салган бомбалар тим эле Мураттардын үстүнө түшүп келаткансып көрүндү. Заматта Мураттын бешенелеринен муздак тер кетип, карагайдан карагайга өтүп жүрдү. Каякка караса да, каерге барса да тигил бомбалар анын артынан такай түшүп алган сыяктанды. «Мурда өлбөсөм да, эми өлөт окшоймун» деп, ал башын эки колу менен калкалаган бойдон чоң түп карагайдын түбүнө боюн урду. Ушул учурда «гүп-ба-ах» этип, бомба түшүп жарылгансыды. Жарылуу улам-улам кайталанып жаткан өңдөндү. Мурат да ар бир жарылууда бүткөн боюн селт-селт эттирип, башын мыкчыган бойдон жер кемирди. «Гүп, ба-ах» бомба тим эле Мураттын жанына түшкөндөй болду. «Аа-аа»— деп, ал ордунан ыргып турду. Анан өзүнүн вагондо экенин сезди.

— Эмне чочудуң, эмне чочудуң? — деди Михаил.

— Бул түшүндө немецтер менен согушуп, чарчатмак болду — деди Сактан. Мурат өзүнчө кызарып, татарып кетти. Конвойлор вагондордун эшигин такылдатып уруп, ачып жатышкан экен.

— Раус, раус, шнел, шнел*— деп, бакырышты немецтер, «ауф, ауф» деп, үрүп жатышты иттери. Деми кыстыгып, өпкөсү калдактап калган Мурат бир азга чейин эч нерсеге түшүнбөдү. Ал азыр эле немецтер менен согушуп жүрбөдү беле? Бул эмнеси? Бала кыялы менен ал таңданды. Туткундардын вагондордон секирип түшүп жатышканын, анан сыртта автоматчан, ит жетелеген немецтерди көргөндөн кийин гана өзүнүн бир нече күндөн бери туткунда жүргөнү оюна келди. Анан, Сактан менен Михаилдин артынан жерге секирип түштү.

— Андретен, андретен*... —деп, туткундарды дубинка менен чапкылап жүрдү немецтер. Мураттар көпкө узабай алты-алтыдан катарга турушту.

— Вагонго салып жатканда катарга ондон тургузуп, он кишиге бир буханкадан нан беришти эле эми катарга туруп калдык, алты кишиге бирден нан берсе керек — деп мындагылардын бири таңданды.

— Анда жакшы болор эле,— деди экинчиси.

— Ой байкаштырып көргүлөчү, бизди азыр каерге алып келди? — деди дагы бирөө. Катардагылардын арасынан айланага көз салган туткун.

— Буер Ригага окшоп кетет. Чагымда Ригага алып келсе керек деп божомолдоду.

— Германияга кирип кеттикпи дедим эле,— деп, Михаил тигилердин сөзүнө кошулуп койду.

— Германиясын өздөрүнө эле буюрсун — деди Сактан.

— Эми ушерден дагы башка жакка жылдырып көрбөсө экен,— деп, Мурат айланасына карады. Анын оюу боюнча бул ортого кайра чабуулга өткөн Кызыл Армия жакында эле келип, буларды туткунчулуктан куткарып кетчүүдөй сезилди. Анан: «жок, дегенде, ыңгайын таап, качып калсак, фронтко да жакын эмеспи?» деп, Мурат ичинен күбүрөнүп да алды. Тиги токойдо качып кеткендерди көргөндөн бери Мураттын жүрөгүнө бул ой уялап, ал кандайдыр бир келечектен үмүттөндүрүп, ага дем берип жүрдү.

Аңгыча туткундардын колоннасы ордунан козголуп, ал чоң көчөгө чыга берди. Ал абдан эле созулуп кетти. Душмандын колуна көп аскер түшүп калганын Мурат эми байкады. «Оо, кудай сактай көр, калгандарга күч кубат бер» деп, мына ушу жерде кудайга жалынып, жалбарып да жиберди. Аны өзү да сезбей калды. Анан, ал колоннаны ороп бараткан солдаттарга көз кырын салды. Бул иттер таза кийинип тим эле терилерине сыйбай баратышкандай көрүндү. Кийин Мурат өзүнө, жанындагы жолдошторуна карады. Михаил менен Сактандын сакал, муруттары өсүп, өңдөрү кир. Вагондо отурганда салаалап аккан тердин изи алардын беттерин чамбыл ала кылып көрсөтөт. Гимнастеркалары кир, ар-ар жеринен айрылып, жакалары билинбей калган. Топчулары да түймөлөнгөн эмес. Буларды көргөн Мураттын бүткөн бою дүркүрөп, зээни кейиди. «Менин кепете-кешпирим булардан ашып түшпөсө керек» деген ойдон улам чөнтөгүндөгү кирдеген дасоромолун алып, аны шилемейледи да анан анысы менен жүзүн сүрткүлөдү.

Эми туткундардын колоннасы шаарга сойлоп кирип баратты. Көчөнүн эки бетинде жайнап турган эл. Алардын көбүнүн кабактары салыңкы, көңүлдөрү суз. Кээ бирөөлөрү жадырап, жайнап күлүп жүрөт. Алардын бул күлкүсү Мураттын жүрөгүн автоматтын октору сымак тешчии өтүп, тыз-тыз эттирген болот. Анын уялганынанбы, бирде ыраңынан каны кетип, жүзү кумсара, бирде беттери албырып, жалындап бараткандай болот. Туткундардын баштары салыңкы. Тиги жардаган элди тике карай алышпайт. Мындан бир аз күн мурда ушул көчө менен «Москва моя странаны», «Катюшаны» заңгыратып ырдап өткөн аскерлер эми минтип баратышы осолдой сезилет.

— Оо, не победимая Красная Армия! Ну ка-ак! — деген үн Мураттын кулагына шак дей түштү. Анын аркасынан «ха-ха-халаган» каткырыктар бомба түшкөндөй жаңырды. Буерде Мураттарга жер катуулук гана кылып баратты. Эмне кылышат? Арга жок. Жанагы шакабалар дагы кайталанды. Аны каткырыктар дагы коштоп кетти. Жерге үңү-

дүп бараткан Мурат эми тиги үн чыккан тарапка көз кырын салды. «Булар кандай эмелер, кимдер экен?» дегендей ойго келди. Таза кийинген бир топ кишилер, эрди-катындар. Буттарын жерге кере коюп, цигараларды тиштеп алышкан. Тигине, ак көйнөк, кара костюм, шляпачан эме эки колун шымынын чөнтөгүнө салып, баягы сөздөрдү дагы кайталады. Дагы каткырык көтөрүлдү. «Мына кимдер булар. Биздин армия артка чегинип баратканда, желкебизден ок аткандар да ушулар экен го. Эми немецтерди кучак жайып тосуп алышса керек» деген ойго чөккөн Мураттын ачуусу келгендиктенби, тиштери тиштерине батып, бир азга жаагы карышып барды. Анан, күч менен «Сволочтор» деп күбүрөнүп алды.

Колонна шаардын чоң көчөлөрү менен созулуп баратты. Анын жакында токтоору көзгө көрүнбөдү. Немецтер эмне үчүн буларды көчөмө көчө кыдыртканына Мурат кийинчерээк Сактандын сөзүнөн улам түшүндү.

— Бир жагы мактануу үчүн, бир жагы элдин үрөйүн учуруу үчүн бизди көчөмө көчө айдап алган го — деди Сактан. Аны Михаил менен Мурат да макул көрдү. Болбосо эмне үчүн минтмек эле?

Анан, шаардагы дагы бир көрүнүш Муратты таң калтырды. Эмнегедир көчөнүн бир тарабы тикенектүү зым тосмолор менен тосулуп коюлган. Эмне үчүндүр ошо тосмо тараптагы, кишилердин жашы-карысы дебей, эри, катыны дебей, кийимдеринин көкүрөктөрүнө, аркаларына сары кездемеден жасалган алты бурчтуу жылдыздарды тигип алышкан. Булар кимдер? Эмне үчүн аларды антип, бөлүп коюшкан? Эмне үчүн алар туткундарга жылуу карашат? Эмне үчүн алардын арасынан баягыдай шакабалуу кыйкырыктар угулбайт? Бул өңдүү суроолуу ойлор Муратты гана эмес, анын колоннадагы бардык туткундарды ойго салды. Сары жылдыздары эмнегедир булардын көзүнө жылуу учурап, жүрөктөрүнө жакын сезилгендей болду. Анан, бара-бара буга туткундардын көзү жетти. Тигилер эврейлер турбайбы. Аларды өздөрүнчө бөлгөн турбайбы. «Буларга да армиядагы эврейлерге кылган мамилесин кылышса шордууларды курутатко» деди Мурат ичинен. «Жолдоштор, башыңарды өйдө көтөргүлө» деген үн угулду ошо зым тосмонун ары жагынан.

— Васисто лос*— деп, конвой тигилер тарапка атылганда, тротуардагы эврейлер житип, житип кеткендей болду. Бирок, алардын жылуу сөзү туткундарга дем берип, көңүлдөрүн бир азга көтөрүп койду. «Биз менен ойлош, бизге тилектеш кишилер бар экен» дегендей сезим туткун-

дардын оюн бийлеп алды. Чын эле бул азап менен тозокту башынан өткөрүп жүргөн кишиге ким жылуу сүйлөсө, ошо жакынындай сезиле берет турбайбы. Мурат бул кишилерди ичинен урматтап, ичинен жакшы көрүп калды. Аларга чын пейли менен жакшылык тиледи. Кийин «Армиянын катарынан колго түшкөн эврейлерди дароо эле бөлүп алып, атып жиберишпеди беле. Буларды али атпаптырго. Же ушинтип бөлүп топтоп жатышабы? Анан атышабы? Же тирүү калтырышабы?» деген өңдүү ойлор анын башына заматта бири келип, бири кетти: «Ылайым тирүү болушсун» деди ал.

Ошентип, шаарды тең жарып өткөн туткундардын колоннасы арып-талыганда кайра вагондон түшкөн жерге жакын эле жайгашкан туткундар лагерине келип токтоду. Бул лагерь Рига шаары алынаары менен уюштурулган экен.

«Да-даа» деп алып, Мурат терең кыялдан ойгонду. Кайра лагерде жаткан калыбына келди. Сактандын коңуругун, Михаилдин тыноосунан дем алуусун укту.

— Оо, шордуу башым! — деп, башын мыкчып, алып, көмкөрөсүнөн тийип, Сактан менен Михаилди ары-бери түрткүлөп жата кетти. Анын бөйрөктөрү бир топко чейин булкулдөп, жатып, анан билинбей калды. Бирок, таң атып калган эле. Каергедир илинген заң урулуп, «Подьём, подьёом» деген кыйкырыктар барактарды көтөрүп кетти. Али жаңы абал, жаңы шартка көнүгө элек туткундар бири турса, бири турбай, керилип-чоюлуп жатышты. Билегине ак байланган туткун полицейлер жаткандарды турууга шаштырып жүрсө, колуна дубинка кармаган немецтер «ауфштейн... ауфштейн...» деп сабап келатты. Лагердеги биринчи таң мына ушул уу-чуу менен атты.

* * *

Лагердин ичи туткундарга жайнап кетти. Буларды көрүү менен Мураттын үрөйү учуп, жүрөгү дүкүлдөдү. «Деги немецтерге каршы согуша турган армия калды бекен? Же баарыбыз ушинтип, мына ушундай лагерлерге толуп алдыкпы?» деди ичинен өзүнө-өзү суроо берип. Анын өпкөсү толуп, тим эле жаш бала сымак өңгүрөп ыйлагысы келди. Бирок, ыйлоодон жоро-жолдошторуна маскара гана болбосо, кыпындай пайда таппасына көзү жетип, өзүн араң токтотту. Каршылык көрсөтүүгө күч аздык кылып, душмандын чабуулуна туруштук бералбай, кансырап качып бараткан

армиялык болукторду көз алдына келтирип ичинен ойлоп алды.

— Оо, Сактан, Сак-таан, биз эмне болгонбуз, баарыбыз эле туткунга түшүп алган окшойбуз — деди Мурат үн чыгара.

— Бизде армия көп — деп, Михаил аны сооротколдой болду.

Анткени менен, бул абал, бул көрүнүш бардык эле туткундарды чочулатты. Өз ара күбүр-шыбыр болушуп, үңкүйүшкөндөн үңкүйүштү алар.

Аңгыча аянтчада быкып турган буларды тосмонун ары тарабына койдой сүрө баштады. Немецтер дубинкалары менен чапкылап, «лос, лос, шнел, шнел» дешет. Полицайлар аларга жардамдашкан болуп, «тез-тез» деп, кыйкырышат. Мурат эми эмне болоорун билбейт. Тим гана көпчүлүктүн агымында ары карай сүрүлөт.

— Ошол жактан оокат берет бекен? — дейт Сактан.

«Мен аны билбейм» дегенсип Михаил башын чайкайт. А Мураттын ичегилери поюп, оозунан кара шилекейи келет. Баштагы күндөн бери ачка экени оюна келип, көздөрү караңгылашат. Башы зыңгырайт. Буерде туткундар көп экен. Кимдин кантип жатканы менен эч кимдин иши жоктой сезилет. Кечээ арып-талып келип, лагерге киргенден кийин ушу жаткан жерлерин карамалап олтуруп, түндү кийирип жиберишти. Аерден бир минутага жылса эле, ордуларын дагы бирөөлөр ээлеп кетчүдөй сезилип турду. Орун алып отуруп калгандарынан, жай таппай барактан баракка котолоп жүргөндөрү көбүрөөк көрүндү. Бийиктеги төркү парларды лагерге мурда келгендер ээлеп алышыптыр. Алар төрт-бештен топ-топ болуп алган өңдөнүшөт, бирөөлөр жаткан жерлерин күзөтүп калса, калгандары сыртка чыгышып, кайра келишип жүрүшөт. Жаңы келгендерден ошондой орундарга бир тобу сүрүлдү эле аягы карса-курс мушташуу менен бүттү. Бул күрөштө сүрүп орун алып калгандары болду. Анан бир нече күндөн бери жатып жай алып калган орундарынан ажырагандары да болду. Аларды «кой-тур» деп, бирөөлөр баштап көрүүгө аракеттенгени менен натыйжа чыкпады.

Бул тосмого оору-сыркоосу менен барактардагы туткундардын бардыгы сүрүлүп чыкты. «Бир топ өлүк гана калды» дешти өз ара күбүр шыбырашкан кишилер. «Ооруганы, ооруганы билинбейт, өлүп калышканы эмнеси? Же ачкалыктанбы? деп Мурат дагы Сактандан сурагысы келип, эми гана оозун сомдоп бараткапда, буларга катарга туруу боюнча команда берилип, полицайлар ары-бери жүгүрө

башташты. Арткы чоң эшиктен немистердин ефрейторлору, унтер офицерлери, офицерлери келип, тилмечке алда эмнелерди айткандай болушту.

— Катарга тургула. Катарга тургула... — деп кыйкырды тилмеч. Эми туткундар он-ондон катарга турушту. «Дагы он кишиге бир буханкадан нан берет окшойт» деген ойго келди Мурат. Бирок, катарды кабат-кабаты менен тизип, анач офицерлер тилмеч менен мурда даярдап коюлган көтөрүңкү жерге чыгышты.

Кайкагай фуражка кийип, орто жашап калган офицер тилмечке бир нерселерди дагы айтты. Жанындагы немецтер какайып, какайып, тим эле мурдуларын көтөрүп, алдыдагы кужулдаган туткундарды көзгө илбей, алардын барыжогуна маани бербей турган өңдөнүштү. — Оо, иттер — деп, күңк этип алды Сактан. Анын оюна Мурат менен Михаил да түшүнүштү. Буларды тигилердин кемсинтип, адам ордуна көрбөй турушканына Мурат аң-таң болду.

Анткени эс тартканы ал мындай кордукту көргөн эмес эле. Эми «лос, лос, шнел, шнел» дегенден башка сөздү укпайт. Ачкамын, арыдым деп айта да албайт. «Ата-энелерибиз илгери кулдар жөнүндө жомок сымак сөз кылышар эле. Ошо кул биз болуп калдыкпы? Ошонусу ырас болсо, эптеп, бир нерсе кылып өлүп алганыбыз деле жакшы болмок экен» деп, Мурат али оюнун аягына чыга электе:

— Ээ, туткундар — деп сөзүн баштады көз айнекчен сары, балжайган тилмеч — господин оберс бул туткун лагери болот дейт. Германиянын жеңилбес армиясы Москва менен Ленинградды алып эврейлер, комиссарлар эзип жаткан Россияны талкалаганда силер элиңерге кетесиңер дейт. Ошондуктан лагердин комендатурасы тарабынан белгиленген тартипке үн-сөзсүз баш ийүүңөр керек дейт. Кимде ким ошол тартипти бузса, мына ушу жерде, силердин көзүңөрчө дарга асылат дейт — деди мурдагы эле айтылгандарды кайталап.

Туткундар бир алдын дүрбөп алышып, кайра тим болуп калышты. Офицер дагы бакылдады. Тилмеч дагы сөзгө келди.

— Оо, туткундар, уккула, уккула — деди ал — кечээ Самсонов деген туткун лагерде түзүлгөн тартипти бузуп, арабада алып бараткан продукцияга кол салган экен. Ал эми Зильберштейн деген эврей өзүн орусмун деп жашырган жана фамилиясын Соловьев деп өзгөртүп алган экен. Мына ошондуктан, мындан ары дагы ушундай тартипсиздиктерге жол бербөө максатында лагердин коменданты Самсонов менен Зильберштейнди силердин алдыңарда, силердин кө-

тууарча дарга асууну чечти. Азыр бул чечим ишке ашырылат. Дарга асуу учурунда дүрбөлөң чыгарылса, ошол топ ошо тутулат,— деди.

— Вот, что,— деп, Михаил жер карады.

— Биздин кулчулук турмуш эми башталды,— деди Сактан.

— Коркутуп, үркүтүп жатышабы же чындап эле жанагы үйү аталган эки шордуунү дарга асып жибереби? — деп, Мурат шериктерине бурулду. Ушул учурда туткундардын баары жел толкуган сымак, ары-бери сүрүлүп барып, араң токтоду. Арткы чоң эшиктен бир топ туткун көчүрмө дарды көтөрүп келатышты. Мурат мурда «дар», «дарга асуу» деген сөздөрдү угуп, китептерден, газета-журналдардан окуп жүргөнү менен аны көргөн эмес. Мына, азыр ага бир жагы таңдана, бир жагы ичинен калтырап, титирен карады. Ал кишилерге сыйыртмак салып, аларды асып жиберет деген сөзгө бирде ишенип, бирде ишенбеди. Анан, эврейлерди, комиссар менен командирлерди атууларынан улам, бул иш да ушулардын колунан келсе керек. Дүйнөдөгү эң мыкаачы, эң боорсуз кишилер, ушу фашисттер болот турбайбы» деген жыйынтыкка келип, төбө чачтары тикеленди. Чынында эле дар, дарга асуу боюнча түшүнүктү мына бу турган туткундардын баары тарыхтан гана окуса керек, болбосо аны билишчү эмес. Ошондуктан, азыр тигилерди асуу жөнүндө сөз болгондо, туткундар Мурат сымак бир жагынан таңыркоо менен карашкандыктанбы, эгерде киши дарга асылса, анын өлөөрүнө, ал экинчи бул катарга кайра келип турбасына ишенип, ишенбегендери жүздөрүнөн байкалды.

Анан, көпкө узабай эле асуу процесси башталды. Эмнегедир, тигилерди скамейкага чыгарып тургузуп, туткундарды каратып коюшту. Мурат тигилерди жакындан карайын деген бекен, алга умтулуп көрдү эле ага кишилер жол беришпеди. Четте турган полицай: — орду-ордуңарга тургула — деп, кыйкырып жиберди. Аргасы кеткен Мурат бир колу менен Сактанга сөйөнгөнчө буттарынын учуна көтөрүлүп, дардагыларды эми даана көрдү.

Самсонов дегени жыйырмалар чамасына барып калган алибеттүү эме экен, анын да сакал, муруту өсүп, жүдөп калганы болбосо, али да москоолдугу, күч кубаттан тая электиги кебетесинен көрүнүп турат. «Дарга асылуудан коркот бекен?» дегендей ой Мураттын башынан жылт берип өттү эле, ал тиги Самсоновго тигиле карады. Самсонов бир аз ойлуураак гана болбосо, эч нерсени билбегендей, эч нерсени сезбегендей, ушул скамейкага бир азыраак тургандан кийин, кайра катарга кирип кетчүдөй сезилди. Бул

эч кимге жалынып, жалбара турган киши өңдөнбөдү. Мурат мурда атылууга бөлүнгөндөрдү көргөн эле, анда көбү болбосо да, азы «мен эврей эмесмин, мен комиссар эмесмин, мени атпагыла!» деп, ачуу кыйкырык салгандарын көргөн. Жалынып-жалбаргандарын уккан. Бирок, Самсоновдун бул турушу Мураттын көңүлүн да азыраак тынчыта койгондой болду.

Зильберштейн да жаш жигит экен. Ал анчейин эле эврейлерге окшошо бербейт. Анткени менен, буерге ачы эврей деп бөлүп чыгарышты. Зильберштейндин өңүнөн каны качып, түктөйүп алганы менен, токтоо турат. Ал улам-улам Самсоновго карап, бир нерсе дегендей болот. Анын эрди бүркөлгөнү менен Мураттарга үнү угулбайт. «Самсонов эмне болсо, мен да ошомун. Эми эмнеге күйөйүн» дегендей жер каранат.

Анан, дарга асуу башталды. Мурат эки колу менен көздөрүн басып, тетири карап кетти. Өпкөсү алкымына тыгылып, ана-мына эчкирип өңгүрөп ыйлап жиберчүдөй, арык шыңга бою сүлкүлдөдү. Ал өзүн токтотту. Кыялында тиги дарганы карабоого, аны оюна албоого аракеттенди. Эриндерин кесе-кесе тиштеди. Ал арадан канча убакыт өткөнүн билбейт. Бир оокумда «Эх, звери-ии, звери-ии» деген күбүр-шыбырдан улам, кыялдан ойгонуп, оңго бурулду да көздөрүн ачты. Анан «ах...» деп, алып, эми оозун басып калды. Көз алдында: Эки киши, эки жердеши, эки боордошу дарда асылып турду. Самсоновдун буттары тыбырап, эки колу менен мойнуна илинген арканга бир көтөрүлүп алып, бир азга оозу ачыла, мурду дерденде п, көздөрү чанагынан чыгып баратты. Бирок, буулуп калгандыктан дем ала албады окшойт колдору аркандан акырын гана жылмышып барып, анан бою шалак эте түшкөнсүдү. Колдору, буттары кийин кыймылсыз калып, бара-бара башы бир жагына шылкыя, мойну узарып, созулуп бараткандай өңдөндү. «Звери, звери» деп, Михаил күбүрөнүп алды. Мураттын эси ооп эңгиреп, эмне дээрин, эмне кылаарын билбей туруп калды. Ал эми кайдыгер гана Зильберштейнге тигилгенде Мураттын көз алдында эле ал да узарып, созулуп бараткандай болуп кетти. Туткундардын арасында күбүр-шыбыр күчөп, ал улам-улам көтөрүлүп күңгүрөнүп баратты. Анан «Звери-ии, палачи, людоеды-ы!» деген кыйкырыктар чыкты. Аны баятан өзүн зорго кармап турган Мурат да коштоого алып, «Звери-и!» деп бакыра баштады. Бул дуу, бул тим эле деңиздин толкунуна окшоп, түрмөктөлүп, бара-бара эргип баратканда, пулеметтун татыраган үнү угулуп, ал үздүгүп, үздүгүп чыгып турду. Бакырып-өкүрүк күчөп, анан,

ал да басыла баштады. Туткундар зым тосмодогу аянтта ары-бери дүрбөп, бирде оң тараптагы, бирде сол тараптагы тосмого уруиду. Алар тосмого жакындаган сайын пулеметтор жаактарын жанып, ажал бүркө берди. Анан туткундар аянттын ортолугуна ыкташып, бирине бири сүйөнүп, солуктап туруп калышты. Чуу да басылды. А Самсонов менен Зильберштейн: «эми биз бул азап менен тозоктон кутулдук, эми биз тиги мыкаачылардан коркпойбуз» дегенсишип, жай гана термелгенсишип, айланага кайдыгер караган сыяктанышты. Аларга Мурат дагы бир жолу карап алып, алардын жүзүндө каны калбай, купкуу болуп калышканын сезди. Анан «Бу шордуулар эми ушинтип асылып качанга чейин турар экен?» деген ойго келди.

* * *

Арадан бир нече күн өтүп кетти. Туткундар лагердик турмушка бара-бара көнүгө башташты. Самсонов менен Зильберштейнди дарга аскандын эртеси, туткундарды баягы аянтка дагы камап алышып, немец солдаттар бир нече офицерлери менен бирге туткундарды башынан аягына чейин тытмалап, аңтарып жүрдү. Акча, бычак, айтор көзгө көрүнүктүү эмелери болсо, алып коюп жатышты. Мурат, Михаил, Сактандарда эч нерсе жок болчу. Буларды аңтара баштаганда, көз айнекчен семиз немец.

— Гольд ист, гольд ист*— деп, бир нече ирет сурады. Булар анын эмне дегенине түшүнбөгөндүктөн, тим гана баштарын чайкоо менен чектелишти.

— Алтын барбы? Алтыныңар барбы деп атат,— деди немецтер менен бирге жүргөн сары тилмеч.

— Кайдан алтын болсун — деди жер караган Михаил.

— Шлехт... шлехт*— деген бойдон ары өтүп кетти офицер. Мураттардан эч нерсе табылбаганы менен ошо күнү немецтер көп алтын шакек, анан үч-төрт пистолет да табышты. «Пистолет табылган туткундарды бөлүп айдап кетишти» дешти бирөөлөр. Кийин алардын эмне болушканын эч ким билбей калды.

Үчүнчү күнү баягы аянтка дагы айдап чыгышты. Баягы кайкалаң фуражка офицер менен бирге түрдүү чиндеги немецтер, анан тилмеч кошо келди. Офицер тилмечке алда эмелерди бакылдап айтты.

— Оо, туткундар, бүгүндөн баштап силерди жумушка пайдалануу башталат. Жолдо, иштеген жерде качууга аракеттенсеңер, ошо ордунда эле атыласыңар дейт господин

оберс. Силер улуу Германияга ак дилиңер менен кызмат кылууңар керек дейт. Кимде ким бул тартипти бузса катуу жазаланат дейт господин оберс — деди тилмеч сөзүн аяктап.

— Өлөр-өлбөс болуп бул тозокто ачка жаткандан көрө иштеген да түзүк — деди Мурат.

— Күчүң ашып-ташып атпайбы — деп, аны Сактан чымчып өттү.

— Эмнеси болсо да эл аралаган жакшы. Буерде отурганда «имиш-имишке» менин башым тим эле кабак болуп кетти. Ишке алып чыкса, жок дегенде бирди-жарым латыш жолугаар. Фронттон кабар айтаар. А балким, жегидей бир нерселер колго тийип калар,— деди Михаил. Анын бул пикири Мурат менен Сактанды ойго салып койду. Анан үчөө өз ара бир жыйынтыкка келишти. Мындан кийин экөө катардын алды тарабында туруп, ар жакка ишке кетишсе, бирөө баракта жатаар орунду көзөмөлдөп калмак болду. Антпесе, же көчөдө, же барактагы нарлардын эң алдыңкы, тебеленди катарында калыштары ыктымал. Эртеси Сактан мурдараак, Михаил андан кийин жумушка кетти. Сактанды жүзгө жакын туткун менен айдаса, Михаил жети гана киши менен жолго чыкты. Аларды эки конвой айдап баратты. Катардын арт жагында бөжүрөп, ичи ооруган эмедей үңкүйүп турган Мурат жолдошторy көздөн кайым болгончо карап, аларга ак жол тиледи. Алардын куру кол келбей, шам-шум этер бир нерсе таап келиштерин тиледи. «Адам ачка болсо, оюна оокаттан башка эч нерсе келбей калабы?» деп Мурат өзүнө өзү таң калды. Анткени, ал азыр тигилердин кечкурун эсен-соо кайра келишин тилебей, жегидей бир нерселерди таап келишин тиледи. «Кара курсактын кайгысын жеп, мал болуп кетпесек эле?» деген ой келди башына. Саат он бирлер чамасында жумушка алуу тыйылды. Анан, буларды кайра бaрактарга карай сүрдү. Тосмодон кире бериштеги коюлган дөңгөлөктүү кухнялардан 0,75 литр чай менен 150 граммдайдан нан алышып, барактарга чуркашты.

Мурат күндөгү жаткан ордуна келип, гимнастеркасынын жеңи менен нарды сүрткөн болду эле. Алдыдан: «Ээй, айбан, чаңытпа?» деп, бирөө бакырды. Мурат вешмешогундагы кагазды алып, алдыга төшөдү да, ага отуруп, анан колундагы нанына карады. Оозуна шилекейи келе түштү. Өзүнчө жутунуп алып, анан чайынан ууртап көрдү. Ылымылык суу тамагынан ары курк этип кетти. Кийин нанын жегиси келди. Бирок, ага дити барбай, колуна кармаган бойдон ага тигилип, дагы көпкө-көпкө отурду. Наны абдан

эле, аз көрүнүп, ал бара-бара кичинерип бараткандай түйүлдү. Оозун ачса эле бир бурдоо менен куру кол калчудай сезди өзүн. Ушул учурда армиялык ашканаларда отуруп, нандын жумшагынан томолоктоп, бири-бирин атып ойноп, старшинадан сөгүү эшиткен учурлары көз алдына жайнады. «Ал, биз ит, биз акмак болуп нандын кусуруна жеген экенбиз» деп, онтоп жиберди ал. Анан «эми ушуну да көр, ушуну да көр» деген кыялда жүрөгүн мыкчыган оор ойдо олтуруп, нанынын четинен акырын тиштеп, чайынан дагы ууртады. Бирок, ал чай менен нанынын качан, кантип түгөнгөнүн, анан кайда кеткенин да сезбей калды. Ичегилери кичине жылыгандай болуп, кайра ноюуга өттү. Оокаттын жумуруна жук болбогонун эми сезди. Айланасына көз жиберип, өзүндөй эле омсоңдоп, бармактарын жалаша отурган туткундарды көрдү. Алардын көбү топ-топ болуп отурушса, көбү өзүнчө жеке отурат. Алар өздөрүнчө кобурашып, өздөрүнчө алда эмелерди айткандай болушат. Мурат оң тарабындагы топтун сөзүнө кулагын түрдү. Бирөө шыбырап:

— Биздикилер немецтерди Ленинград багытында токтотуп калышыптыр, анткени менен, Украина тарабы начар экен дешет — деди.

— Бир токтотуп алганда, анан кайра кууш оңой болуп калаар эле. Бирок, биздикилерге эле эмитен эле курал-жарак жетишпейт экен. Самолёт танкелери дагы жок имиш,— деп улутунуп алды жанындагы танкист формасын кийинген туткун.

— Ой, немецтер тим эле шукшурулуп кирип баратат дешет. Биздикилер кээде-кээде гана каршылык көрсөткөнү болбосо, дагы эле качып баратышат имиш. Ушу жеңилип калышат окшойт,— деп, шексинди нанын колуна кармап отурган орсок тиш туткун.

— Ну, ты брось — деди баягы отурган шыбыраган эме.

Ал немецтердин дагы эле алга баратышын, биздикилердин жеңилип калышын каалабады. Андай дүрбөлөңдүү сөздү уккусу да келбеди. Кийин алар тим-тим болуп калышты.

Мурат өзүнчө ойго тунду. «Чыны менен эле фронтто эмнелер болуп жатат экен?» деген ойго келди. Тигилердин имиш, имиштеринин бирөөнө ишенсе, бирөөнө ишенгиси келбеди. Бул лагерде акыркы күндөрү сырттан сөз кирбегени менен ушундай имиш-имиштер көбөйдү. Ар ким бир жаңылык айткандай болот. Ошо «жаңылыгын» эң акыркы чындык кабар катары көрсөткүсү келет. Бирде Сактан да ошондой имиш-имиштен айтты эле, Мурат:

— Баарыбыз бирге жатып, бирге жүрөбүз, анан сен бул кабарды кайдан алдың? — деп койгон. Булардын сөзүнө Михаил кийлигишкен эмес.

Мына эми, лагерде түрдүү сөздөр, түрдүү имиш-имиштер тарады. Анан, немецтер лагердеги барактардын орто ченине доска орнотуп, ага Европанын чоң картасын илип коюшту. Ар күнү өздөрүнүн армиясы кайсы жерлерге жеткенин, кайсы шаарларды алганын белгилеп турчу болушту. Туткундар бул картанын алдына барышат да, баштарын жерге салып, үңкүйүп кайра кайтышат. Баштагы күнү Мурат да даараткана чыгып, кайра кайтканда ошол картаны карап көрдү. Андагы белгилер тим эле Ленинград менен Москваны жакында ороп кетчүдөй, жакында тебелеп-тепсеп кетчүүдөй болуп, умтулуп турду. Мураттын бешенесинен муздак тер кетип, алсыз эмедей колдору, буттары титиреди. Мурда биздикилердин душманды токтотуп калышынан үмүтүн үзбөй, аны күн-түнү тилеп жүрсө, азыр ушу картанын алдында жүрөгүн уялаган ошо үмүтү үлбүлдөп, өчүп бараткан өңдөндү. Бирок, баракка барганда, ал абалын шериктерине билгизбей, жүрөгүн өйүгөн бул оюн купуя калтырды.

Эми баракта өзүнчө жалгыз отурганда бир минутага картаны карап көргүсү келди. Ордун эки күндөн бери жанында жаткан өзбек туткунга «карап тур» деп дайындап коймок болду. Ордунан обдулуп туруп баратып дагы жамандыкты көрүүгө дити барбай, кайра отуруп калды Ал ошо бойдон эч нерсени ойлобой, тим гана дендароо болгон бойдон көпкө отурду. Анан, бою талыкшып уйкусу келген өңдөнүп кирпиктери чапташа баштаганда, котелог салынган вешмешогун башына коюп кынтая кетти. Бирок, көзү жумулса эле түшүнө согуш кирип, чочулап ойгонуп жатты. Кыянаттады. Анын үстүнө түнү билинбеген менен как такта жамбашына өтсө, башына койгон котелогу жаагына батты. Бир алдын котелогду башынан алып коюп, кийин аны кайра бооруна басты. Анткени, лагерде колунда идиши жоктор сансыз. А көбүнүн котелогдору жок, оокат берүүгө сүрүп айдаганда идиши жоктору, эртең менен чай, кечке маал «баланда» куйдуруп кетет. Идиши жоктору ошо катар менен кошо өтө беришет. Буерде көбү консерванын банкасына, кээ бирөөлөрү кайдандыр таап алган каскаларына да оокат куйдуруп алышканын Мурат көргөн. Анан, таң атып: «тур-турга» келгенде эле: «менин котелогумду уурдап кетиптир, менин вешмешогумду уурдап кетиптир» деген чууну көп уккан. Баштагы күнү котелогун уурдатып койгон бир жигит: «эми мен кантип оокат алам. Эми мени

олду дей бергиле» деп, балачасынан эле өңгүрөп ыйлаганын көргөн. Азыр Мурат да уктап кетип, котелогун уурдатып жиберүүдөн чочуладыбы, кайра туруп, эки тизесин кучактап, ойго чөгө отуруп калды. Анын көз алдына бирде Сактин, бирде Михаил келди. Алар кээде лагерге жүздөрү жайнап, буханке, буханке нанды кучактап кирип келаткан болсо, кээде өңдөрү өчүп, өзөктөрү талып, буттарын араң шилтеп келаткандай болушту. Мураттын бирде көңүлү көтөрүлө түшсө, бирде кабагы бүркөлүп, кайгысы күчөп отурду.

Барактын ичи кужу-кужу. Туткундардын көбү уктап жатса, көбү топтоло түшүп, фронт жөнүндө алда эмелерди айтып жаткан өңдөнүшөт. Мурат алардын эч кимисине кошула албады. Жаткан орундарын тарттырып жиберүүдөн чочулады. Бир тарабында жаткан баягы өзбек жигитке:

— Сиз каерден болосуз? — деди ал.

— Намангандыкмын — деп жооп берди жигит. Мурат бир азга унчукпай калып, кийин:

— Абалыңыз кандай? Шериктериңиз барбы? — деп, ага жүзүн бурду. Тиги саамга өзүнчө кандайдыр бир ойго тушүп, кийин сөзгө келди.

— Менин көп шериктерим бар эле алар өздөрүнчө бөлүнүп кетишти. Бөлүнсө бөлүнө беришсин. Аларсыз деле менин күнүм өтөт. Азыр абалым жаман эмес, көрүп турасыз го, элдин бири болуп жатамын. Эки жыл бирге кызмат кылып, анан, бирге согушта болгон досторум эми менден бөлүнүп кетишти. Пусть, бөлүнө беришсин — деди азыраак ызалана түшкөн эмедей.

— Урушуп кеттиңер беле? — деп, койду Мурат эптеп убакыт өткөрүүнүн амалын издеп.

— Эң оболу урушканыбыз жок. Кийин урушуп да кеттик.

— Эмне үчүн.

— Эмне үчүн дейсизби? Аны азыр айтып беремин — өзбек жигит ордунан обдулуп алып, кайра отурду. Бул маектешүүгө Мурат мурда кайдыгер гана мамиле кылса, азыр ал ага көңүлдөнүү менен карады.

— Аскерде жүргөндө бир жөн болчу. Азыр ар ким өз жанын сактап калуу керек да. Муну билесиз, мен өзүм чекпейм. Бирок, жанымда азыраак тамеким бар эле. Лагерге келгенден кийин буерде бир чегим тамеки бир порцы нан болуп жатат. Мен эки күнү эки чегим тамекимди нанга ооштурдум. Анан кийинки күнү шериктерим бизге тамекиңден бер дешет. Бекер бер дешет. Мен эмне, жиндиминби? Бергеним жок. Ушинтип урушуп калдык. Алар бө-

лунүп кетишти. Кетсеңер кете бергиле дедим,— деп, ал Муратка карап, буга эмне дейсиз дегендей сумсайып койду. Бирок, ал ушул учурда Мураттын ичинен калтырап, титиреп турганын сезбеди. «Ушинтип жаманатты болот турбайсызбы» деген ойго келген Мурат өзүн араң токтотуп, тигинден тетири карап кетти.

— Сиз чекпейсизби? — деди наманганлык.

— Чекпейм. Тамеки таап чегүүгө наным да жок,— деп, бурк этти Мурат. Эми экөө эки жакты тиктешип, бири-бирине үн катышпай отуруп калышты. Убакыт өтпөй, убакыт бир орунда турган өңдөнду. Анан, Мурат курсагынын ачканын сезди. «Түш ооп кеттиго» деп койду кыялында.

— Биздин орунду карап туруңуз, мен бир даараткананга барып келейин,— деди Мурат наманганлыкка.

— Барыңыз, барыңыз, мен чыкканда сиз да карап турасыз да — деп, ал дагы сумсайды. Мурат үндөбөй гана башын ийкеген менен «оо, соодага бышкан, досум, сага каерде болсо да, соодалашуу керек экенго» деген ойго келди ичинде.

Сыртта күн төбөгө келип калган экен. Мурат даараткандан эл котологон жакка бурулду. «Правда» деген сөздөр кулагына шак дей түштү. Бу кайсы «Правда», буерге ал кайдан келип калып жүрөт? Мурат аң-таң болуп, бир азга эмне дээрин, эмне кыларын билбей турду. Жүрөгү дүк-дүк согуп туткундардын тобуна умтулду. «Чын эле бир жактан өзүбүздүн «Правда» келип калганбы» деп, кыялы алда кайда алып учту. Фронттогу абалды билгиси келип, көңүлү көтөрүлдү. Ал топтолгон кишилердин жанына келип ырасы менен эле «Правда» газетасын көрдү. «Жаңы бекен? Жаңы бекен?» деп жиберди чыдай албай. Ал көзүн жумуп, кайра ачты, көзүн ушалады. Тигилер «Правданы» окуп жатышты. Мурат алгачкы учурда эмнени окуп жатышкандарына деле анчейин маани бербей, газетанын өзүн көргөнүнө кубанды. Өпкөсү өрөпкүп, өзүнчө токтоно албай турду. Арадан бир аз убакыт өткөндөн кийин гана кээ бирөөлөрдүн «тфу-у! тфулап» жерге түкүрүп баратышканын сезди. Мурда буерге кызыгуу менен умтулуп, «Правданын» сөзүн угууга чын дили менен ынтызарланса, кайра кетип жаткан туткундарды көргөндөн кийин анын көңүлү сууй түшүп, же тиги газета окуп жаткан туткунга жакыныраак жетерин, же артка кайрылып кетерин билбей, саамга турду. Ачууланган бирөө келип, аны чыканагы менен уруп кетип, кечирим да сурабады. Бул таң каларлык абалга Мурат бирден эле түшүнө бербеди. Анан,

ки алды жакта турган бирөөлөрдөн «Правданы» кайдан алышыптыр?» деп сурады. Тиги Муратка ормоё бир карап алды да, кийин: Бул кайдагы «Правда» Мурат кантип эле жасалма газета болсун деген ойдо тигинин сөзүнө ишене бербегендей карады. Аны байкап калган туткун:

— Сыягы сен ишенбей турасың го. Анда өз көзүң менен көрүп, өз кулагың менен угуп көр — деди да ары карай кетти.

Аңгыча лагердин рават дарбазасынан үч-төрт полицай менен немецтер пайда болуп, алар таңгакталган газеталарды чечип:

— «Правданы» окугула, «Правданын» жаңы номерин окугула! — деп кыйкыра башташты. Али абалга түшүнүп-түшүнбөй турган туткундар аларды ороп кетишти. Көпчүлүктүн агымы менен сүрүлүп барып, Мурат да бир «Правданы» алып келди. Ал зор күч менен топтон чыгып, анан, эч жакка бурулбастан эле баракка жетти.

— Көпкө жүрдүңүзго,— деп наманганлык нааразы боло түштү. Бир азга орунду карап турганын көз көрүнөө миллдет кылып койду. Буга Мурат эмне демек эле. «Мен барып эле кайра келдим» деген болду. Башка сөзгө келбеди. Анан, бир аздан кийин гана:

— Рахмат, дос! — деп тигинин көңүлүн улады.

Мураттын эси-дарты койнуна катып келген «Правда» газетасында болду. Ал отураары менен койнунан газетаны алып, окугусу келди. Фронтто болуп жаткан ал-абалды билгиси келди. Бирок, эмнегедир, газетаны алууга колу барбай, колу титиреди. Фронттон, эли-журттан кабарсыз калгандарына эче күн болду? «Газетаны окуп алып, анан, Сактан менен Михаилге аны көрсөтпөй туруп, жаңылыктар менен мактанууга ниеттенди. Азыр жанында өз иши менен алек болуп отурган наманганлыкка да газетаны билдирбөөгө аракеттенип, терс бурулуп алды. Анан акырын жылдырып, койнуна колун салды. Газетаны да ошондой эле акырындык менен алды. «Правда» чыныгы «Правда». Мурат көргөн көзүнө ишенбей, көзүн жумуп, кайра ачып көрдү. «Правда». Ал калганына көңүл бөлбөй, газетаны бооруна басып, саамга үн-сөзсүз отурду. Сүйүнгөнүнөнбү, жүзү албырып, жүрөгү тез-тез согууга өттү. Анан, чыдай албады да газетаны жая кармап, анын биринчи бетине көз жүгүртө баштады. Кийин бара-бара колдору шалдайып, бешенесинен муздак тер кетип, «ой жүзү кара-ар, ой жүзү кара-лар!» деп, күбүрөнүп отуруп калды. Ушул учурда анын жүрөгү саамга какпай туруп, кайра өзүнө келгенсигени менен жүзү керсары тартып, эмнеге-

дир эрди титиреди. Дагы «жүзү каралар» деп, бир нече ирет айтып жибергенсиди.

— Өзүңүзчө эле эмне деп жатасыз? — деп, Муратка таңыркай карады намангандык.

— А мен тим эле — деди Мурат адатынча араң гана үнүн чыгарып. Тиги өзүнчө алек болуп калды. А Мурат болсо, баятан бери көкүрөгүнө басып, көздүн карегиндей сактап отурган газетаны эми парча-парча кылып тытып, өрттөп жибергиси келди. Бир алдын колдору титиреп туруп, аны айрып да жиберди. Кийин кайра өзүн токтотту. «Бул фашисттердин жүзү каралыгын Сактан менен Михаил да карап көрсүн» деген ойго келип, эми газетаны көчүгүнө баса отурду, «Дааратканага пайдаланам» деди оюнда.

Сактан жумуштан келгенде күн отуруп, айлананы караңгылык каптап бараткан болчу. Ал нардын экинчи кабатына күч менен көтөрүлүп, баланда куюлган котелогун Муратка сунду да, көмкөрөсүнөн сулк этип бир тийди. Мурат чочуп кетти.

— Сактан, Сактан, сага эмне болду? — деп, ал тигини желкесинен силккилеп, эки-үч ирет суроосун кайталап жиберди.

— Өлдүм, мен өлдүм — деди Сактан.

— Койчу, эмне деп дөөдүрөп жатасың? Эмнеге өлөсүң? Сопсоо эле келдиң го — деп, безилдеди Мурат.

— Өлдүм... өлдүм... — Сактан онтоп алды.

— Таяк жедиңби? Уруштубу?

— Урушту. Буерге бутумду сүйрөп араң жеттим.

— Деги өпкө, жүрөгүң сообу?

— Билбейм, эзилбеген жерим калбады.

— Ай, иттер, ай, иттер. Булар тим эле өлөт тирилет дегенди билбейт окшойт,— деп Мурат кейип-кепчиди. Анан, колундагы Сактандын котелогун полго коюп.

— Сактан, Саке, ачка да болсоң керек. Мынабу оокатыңды шам-шум этип алчы. Турчу — деп, Сактанга жалооруду. Анын таяк жеп калганына өкүнүп, чын дили менен эле кейиди. Сактан өйдө болуп, адатынча ошо нарда да мандаш токуна отурду. Мурат анын кателогун алдына коюп, кончундагы кашыгын алып берди. Мураттан башкасынын кашыктары да жок болучу.

Аңгыча сырттан Михаил да кирип келди. Ал эмнегедир өрөпкүп, шашылып келди. Анан, шериктерине салам айтуу менен, жүзү ажарданып, көздөрү жайнап турганы билинди. Нарга отурары менен желкесиндеги вешмешогун алып:

— Мен силерге нан, картошка алып келдим,— деди. Му-

раттын оозуна кара шилекейи келе түштү эле ал жолдошторуна билдирбей, акырын гана жутунуп алды. Анан:

— Михаил, сен таяк жеген жоксуңбу? — деп, анын жүзүнө карады. Мураттын суроосуна Михаил таң калды. Кийин ал Сактанга тигилип, саамга турду да:

— Көп уруштубу? — деди.

— М... м... да — деп, Сактан башын ийкеп койду. Анан, Михаил вешмешогун чечип, төрт кесимдей нан, эки килограммдай картошканы ортого жайды. Курсагы да тоюп келди дегендей, ичин сылап койду.

Түн киргенде барактын ар-ар жерине койгон электр лампалары буларга күңүрт жарык берет.

— Эх, газета, журнал, анан калса, китеп окубагандан кийин жарыктын кереги канча? Эптеп бири-бирибизди көрүп турсак болгону го — деген Михаил эң биринчи лагерден ишке чыккан ушул күнүн айта баштады. Картошка менен нанга көңүлдөрү тоюна түшкөн Мурат менен Сактан Михаилдин сөзүнө чын дили менен кулак түрүп, аны угууга ынтызарланышты.

— Жумушка аз гана киши менен бардык. Картошка склады экен. Биздикилер таштай качкандан бери бирөө колдуу да болсо керек,— деп сөзүн баштады Михаил — картошкалар, чирип, чачылып жатат. Азыр складда латыштар да бар экен. Экөө-үчөө тил билбейт. Бир нерсе десек, желкелерин күйшөп «мен сөзүңөргө түшүнбөйм» дегендей болду. Конвойлор бизди картошканын погребине киргизип, бир нерселерди айтып балдырады эле биз түшүнбөй койдук. Анан, алардын бирөө автоматын желкесине асына коюп, кийин таза картошканы бир тарапка, бырып, чирип бараткан картошканы бир тарапка ыргыта баштады. Биз анын оюна түшүнүп, картошканы сорттоого өттүк. Колубуз кыймылда болгону менен дилибиз картошкада. Бирок, ал кам. «Эмне кылабыз?» дегенсип, бири-бирибизге карашабыз. А конвойлор болсо, погребдин эшик алдында, ачык абада жыргап гана өз ара сүйлөшүп отурат. Кээде каткырып калышат. Биз менен деги эле иштери жоктой сезилет. Жаштар, анан дүйнөгө, жеңишке мастар өңдөнүп, бака-шака болушат. Орто бойлуу ак саргыл болгон эмеси гана убак-убагы менен биз тарапка бурулуп «Арбайтен... арбайтен» деп, кайра шеригинин сөзүнө кулак түрөт. А биз болсо, картошканы сорттоп жатып, аны кантип жештин айласын таппайбыз. Бирөө кам да кемирип көрдү. Араң жутулган өңдөнду, «Минтип жеп болбойт экен» — деди ал. Биз дагы бир азга үн-сөзсүз иштей бердик. Анан, көпкө узабай эле сөз дагы картошкадан башталды.

— Эх, азыр муну корго көөмп, бышырып жесек кандай сонун болор эле,— деди бирөө.

— Кабыгы менен эле сууга бышырганы жакшы эмесни — деп, экинчи туткун күңк этти. А мен болсом;

— Этке аралаштырып куурууганга жетет беле? — дедим. — Айтор картошканы кантип жештин айласын таппай, иштей бердик.

— Эч мүмкүнчүлүгү болбосо, жумуштан кайтаарда азыздан алып кетүүгө уруксат этер бекен? Лагерде биз эбин таап, бышырып алар элек,— деди жанымда отурган туткун. Айтор, Салтыков-Щедриндин «эки генералды бир мужиктин кантип тойгузаны» өңдүү абалда болдук.

Ошентип, олтуруп күн түштөн оон кетти. Солдаттын бирөө кирди да. «Нихт арбайтен, зитсен, зитсен*...» деди. Бир топтон кийин ага да түшүндүк. Көрсө ал бизди «дем алгыла» деп аткан турбайбы. Ачка, картошканы карап отуруп, дем алгандан жаманы болбойт окшойт, мен да бир картошканы жеңим менен сүртүп, анан кемирип көрдүм. Тамагыман өткөндү эптеп жуттум. Ашказан сиңирип кетээр деген ой менен ошо картошканы кам эле бүтүндөй жеп жибердим. Шериктерим да ошентип кыйналып жатышты.

Көңүлдөрү тынчтанды беле, конвойлор тамактанууга өттү. Алардын атайын азык-түлүк салчу чакан сумкалары бар экен. Сумкаларынан нан, май алып, флягаларынан эмненидир ичишти. Анан, цигара тартышты. Тамекинин укмуш жыты погребге уруп, мындагы чегип жүргөндөрдү тим эле мас кылгандай болду.

— Мен сурайм. Кичине чегүүгө бер деп сурайм,— деди бирөө чыдай албай.

— Тынч эле отурсаң — деп мен кейидим.

— Эмнеси кетер эле, сураса сурасын. Берсе берет, бербесе жок,— деп, тигинин оюн башка бирөө колдоого алды. Тамеки тарткысы келген туткун ордунан бошоң туруп, жойпостоп конвойлорго жакындады. Тигилер аны байкаары менен: «Зитсен, зитсен» деп бакырышты. Туткун аны момооруду да, тамеки тарткан сымак бармак сөөмөйү менен эрдин басып көргөзүп, «Ошо чегип жатканынан бер» дегендей ишарат кылды.

— Ах, зоо* — деп, конвойлордун жашыраагы сөөмөйүн көтөрдү. «Оюңа түшүндүм» дегендей башын ийкеп, кийин порцигарынан бир цигарет алды да тигиге берип туруп, «аллес, аллес» деп, погребде отурган бизди да көрсөттү. Буердегилердин бирөө «Баарыңар чеккиле, баарыңар чек-

киле деп атат» деп, безилдеп жиберди. «Булар түзүк эмелер экен го» деп калдым өзүмчө мен. Анан, жанагы цигаретти жети киши экиден соргон болдук. Буга убара болуп берген туткун цигарет берген конвойлорго ырахмат айтып, ииилип койду. Тиги «я, яа» деп, тим болду.

Дем алуу убакыты өтүп жатты. Туткундар эл катары бокаттангысы келгени менен куру кол олтурушту. Конвойлор урун-сокностон эле тамеки берди. «Эми картошка бышырып жейли десек, кантишер экен?» дегендей ойго кетишти алар. Бирок «сен айт, сен айт» менен отуруп, бир топ убакытты өткөрүп жиберишти. Дагы баягы тамеки сураган эме ордунан туруп, колуна бир картошканы алды да, конвойлорго жакындады. «Дагы эмне дешер экен?» дегендей, тигилер ага карап калышты. Туткун бир топ аракет менен оюн тигилерге түшүндүрдү. «Глаих... глаих»...* деди дагы баягы конвой. Анан, ордунан туруп, ары басып кетти. Туткун селейип турган бойдон кайра ордуна кайтпады. Тура берди. Бир оокумда жанагы конвой орто жактан калган бир латышты ээрчитип келип, ага бир нерселерди айткан болду. Туткундардын бактына келген латыш орус, немец тилдерин жакшы билет экен.

— Конвойлордон картошка бышырып жейли дедиңер-би? — деди тиги орусча сүйлөп. Биз бир ооздон:

— Ооба, ооба,— деп жибердик. Тилмеч конвойго дагы бир нерселерди айткан болду. Солдаттын экөө тең эмнегедир, таң калып, бир азга бирин бири карап туруп кийин тилмечке биринен сала бири сүйлөдү. Тилмеч тигилерден сөзүн көңүл коюу менен угуп:

— Булар лагерде силерге оокат бербейби деп жатышат — деди. Баятан бери селейип катып турган туткун бизге лагерде оокат берерин, бирок, абдан эле аз берерин, ага биздин тойбой калып жүргөнүбүздү билдирди. Биздин дайыма ачка жүргөнүбүздү айтты. Тилмеч тигилерге төкпөй, чачпай которуп берген окшоду. Солдаттар «Ахзо-о, Ах, зо-о» деп таңданышты. Көрсө туткундарды лагерде кандай кармаганын, туткундарга кандай мамиле кылганын немецтердин көбү биле бербейт турбайбы. Кийин тиги тилмечтин жардамы менен сыртка от жагып, кабыгы менен картошканы сууга бышырдык. Тилмеч бизге нан да алып келип берди. Ага конвойлор урушкан жок деди Михаил. Мурат менен Сактан Михаил алып келген картошкадан нандан жешип «Эртеге жейбиз» деген ойдо бир тобун Михаилдин вешмешогуна ороп коюшту. Эртеси лагерде калуу Михаилдин кезеги эле. Ал тиги жерде дагы эки-үч күндүк иш бар экенин, эртеге да ошол конвойлор менен келерин

айтты. Ошондуктан лагерде эртеси Сактан калмак болуп, өз ара макулдашышты.

Кийин курсактары кичине тоюна түшүп, көңүлдөрү азыраак жайына келгенде Сактандын каерге барганын, эмне үчүн таяк жегенин сурашты.

— Эртеси жумушка катарга тургузганда матрос конвойлор келгенде эптеп, артка чегинип калгыла. Алар бүт эле аулдаган иттер экен. Анан, иштери да оор. Пароходдон снаряд түшүрүштү. Керээли кечке тынымсыз иштеткени менен шам-шум этер эч нерсе бербеди. Конвойлору катар-катар туруп алып, чыбык менен салгылап турушат. Мен снаряд салынган ящикти көтөрүп келатып, мүдүрүлүп жыгылып кеткен элем, бир лөйкүйгөн немец келип, тепкилеп кетсе болобу? Мен обдулуп ордуман туруп, тигинин тепкисинен качууга аракеттендим. Экинчиси жолумду тороду. Кайра ордума айдап келип, тиги ящикти өзүң көтөр дегендей бакылдады. Мен өзүм кайдан көтөрөйүн. Башкалар жардам берүүгө аракеттеништи эле аларды да уруп кууду. Ошо ящикти көтөрөм деп көпкө убаралапдым. Көп таяк жедим. Конвойлордун бирөө орус тилин азыраак билет экен.

— Сен атайы ящикти жерге таштадың. Өзүң таштадың, эми өзүң көтөр деди. Кайдан көтөрөм. Ошентип өлгүдөй таяк жедим. Ичи-боорум тим эле эзилип калгандай болду,— деп, Сактан гимнастеркасы менен майкесин чечти. Анын жонун көргөн Мурат:

— Ай, шоордуум! Капкара кийиз болуп калган турбайбы. Эми кудай сактагай эле,— деди. Өзүнүн да бүткүл денеси дүр эте түшүп, жонуна чыпылдап чыбык тийгендей бою титиреди. Михаил адатынча немецтерди «Звери» деп тим болду. Ошентип отурушуп, бир убак болгонун сезишпептир. «Одбой... жаткыла-аа» деген үндөн улам, эми уктайлычы дегендей, бирин бири карап алышты. Ушул учурда Мураттын оюна газета келди. Аны Сактан менен Михаилге көрсөтүп, алардын оюн билүүгө ниеттенди. Бирок, булардын отурган жери көлөкөлөнүп, электр жарыгы жетпейт эле. Ошондуктан аны эртесине калтырды. Лагерь улам тынчтанып, улам жымжырттанып баратты. Анда-санда гана ал тынчтыкты туткундардын кыйнаттуулары, оорулуулардын онтоолору, анан, ыңгайсыз жатып калгандардын мурдунан чыккан ышкырыгы бузуп турду. Эмнегедир барактын ичиндеги ава оорлошуп, салмактанууга өттү.

* * *

Мурат бутуна тийген дубинкадан улам ойгонуп, ордунан атып тураары менен «Подьемду укпадыңбы?» деп, акырайып карап турган полицайды көрдү. Сактанды да салды. Апткени менен, Сактан ордунан козголо албады, онтолоп-онтолоп, оң жамбашынан сол жамбашына араң оодарылып, башын көтөрдү. Анын эки бети албырып, көздөрү чакчактап турган эле.

— А ну, турбайсыңбы? — деди полицай. Мурдараак ойгонуп жолго түшүп калган Михаил чыдабады.

— Сен эмне, жинди болгонсуңбу? Ал ооруп жатат. Көрүп турасыңго ооруп жатат. Аны кечээ уруп коюшуптур,— деди. Полицай мурда ага анчейин көңүл бурбаган менен кийин:

— Сага эмне жок, сага эмне жок,— деп, Михаилге умтулду. Сыртка сүрүлгөн туткундар полицайды эшикке кошо түртүп чыгып кетишти.

— Мен сага көрсөтөм, кара. Мен сага көрсөтөм,— деп баратты ал. «Эми биз жумушка кеткенден кийин келип, шордуунү дагы уруп жүрбөсө экен» деген ойго келди Мурат. Бир алдын артка сүрүлүп, жумушка чыкпай эле калууну да ойлоду. Ошентсе да болот эле. Көпкө узабай, элүү чакты туткун менен лагердин сыртына чыкканын билбей калды. Буларды учкуч конвойлор айдап баратты. «Сактанды моряктар сабаса, мен эми учкучтардан таяк жейт экенмин» деди Мурат катарда баратып ойлуу. Жанындагылардан кээ бирөөлөрү өткөн күндөрү моряктарга кабылыптыр, учкучтарга учураптыр, танкисттерде иштептир. Бири өлгүдөй иштеп, таяк жеп кайттык десе, бири анчамынча нан, тамеки алып келдик деп, мулуңдап келатышты. Бирок, бул учкучтар менен мурда жумушка чыккан эч ким табылбады. — Барганда көрө жатарбыз — дешти көбү колдорун шилтеп.

Туткундар чоң жол менен жай гана жылгандай сезилет. Сакчылар катардын алды, артында, анан эки жанында бара жатышат. Көчөдө ары-бери өткөн эл, бирөөлөрү буларга таңыркап карагандай болсо, бирөөлөрү боору ачып, көз жаштарын мөлтүрөткөндөй болушат. Кээ бирлери, «эч нерсе эмес, чыдагыла!» деп, орусча күбүрөнүп кетет. Мурат аларды угуп, өзүнчө шерденип алат. Чын эле чыдоо керек дегендей кыялга келет. Бирок, көчөгө баш көтөрүп карай албай, жерге үңүлүп, ойлуу баратат. Мына, ал алдыңкы туткунга урунду. Кыялданып ойгонду. «Лос, лос» деген үн кулагына жаңырып, көздөрү чайыттай ачыла түштү. Анан,

сакчылардан бирөөнүн бакылдаган үнүн угуп калды. Алдыга карады. Болук бир латыш кемпир катарды жандап баратып, туткундардын бирөөнө бир батон нанды кармата койгон экен, аны экөө үчөө талаша кетип, чуу ушерден чыгыптыр. Мурат караганда латыш кемпир алда канча узап калган экен, а туткундар нанды дагы эле үзүп-жулкуп, бири биринен талашып атыптыр. Кичинекей колонна токтоп калыптыр. Сакчылардын көбү тиги талашты тамаша кылып турушту. Анан, жашыраак бир учкуч ачуусу келди да тиги нан талашкандарды автоматтын кундагы менен салгылап, колдорундагы нанды тартып алып, көчөнүн аркы четине ыргытты. Бир-эки туткундун анча-мынча нанды аймап калганы гана болбосо, кемпирдин эмгеги текке кетти. Сакчылар дагы «лос, лос» деп, туткундарды айдап жүрүп отуруп, чоң тактай тосмолуу бир жерге алып кирди. — Завод экен, завод экен — деп, шыбырашып калышты туткундар. Чын эле буерге буларды самолёттордун моторун ремонт кылуучу заводго алып келишиптир. «Эми эмне иш кылдырат экен?» дегендей ойго келди Мурат. Айланасына көз кырын салды. Заводдун короосунун ичи тим эле ыпырап жатат. Биздикилер чегине баштаганда эч нерсени алып кетүүгө үлгүрө алышпаптыр. Жайнаган завод жайнаган бойдон душмандын колунда калганын көргөндө Мураттын ичи өрттөнүп, дем алууга аба жетпей, мурдулары кыпчылып турду. Эми короонун, заводдун корпусунун ичин тазалап, аркы-беркилерин өз-өз ордуна койсо эле завод дагы моторлорду ремонттоого даяр турган өңдөнүп кетти. Мурат эрдин тиштенип, ичинен кыжынды. Анан, ал 1940-жылдары Литва, Латвия, Эстонияга алгачкы кирген күндөрүн көз алдына келтирди. «Ошо, күчтөр кайда кеткен эле? Ошо күчтөр эмне болгон эле?» деп, өзүнчө муштумун түйүп, жан айласын таппай, ордунда ары-бери басты. Сакчылар буларды ыпластанган аянтчага токтотуп, ороп отурушту. А ичтеринен бирөө ары тарапка чуркап кетип, дароо эле бир офицер, бир жөнөкөй киши менен кайра келишти. Отурган туткундарды ордуларынан козгошту. Кийин тиги офицер тилмеч латышка бир топ эмелерди айтты. Ал сүйлөп жатканда короонун ар жерин көрсөттү. Кийин тилмеч:

— Силер ушу короонун ичин тазалап, тартипке келтирет экенсиңер. Жакшы иштесеңер түштөнүүгө суюк оокат болот. Эгерде начар иштесең ал да жок. Анан, тиги заводдун ичине кирүүгө силерге тыюу салынат. Бул тартипти кимде ким бузса, ал туткун мына ушул жерде, жолдошторунун алдында эле жазаланат деп айтты. Эми жакшы иш-

тегиле — деди. Туткундар тилмечтин сөзүн баштарын жерге салып, үн-сөзсүз угушту. Анан, иш башталып кетти. Буларга эки латыш киши да кошулуп калды. Алар ушу заводдо иштеген эмелер болушса керек. Аны аякка, муну башка кой дегендей колдорун жаңсап, немецтердин көзүнчө туткундарга катуу-катуу сүйлөшөт. Ары-бери жүгүрүшүп, тим эле жан-алдары калбай иштеген өңдөнүшөт. А тигилерден бир аз далдоого кире түшкөндө:

— Жолдоштор, чөкпөгүлө, силердин армияңар али туруштук берип, фашисттерге каршылык көрсөтүп жатат. А балким, өзгөрүш болуп калар. Биз жумушчубуз. Катардагы жумушчубуз. Тиги иттердин көзүнчө минтпесек да болбойт, — дешет. Булардын сөзүн уккан Мурат эки анжы ойдо калат. «Булар эмне үчүн бүжүрөшөт. Булар биз өңдүү туткун болгондон кийин эмнеге эле кысынышат» деген ойго келип, ичинен кыжалаттанат. Бирок, немецтер жергиликтүү граждандарга да төрөпейилдик менен мамиле кылып жатканын, аларды дале адам ордуна көрбөй, кези келсе, бут алдында тебелеп, тепсегенин Мурат али билбейт болчу. Ошондуктан тигилерге: «Эх, күн карамалар, баягы эле биздин көңүлүбүздү алган болосуңар. Болбосо тиги иттерди кучагыңарды жайып, кубанчыңар койнуңарга сыйбай тосуп албадыңарбы. Эми тим эле эки жүздүүлүк кыласыңар?» дейт ачуусу менен. Көз алдынан дагы, дагы 1940—41-жылдар өтөт. Бирде колдоруна гүл кармап, жадырап-жайнап литовецтерди, латыштарды көрсө, бирде желкесинен атылган пулемет менен автоматтардын үнүн угат. Боюн калтырак басып, бетиндеги түктөрү үрпөйөт. «Бул эмне деген дүйнө? Бул эмне деген өзгөрүп турчуу дүйнө?» деп, анын бакыргысы келет. Кайра өзүн-өзү токтотуп, көз алдынан «чыдагыла, жолдоштор, балким дагы шарт өзгөрөт. Силердин армия али каршылык көрсөтүп жатат» деп, көнкө айтып турган латышты көрөт. Мурат тигиле карап, анын ичиндеги сырын билгиси, анын ким экенин көргүсү келет. Бирок, аны сакчылардын «лос, лос, арбайтен, арбайтен...» деген жагымсыз үнү камчылап, ал жерде жаткан тактайларды ары четке карай ташууга өтөт. Шериктери да өз ойлору менен, өз күйүттөрү менен иштеп жаткандай көрүнөт. Бирок, канчалык ары-бери жылганы менен, канчалык иштегени менен убакыт жылбай туруп алгандай сезилет.

Мынакс, түш да болду. Коргондун ичи бир аз тартипке келип калганга окшоду. Туткундарды забордун көлөкөсүнө айдап келип, бир саатка дем аласыңар дешти. Сакчылардан экөө гана калып, башкалары кайдадыр кетти. Ки-

йин оокатка тоюнуп, мантайып чыккан экөө тигилерди ооштурду. Туткундар тиштеринин кирин соруп, биринин сөзүн бири жактырбай отурушту. Арадан жарым сааттай убакыт өткөндө ак халат, башына ак такыя кийген бир немец келди. Анын ашпозчу экени алда кайдан эле көрүнүп турду. Туткундар өз ара жандана түшүп, оокаттан үмүттөнүштү. Повар менен бирге орус тилин билген латыш да келди.

— Бул повар силерди оокат жейт бекен деп атат? — деди ал.

— Оокат жебегенде — деп туткундар дүрбөп калды. Туткундардан экөөнү ээрчитип кетишти. Көпкө узабай эле алар кайра эки чакага суюк аш көтөрүп келишти.

— Эй, туткундар муну талашып, дагы шерменде болбойлу. Ортодо тепетең бөлүп ичели — деди бирөө. Оокат көтөрүп келгендердин бирөөнү ашты бөлүүгө чыгарышты. Котелогу барлар көлөкөгө отуруп, оокаттана баштаганы менен Мурат оокатты аларын алып, анан, аны эмне кыларын билбей, ойго чөктү. Ичип алса кантет? Анда ооруп жаткан Сактан менен Михаилге куру кол барабы? Балким, Михаил кечээкидей тоюнуп келер, а Сактан эмне болот? Ал деги эртең менен туруп, күнүгө берилүүчү нанын да алды бекен же ачка калды бекен? Ооруп калган туткундарга эч ким оокат алып кирип бербейт дешет. Сактан эмне болду экен деген ойдон улам, ал ушу алган оокатынан эки-үч кашык ууртады да кийин котелогунун капкагын кагаз менен каптап, төгүлбөй турган кылып жаап алды. Аны байкаган туткундардын бирөө:

— Сен эмне, оокатты ичпейсиң? Лагерге барганда сатып, акча тапкың келеби? — деди. Мураттын бүткөн бою дүр эте түштү. Азыр ал тигини алка жакадан алып, тумшугун канжалаткысы келди. Бирок ага күчү жетпестигин, өзүнүн чабалдыгын сезип, тим болду.

— Колуңа тийген ырыскыны жебей сатамын деп жүрүп, ачкадан томураясың — деди тиги. Эми Мурат чыдай албады. Эмне болсо, ошо болор деген ойдо:

— Сен акмаксың. Өзүң эмнеге үйрөнсөң, мени да ошондой көрүп турасыңго. Менин лагерде ооpу жолдошум калган. Бул оокатты ошого сактадым. А сен деги өзүң жолдошчулукту, адамгерчиликти билесиңби? Деги сен өзүң кимсиң? — деп, ачуу сүйлөп жиберди.

— Во-от, ка-ак?.. — деп, тиги килейген эме оозун ачып калды. Муратка ачууланбады. Кийин иш да башталып кетти.

Ошентип арадан күндөр өтө берди. Мураттар күнүгө өздөрүнчө катарга туруп, дайыма мына ушу заводго келип

жүрүштү. Күнүгө бир маал жарым котелогдон суюк аш менен жумуштан кайткан Мурат Сактандын тезирээк эле оозуна келип, туруп кетүүсүн тиледи. Буерде дарылануу кайда? Санпункт деп четки барактын бир комнатасын бөлүп коюшкан. Аерде чын эле согуштук врачтар бар. Бирок алардын колдорунда дары-дармек жок. Мурат эки күнү иштен калып, эки жолу Сактанды ошо санпунктка алып барды. Орто жашап калган согуштук врач Сактанды чечиндирип карап көрүп, биринчи ирет:

— Коркунучтуу. Бирок колумда сага берер дары-дармегим жок. Өзүңү-өзүң этият кыл. Тынч жат — деген болучу. Экинчи жолу барышканда:

— Тууганым, эми өлүштөн өтүпсүң. Көп жата бербей, барактан чыгып, ары-бери бас. Боюң талыкшыбасын. Таза абадан дем ал — деген кеңешин айтты. Сактан жеген таяктын дартынан оңолуп кеталбай жүргөн учурда Михаил менен Мурат жумушка чыгып жүрүштү. Бирде азыраак бир нерсе таап келген күндөрү болсо, кээде ачка, арып-талып лагерге араң жеткен күндөрү болду. Ошентсе да алар илгери үмүт менен эртеси эле дагы ишке жөнөшүп, дагы кара жанды кантип сактап калуунун амалында болушту.

Күндөрдүн биринде лагердин эшиги чап жабылып, келген сакчылар кайра кайтып жатышты.:

— Бул эмне болду? Дагы бир жака жөнөтөр бекен? — дешип туткундар биринен бири сураштты. «Бабарияга жөнөтөт имиш, Рурга жөнөтөт имиш» деген өңдүү имиш-имиштер туткундарды дүрбөлөңгө түшүрдү. «Аерлерде жер алдында, кенде иштетип өлтүрөт» дешти үрөйү учкан туткундар. Бирок иштин чынын билген эч ким болбоду. Полицайлар туткундарды барактардан бирин да койбой кууп чыгышты. Оору-сыркоолууларды жоро-жолдоштору жөлөп-жөлөп жүрүштү. Көпкө өтпөй эле эртең мененки чай менен күнүмдүк нан берилди. Ушул учурда полицайлар менен тилмеч пайда болуп, аларга солдат немецтер да кошулуп калды. Кийин туткундарды катарга тургузду. «Эми кеттик» деди Михаил. Туткундардын арасында күбүр-шыбыр күчөп, «бизди каякка айдайт? Германияга баргыбыз келбейт!» деген кыйкырыктар чыкты. Катардын маңдайында турган солдаттар «Руе! Ру-ее!» деп сөгүнүп жүрүштү. Тилмеч колун серелеп, чууну басты. Аңгыча комендатура жактан немец офицерлер келди. Солдаттар: «Ахтунг... Ахтунг*...» деп кыйкырышты. Туткундар жымжырттана башташты. Кийинки күндөрү лагерди немецтин офицерлери аралаган учурда аны жандап жүргөн солдаттар, полицайлар бир аз алдыраакта жүрүп: «ахтунг... ахтунг» дечүү болгон. Бул команданы ук-

кан туткундар бараткан жеринде токтоп, отурган жеринде туруп, колдорун бооруна ала офицерлерге баш ийип, ызат кылууга тийиш эле. Антпеген туткундардын көбү жонуна 25—50дөн дубинка жеп, үч-төрт күндө кан жөткүрүп жаткапы башкаларды эсине келтирди. Мына азыр да офицерлердин кайкагай фуражкалары алыстан көрүнүп көрүнө электе буерде: «ахтунг, ахтунг» деген кыйкырык туткундардын боюн титиретти. Алар колдорун бооруна алып, жер карап туруп калышты. Офицерлер, солдаттар ортого топтолушуп, тилмечке бир нерселерди айтып, түшүндүрүп жатты. Кийин тилмеч колун сереледи да:

— Уккула, уккула — деп сөзүн баштады. Анын сөзү дагы мурдагыдай эле бир мүнөздө угулуп жатты — Господин Оберс азыр силерди жыпжылаңач болуп чечинсин дейт. Силерге башка кийим берилет дейт. Дагы бирди-жарым кийимиңерди бекитип алам деп жүрбөгүлө. Тартипти бузгандарга элүүдөн розга таяк берилет экен. Муну уктум-укпадым дебегиле. Азыр чечингиле да, кийимиңерди белгиленген жерге таштап, тиги эшик менен ары складга өтөсүңөр. Ошо жерде силерге кийим-кече берилет. Кана, бир чекеден чечине баштагыла,— деди. Арадан: «суроо бар, суроо бар» деген үндөр чыкты. Офицер тилмечке бурулуп, эмне деп жатышат дегенсиди. Тилмеч бир нерселерди айтты. Офицер колун силккилеп башын чайкады. Кечке чейин байлоодо туруп, агытылган овчаркалардай полицайлар менен солдаттар аракетке келишти. Алар: «шнел... шнел... тез-тез» дешип, солкулдаган дубинкалар менен көрүнгөндү бир салып, көңүл көтөрүп жүрүштү. Туткундар жыпжылаңач чечинип, колдоруна вешмешогун алган бойдон ары тосмого өтө баштады.

— Көпчүлүк эмне болсо, биз ошобуз. Келгиле, чечинели. Дагы таяк жеп жүрбөйлү,— деп, Сактан безилдеп жиберди. Таяктын зарпынан арылганына аз гана күн болгон эле. Ал жүрөкзаада болуп, таяк десе бою титиреп кетип жүргөн. Эми заматта эле ал жылаңач болду да кийимдерин ар жакка ыргытты. Анан, бир колуна вешмешогун алып, бир колу менен абийирин жаап, «кана, болбойсуңарбы?» деди шериктерине. Арадан көп деле убакыт өтпөй, лагердин ичи тири жылаңач кишилерге толуп кетти. Мурат бир алдын өзүн өзү карап, кызарып-татарып кеткени менен мурдагыдан арыктап, кабыргалары саналып калганын көрдү. «Шору-ум, шорум, кышта өлүп калат окшойбуз» деди өзүнчө күбүрөнүп. Кийин айланасындагыларга көз кырын сала баштады. Шордууларды кийимдери гана кампайтып, азып-тозгонун анчейин билдирбей жүргөн

турбайбы. Азыр Мурат аларды караарын карап алып, кийин үрөйү учту. Анын көз алдында анча, мынча гана али ындоо эле элек туткундар болбосо, жайнаган ач-арбактар турду. Адам жаш эле туруп арыктаса, адам эттен кайтса, торбайган гана бир эме болуп калат турбайбы.

Ошол күн туткундар эски көйнөк, ыштан, анан көккө боёлгон френч менен шым, буттарына жыгач кепич колодка алышты. Лагердин ичиндеги таш төшөлгөн аянтта туткундар ары-бери жүргөндө карса-карс калдыраган үн чыгып, мээни жеди. Анан, эң жаманы кийген көк френчтеринин көкүрөгүнө да, желкесине да «ЗИ»—«Советтер Союзу» деген ак белги коюшту. Аны жууса чыкпай турган ак боёк менен жазышты. Эми каерге барышса, каерде турушса, кашкайып көзгө даана көрүнө турган болуп калышты. Бул кийимдерди бир алдын өгөйлөшкөнү менен арга канча, ага бара-бара көнүп кетишти. Бирок, баарынан да туткундарга оору колдойгон жыгач кепичтер болду.

Ал кызыл ашыктарын өйкөп, буттарын тушап койду. Аны менен жүгүрүү быякта турсун, ылдамыраак баса албай да калышты. Жумушка айдап чыкканда Риганын көчөлөрү «туткундар баратат, туткундар баратат» дегенсип өтүнөн өзү жаңырып турчу болду.

* * *

Лагерге улам-улам туткундарды алып келип жатты. Алардын көбү жаңыдан колго түшүп, буерде кантип жүрүшөөрүн, эмне кылышаарын билишпеди. Адатта жаңыларды «карантин» дешип, өзүнчө бөлүнгөн барактарга кармап, ошо жерде кийимдерин сыйрып, башка кийим беришчү. Анан жалпы лагерге кошуп жиберишчү. Эскилер эки кулактарын делдейтишип, келгендерден жаңылыктарды сурашат: «Биздикилер кантип жатышат? Каерде түшүп калдыңар? Кантип түшүп калдыңар? Фронтто биздин самолет, танкелер көбөйдүбү же дагы эле баягыдайбы?» деген өңдүү суроолорду жаадырып, тигилердин шаштын алган күндөрү болду. Алар эмне дешмек эле: «Немецтерде күч көп, курчоодо калдык. Курчоодо колго түштүк. Дагы эле бизде танке, самолеттор аз» дешет. Туткундар демдерин ичтерине алып, үн-сөзсүз отуруп угушат да, кийин баштарын жерге салышкан бойдон жай-жайларына тарап кетишет. А немецтер болсо «Ленинград капут, Москау капут, Шталин капут» деп, бакылдашат. Алардын сөздөрүнө караганда баардыгы эле «капут» болуп, дүйнөдө немецтерден башка эч ким калбагандай сезилет. Буларды угуу менен Мурат-

тын заманасы куурулат. «Эми эле немецтер женип кетсе, биздин элдин абалы эмне болот?» деп ойго чөккөндө, мууну бошоп, нашаасы түгөнгөн бангидей бир отурган жеринде көпкө-көпкө отура берчү болуп кетти. Аны байкап калган Сактан менен Михаил биринен сала бири жемелеп өзүн колуна алып, тыңыраак жүрүүсүн эскертишти. Кийинки күндө лагерге туткундар сыйбай кетти. Бирөөлөр элүү миң экенбиз дешсе, бирөөлөр алтымыш беш миң экенбиз дешет. Мураттын ою боюнча ушу божомолдон ашса-ашат, бирок кем көрүнбөйт. Киши көбөйгөн сайын жумушка чыгуу да оорлошту. Кээ бирөөлөр таңды атырбай гана жумушка жөнөтчү жерге барып, катарга туруп алчу болду. Аерге топ-тобу менен барганда гана кезек албаса, жалгыз-жарымдарды катардан тим эле сүрүп чыгарып коюшат. Алар бакырат, өкүрөт, бирок алардын арыз-муңун уккан эч ким жок. Ага да көнбөй өжөрлөнсө, өлөрчө таяк жейт. Анан, ордунан обдула албай, бир нече күн баракта жатып калган учуру болот.

Марат менен Михаил экөө кийинки күндөрү эки-үч жолу жумушка чыгышты. А Сактан болсо өзүнө келалбай жүрдү. Бир гана жолу эки жүз граммдан нан менен келгени болбосо, пароходго жүк жүктөп, өлдүм-талдым дегенде, араң келишти. Биздикилерден эмне калса, ошонун баарын поездге, пароходго жүктөп, Германияга жөнөтүп жатышат. «Буердин эли эмне болот?» деген ой буларда жоктой өңдөнөт. Мурат эки жолу пристанга жумушка барып, пароходго ящик, ящиги менен эт-консерваларын жүктөштү. Бул иттердин элдин оозундагы ырыскыны тартып баратышканын өз көзү менен көргөндө, Мураттын ичинен тим эле кан өтүп кеткендей болду. Күйгөнүнө чыдабай, көтөрүп бараткан ящигин калп эле мүдүрүлгөн болуп жыгылып, желкесинен жерге таштап жиберди. Ящик талкаланып, ичиндеги тыныке банкедеги консервалар туш-тушка чачылды. Аны сырттан карап турган сакчы жүгүрүп жетти да Муратты башы-көзгө салгылап кетти. Мурат склад тарапка качууга аракеттенгенде, алдыдагы сакчы аны тороп чыкты. Автоматтын кундагы желкесине тийгенде, ал жерге чабылып түшүп, суналган бойдон жатып калды. Немец эми Муратты тепкилөөгө өттү. Шериктеринен бирөө аны тургузуп коёмун деп, жаактан ары бир муш жеди да өз жолуна түштү. Жаны ачышкан Мурат эми эки колу менен башын калкалап, дүм жатты. Немец уруп чарчады окшойт бир маалда, «Ауфштейн... ауфштейн...» деп, бакырды. Башын калкалаган бойдон Мурат ордунан турду. Немец жайнап жаткан ящикти көрсөтүп, алда эмелерди бакылдады. Сыя-

гы консерваларды чогултуп, ящикке сал да, аны кайра мыкта [illegible]енсиди. Мурат ушинтип түшүндү. Ал консерваларды чогулта баштады...

Кеч кирип, жумуштан кайтар маалда туткундарды катарга тургузуп, чоң дарбазанын алдына алып келгенде аларды немец солдаттары ороп кетип, бир четтен тинтүүгө өттү. Таяк жегениненби бул жолу Мурат эч нерсе бекитип алган эмес эле. Анткени менен шериктеринин көбүнүн вешмешокторунан, коюндарынан бирден, экиден консерва банкалары чыгып жатты. Күнөөлүүлөрдү дароо эле катардан бөлүп чыгарып, өздөрүнчө тизди. «Эми эмне кылышар экен? Эми эмне кылышар экен?» деп, Мураттын үрөйү учту. Немецтер тинтүүнү шашпай бүтүп, кийин тигилерди жазалоого өтүштү. Жерге бирден жаткырып туруп, жондоруна он беш жолудан дубинка менен салгылашты. Кээ бирлери эринин кесе тишенип, кыйкырбоого аракет этсе, кээ бирлери бакырып, өкүрүп жер чапчыды. Ага коёбу, тиги кубаттуу, дабердес эмелер бири желкесинен, бири бутунан басса, бири чып-чып эттирип сабап жатты. А дагы бирөө «айн, цвай, драй фие*...»деп каткырганча санады. Мураттын оюу титиреп, чачтары тикеленди. Ал адамды адам уруусунан заарканды. «Адам затынан да ушундай мыкаачы, айбандар чыгат экен, ээ?» деп, тигилерди жек көрүүсү артты. Алардын жүзүнө «тфу, бетиңерде түгүңөр бар экен» деп түкүргүсү келди. Бирок ал ордунан жылалбай, туткундардын арасында аргасы жок калчылдап турду. «Звери, звери» деп күбүрөштү катардагылар. Алар ошо күнү лагерге кеч жетишти. Бирок буерде Муратты бир кубаныч күтүп турган эле. Ал мурда анын оюнда жок болчу. Лагерге кирген кезде анын таяк тийген жерлери ноюп, жаны жер тартып бараткан. «Барамын да, нарга бир тиемин. Анан, дүйнө аңтарылып кетсе да мейли» деген ал. Баракка кирери менен жаткан бурчтарына көз жиберди. Бул эмнеси? Андагы үрүл-бүрүлдө Сактан, Михаилдерге кошулуп дагы эки киши олтурат. Алар кимдер болду экен? Кайдан келишти экен? Же эмне кыларын билбей, ары-бери урунуп жүргөндөрдөн келип олтурушабы?» деген өңдүү ой менен ал тиги жерге жеткенин сезбей калды.

— Ой, Мурат. Эсен-соо барсыңбы? — деп, нардан Жапар секирип түштү.

— Көрүшөр күндөр бар экен, ээ. Эсен экенбиз, ээ — деди Эдилбек. Алар биринен сала бири Муратты кучактап, жүзүнөн өбүшөт. Анын таяк жеген жерлери зырылдап, тим гана «о, ой, ой» дештен башка сөз оозуна кирбейт.

— Сага эмне болду, Мурат? Ой, ой эле дейсиң, тилден

калдыңбы? Деги айтчы эсен-соосуңбу? — дейт Жапар шакылдап. Алар али өңдөн азыша элек экен. Туткунга жаңыдан түшүшсө керек.

Баятан бери экөөнүн ортосунда калып, эми өзүнө келген Мурат.

— Азыр-азыр... деги айткылачы өзүңөр каерден келдиңер? Качан келдиңер? — деп, тигилерге карады. Анан, баары топтолуп нардын экинчи кабатына Михаил менен Сактандын жанына чыгышты. Жаңыдан шериктеринин ал-абалын сурап, бу тозокко качан кабылышкандарын билгилери келди. Бирде Сактандын, бирде Мурат менен Михаилдин үнү чыгып, алар көпкө отурушту. Мурат тигилерге каерде, кантип, туткунга түшүп калганын айтып берди. Бандит эстондор жөнүндө сөз болгондо, Жапар менен Эдилбек таң калышты. «Кантип эле силерди солдат эмес, жеңине ак байланган гана кишилер немецтерге кармап беришти?» деп, шериктерине ишенип-ишенбей турушту. Михаил, Сактан экөө Мураттын сөзүн ырасташты.

Анан, сөздүн кезеги Жапар менен Эдилбекке өттү.

— Бу лагерге келгенибизге беш күн болгон эле. Бизди тигинде карантин деп кармап жатышты. Кийин мынабу форманы кийиндирип, бутубузга тиги жыгач кепичти беришти. А бүгүн ушу лагерге айдап киришти.

— ҚАПтан ким ба-ар? — деп кыйкырдык. Анткени, көбү өз жерлерин айтып жердештерин издесе, көбү полкторун айтып издеше баштады. Мен кыйкырдым. Эдилбек кыйкырды. Эч ким жооп бербеди. Эми эч ким жок окшойт. Чагымда алар же армияга кошулуп кетишти, же курман болушту деген ойго келдик. Анан, ушу баракка башбагып туруп, Эдилбек бир зыңкылдады эле Сактан ордунан атылып чыга келсе болобу? — деп Жапар күлүп калды.

* * *

Ноябрь айы кирип келип, күн суугуна тартты. Лагерде туткундар бирде көбөйүп кетсе, бирде азая түшкөн өңдөнүп турду. Эки-үч ирет: «Кимдер Германияга барып иштейт? Анда туткундарга жакшы шарттар түзүлөт» деген өңдүү чууну көтөрүштү. Көпчүлүк экен, буга ыктыярдуулар да табылды. А бир тобу, каерде өлсөк, баары бир эмеспи деген ойдо кете беришти. «Эмне кылуу керек? А балким, чын эле Германияда туткундар үчүн жакшы шарттар түзүлөр. Кетсек кантет? деген маселени Мураттар да өз ара талкуулап көрүштү. «Ушерде өлүп кеткенден көрө, ошо жагына бар-

ганыбыз да түзүк. Жер көрөбүз, эл көрөбүз» деди Сактан. Туткунда жүрүп, сен, жер көрбөй, эл көрбөй өл деп, аны Жапар мазактап койду. Экөө тең курактуу, теңтуш болгондуктан, Сактан ага сөз кайрый албай калды.

— Эмнеси болсо дагы ушерде көрөлүчү,— деп, Эдилбек тигинин оюна каршы чыкты. Анан Мурат, Михаил да Эдилбектин сөзүн колдоп кетишти. Сактан өзүнчө жеңилгенин сезип, кызарып-татарып да, тим болду. Немецтер болсо, мурдагысынан да күчөп, «Ленинград капут, Москау капут, Шталин капут, аллес капут» дешип, кыйкыра башташты. Чынбы, жалганбы, лагердин ортосуна илинген картадагы белгилер Ленинградды ороп, Москваны куушуруп кирип баратты. Сактан кээде аерде сагалап карап калганы менен Мурат кийин ал жакка кадам шилтебей койду. «Көрүп күйгөндөн көрө, көрбөй эле күйөйүн» деди.

7-ноябрь күнү таң атып-ата электе немецтер барактарга «ауфштейн... ауфштейн...» деп, жип тийген эмедей жөөлөп киришти. Туткундар көздөрүн ушалап, сыртка чыгып жатышты «Майрам алдында биздикилер буларды артка кууса керек. Эми баарыбызды атып жибербесе экен» деди Эдилбек. Мураттын жүрөгү дүкүлдөп, али өзүнө келбей жатты. «Башка бир балээси барго» деп, Сактан тиги немецтерге карады. Лагердин коменданты оберс менен дагы бир топ офицерлер жүрөт. Солдаттары, эфрейторлору, унтер офицерлери тигилердин алдында, эмне десе деле «явол, явол» дешип, тим эле чимирилишет. «Андретен... андретен...» дешип, туткундарды сабашат. Бир унтер офицер «сен эмне, тез кыймылдабайсың?» дегенсип, полицайлардын бирөөнү беттен ары салып жиберди эле тиги кыц дей албай, ага жүгүрдү. Анан, колундагы шомполу менен аңдоосуз турган Муратты желкеден ары берип калды. Эч нерсе оюна келбей, катарда турган Мурат бир оңко атып барып, кайра туруп кетти. Артынан полицай дагы жүгүрдү эле туткундар Муратты ортого түртүп жиберишип, тигинин жолун торошту.

— Эй, акмак, сени немецтер урса, ачууңду бизден аласыңбы? — деди бирөө. Полицай ага да чамына кетти. Бирок, кончулук туткунду ортого сүрүп жиберишти. Ушул учурда:

— Долмеччер... долмеччер... — деп кыйкырды комендант. Унтер офицерлерден бирөө ары карай чуркады. Көп өтпөй эле көз айнегин колуна алып, тилмеч дагы кирип келди. Анан, немецтер өз ара бака-шака сүйлөштү да, бир аздан кийин буйрук алдыбы, солдаттар буттарын тарса-тарс кагыштырып, алдыга чыгышты. Анан, четте турган

туткундарды желкеден алып, ар жакка бөлүп чыгарышты. Офицерлерден бирөө келип, «айн, цвай, драй... цванциг» деп, жыйырма кишини санады да калгандарын «цурик, цурик» деп, артка кууду. Ошо жыйырманын ичине Жапар да кошулуп калды.

— Ушуларды башка бир жакка жөнөтүп жиберет дейм? — деди Мурат.

— Оо, кайран Жапар, эми кантер экен? — деп, Сактан мулуң этти.

— Сен күлбө — деди Эдилбек Сактанды жекире карап.

— Үндөбөгүлө, эмне болсо да, азыр билебиз — Михаил шериктеринин кыжы-кужусун басты. Офицерлерден бирөө дагы «ахтунг... ахтунг...» деп, бакырды. Анын үнү бу сапар эмнегедир абдан эле заар чыкты. — Топтолгон туткундар тынчтанып калышты. Комендант чөнтөгүнөн дасоромолун алып, ага бышкырды да кийин үнүн бийик чыгарып сүйлөй баштады. Мураттар анын эмне деп атканына түшүнүшпөгөнү менен дилинде кандайдыр бир жамандыкты сезип турушкансыды. Анан, тилмечке тил кирди. Ал сөзүн адатынча... — Уккула, уккула... — деп баштады. — Уккула. Түндө кимдир бирөө тиги аянттагы картага барып, Москвадан Берлинге картага кичинекей кызыл байракчаларды сайыптыр. Анан, бир чоң кызыл байракты Берлинге сайыптыр дейт господин комендант. Бул улуу Германиянын душманынын гана колунан келет дейт. Ошондуктан, алдыда бөлүп чыгарылган жыйырма туткун барымтага (заложник) кармалат. Силерге ойлонууга он беш минута гана берилет. Ушул убакыттын ичинде картаны ким булгаган болсо, ортого чыксын. Эгер, силер өзүңөр ким булгаганын билсеңер айткыла. Эгерде силер айтпасаңар, күнөөлүү өзү ортого чыкпаса, он беш минута өткөндөн кийин бул жыйырма киши ушул жерде атылат дейт господин комендант — деди тилмеч. Туткундардын тобу бир дүрбөп, бир көтөрүлүп кайра басылды. Шуу-шуу сөздөр кетти. А тиги жыйырма кишинин жүздөрүнөн каны качып, мүрдө болуп катып калышты. Тилмечтин үнү дагы чыкты.

— Эгер, бул иш дагы кайталанса, анда жыйырма эмес, кырк киши атылат дейт господин комендант. Кана, тиги жолдошторуңар бейажал өлбөсүн десеңер, күнөөкөр кишинин атын атагыла же алдыга сүрүп чыгаргыла. Кана, ойлонгула, господин комендант саатын карай баштады. Кана, болгула,— деди.

Комендант билегиндеги алтын саатын көзүнө тутуп: «башталды» дегенсип, оң колунун сөөмөйүн көтөрүп, кайра түшүрдү. Лагерди өлүү жымжырттык каптады. Мураттын

жүрөгү бир азга какпай туруп калгансып, аба жетишпей, деми кыстыкты. Кийиминин топчуларын чыгарып жиберип: «Ай, Жапар, бешенеңе ушуну жазган беле?» деп, кобурады. Анын кулагына пулемет немецтердин автоматы татырап, көз алдында Жапар кыңтая жыгылып бараткансып көрүндү. Мурат көздөрүн эки колу менен басып алып, саамга үн-сөзсүз турду. Аны Сактан быкыңга түрткөндөй болду. Мурат көзүн ачып, бир жактан саатын карап, кишилердин өмүрүн санап аткан коменданттты, бир жактан айландыра солдаттар ороп турган тирүүлөй өлүктөрдү көрдү. Азыр анын көз алдында өмүр менен өлүм бетме-бет бирин-бири карап тиктешип турду.

Туткундардын арасынан бирөө чыдай албады окшойт.

— Ээй, жолдоштор, айткыла. Бир адам өлгөн жакшыбы, же бир адамдын күнөөсүнөн жыйырма адамдын өлгөнү жакшыбы? Бул ишти ким кылганын көрсөңөр, билсеңер айткыла, дегиле. Тигилер бейажал өлүм болбосун — деп кыйкырды. Анын кыйкырыгына немецтердин майда чиндери долдейишип кулак түргөнү менен комендант ага көңүл бурун да койгон жок. Ал минуттун өткөнүн санап, минутаны эсептөө менен алек болгон өңдүү турду. Жанагы туткун дагы кыйкырды. Жымжырттык өкүм сүрдү. Жыйырма кишинин арасынан эки-үчөө эмнегедир эки колдору менен жакаларын кармашып, көккө тигилишти. Жапардын көзүнөн мөлтүрөгөн жаштар кетип, бетинен ылдый кулаганы менен ал үн-сөзсүз мисирейди, «цейн минут» деди комендант Анан, «элф. цвельф.. драй цинь... фиерцинь...» дегенде Мурат дагы эки колу менен көздөрүн басып калды. Анткени, тиги жыйырма кишиге куралдарын кезеп, солдаттар даяр турушкан, «фунфцинь» дээри менен автоматтар татырамак. Эми алардан башканы күтүү бул эси жоктук эле. Эмнегедир, коменданттын сөзү созулуп кеткен өңдөндү. Мурат чыдай албай: «Жапар, кантип турат экен?» деген ойдо дагы көздөрүн ачып, ортодо турган давердес туткунду көрдү. Бул ким болду? Ал эмне үчүн ортого чыкты? Мурат таңдана түштү. Кийин: «Аа, картага кызыл байрактарды ушу сайган экен го» деп, аны жакындан кароого ниеттенди. Ал көзүнө бир алп өңдөнүп көрүндү. Сакал, мурутунун өскөнү гана болбосо, али өңүнөн аза элек эме экен. Балким, лагерге кийинчерээк келгенби. Турушу, келбети, мурун өңдөнөт. Азыр анын да өңүнөн каны качып калганы гана болбосо өзүн токтоо кармап, тыкан турат.

Комендант ага бир үңүлүп карап туруп, көз айнегин колуна алды. Аны баягы дасоромолу менен шашпай туруп аарчыды. Кайра көзүнө илди. Анан: «чын эле сенсиңби?»

дегендей, ага жакыныраак басып келип: «Бист, ду комиссар?» деди. Тиги «Нейн» деп, немецче жооп берди. Комендант алдындагы туткундун дагы бир-эки минутадан кийин эмне болоорун сезбеген, билбеген өңдөнүп турганына таң калды. Ичинен: «Оо, бу нагыз комиссардын өзү болбосо, кечирим сурап, өмүрүн суранаар эле. Бул иш комиссарлардан башканын колунан келбейт» деген ойго келди. Ал тигинин жообуна ишене бербей, анан, тиги суроосуна түшүндүбү, жокпу дегендей кыял менен артына бурулуп, жанына тилмечти чакырды. Ага бак-бак этип, бир нерселерди айтты.

— Сен комиссарсыңбы деп атат господин комендант? — деди тилмеч.

— Мен айттым го жана эле. Немец-немец тилине түшүнбөппү? — деп, туткун башын бир серпип алды. Көптөн бери алынбаган алтын сары чачы желге бир желпинип барып, желкесин басып калды. Тилмеч анын сөзүн эң эле тыкандык менен которгондой болду.

— Ах, зоо, ах, зоо — деп калды комендант. Тилмечтин оозу тынбай, башы ийкеңдеди. Кийин комендант жыйырма кишини ороп турган солдаттарга бир нерселерди айтып бакырды эле тигилер, «кана тарагыла» дегенсип, автоматтын кундагы менен аларды түрткүлөп, эми топко карай айдашты. Жапар Муратты келип кучактап, бир азга эсинен танган сыяктуу шалактай түшүп, анан кайра өзүнө келди: «Дагы көрөр күнүм, ичер суум бар окшойт» деп, эриндери кеберсип араң сүйлөдү. Булар Жапарды ортого алып, аны алдап-соолап атканда автомат татыр-татыр эте түштү. Мурат жалт карап, буралып жыгылып бараткан туткунду көрдү. Анын көзүнө ошо туткундун өзү желбиреп, желге ийилип бараткан кызыл туу өңдөнүп кетти. Ал «Биздикилер Берлинде... Берлинде...» деп баратып, шалак эте түштү. «Биздикилер Берлинде болот деди» деген шыбыш ооздон оозго, заматта лагердин ичин каптап кетти. Мурат да тиги матростун сөзүн эки-үч ирет кайталап жиберди. Бирок туткундар аерден көңүлдөрү чөгөт кайтып, барактарда көпкө чейин бири-бирине үн катпай үңкүйүшкөн бойдон ойлуу отурушту. Ушул учурда, ушул минутада кимдин башына эмне деген ойлор келди? Аны ажыратуу кыйын эле. Мурат элде өткөргөн майрам күндөрүн ойлогону менен, алар эмнегедир, жалт-жулт берип, бирин бири ооштуруу менен лагердин аянтындагы карта, Берлинге тигилген кызыл туу, анан, автоматтын огуна буралып жыгылып бараткан туткун анын көз алдынан кетпей койду. Эки-үч жолу ал көздөрүн жуумп, кайра ачып дале ошону көрдү. Тиги матрос туткунда жүрүп

да немецтерге ким экендигин билгизди. Немецтердин огунан аларды жек көрүү менен туруп өлдү. Мунун өлүмү Муратты ойго чөктүрдү. Ал ойго тунду. Мына, августун ортосунан бери ушу лагерде жүрөт. Ач калды. Арыды. Таяк жеди. Эртеңки күнү жөнүндө эч нерсени билбейт. Анын көз алдында ар күнү ондогон, ондогон кишилер тим эле өчкөлөктөп, оорун өлүп атат. № 7-бaрактын алдына ар күнү башка барактарда өлгөндөрдү алып келип топтошот. Алар түшкө чейин ошо жерде биринин үстүнө бири аркы-терки ташталган бойдон жатат. Аны караган адам жок. Туткундар келип карап, унчукпай демдерин ичине алып, көпкө-көпкө турушат да, кайра барак-бaрактарга тарап кетишет. Мурат да бир нече ирет ошерде болду. Мүрдөлөрдү карап туруп, үрөйү учту. Кайран кишилер. Булардын ата-энелери, бала-бакыралары, сүйүп алган жарлары болууга тийиш. Буларды эсен-соо элге жеңиш менен келет дешип, алар күтүп жүрүшкөн чыгар. А бу шордуулар буерде тырайып жатышат. Аларды ак жууп, ак кепиндеп көмгөн адам жок. Ага шарт да жок. Ал түгүл ким өлдү? Качан өлдү? Каердик эле деп аны каттаган, анын эсебин алган адам да жок. «А балким, эртеге болбосо, бүрсүгүнү мына ушу жерде, мына ушу катарда мен да тырайып жатып каламбы? деген ойдон улам Мураттын тиштери тиштерине тийбей, ээги шакылдап кетээр эле. Ал артына карай бурулуп, баракка карай чуркоочу. Бирок, жыгач кепич кызыл ашыгын эзип, баракка араң кирип кетчү.

Мына бүгүн моряктын өлүмү тиги баракта өлгөндөрдүн өлүмүнө караганда абийирдүү өңдөндү. Анын ким экенин, эмне үчүн өлгөнүн лагердеги миңдеген туткундар көрүп, аны урматтоо менен карашты. Мурат тим эле матростун өлүмүнө суктанды. «Ээ, кудай, жок дегенде өмүрүмдү немецтердин огу менен ал, шерменде өлүмүңөн сакта» деп ойлоп алды. Жанында жаткан Жапар бир жамбашынан экинчи жамбашына оодарылып:

— Мурат, онтогондой болдуңбу? Бир жериң оорудубу? — деди. Сырттан Сактан кирди.

— Ачка жатып, көтөрүм болуп арам өлгөндөн көрө, атылып өлүүнүн жолун ойлодум — деп Мурат тигилерге карады.

— Сен, педагог, фантазерсуң — деп койду Сактан.

— Да-а, жана мен атылып өлгөндө, жакшы болмок экен ээ, мен болсо, коркупмун — Жапар өлүмдүн маанисине эми түшүндү. Анан, көздөрүн жал-жал эттирип алып:

— Сен айткандай, чын эле арам өлгөн жаман окшойт,— деп, Муратка тигилди.

— Биздин элде малды адал өлдү, арам өлдү дешет эле. Эми силер адамдарды арам өлдү дегениңер эмнеси? — Эдилбек таңдана сурады:

— Өлгөнүндө эч ким башында болбосо, ак жууп, ак кепинден көмбөсө, бу кишинин арам өлгөнү да, же туура эмеспи? — деди Мурат.

— Мм даа-аа — деп, Жапар сөз кошо албады.

— Педагогдун ой жүгүртүүсүн кара — деди Сактан.

— Биз да ушерде арам өлөт окшойбуз — деген Эдилбек эми өз өлүмү жөнүндө ойго түштү. Бир аз өтпөй Мурат дааратканага жөнөдү. Ал эч нерсе оюнда жок, үңкүйүп бараткан. Аны чыканагынан бирөө кармап алып: «Эй буякка жүр» деп булкту. Мурат башын көтөрүп өзүн кармап турган полицайды көрдү: «Балакет болду» деди ичинен. Бирок, ал оюн купуя калтырып:

— Мен дааратканага баратат элем,— деп, жалооруду.

— Эч нерсе эмес. Азыр тиги өлүктөрдү көмүүчү жерге жеткиресиңер, а кийин дааратканада түнөп калсаң да, өз ишиң — деген полицай аны эми желкеден алып, сүйрөгөн эсептүү № 7-бaрактын жанына алып келди. Мында да он чакты туткун топтолуп калышкан экен. Аларды үч немец жети полицай ороп алыптыр.

— А ну-ка, жүктөгүлө — деди старший полицай. Буерде чегилген аттары жок эки дебшилүү араба турган болчу. Туткундар өлүктөрдү арабага жүктөөгө өтүштү. Мурат мурда өлүктөргө мынчалык жакын келип көргөн жан эмес, элинде жаш эле ал атасынын өлгөнүн билбейт. А апасы жан берип жатканда, агалары: «Бала коркот» деп алып чыгып кетишкен. Мына эми эти дүркүрөп, колдору калтырап барып, тиги өлүктүн бутунан алды. Экөө баш тарабынан, экөө бут тарабынан кармап, арабага дан салынган каптарды жүктөгөндөй эле биринин үстүнө бирин тизип жатышты. Өлүктөр сенек болуп катып калышкан. Кээ бирлери ырсайып: «Мени каякка алып баратасыңар? Барбайм, барбаайм деп, бакырып ийчүүдөй бир жагынан коркунучтуу бир жагынан аянычтуу көрүнөт. Мурат калтырап, титирейт. Анын ыраңында кан жок. Мурат араң эле кыбырап жүрүп, дагы бир нерсеге таңданат. Өлүктөр жылаңайлак, жылаң баш, ички кийимдери менен гана калышыптыр. «Буларды кимдер чечиндирип алды экен?» дейт өзүнчө. Анан: «Бирөө өлмөйүнчө, бирөө күн көрбөйт» деген макал оюна кылт эте түшөт. «Туткундардан бирөөлөр алса түзүк, өлүктөргө эми кийимдин, башка нерсенин кереги жокко» деп, өзүнүн суукка үшүй баштаганы оюна келет. Жок. Буерде ага ылайыктуу эч нерсе калбаптыр.

Эки колдорун бөйрөгүнө алып, немецтер кара цигарадан түтүндү булатышат. Алар мас. Өз ара бака-шака. А полицайлар болсо, биринен бири өтүп: «Ээй, капа кыймылдагыла, кыймылдагыла» дешет. Алар немецтердин алдында куйругун шыйпаңдатып, жагынган күчүк өңдөнүшөт. Арбактай сары эмеспи шомпол менен туткундарды анда-санда сабап да коёт. Ар бир арабага ондон өлүк жүктөштү. «Эми кутулдук» дегендей, ойго келген Мурат ары карай басты эле жонуна шомпол чып эте түштү. Ал артына бурулду.

— А муну ким сүйрөйт? — деди полицай арабаны көрсөтүп. Туткундар өлүктөр жүктөлгөн арабаны сүйрөшүп, бaрактардын аркы четине алып чыгышты. Бирок, зым тосмодон сыртка кетишпеди. Жаткан жайык талаага келишти. Бүйрдө узунунан карата казылган бир нече аң бар экен. Туурасы эки метр, тереңи үч метр узуну жүз метрдей келет. Ошол аңдардын экөө толуп, үчүнчүсү теңинен ооп калыптыр. Муну араба сүйрөп келген туткундардын көбү биринчи ирет көргөндүктөнбү, тим эле төбө чачтары тикеленди. Мураттын сүйлөөгө тили келбей калды. Лагерде ичөйин билинбейт турбайбы. Мында канча киши жатат? Канча өмүр жатат? Мурат ичинен түтөп кетти. Башкалары да сыягы ошентти.

— Капа, арабадан ыргыткыла — деди полицай. Немецтер «лос-лос, ло-ос» деп коюшуп, четтерээк турушту. Арабадан ыргыткандай булар эмне? Коло же отунбу? Баштагы күнү көмүлгөндөрдүн үстүнө топурак тартылып, хлор себилиптир. Мурат буларды кантип көмүшөөрүн билбегендиктен, боюн четке тартып, эмне болсо да тигилер баштасын дегендей тартынып денеси заарканып турду.

— А ну, давай шевелись — деп, полицай аны желкеден алып, беркилердин катарына кошту. Анан, күнүгө мүрзөлөрдү көмдүрүп жүргөн полицай өлүктөрдү кантип таштаарын, кантип коёрун түшүндүрүп, туткундардан экөөнү аңга түшүрдү. Калгандары мүрдөнү колу-башынан кармап, аңдын четине алып келип, анан ыргытып жиберип жатышты. А, аңдын ичиндегилер мүрдөлөрдү жыгач жыйган сымак биринин үстүнө бирин таштошту. Кийин топурак сүрүлүп дагы хлор себилди.

Бул көрүстөндөн алар кайтканда, күн төбөдөн кыйгачтап бараткан эле. Мурат артына бир карап, оозун ачып оп тартып келаткан ажыдаарды көрдү. Ооба, тиги аңдар Муратка ажыдаар сымак көрүндү. Бешенесинен дагы муздак терлер кетип, мууну калчылдады. Ана-мына жыгылып кете турган оңдонуп, алтымыштан ашкан карыя сымак бөкчөйүп, буттары чалыштады. Балким, ал арабаны кармап,

туртпөй өзүнчө бараткаида, жолго суналып тиери сөз-сүз эле.

Баракка кирип, нардын экинчи кабатына көтөрүлөм деп, эки-үч умтулуп, көтөрүлө албай калды. Аны көргөн Эдилбек Муратты колунан тартып алды.

— Эмне ичиң өтүп калдыбы? Даараткаиада ушунча жүрдүңбү? — деп, Сактан бир жагынан тамашага салганы менен, бир жагынан сестеңдеди «Мурат даараткаиага барам деп кетпеди беле. Чын эле ичи өтө баштаса, анын өлгөнү ошо» деген ойго келди Сактан. Анткени, ачкалыктан ар нерсеге боюн урган туткундар ичи өткөк болуп, эки-үч күндөн кийин өлүп калып жатышканын көрүп жүрүшөт. Мурат эмне десин? Бир азга өңү кубулуп отурду да, кийин каерге барганын, эмне кылганын, эмне көргөнүн төкпөй, чачпай айтып берди. Бардыгы жерди карап шылкыйып, көпкө отурушту. Тынчтыкты Михаил бузду.

— Лагерге туткундарды алып келип эле жатат, бирок, башка жакка жөнөткөнү аз. Анткени, баягыбыз баягы. Бу эмне болуп атат десе, шорубуз шорподой кайнап жаткан турбайбы? — деди ал үнү каргылданып. Кийин ар кимиси өз иши менен алек болуп калышты. Чарчап калган Мурат кынтайып жатты. Бирок, котелогу башына өтүп, чыдатпады. «Этим жукарып калган окшойт. Армияда экенде таш жазданып, уктап кетчү эмес белем» деди ичинде. Анан, ойго чөмүлдү. Көз алдына жанагы мүрзө талаа келди. Ушу азыр Мураттар жаткан бaрактардын жанында казармалар бар. Анда да туткундар жатышат. Мурда буерде латыштардын атчан аскерлери турган экен дешет. Кийин биздин атчандар да ушерде болушса керек. А тиги адамдарды ажыдаар сымак он тартып жаткан талаада атчандар кылыч шилтеп, жерге сайылган жаш ноодаларды кыя чаап ойночу имиш экен. Эми аер көрүстөн. Туткундардын көрүстөнү. Немецтер бир жагынан мүрдөлөрдү көөмп, бир жагынан жерди тегиздеп келе жатышат. Аны өлүм алдында жүргөн туткундардан башка эч ким билбейт. А балким, бир убак өткөндөн кийин буерде эмне болгонун, буерде кимдер жатканын эч ким билбей калаар деген өңдүү ойлор Мураттын жүрөгүн титиретти. «Кантип эле түрдүү улуттан келген түрдүү курактагы кишилердин тагдыры ушул аңдарга топтолгон эле? Оо, шордуу энелер, оо шордуу аталар силер өз ара сүйлөшкөндө сүйүүңөрдүн бир күкүмү Риганын четиндеги бир жайык талаада калат деп ойлодуңар беле? Жок, о, жо-оок, силер анда антип, ойлогон эмессиңер. Азыр балким, көбүңөр кара кагаз алган чыгарсыңар, а көбүңөр дайынсыз жоголду деген кабар менен али бизден

үмүтүнөн үзүлбөй жүргөндүр. Агам шордуу, мен жөнүндө эмне ойдо калды экен? Көптөн бери кат барбаса, кабар болбосо, эмне деген ойго келди» деп, бир азга күбүрөнүп алды. Апан кирпиктери бирде ирмелип кетип, бирде сүзүлүп отуруп ал уйкуга кетти. Анын жанында жаткан Сактан да, коңурук тарта баштаган эле. Баракта уктап жатса, бирөөлөр өз алдынча кыбырап, өздөрүнчө алек болуп жүрүшкөн. Барак бирде жандуу эмедей, көтөрүлүп, бирде басылып жатып...

* * *

Кар да түштү. Күну-түну суук боло баштады. Туткундар калтырап, титиреп, көбүнесе убактыларын баракта өткөрүшөт. Кээде Мурат жумушка кабылса, кээде жок. Шериктери да ошол абалда. Эшикке чыкса эле Мураттын колдору үшүйт. Буттары какшайт. Боюна суук ийне сымак сайылгансып, эттерин тыз-тыз эттирет. Бир күну капысынан жумушка чыгып калып, пароходко таңгакталган чөп жүктөштү.

— Оо, иттер, мына чөпту да ташый баштады — деп, бирөө бутундагы жыгач кепичин кепичине уруп койду.

— Жакында бокту да ташыйт,— деди экинчи туткун. Туткундар өздөрүнчө күлүп алышты. Ошо күнү Мураттын колдорун үшүк алып кете жаздады. Улам оозуна салааларын тыга коюп жүрүп, лагерге араң кайтты. Кол кабы барлар суукту анчейин сезишпеди. Мурат да кол каптуу болууну эңседи. Бирок, аны кайдан алат? Лагерге кирери менен «туткун базарына» барды. Аерде бирөөлөрдүн колкап кармап жүрүшкөнүн көрдү. Бирок, тартынып сурай албай, көпкө жүрдү. Үшүдү. Тиши-тишине тийбей, ээги шакылдай баштаганда гана тиги колкап кармап жүргөн туткунга:

— Сатасыңбы? — деп, кайрылды. Мураттын калтырап-титиреп атып сүйлөгөнүнө ал түшүнбөдү.

— Эмне дейсиң? — деди. Мурат суроосун кайталады. Тиги:

— А-а — деп алды да кийин:

— Үч порций нан. Наның барбы? — деди. Мураттын бир азга эси оон турду да, кийин шарт бурулуп, жөнөй берди. Тиги:

— Нан болсо, эки порций нанга да берем, аласыңбы? — деп калды. Кээде жарым, жартылайын, эки-үч күндөн кийин берүүгө макулдашып, насияга да соодалашчу. Бирок, Мурат эки үч күн ачка калууну каалабады. Колкап деп эки-үч күн ачка калуунун өзү бул суук күндөрдө өзүн өзү

өлүмгө буюруу менен барабар эле. Ал баракта жолдоштору менен саламдашты да кийин бөжүрөп жатып, башына бир ой келди. Ичи жылый түштү. Аны аткарууга бүгүн кечтик кылат. Аны эртеге иштеп көрүү керек. Тобокел, же бакты ачылып, колкаптуу болуп калат. Же... же... деп, оюнун аягына чыга албай шинелдин этеги менен какшап бараткан тизесин кумтуланды. Ал ою эчен ирет кайталанды. Түшүндө кандайдыр колкаптуу болуп калып, мурдагыдай колун үйлөп, койнуна катпай иште шагдам жүрдү. Жапар менен Сактан анын колундагыны көрүп калышып: «ой, абдан жаңы колкап экен, муну кайдан алдың? Кечээ эле колуңду какшатып, эмне кыларыңды билбей жүрөт элеңго?» дешип, такып калышса болобу. Мурат аларга эмне деп жооп берээрин билбей атып, ойгонуп кетти. «Бүгүн колкаптуу болот окшоймун» деп, түшүн жакшылыкка жоруп, бирок аны шериктерине айтпады. Кечээтен бери жүрөгүн уялаган оюн да тигилерден жашырып койду.

Лагерде адатка айланып бараткан иштер ирети менен өтүп жатты. Эртең менен нан, чай ичилди. Кээ бирөө ушуну менен кечкурунку баландага чейин козголбой жатууну көздөп, сыртта кожулдабай, кайра бsecuritiesрактарга сиңип, сиңип жок болушту. Жумушка айдоо да аяктады. Адатта мына ушундан кийин «туткун базары», ачылат. Мында эл көп болот. Бири бир нерсени саткан болуп, бири аны алган болуп жүрсө, кээ бирөөлөр буюмдарын, азык-түлүктөрүн накма накка ооштуруп жүрөт. Айтор бул «базардан» туз, нан, тамеки, колкап, көйнөк, ийне, жипке чейин табууга болот. «Кимге тамеки, кимге ийне?» деп, экинчиси күрүлдөйт. Булар кадимки эле базар өңдөнөт. Буерге туткундар көп келгендиктен «базар» тыгын. Бирин бири түртүп, ары-бери жиреп өткөндөр көп. Мураттын кечээтен бери көздөгөн жери ушу. Бул күнү да оокаттан кийин Мурат:

— Мен дааратканага барам,— деп, нардан түштү.

— Эй, кечеги досторуң кармап алып, дагы өлүк көмдүрүп жүрбөсүн,— деди Сактан.

— Көмсө эмне, сооп болот — деп, койду Эдилбек. Булар кыргызча сүйлөшкөндүктөн Михаил бирде Мураттты, бирде нарда отургандарды карап тим болду.

— Дагы ичи өткөк болуп калыптыр — деди Жапар орусчалап. Михаил тамашага түшүнүп, ылжыйып койду. Анткени, өткөн күнкү окуяны уккан.

Бирден эле туткун базарына келди. Бирок, аны аралап кирип кетүүгө дити барбай, көпкө чейин базардын, четинде ары-бери басып жүрдү. Суук коюн, кончунан кирип, боюн калтыратып баратты. «Колго түшүп калсам, эмне бо-

дот? Анар өзүм жалгыз чыктым, топтолуп салгылашып кетсе, өлтүрүшөтко» деди өзүнөн өзү. Анткени менен колдору какшап, колдорун ушалады. Оозуна тутуп, жылуу абыры менен үйлөдү. Анан: «качанга чейин ушинтип жүрөм? Сатып алууга наным болбосо пулум болбосо, эмне кылам? Тобокел, кирип көрөйүн» деп ал топту жиреп алдыга умтулду. Туткундар ары-бери сүрүлүп, өздөрүнчө кыйкырып жатышты. Мурат колун эки үч жолу сунуп барып, кайра тартып алды. Бою калтырады. Бул анын өмүрүндө биринчи жолу бирөөгө кара санап, топко кириши болчу. Ошондуктан, кайра жөн эле чыгып кетсемби деген ойго да келди. Бир алдын артына бурулуп барып, кайра токтоду. Саамдан кийин кечээ пристанда таңгакталган чөптү жүктөгөндө колдорунун какшап, сенек болуп көгөргөнү көз алдына келди. Бүткөн бою дүр этип алды. Анан, эрдин тиштеп, көзүн жума топтун арасында сүрүлүп баратып, оң колу бирөөнүн чөнтөгүнөн бир нерсени жулуп чыккандай болду. Өзү чочуп кетти. Тиги билип калдыбы деген ойдон улам айланасын карады. Ар ким өз иши менен. Мурат бүерде өзүн токтото калды, колундагыны акырын шинелинин чөнтөгүнө салып, аны сыртынан колу менен баскан бойдон четке сүрүлдү. Ал бир аздан кийин сыртка чыгып калды. Анан айланасына көз жүгүрттү. Аны менен эч кимдин иши жоктой сезилди. Ошондо гана чөнтөгүндөгүнү алып көрдү. Колкап. Анын жүрөгү тим эле тез-тез кагып, колдору какапактап кетти. Сүйүнгөнүнөн ыйлап жибере жаздады. Оң колунун кол кабы экен. Эми Мурат баягыдан шерденип, өзүн токтотуп калгандыктанбы, уурдап алганын чөнтөгүнө салып, топко экинчи ирет кирип кетти. Бу сапар эмнегедир эч нерсе оң келбей, бирөөнүн чөнтөгүнө колун салып баратканда:

— Эй ким менин чөнтөгүмдү чукулап атат? — деп, бирөө бакырып жиберди. Мурат колун тартып алды. Ошентип ары сүрүлүп, бери сүрүлүп жүрүп, Мурат дагы четке чыга түштү. Бу сапар жолу болбоду. Бирок, ортодо сыгыла берип, бир азыраак ысып алды. Бешенеси тердеди. Ал жеңи менен терин сүртүп, чөнтөгүнө кол салаары менен ыраңы бузула түштү: «Ах» деди ал. Караса чөнтөгү куруп калыптыр. Баягы көзгө жылуу көрүнгөн кол капты дагы бирөө согуп кетиптир. «Уурулук менин колумдан келбейт окшойт, уурулук мага жакпайт окшойт» деп, өзүнчө күбүрөндү да кийин уурдап алганын сол колуна кийип алып, анан топко кирбегенине өкүндү. Бирок, иш өтүп кеткен эле. «Бул менин биринчи жана эң акыркы уурулугум болсун» деди өзүнө өзү сөз берип.

Эки-үч күндөн кийин Мураттын шинели тизесине жетпей чолтойгону менен колу жыргап калды. Жолдошторуна болгон окуяны Мурат айтып бергенден кийин өз ара күлүштү. Анан, эмнеден колкап жасоону Сактан ойлоп тапты. Эң оболу өзү шинелинин этегин кесип колкап жасады. Кийин, Жапар, Эдилбек, Михаил, Мураттарга жардамдашты.

— Биздин калла Кара-Суупу көргөн калла — деп, көптү көрүп көптү билээрин мына ушу жерде да айгинеледи.

* * *

Лагерде комендант, конвой жана кароолдордон башка немецтер да көп болчу. Бирок, ошолордун ичинен Франц менен Шмидт бат эле туткундарга таанылып кетишти. Алар көбүнчө туткундарды жумушка жиберип, жумуштан кайтканда кайра кабыл алып туруучу. Анан, бош убактыларын бараактарды шимшилеп жүрүү менен өткөрүшөөр эле. Эки ооз сөзүнүн биринде «Гольд ист? гольд ист?»* деп калышчу. Мурат мурда ага анчейин түшүнө берчү эмес. Көрсө «гольд» дегени «алтын» дегени турбайбы. Аларга алтын керек экен го. Башы бышпаган Мурат ага да түшүнө бербей, бул иттерге кайдагы алтын болсун деп, эки-үч жолу кыжаалаттанган. Күндөрдүн биринде ал капысынан дагы өлүктөрдү көмүүчү командага дуушар болуп, бир нерсе дешке шылтоо таба албай калды. Бардык иш мурдагы мүнөздө эле өттү. Бир гана өзгөчөлүк, бу сапар балкайган, балкайган туткун менен Франц көрүстөнгө кошо барышты. Туткундар өлүктөрдү арабадан түшүрүп, баштагыдай аңга ыргытпай, жерге чалкасынан тизип коюшту. Мурда мүрдөлөрдү көмүүгө катышкан Мурат бул жолу да таңдана баштады. «Эмнеге минтишет? Же ушу үстүлөрүндөгү ички кийимдерин да чечтирип алат бекен?» деген ойго келди. Анан аларды конвойлор ары айдап кетип, мүрдөлөрдүн жанында Франц менен баягы эки туткун калды. Арадан канча убакыт өткөнүн Мурат билбейт. Бирок, конвойлор буларды кайра көрүстөнгө айдап келгенде өлүктөрдөн башка тирүү жан жок эле. Мүрдөлөр кандай болсо, ошо бойдон жаткан экен. Тигилер Мурат ойлогондой буларды чечиндирбептир деле. «Кызык» деп, Мурат ичинен күүшөп алды. Бирок, жанындагы туткундан бирөө тиштерин кычыратты. «Сволочи» деп калды.

— Эмне болду?

— Эмне болду? — дешти шериктери. Тиги кабагын бүркөп:

— Жаткандардын ооздорун карагыла — деди эрдин тиштене. Эми Мурат көргөн көзүнө ишенбей турду. Чачтары тикеленди. Мүрдөлөрдүн ооздору ачылып, эки-үчөөнүн эктери кемширейип калыптыр. Франц менен Шмидт издеген «гольд» өлүктөрдүн оозунда турбайбы. Бу иттер адамгерчилик деген сапатты жоготуп коюшкан го. Өлгөн кишинин тиштерин чагуу эмне деген кеп? Мураттын эси ооп, оңго келалбады.

— Лос, лос — деди немецтер.

— Кана, тигилерди аңга ыргыткыла — дешти полицайлар.

Мына ушу күндөн кийин Мураттын фашисттерди жек көрүүсү дагы артты. Ал эми өлүүнү ойлобой калды. Кантсе да, эптеп жанын сактоо менен бир эбин таап, лагерден качууну, анан немецтерге каршы күрөшүүнү алдына максат кылып койду. Ошо күнү көрүстөндөн кайткандан кийин өзүнө өзү ант берди. «Мен өлүүгө тийиш эмесмин. Мен бул дүнүйөкор, адам жегичтер менен күрөшүүм керек» деп, ичинде эчен ирет кайталады. Бул ою немецтерге билинип кала турган өңдүү чочулап, аны жолдошторуна да айтпады. Тек гана «кези келер. Ошондо көрө жатарбыз» деп койду.

Дагы күндөр өтө берди. Суук күчөп, туткундардын үшү кетти. Бир күнү немецтер, полицайлар туткундарды барактардан урун-согуп айдап чыгышты, Мурат, Жапар, Сактандар тополоңдо бири биринен бөлүнүп кетишип, ар кимиси ар жерде катарда туруп калышты. Анан алдыңкы катардан сүрүп, сыртка айдап, ар бир туткундун колуна бирден нан берип жатты. «Оо, башка жакка жөнөтөт экен. Болбосо бир кишиге бир буханкеден нан берет беле?» деген шыбыш кетти. Ал оздон оозго өтүп жатты. Кээ бирөөлөр ошо нанга жетүүгө алга умтулса, кээ бирөөлөр артка сүрүлүп, эмне болсо да кетпей калуунун ыгын издешти. Мурат араздан сүрүлүп отуруп, артка кетти. Миңдей кишини сыртка чыгаргандан кийин калгандарды барак-барактарга таратып жиберишти. Мурат ордуна келип, Сактанды көрдү. Михаил, Жапар Эдилбектер жок. — Буларга эмне болду? Арттараак калышып, даараткана жакта жүрүшөбү? Же... же... — деп, Мурат сөзүн аягына чыгара албады. Сактан да чочулап калды. Экөө бирдей ордуларынан туруп, сыртка чуркашты. Бөлүп алган туткундарды лагерь алдындагы бош аянтта немецтер ороп турушкан эле. Балким, ошолорго кошулуп калышса, жок дегенде кол булгалап коштошуп калышар. Экөө биринен бири озуп, чуркап келишкенин менен тиги жер аңгырап калган экен. Михаил,

Жапар, Эдилбектер ошентип, кайдадыр белгисиз тарапка айдалып кетишти. Мурат менен Сактан буерде үн-сөзсүз көпкө турушту. Качан гана тиштери шакылдап, ээктери ээктерине тийбей калганда, баракка жол тартышты. Баракта туткундар бир аз сейректей түшкөнү менен баягы бака-шака, баягы ызы-чуу. Булар буерге келишээри менен бүктүшүп жата кетишти. Мурат бир аздан кийин тизесин улам-улам шинели менен кымтууга аракет кылып көрдү. Чолок этек шинели бирде аякка, бирде быякка тартылып, аны ороп калууга жетпей жатты. Анан Мурат Сактанга ыктап жылып, бир аздан кийин тыноосунан дем алып калды. Уйкуга кеткен өңдөндү. А Сактан болсо, сулк этип бир тийген боюнча, ордунан козголбоду.

* * *

Кар лапылдап жаап туруп, анан, шамал жүрө баштады. Эртеңки текшерүүдөн кийин Мурат туура эле баракка келип, нарга көтөрүлдү. Алган нанына туз септи да, анан аны жай отуруп жешке өттү. Жыгачтын пырын кошкон жүз элүү грамм нан адамдын жумуруна жук болбойт экен. Кийин кечке омсоңдошуп, ичегилери ышкырып жүрүп, күндү өткөрүшөт. Капысынан жумушка барып оор ишке дуушар болсо, кечкурун буттарын лагерге араң эле сүйрөп келишет. Ачкачылык. Ачкачылык. Лагердин сыртында оокат төгүлүп-чачылып жатса керек. А бул жерде аны көзгө сүртүүгө жок. Туткундар кийин лагерге туз алып келчү болушту. Складда иштеп калганда алышса керек. Анан тузду нанга сээп жешти үйрөнүштү. Мында да анын эки түрлүү натыйжасы бар экен. Биринчиси — туз сыйпалган нанды жеп, кечке чейин суу ичпей жүрүү керек. Анда чаңкагансып, токсурап, ачкалыгы анчейин билинбей жүрө берет. Экинчиси — андай нанды жегенден кийин чаңкаганда суу ичип койсо заматта өлөт. Анткени, ошо күнү эле адамды ак шишик каптайт. Анан эң көбү эки-үч күндө күпчөктөй болуп шишип кетет да, бу дүйнө менен оңой эле коштошот.

Мына, азыр Мурат нанга тузду сээп жээри менен Сактандын келишин күтпөй эле ордуна үч бүктөлүп бүжүрөп жата кетти. Күндүзү уйку кайдан келсин. Ал тим эле эптеп күндү өткөрүү үчүн жатты. Эшикке чыкса суук. Отурса туткундардын кыжы-кужусу. Булардын баары аны тажатып бүттү. Кээ-кээде лагерге жаңыдан түшкөн туткундарды алып келген учурлар болот. Аларды эски туткундар ортого ороп алып жаңылыктарды сурашат.

— Биздикилер кантип атат? Деги немецтерди токтотууга күч барбы? — дешет.

— Калининди алды, Можайскини алды, Туланы ороп баратат. Бизде дагы эле күч аз. Бир жерде контрчабуулга өтүп, курчоодо колго түшүп калдык — дешет жаңылар. Бирок, алар:

— А силер кандайсыңар? — деп, сурашпайт. Анткени баары көз алдыларында жайнап турат. Жыйылган өлүктөр, сасык барактар «эрзац» нандар. Буларды көрүп, жаңылардын үрөйлөрү учат. «Биз да ушулардай болобузбу?» дешип чочулашат. Анан арадан беш-он күн өтпөй эле лагерде бирдей көрүнүш байкалып калат. Ушу жатышында Мурат фронттон бир кабар угууну эңседи. Бирок, жаңы келгендер жок. «Ылайым, мындан ары келишпесин» деп, күбүрөнүп тиледи. Анан, көздөрүн жумуп, эли-журтту эстеди эле алтын тиштери чагылган өлүктөр менен Франц көз алдына жайнай түштү.

«Ай, акмак», деп, Мурат бир силкинип алып, ордунан турду. Нарга чыгып келаткан Сактанды көрүп, көздөрү чоң-чоң ачылды. Анан:

— Жол болсун, дос — деди ал бир алдын таңдана. Анткени, Мурат иш мындай болот деп мурда күткөн эмес эле.

— Эмне кылабыз. Азыр жанды сактап калуу керек,— деп, Сактан Муратка тике карай албай, жалтактап кетти. Анын карысына ак чүпүрөк тагылып калыптыр. Ал барактардагы полицайлардын белгиси. Алар бактарга карашып, андагы адептүүлүктү сакташуу керек. Немецтер аларга 50 граммдан нанды ашыкча беришет. Анан барактын ичиндеги мешке туткундар тапкан-ташкандарын бышырса, полицайлар ошолордон «кепсен» алып турушат. Баракта бирөөлөр аларга терс сүйлөсө, өздөрү урат, анан тиги немецтер келгенде, дубинка менен сабатып коюу да ушулардын колунан келет. Жапар, Эдилбек, Михаилдер болгондо да, Сактандын минтип кетишине анчейин маани бербейт эле. Эми эмне кылат? Ал Сактанга ачуулуу карады да:

— Эл катары эле жүрсөң, жаныңды сактай албайт белең? — деди.

— Унчукпа, педагог. Пайдам тийет. Сага жардам берем? — деп ал арсактады. Ага карысына тагылган ак чүпүрөк өзгөчө көрүнүп турган өңдөнду. Мурат тигинин айтпай дебей иш кылганына бир эсе таарынды. Анан «бул акмакка таарынсаң ошону билет беле?» деп, унчукпай калды. Барактын полицайлары үчүн эң жогорку нардын четинде фанера менен тосулган орун бар. Азыр Сактан ошо-

го кетүү керек. Мурдагы «полицайлар» Германияга жөнөтүлгөн туткундар менен кошо кетишкен турбайбы.

— Болуптур Мурат, капа болбо. Бир баракта эмеспизби. Мен сага тим эле айтып коёюн деп келдим эле. Куттуктайт десе, сен тыржыясың. Ушул адатың жаман. Мен кеттим эмесе — деп, ал нардан түшө баштады.

— Болуптур — деди Мурат арац эле эрдин кыбыратып. Эми бардык тааныштарынан ажырап, жетимсиреп, эмне кыларын билбей, өпкөсү толуп отурду. «Эх, бактым, шордуу бактым» деп, ал баштарын мыжыкты. Оң тарабына карап, Сергей, Семен деген орустарды көрдү. Көптөн бери катар жатышат. Сол тарабында эки-үч орун бош калган экен, алдыңкы нардан бирөөлөр көтөрүлдү. Тааныш намангандык да жок. Кетсе керек. Тигилерди көрүп жүргөнү менен жакындан таанибайт.

Эки-үч күнгө чейин Сактан буларга баш бага коюп, кээде Муратты тамашага салып жүрдү. Бир жолу бышырылган төрт картошка алып келип берди. Мураттын ичи жылыбады. Бирөөлөрдөн зордук кылып тартып алган картошка Мураттын тамагынан бүкүлү-бүкүлү өтүп, ошо бойдон аш болбой кайра түшүп калган өңдөндү. Кийин Сактандын өзү да буерге кем келчү болду. Анын аты баракка тез эле тарап, ал баарыга өзүнүн митаамдыгы, ырайымсыздыгы менен таанылып кетти. Бирөөлөрдү жок шылтоо менен беттен ары коюп жиберүү, же ичке тээп жиберүү ага эч нерсе эместей көрүндү. Бондаренко деген экөө издешпей табышкансыды. Сактандан заарканган туткундар Муратка терс карашып, аны айланып өтчү болушту. Алардан Мурат сөз сураса, тигилер же кыйылып атып жооп беришет, же терс бурулуп кетишет. Бизде өздөрү катар жатышкан Семен менен Сергейге:

— Силер эмне үчүн мага сүйлөбөйсүцөр? Же мен силер менен урыштумбу? — деди Мурат. Семен бир карап алып, анан вешмешогун аңтарымыш болуп, жооп бербеди. А Сергей болсо, бир азга ойдолоп отурду да:

— Саша зверь — деди (полицай болгондон кийин Сактанды «Саша» деп атап калышкан эле). Башка сөз сүйлөбөдү. Эртеси күн да күпсөрлөнүп, шамал ырылдап аткан экен. Мурат сүрүлүп отуруп, жумушка баруучу катарга жетти. Бирок, кимдир бирөөлөр аны улам-улам эле артка сүрүп жиберип жатты. Сакчылар жумушка алып жатышты. Ондон, жыйырмадан, элүүдөн туткундар сыртка чыгарылат. Анан аларды сакчылар ороп кетип, көздөн кайым болушат. Күн кыйгач көтөрүлүп баратты. Келген сакчылар да сейректей баштады. Артка сүрүлбөгөндө, Мурат бая эле

ишке кетмекчи эле. Эми эмне кылат? Баятан бери умтулуп аракеттенгенин текке кетеби? Жок, антүүгө тийиш эмес. Мурат дагы күчүн жыйнап, алга сүрүлүп көрдү. «Эй, черный куда ты лезешь» деп, бирөө аны артка сүрүп койду. Жумушка баруудан да Мурат үмүтүн үзүп, ал катардын четинде эмне кылаарын билбей, эндиреп, эси ооп турду.

— Ой, эй, тигинде сени чакырып атат,— деди бирөө кедин быкынга түрттү, Мурат кыялдан ойгонду.

— Азиатен... азиатен — деген үн укту. Ал эмнегедир тааныштай туюлду. Мурат дарбазанын сыртынан үчкүч сакчыларды, мурда эки-үч самолёттордун моторун оңдоочу заводго алып барып жүргөн сакчыларды, анын ичинен орто жашап калган жоош, немецти көрдү. Ал колун булгап:

— Ком... ком хиер — деди Муратка. Анан эшик алдында турган Шмидтке бир нерселерди айтып бакылдады. Шмидт да башын ийкеңдетип, «лос, лос» деп койду. Мурат жыйырма киши менен жумушка жөнөдү. Ал жолдо баратып, заводду көз алдына келтирди. Анда Мураттар али күч-кубаттан тая элек болчу. Тиги балпайган жоош немец эмнени көрсөтсө, Мурат айтканындай, тез иштеп коюп аткан. Туткундардын ишине сарасап салган эме эки жолу келип. «Гуд... гуд, арбайтен»* деп далысынан таптап койгон. Түштө суюк аш ичишсе, жумуштан кайтаарында жанагы солдат жарым буханке нан берген. «Башкалар буга тийбегиле» деп, шериктерине эскерткен.

Мына бүгүн Мураттын бактына дагы ошо солдат туура келди. Буга Мурат сүйүндү. «Немецтердин арасында да, жакшы кишилер бар экен го» деген ой Мураттын башына биринчи ирет келип, ага өзү да таң калды. Тиги четте бараткан тааныш солдатка карады: Эмнегедир, ал башка сакчылардан өзгөчөрөөктөй көрүнүп кетти. Бирок, Мурат кайра ичинен оңтоп алды. «Бүгүн тигинин көрсөткөн ишин ойдогудай аткара алабы, жокпу? Жалпы эле жумушка кубаты жетеби, жокпу?» бул суроолор Мураттын жүрөгүн өйүдү. Жолдо эки-үч латыш кемпири кагазга оролгон бирдемелерди туткундарга берүүгө ниеттенип, катарды жандай басты эле баягы сакчы тигилердин колунан оролгон эмелерди алып, четте бараткан туткундардын бирине карматып «баарыңар бөлүп алгыла» дегенсиди.

Аңгыча заводго да жете келишти. Буер азыр тартипке келтирилип, завод ишке киришиптир. Мурат ага сүйүнгөн жок. Ага күйүндү. Ичин ит тыталагандай болду. «Буерде оңдолгон ар бир мотор бирден самолёт болот. Ал самолёттор дагы биздикилерди бомбалап, атып жерге корголотот. Бул жакшы эмес» деди ал ичинен.

Өткөндөгүдөй эле буларды заводго киййрбеди. Коргондун ичинде иштөөгө туура келди. Азыр эски тосмодон алынган тактайлардан мыктарды суурутуп, аларды түздөтүп жатты. Муратты бир жерде отуруп, суурулуган мыктарды түздөөгө буюрду. Ал тынымы жок кыймылдап, ийрейген мыктарды түзөтүү менен түшкө чейин дем албады. Баягы жоош солдат эки жолу келип «гут арбайтен азиатен» деп кетти. Түштө оокат беришти. Мурат эки-үч ууртап, калганын сактоого ниеттенди. Сыртта карап турган солдат дагы Мураттын жанына келип:

— Эссен, эссен — (ж...же) — деди. Мурат:

— Лагерде кечкисин ысытып жейм — деп, эптеп тигиге түшүндүрдү. Ал:

— Ах, зоо,— деп алды да, кийин Муратты оокатты ичип, котелогуңду бошот дегенсиди. Мурат заматта котелогун бошотуп, жанында турган крандагы сууга жууп жиберди. Солдат көп өтпөй эле котелогун горох боткого толтуруп келди. Туткундар аны акыйып карап калышты. Бирок, тиги солдат «буга тийбегиле» дегенсиди.

Кечкурун Мурат боткону ысытып тоюнган өңдөндү. Анан Мурат күнүгө ушу команда менен ишке барчу болду. Ал жумушка тизилген катардын четинде турат. Заводдун сакчылары келгенде «оо, азиатен, ком... ком» деп калат тиги солдат. Аны Шмидт да билет. Кээде жактыра бербегенсип: «лос, лос» деп колундагы дубинкасы менен Муратты жонго чаап өткөрөт. «Өлүп кетсин» деп коёт Мурат ичинен.

Мына бүгүн төртүнчү жолу төртүнчү күнү тааныш сакчыларды күтүп, Мурат көпкө турду. Макс жана анын жолдоштору келбеди. «А балким кечигип калышса керек. Эми келип калышар» деген үмүт менен Мурат суукка чыдап, ары-бери басты. Жумушка кеткендер кетип, калгандарды таратып жиберишти. «По бракам, по бракам» деп, Шмидт кыйкырды. Франц, Шмидт жана башка лагерде иштеген немецтер орусча анча-мынча сөздөрдү үйрөнүшүп, орусча кыйкырууну адат кылып алышкан болучу.

Эртеси Мураттар заводго келгенде бир нерсеге таң калышты. Заводдон он беш метрдей жерде зор аң пайда болуп, терезелердин айнектери күбүлүптүр. Туткундар айланасына карашып, мындан эки-үч күн мурда биерде эмне болгонун айттырбай эле билип, бири-бирине карап тим болушту. Аны байкап калган Макс эмнегедир берки шериктерине угуздурбай... «Русски... русски...» деди шыбырап. Мурат буга божомолдоп түшүнүп койду.

«Атаганат, атаганат, он беш метрге бомбанын өтүп түш көнүн кара. Болбосо заводду талкаласак экен» деп ичинен

окуйду. Анткени менен фашисттер «Ленинград капут, Москау капут, Шталин капут» деп атышканда, советтик учкучтардын Ригага келип мындагы заводдорду бомбалаганы Муратка тим эле канат байлаттырды. Эмнегедир, «али биздикилер капут эмес экен» деп, кыргызча күбүрөнүп алды. Түштө Мурат туткундарга келип кошулуп калды. Макс ага бир карап алып, «иш бүттүбү?» дегендей болду. Мурат башын ийкеди.

«Мотор оңдоочу заводду биздин самолеттор бомбалаптыр» деген кабар лагерге заматта тарады. Сактандын кыдык жоругунан улам Мурат менен араздашып жүргөн Сергей менен Семен да, биринен сала бири:

— Мурат, бомба түшкөн жерди өз көзүң менен көрдүңбү?

— Заводго тийбей калыппы?

— Терезелердин айнектери күбүлүппү? — деп жатышты.

Мурат эмнени көрсө, ошону төкпөй, чачпай айтып берди. Туткундар көкүрөктөрүн кере дем алышып, кубанычтарын коюндарына сыйдыра албай олтурушту.

— Риганы бомбалап калса, демек, немецтерди токтотушкан экен. Эми бир чоң чабуул болууга тийиш. Ошонун алдын алып, бир эсе чалгындап, бир эсе керектүү объектилерди иштен чыгаруу үчүн бомбалап атышкан экен го — деди Семен.

— Даа-аа, пожалуй... — деп алды Сергей. Ушул учурда жогорку нардан Сактан түшүп келди. Муратты ороп турган туткундар бир-бирден тарап кетишти.

— Эмне деп атасың, сен? — деп Сактан Муратка кыйгыч карап. Сактандын сөзүнүн тонунан Мурат чочуй түштү.

— Биздин учкучтар немецтердин заводун бомбалаптыр. Тигилерге ошону айттым — деди Мурат.

— Мм-да-аа — деп, Сактан бир азга ойлуу турду да, тамеки ороп тартты. Анын түтүнүн эрдин үшкүрүк кылып үйлөдү, кийин:

— Вот, что Мурат, сага айтып коёрум. Дагы жанагиндейтип, болтайт эте бербе. Аны немецтер жаман көрөт. Эгерде билип калса, жонуңа жыйырма беш розга тиет,— деди.

— Сен билдирбесең эле башка ким айтат? — деп Мурат тигиге сөз тийгизе сүйлөдү. Сактан тамекисин кандайдыр кыжырдануу менен соруп-соруп алды да:

— Болуптур. Мен айтпайм дечи. Курсагыңар кантип атат? Ачка болсоң кир. Бир аз картошка бар... — деди да сыртка чыгып кетти.

* * *

Декабрдын орто чени. Ригага жылдагыдан кар калың түштү дешет. Лагердин ичин туткундарга күрөтүп, күрөндүлөр скирдделген чөптөр катар-катар үймөктөлгөн. Комендант ар күнү эртең мененки текшерүүгө чыгат. Катарга турууга кечиккен туткундарды полицайларга карматып алып, аларды же дубинка менен сабатат же тиги үймөктөлгөн күрөндүлөрдүн түбүнөн атайы оюлган тешиктер аркылуу сойлотот. Андай тешиктер тушма-туш оюлган. Бир сойлогон адам беш-алты күрөндүдөн өтүү керек. Кээде буерде алты-жети кишини катар сойлотушат. Ким башта чыгып кетсе, ал жазалоодон бошотулат. Калгандары кайра-кайра «жарыштырыла» берет. Туткундар жазадан кутулуп калуу үчүн жан-алы калбай, тешиктерден биринен бири өтүп, сойлоп жатканда, немецтер тим эле сандарын чапкылап күлүп, жыргап калышат. Эң артта калганды дубинка менен жонго чаап, жолго түшүрөт.

Бир күнү Мурат эмнегедир буйдалып, пайтобосун ороно албай, эртеңки текшерүүгө кечигип, колго түшүп калды. Андайлардан бешөөнү топтошту. Бир жагы ток бир жагы жеңишке көөп турган немецтерге эмне керек? Аларга оюн керек. «Жарыш» башталды. Мурат алгачкы ирет экинчи болуп чыкты. Дагы бир аракеттенсем кутулуп кетем деген ойдо, экинчи жолу да жан-алы кабай сойлоду. Бирок үчүнчү күрөндүдө бир бутундагы жыгач кепичи суурулуп калган экен пайтоосу чубалып чыкты. Ал кайра сойлоп, кепичин алуу менен бул жолу эң артында калды. «Эми акылдап сойлогонум аз келгенсип араң жүргөнүмдө таяк да жейт окшоймун» деп, өзүнчө чочуп алды. Жондоруна дубинка тийген өңдүү тызылдады эле Мурат дагы жанын үрөдү. Сойлоордун алдында жыгач кепичин пайтобосу менен бутуна чырмады. Ал канткени менен, бу сапар экинчи болуп араң чыкты. Эң акыркы эки кишинин жарышы немецтерге кызык. Бул экөө өлүп кетээрине карабай сойлошот. Анткени, ким артта калса, анда талаш жок, ал таяк жейт. Мурат өпкөсүн басалбай туруп, тиги шеригине карады. Ал эмнегедир өзүнөн бакубат, албеттүү эмедей көрүнүп кетти. «Шорум катып, эми таяк жейт экенмин» деген ойдо команда берилээри менен чуркап, биринчи күрөндүдөн тигинден арттараак чыкты. Экинчиде барабарлашып, калган өңдөнду... Бешинчиде тиги да мурда чыгып, эмнегедир артына карай шуңгуп кирип кетти. Анын да жыгач кепичи суурулуп калса керек. Мурат эң акыркы күрөндүдөн суурулуп чыгып, өпкөсүн баса албай, бир аз сендиректеп туруп, анан

суналып жерге тийди. Күйүгүп калса керек. Эки туткун колдон алып кетип, катарга тургузду. Ал көзүн ачканда жаңы эртте калган эмени атайы коюлган скамейкага көмкөрөсүнөн жаткырып, сабай баштаган экен. Мурат колдору менен колдорун басып калды. Эми таяк жеп жаткан туткунга боору ачып, «оюнуңар менен жерге киргиле» деп, ичинде немецтерге наалат айтты.

Анан, дагы туткундуктун оор күндөрү өтө баштады. Лагерге жаңыларды алып келишти. «Немецтер бара жатышат. Биздикилер да күч менен контратакага чыгат. Натыйжасы мына биз. Биз бир жерде өжөрлүк менен алдыга кеткен экенбиз. Артыбыздан колдоо жок, кийин курчоого түшүп калдык. А силер, буерде кандай? Немецтер кандай мамиле кылат» деп сурашат. Туткундар жер карап, шылкыйышат. Ача, арык тыртайган эмелерди көрүп, жаңы келгендердин үрөйү учат. «Кантип эле... кантип эле биз дагы ушул абалга келебиз» дешкенсишип тунжурашат. Декабрдин акыркы күндөрү эмнегедир немецтер лагердин аянтына коюлган шыршаны алып коюшту. Анан, Франц деле, Шмидт деле «Кальт-винтер кальт» деп сөгүнө берчү болушту. Эң оболу кулактарын пилоткалары менен жашыра коюп жүрүштү эле эми жылуууланып кийине баштады. Лагердин айланасында постто туран немецтер буттарына саман корзинкаларды кийип, кулактарын бирдемелер менен ороп чыгышчу болду. Немецтер мурдагыдай «Ленинград капут, Москау капут» деген сөздөрүн кем айтчу болуп кетишти. Муну байкаган туткундар өз ара топтолушуп: «Бир кеп бар, бир кеп бар» деп күбүрөшөт. Туш тарапка кулактарын түрүшөт. Лагердин ичи дүлөй.

Мурда туткундар өздөрү жумушка умтулса күн суук боло баштагандан кийин немецтер зордоп, уруп-сөгүп айдап чыкчу болду. Көп өтпөй Семен өлдү. Анан Сергей менен Мурат бири бирине ыкташып, экөө жакын болуп кетишти. Бирде Сергей жумушка барып калып, эки котелогдой картошка алып келди. Мурат Бондаренко менен Сактанга картошка берип, кезек алуу менен аларды бышырды. Сергей экөө тоюна жешпесе да өзөк жалгашып, эртеңкиге да азырак картошка калтырышты. Бирде Мурат жумушка чыгып калып, үч папирос таап келди эле. Бирөөнү Сактан жулуп кетти. Экөөнү Сергей наңга оомштуруп келди. Сергей армияга 1939-жылы чакырылган Челябинскилик жаш орус жигит. Ал ак көңүл эме экен. Бат эле Муратка ыктап бир күнү... «Слушай, Мурат, сенин шеригиң өлдү, менин шеригим да өлдү. Ушундай жүрсөк, экөөбүз да өлөбүз. Давай, андан көрө бири-бирибизге жардамдаша жүрөлү. Көрдүң-

бү? Ар күнү барактан эки-үч, лагерден жыйырма отуз өлүк чыгып жатат. Абал жаман» деген. Анын сөзүн Мурат эп көргөн. Мына эми экөө жакшы эле оокат кылып калышкандай болушту. Мурда Сактан анча-мынча картошка бере койчу эле эми алар өздөрү да тоюнбай, тайган иттей баракты шимшишет. Мурат да ачка болгон күндөрү да барбайт. «Силерде тиги Саша, тим эле зверь... Ал да кыргызбы же?» деп сурайт Сергей. Мурат күлөт да, тамашага салып: «Ал кыргыз эмес, деп коёт. «Ошондой, ошондой. Башка өңдөнөт» дейт Сергей чын дили менен.

Күндөрдүн биринде Мурат эртең менен башын көтөрө албай койду. Эти от менен жалын, башы тең бөлүнүп баратты. Эти дүрр этип алды. Адамдын жаны ооруганда эч нерсе эсине келбей калабы, Мурат башын мыжыгып жатты. Сергей Сактанга айткан экен, ал келип:

— Мурат, эмне, ооруп калдыңбы? — деди нарга көтөрүлүп туруп. Мурат Сактанды көргөндө өпкөсү толуп, көздөрү каканактап кетти. Кантсе да жердеши эмеспи, ага акыркы сөзүн айтып калуу кыялына кылт эте түштү. Анан беттери албырып, ысып туруп:

— Сактан, менин адресимди билесиң го. Мен өлөт окшойм — дегенде, эмнегедир айткан сөздөрү жалдыроодой, жалбарынгандай туюлду. Мурат, кулактарын басып, сөзүн кайра баштайын дегенде, Сактан колун сереледи да:

— Болуптур. Адресиңди билем. Бир нерсе болсоң, билдирип коём. Мени тигинде чакырып атат — деп нардан түшүп кетти. Ушул учурда Мурат өлгүдөй арданып, эрдин тиштене ачуусун ичине жутту. Оозу кыбыр этсе эле өзүн токтото албай, бакырып ыйлап жибере тургансып турду. Анан, «Оо, Сактан, ит, сен өлүм алдында болгонуңда Михаил экөөбүз желкебизге салып көтөрүп келбедик беле. Эми менин тирүүмдө эле сен мени өлүүлөрдүн катарына кошуп, элге билдирип коём дедиңби? «Сен бир нерсе болсоң» деп, ушуну айтууга көзүм ачык турганда кантип дитиң барды? деп, ичинен калтырап титиреди. Мурат чүрүшүп, бир ууч болду. Сергей анын бешенесинен басып көрдү да:

— Сен жата бер. Мен эртеңки текшерүүгө барып келгенден кийин дагы бир нерсени ойлоп көрөбүз. А балким, ысытмаң кайтып калар деди нардан түшүп баратып.

Мурат ага ыраазылыгын билдирип, башын ийкегендей болду. Башы тим эле тең бөлүнүп баратты. Ал өрттөнүп, көкүрөгүн тытынып жатты. Ал: «суу... суу» деди. Баракта Мурат өңдүү ооруган төрт гана киши калып, калгандары эртеңки текшерүүгө кеткен экен. Тиги оорулуулардан бирөө бутуна араң туруп, котелогундагы сууну көрсөттү.

— Эки-үч гана уурта. Мен өзүм да өлүп баратам — деп, Мурат эки ууртады. Тигиге ырахмат айтты. Кийин уктап кетти бекен, бир маалда бирөөлөрдүн жетелеп баратканын сезди. Көздөрүн ачып, Сергейди, анан баткендик бир кыргыз жигитти көрдү.

— Мени кайда алып баратасыңар? — деди Мурат.

— Санпунктка... — деп койду Сергей.

— «Санпунктта башы ооруп, ысытмалагандарды бөлүп өтөт» дешти. Балким, анда сага жакшы болор — деди кыргыз жигит.

— Үшерде эле элдин арасында өлсөм болбойт беле?

— Жаман сөздү оозуңа алба. Балким айыгып кетерсиң.

— Ким билет?

Мурат кийин санчастка аны колтуктап, алып барганга чейин унчукпады. Суусап, таңдайы так этип, башы ооруп баратты. Санчастта эки-үч ак халат кийинген орто жашап калган туткундар бар экен. «Согуштук врачтар го» деп койду Мурат ичинен. Ушулардын алдына келгенде, ал үзүлүп бараткан үмүтүнө кайра илеше түшкөндөй болду. Үлбүлдөп өчүп бараткан өмүрү кайра кичине жандана түшкөнсүдү. Врачтардын бирөө Муратты скамейкага отургузуп, бешенесин сылап, тамырын кармап көрдү. «Эмнең ооруйт? Кантип ооруйт?» деп сурады. Экинчиси журналга аты-жөнүн жазды. «Өлсөм да белгилешсе керек. Буерде бир белги калат окшойт» деген ой башына кылт эте түшүп, кайра өчтү. Мураттын эки көзү тиги врачтарда болгону менен буерде дары-дармек, медициналык аспаптар жок, куру кабинет экенин көрүп, «Булар мага эмне жардам көрсөтө алат» деп, кайра үрөйү учту.

Врачтар бирине бири унчукпай бир азга карап турушту. Кийин бири эрдин тиштеп: «Эми башталды» деди. Мурат эмне башталганын, качан башталганын түшүнө албады. Анан жаны жер тартып, бою оорлошуп баратты.

— 15-баракка жеткирип койгула. Бул кагазды ошердеги санитарга бергиле — деди врачтардын бири Сергейге кайрылып. 15-баракта үч кабат нары болгону менен бар болгону он чакты гана киши жатыптыр. Муратты нардын экинчи кабатына бир бурчка чыгарышты. Сергей менен баткендик жигит Мурат менен коштошуп:

— Дагы келип турабыз — дешти.

— Эми буерге ооруп калбасаңар, келбейсиңер,— деди санитар.

— Буер эмне, изоляторбу? — деп, Сергей таңдана түштү.

— Тише — деп, санитар сөөмөйү менен эрдин басты да,

тигилерди эшикке чыгарып баратын, бир нерселерди айткандай болду. Ошондо Мурат өзүнүн жаман, жугуштуу оору менен ооруганын сезди. «Аа, жуккан экен да. Тагдырда эмне болсо, андан качып кутула албайт окшойсуң?» деп, ал өзүнчө онтоп алды.

Мураттын эти ысып, сөөктөрү какшаган өңдөнду. Ал чолток шинели менен улам-улам кымтууланып көрдү. Аракети текке кетти, шинел кымтууга жетпей жатты. Ал аргасы кеткенде кол каптарын алып, тизесине каптады. Аларды башына койду. Эч натыйжа чыкпады. Анан, баш оорусу күчөп, чекеси экиге бөлүнүп кете тургансып сезилди. Ал баштарын мыжыкты. Кийин бүткөн бою ысып, ага аба жетишпей, деми кыстыгып баратты. Френчинин жака түймөлөрүн чыгарып, көкүрөгүн жалаңдатты. Ошондо гана жаны бир аз жай алып, бою мемиреп, кирпиктери чапташууга өттү. Анан, анан өзүн гүл каптаган бир талаада жүргөндөй сезди. Айланасы кызыл-тазыл гүл болуп чыгып кетти. Ал гүлдөрдүн жыпар жытына магдырап, мас болуп, уктап баратты. Көздөрү сүзүлүп, колдору шалдайып, жаны ырахаттана берди...

* * *

...Эң оболу Мураттын кулагына кандайдыр бир чуу угулгандай болду. Кайра басылды. Бирөө ырдады. Кайра басылды. Мурат эсине келди. «Мен каерде жатамын? Эмне кылып жатамын? Эмне үчүн жатамын?» деген ойго келди. Анан, анан акырын бир көзүн ачты, экинчисин ачты. Баракта, нардын экинчи кабатында жатканын сезди. Ооба, ооба, буерге аны Сергей менен баткендик жигит алып келбеди беле? Анда бул барак бош, аңгырап жаткан эмес беле? Азыр ал оң тарабына көз жүгүрттү. Тынч, ооналактап жаткан туткундарды көрдү. Сол тарабынан нымдаша терден, карарып бараткан дубал көз алдына тартылды. Ал эми нардын асты-үстүнө кулак түрдү. Адам толодой өңдөнөт. Кээ бирөөнүн жөөлүгөнү угулат. Кээ бирөөнүн сөгүнүпкагынганы угулат. Мурат таң калды? «Менин буерге келгениме канча күн болду? Мен эмне үчүн өлбөдүм?» деп ойлоду. Келгенде эти ысып чыйрыгып, анан сөөгү какшаган эле. Башы ооруган эле. Ал азыр бешенесин басып көрдү. Ысытма жок. Баш оорусу да кайтып калгандай. Демек, Мурат өлбөптүр. Анын дагы көрөөр күнү, ичээр суусу бар окшойт. Ал ичинен сүйүнүп, алды. Анан, ордунан козголуп, чыканагына тургусу келди. Муундары титиреп, козголо ал-

бадан. Дарманы кетип, абдан алсырап калыптыр. Нардын экинчи кабатына бирөө көтөрүлүп.

— Ой, сен тирүүсүңбү? — деди. Мурат ушул баракка келгендеги санитарды тааныды.

— Канча күндөн бери жатам? — деп, Мурат тигиге жалбара карады.

— Бүгүн жатканыңа он эки күн болот. Сени биз өлөт дедик эле. Өзүңдү билбей жаттың. Сен кайсы улуттансың, өзүңчө бир нерселерди айтып аттың, түшүнсөм өлүп кетейин. Федор Максимович тамырыңды кармап, «тирүү» деп койот. Мен оозуңа анча, мынча баланда куюп турдум. Ушундай болдуң, эми өлбөйсүң,— деди тиги. Мурат баштарын ойлонуп, алда кандай ойго кетти. Он эки күндөн бери эсүүн билбей жатуу оңой иш эмес. Барак толуп кетиптир, баары оорулуулар. Эмне деген оору болду экен бул? Мурат жанында жаткан эмеге бурулуп:

— Эй жолдош, айтчы деги, эмне деген оору менен ооруймун? — деди.

— Тиф... тиф... — деп, тиги күбүрөндү. Анан, күнүгө баракка жаңы оорулууларды алып келет. Күнүгө өлгөндөрдү алып чыгып турат. Ушу баракта алгачкы оору күчөгөн күндөрү күнүнө элүүгө жетип өлүп атты дешти. Ушундай дагы үч барак тифониктер менен толгон имиш. Лагерди карантин жарыялап жапкан имиш. Лагерге немецтер кирбей койгон имиш.

Мурат таң калды. Ал карантин деген сөздү да ушул лагерге келгенде уккан. Жаңыдан алып келген туткундардан буларды карантин деп жарыяласа, полицайлардын күнү тууган экен го. «Бирөө өлбөй бирөө күн көрбөйт» деп калышат эле кыргыздар. Мына эми туткундар өлүп турса, алардын наңын, баландасын «полицайлар жеп жырган жаткан экенго» деди өзүнчө. Анан оокат ичкиси келип, курсагынын абдан ачканын сезди. Башында жаткан вешмешогун карап, эвак какшып калган котелогу менен кашыгын көрдү. Ангыча ар жактан «обед... обед» деген шыбыш угула баштады, кийин санитар термоздон баланданы жаткан бейтаптардын тоскон котелогдоруна куюп берип атты. Өз жаны менен алек болуп жөөлүп же сөгүнүп, болбосо сулк жаткандардын артынан бир-эки санитар кашык менен аларга оокат берип келатты. «Өзүбүздү өзүбүз ушинтип бакпасак, немецтер бизди өлүмгө таштаган турбайбы» деди Мурат ичинен. Термоздон санитар Муратка «сен көптөн бери жакшы тамактана элексиң, көп жесең, өзөгүңө түшүп өлүп каласың. Азыр ушуну ичип тур» деп, жарым чөмүч баланда куйду. Аны да Мурат араң ичти. Колдору зорго

кыбырап, үшүк урган картошканын бүкүлүсүн араң чайнады. Жаагы талыды. Бир аздан кийин жанагы санитар дагы азыраак баланда куюп берип кетти. Мурат жанында жаткан эмеге:

— Бул эмне, кеңиричилик болуп калганбы? Улам-улам оокат берип калыптыр? —деди. Шериги ага бир карап алды да:

— Өлгөндөрдүн эсебинен ичип атабыз. «Өлгөндөр көп, эми тирүүсүн эптеп, эсен сактап калуубуз керек деп бир күнү буерге келген врачтардын санитарларга айтып жатканын кулагым чалган — деди.

— Да-аа — деп алды Мурат араң жан эринин кыбыратып. Анан «чын эле бирөө өлмөйүнчө бирөө күн көрбөйт окшойт деген ойго келип, ал эми чалкасынан жатты. Сактан, Жапар дагы, дагылар көз алдына келди. Көбү буерде жок. Сактан, Сактан бар. Эмнегедир Сактанга карата болгон жек көрүүсү унутулуп, аны азыр көргүсү, аны менен сүйлөшкүсү келди. Ордунан көтөрүлүп, кайра жатты. Алы кетип, ошого да энтигип алды. Анан, этинин кычышканын, бирдемелердин этинде жүргөнүн сезди. «Өлүп бараткан этиме кайра жан кирип кычыштырып атса керек» деп ойлоду. Анан, ал эптеп чыканагына көтөрүлдү да отурду. Дубалга сөйөндү. Сергей менен баткендик жигит Муратты бурчка жакшы жаткырган экен, эми пайдасы тийип жатат. Тигилерге ичинен ыраазы болуп калды. Бирок, алардын өздөрү эмне болушту экен? Ооруштубу же соо эле жүрүшөбү? Мурат ооруп жаткан убакта, аларды буерге киргиздиби же жокпу? Ушундай ойлордон улам Мурат көздөрүн жумуп, бир аз ойго тунуп отурду. Бирок, этинин кычышканы күчөп, жонунан бирдемелер өрмөлөп, анын итиркейин келтиргенсиди. Ал ийинин күүшөп алды. Анан ары жактагыларга карады. Бирөө көкүрөгүн ачып тынып атат. Улам-улам «суу... суу...» дейт. Жанындагы шериги оозуна суу тамчылатат. Андан берки эме сулк эле жатат. Дем алганы да билинбейт. Мурат чочуп кетти. Тиги өлүп калса керек көпчүлүгү ушинтип катып калган экен го. Мураттын жанындагы эме отуруп, френчин чечип алып, аны ички тигиштерин карап атыптыр. «Бит... бит...» Мураттын жүрөгү дүрр эте түштү. «Жанагы кычыштырып, жөрмөлөп жаткан бит болсо керек» деген ойго келди. Тиги шеригинен сурабады. Сураса анын эмне дээрин билди. Ошондуктан Мурат эми өзүнчө аракетке келди. Ал эң оболу үстүнө жамынып жүргөн пальтосунун ичин карады. Анан оңо караган бойдон ага көпкө-көпкө тигилип турду. Көздөрүн ачып-жумуп алды. Бир эмелер тим эле быжырап көрүндү. «Ушулардын

баары битпи?» деген ойго келди ал. Анан френчин, ички көйнөгүн чечти. Булар тим эле кароого оор. Мурат эмне сөлөйрап, кантип жоготоорун билбей турганда, жанындагы шериги:

— Эх, достум, немецтер калып эле, эми бит менен күрөшмөк болдук. Колуң менен эч нерсе кыла албайсың. Бул паразиттерди бүгүн терсең, эртең дагы эле ошо бойдон кайра чыга келет. Мен буларды эң оболу мына бу таш менен жанчкамын — деп баш жагынан муштумдан чоңураак ташты алып берди. Анан:

— Ушуну менен кийимди полго коюп, катары менен майкандап чык. Болбосо бүгүн кутула албайсың,— деди.

Мураттын эси ооп туруп, анан ташты алды...

Кийинки күнүгө эртең мененки оокаттан кийин кийимдерин бир сыйра чечишет да таш менен жанчып чыгат. Баары бир кечке жетпей эле бит кайра көбөйүп кетет. Барактын ичи кыжылдаган бит өңдөнөт. Алар ансыз деле араңжан жаткан эмелердин калган, каткан канын соруп, тим эле өнүп-өсүп жатышкандай туюлат.

Күндөр өтө берди. Өлгөндөрдүн эсебиненби, айтор санитарлар тирүү калгандарына баланданы бир жарым чөмүчкө чейин куюп беришет. Жаш адамдын организми да өзгөчө болсо керек. Мурат күндөн күнгө жанданып, күндөн-күнгө кыбырап, кийин эшикке өзү кирип-чыгып калды. Барактын бурчундагы парашка каттоону койду. Кыш кыйгачтап, апрелдин аягына жеткен кезде врачтар ооруларды аралап, айрым айыгып, өзүнө келип калган бейтаптарды жалпы лагерге чыгара башташты. Бир күнү Мураттын ден-соолугун көрүшүп, «Эми өлбөй турган болуп калыптыр», дешип, барактын врачын чакырышты.

— Мурат Маматовду эртеңден тартып, жалпы баракка чыгар — деди врач. Муратка кошуп, дагы бир топ кишилердин тизмесин беришти. Мураттын көз алдына дагы баягы жалпы барактар, Бондаренко, Сактандар көрүндү. «Кызык, Сактан ооруду бекен же ага оору тийбеди бекен?» деди өзүнчө ойго тунган Мурат.

— Эй, ветеран тифозник — деген үндөн улам Мурат нардан түштү. Санитар. Ушу баракка Мурат жаңы келгендеги санитар. Алгачкы ооруп келгендердин көбү өлүп кеткендиктен Муратты тиги тамашага алып: — Сен тифозниктердин ветеранысың — деп коёт. Мурат бейтаптарга оокат берүүдө ага жардамдашат. Полду сүртөт. Азыр да: «бир ишке жардамга чакырып жататко» деген ойго келди Мурат. Полго түшүп, тигини тапты. Ал Муратка карап туруп:

— Сени жалпы баракка кетиришмек болду. Эгер кааласаң,

ушерде кал. Мага жардамчы болосуң. Мен Борис Ефимович менен сүйлөштүм... — деди. Мурат жок демек беле. Ошентип, өзү тифтен кутулгандан кийин тиф менен ооругандарды тейлөөгө өттү.

* * *

Майдын аяк чени. Лагерден карантин алынып, туткундар мурдагы барактарына кайра келишти.

— Оо, Мурат, сен өлбөдүңбү? Мен сени качан эле өлсө керек деп ойлогон элем — деп тосуп алды Сактан. Мурат аны ичинен жаман көрүп, ага таарынып жүргөнү менен азыр жакын агасын көргөн эмедей бир алдын жашып кетип, көздөрү каканактады. Анан, ал өзүн токтотту:

— Деги өзүң тирүү барсыңбы? — деди Мурат.

— Мен өзүм тирүүмүн... Мага оору тиет беле? Бондаренко өлдү, сенин Сергейиң өлгөн имиш, баткендик досуңду да өлдү дешти. А мен тирүүмүн. — Сактан жылмайып койду. Ал бир аз эттенип алыптыр. Курсагы ток өңдөнөт, сыягы. «Сени жер алат беле?» деген сөз тилинде ‹сомдолуп келгени менен Мурат аны купуя калтырды. Кийин:

— Дагы эле өлүм-житим көппү? — деп сурады.

— Башкасын билбейм. Өткөн жылдын декабринде карантин жарыялап, лагерди жапканда алтымыш жети миң туткун бар имиш экен. Эми он алты миңи калды дешет — деди Сактан сыягы эч нерсе болуп өтпөгөндөй мүнөздө. Мураттын чачтары тикеленди. Элүү миңден ашык өмүрдү лагер жалмап коюптур. Оңойбу? Элүү миңден ашык эне кара кийди, кайгыга чөмүлдү. «Оо, шумдук дүйнө» деп алды Мурат. «Сен, эмне ымтырайсың? Өлбөй калганыңа кудага шүгүр десеңчи?» деп, Сактан күлүмүш болду да, кийин «болуптур» дегендей ордуна чыгып кетти. Мурат нардын экинчи кабатынан орун алып, үңкүйүп отуруп калды. Ал көпкө чейин үн-сөзгө келбей, тилден калган эмедей отурду. Кийин вешмешогун башына коюп жата кетти. Ал жан-жагын да карабады. Ким болсо, ошо болсун, дегенсип, ага анчейин маани бербеди. Бирок, көп өтпөй, үч туткун келишти да:

— Эй, сен кайдан келдиң? Буер биздин орун — деди бири.

— Оо, бул тифозник окшойт. А ну, кет буерден — деп экинчиси Муратты бутунан сүйрөп, нардын кырына алып келип койду. Мындайда Мурат эмне кылат? Каршылык көрсөтсө, таяк жейт. Тигилер үчөө, а бул жалгыз. Мурат үн-сөзсүз ордунан түштү. Кечке чейин дагы үч орундан

нуулуп, прачешере кирип баратканда нардын алдыңкы кабатынан орун таап:

— Буер бошпу? — деди Мурат.

— Кечээ бирөө бар эле. Бүгүн бош. Бечара түндө өлүп калыптыр. Эртең менен барактан чыгарып коюшту,— деди жерде жаткан туткун. Мурат башка сөз сурабады. «Бирөө өлбөй, бирөө күн көрбөйт» деген ой дагы кыялына кылт этти. Бирок, ага бүт денеси менен каршы көтөрүлдү.

— Бирөөнүн жашоосу үчүн сөзсүз башка бирөөгө өлүүгө тийиш эмес. Биздин элде бардыгы эле өлбөй, житпей тиричилик өткөрүп жүрүшпөдүбү? Бул фашисттердин гана кылган иши — деп, ал өзүнчө тиштерин кычыратып, муштумун түйдү. Бирок, анын бул абалын лагерде эч ким этибарга алган жок. Мурат ошол жерде тарамыштай түйүлүп жаткан экен «подъем, подъем» деген үндөн улам атып турду. Ал кранга жетип, бети-колун чайкап, боюн күнгө бир аз чубактатып алды. Аңгыча эртеңки текшерүү башталып калды. Үшерде катарда турганда ал жумушка барууну ойлоду. «Балким фронттон кабар угармын балким жешке бир нерсе колго тийип калар» деди ичинде.

Ошол күнү Франц менен Шмидт да лагерге күздөгү бойдон биринчи ирет келишти. Алар тифтен коркушуп, лагерди чал жаап, сыртынан карап, азык-түлүктү арабага салып келип, анан эшиктен түртүп жиберип жатышыптыр. Короолдорду көбөйтүшүптүр. Калган иштерди лагердик полицайлар аткарышыптыр. Мурат буларды жалпы лагерге чыкканда гана билди. Эртеңки текшерүүдө лагердин коменданты да келди. Күздөгү полковник кетип, азыр Зиберт деген капитан комендант экен. Баягы тилмеч. Ал бир аз семирип, толукталып алганы болбосо, баягы эле бойдон жүрүптүр.

Мурат ал күнү да, андан кийинки күндөрү да жумушка чыга албай койду. Бир аз кубаттуулар, эки-үчтөн болуп, бирге жашагандар алга сүрүлүп, Муратты четке түртүп коюп жатышты. Алар менен чырдашуу пайдасыз. Чуу көтөрдүң болду. Же тигилер төпөчтөп кетет, же Франц менен Шмидттин дубинкасы желкеңе ойнойт. Жок дегенде: «аа, жаңагы тартипти бузган сен беле?» деп, полицай сабап калат. Күн ысып узара берди. Жешке колунда кошумча эч нерсеси жок Мурат кайра азып-тозо баштады. Бир жолу бир намызын жыйыштырып, Сактанга учурады.

— Оо, педагог, буерде бирөөлөр даярдап турат дейсиңби? Азыр баарынын эсебин алып жатышат. Биз дагы мешти карап, ошо мештен бир нерсе түшөбү деп калдык,— деди. Башына таяк тийген эмедей Мурат артына кетенчик-

теп, бурулуп кетти. Ал ордуна барып, ийрейип суналып жатты. Дем алганы, албаганы билинбей, каны ичине тартылып турду. Жанында жатып жүргөн Хасан деген жигит:

— Эй, сен тирүүсүңбү же өлдүңбү? Дем алганың билинбейт да — деп, аны түрткүлөдү.

— Мен азырынча тирүү элемин — деди Мурат эриндерин кыбыратып.

— Анда көп жатпа. Эмне болсо да, сыртка чыгып, ары-бери басып жүр. Баскан жакшы — деди Хасан.

Мурат ордунан туруп кетти. Ал аянтты айланып жүрдү. Тикенектүү зымды эки кабат тартып, ортосуна ошондой эле зымдарды чаташтырып таштаган. Ар жүз метрде экиден пулемет орнотулган будка коюлган. Ал аз келгенсип, тикенектүү зымга ток жиберишкен. Анткени, күздө эки-үч жолу туткундар качууга аракеттенишкен экен. Токту ошондон кийин пайдаланышкан имиш. Бирок, кышында анан кала берсе, жакында эле жанынан кечкен бирөөлөр ушу зымга боюн уруп өлүшүптүр. Мураттын оюна ушулар келди. «Ушинтип сенделип жүрүп өлгөндөн көрө, мен деле боюмду токко уруп өлүп алсам кантет? Ушу азап-тозоктон кутулсам кантет? Мени күтүп, ыйлап боздогон ата-энем болбосо деди бир ою. «А агаларыңчы, эже, карындаштарыңчы? Кала берсе Айдыңчы? Алар сени келет дешип, сенден үмүттөрүн үзбөй жүргөн болсо, а сен буерде арам өлүп алсаң жакшы болобу? Бул корқоктордун иши, бул эрки бош кишилердин иши. Адам эң акыркы демине чейин өмүрү үчүн күрөшүү керек. Өз өмүрүн сактап калуу үчүн күрөшүү керек. Өз өмүрүн сактай билген эме өзгөлөрдүн өмүрүн сактоого да жарайт» деди ички сезими.

«Өз өмүрүңдү Сактанчасынан сактагың келеби» деген ой кыялына кылт этип алды.

«Жок, жок...» деп жиберди Мурат. «Өз өмүрүңдү бирөөлөрдүн эсебинен эмес, өз күчүң, өз эркиң менен сакта» деди ички сезими дагы. Мурат мас эмедей бир ойго келалбай аянттын четинде кыйкайып, буттарын араң шилтөө менен бирде ары кетип, бирде бери кетип сендиректеп басып баратты. Будкада турган немец атайладыбы, же Муратты коркутуп тамашалоону ойлондубу, анын оң тарабына кезеп, пулеметтун гашеткасын басты. Мурат эң оболу татыр-татыр эткен үндү угуп, кийин жерге «чуп, чуп, чуп» чабылган октордон чочуп боюн уруп, жер кучактап жатып калды. Будкада отурган немецтердин каткырыгы угулду. Ошондо гана эмне болгонуна түшүнгөн Мурат жалт берип, тосмодон боюн алыстатты. Жүрөгү

сукулдоп, өпкөсү көөп калган экен аны араң басып, ичинен барын суу жутту. Бирок, баракка кайткысы келбеди. Күн түшкө жакындап, жумушка даяр турган туткундар эбак эле тарап кетсе да, Мурат эч кандай ойсуз, эч кандай максатсыз эле ошол аянтка карай басты. Анда эч ким жок эле. Мурат лагердин сыртын карады. Эл, туткун эмес, өз оюу, өз эрки менен жүргөн. Аларга карап суктанды. «Мен качан ошолордой эркин жүрөр экенмин» деп, ичинен терең үшкүрүнүп алды. Кийин «Деги ушу эркин эл дегенибиз кантип жашап жатышат экен? Немецтер буларды деле адам ордуна көрбөсө керек го. Же андай эмес бекен» деген ойго келди. Ушул учурда алар туткунга түшүп калып, немецтер Риганын көчөлөрүн кыдыртып өткөн кез: «Ну, как непобедимая Красная Армия» деп, мазактап турган кишилер, анан көбүнчө баштарын жерге салып, эмне дешээрин билбей, үн-сөзсүз үңкүйүп турган кишилер көз алдына келди. «Чыныгы латыш эмгекчилерине бул жаңы турмуш эч нерсе бербесе керек» деп ойлоду. Ойго чөктү.

— Азиатен, азиатен... — деген үн Муратты кыялдан ойготту. Эшик алдында кароолдордон тышкары Франц, анан дагы эки моряк туруптур.

— Ком хиер* — деди Франц. Мурат дарбазанын түбүнө барды. Франц чакырганда эси жок киши качпаса, эч ким анын колунан кутула алган эмес.

— Зибен мени*... — деди моряктардын бири. Буларга жети киши керектигин Мурат түшүндү. Ары-бери басып жүргөн туткундардан жетөөнү топтоп Франц аларды моряктардын алдына салып берди. Анан мыскылдаган мүнөздө: «Марина командо» деп койду. Моряктар да ага тамаша менен жооп бериштиби, Франц күлүп калды. Күч кубаттан тайган жети кишини эки моряк асфальтталган жолдо айдап баратты. Эмнегедир алар «лос, лос, шнел» деп шаштырышпады...

* * *

Арадан бир жыл өттү. Эми «Марина командодогу» жети туткунду эки моряк кайра лагерге карай айдап баратты. Алар эмнегедир туткундарды шаштырбады. Бу сапар туткундар өз ара бака-шака сүйлөшүп, эмнегедир кадамдары шагдам. Морякча кийинишип, этке толуп алышкан. Күч-кубаттуу, өздөрүн чыйрак сезишет.

Лагерде дагы эле баягы Франц менен, баягы Шмидт.

Франц буларды көрүп «Оо, марина командо» деп койду. Моряктар туткундар менен кол алышып коштошту. Зигфрид булардын колдорун кысып, буларга бакыт тилеген өңдүү көздөрүн балбылдатты.

Лагердин дарбазасы заматка ажыдаар сымак оозун ачты да, жети туткунду шап этип, оп тартып койгондой болду. Дарбаза жабылды. Мындан бир жыл мурда ушерден сендиректеп, араң чыгып кетишкен. Бул жети киши ошо тозокко кайра келип түштү. Алар өз ара «эмне болсо да, чогуу жүрөлү» дешип, мурда эле сүйлөшүп алышкан эле. Бир баракка кирип, нардын эң үстүңкү кабатынан чогуу орун алышты. Лагерде дагы эле баягы абал. Ач-арык кишилер. Сасык барактар. Жыйылып жаткан өлүктөр. Мураттын көзүнө бирден эле ушулар урунду. Бирок, Мураттар эми буерге курсактары ток келишти. Бир жумалык оокаттары менен келишти. Мураттын оюна Сактан түштү. Ал бар бекен? Дагы эле баракта полицай бекен? Мурат шериктерине «мен даараткапага барам» деди да өзү мурда жатып жүргөн баракка жүгүрдү. Сактанды көргүсү келди. Балээ болсо да, ал жердеши эмеспи, анан, армияда бирге кызмат кылышпадыбы? Ал баракка кандай жеткенин да сезбей калды. Барак толо эл. Ар ким ар нерсе менен алек. Сактан көрүнбөйт. Балким, ал жогорку тосмосунда отурат бекен? Мурат бир алдын тосмого чыгып барууну ойлоду. Бирок, тартынды. Анан, мештин алдына барып, бир нерселерин бышыра албай отурган туткундарды көрдү. Тигилер Муратка тигиле карап: «бою болук бул эме кайдан келди?» дешкенсип, жатыркай караштьг.

— Ээ, жолдош, мени кечирип кой, ушу баракта Сактан деген кыргыз бар эле. Аны «Саша» деп да коюшчу эле ошону билесиңби? Ал барбы? — деди. Туткун Муратка бир карап алып:

— Оо, Сашка зверди ким билбейт. Баары билет. Кудага шүгүр, кечээ андан кутулдук,— деп, кабагын бүркөп койду.

— Өлдүбү? — деп, чочуп кетти Мурат.

— Өлгөн жок, андай иттер оңойлук менен өлбөйт. Кечээ аларды башка жакка бөлүп кетишти,— деди тиги. Мураттын бешенесинен муздак тер кетип, эмне кылаарын, эмне дээрин билбей туруп калды. Отургандардан бирөө:

— А, ну бул барактан чыгып кет. Бирөөңөн араң кутулсак, эми сен келдиңби? — деп үтүрөйө ордунан турду.

— Эмнең болот эле? — деди экинчиси.

— Армияда бирге кызмат кылганбыз. Кыргызбыз — Мурат жай гана жооп берди.

— Оо, мен Кыргызстанда болгонмун. Кыргыздар жакшы, меймандос кишилер болот. А буердеги Сашка ит эле. Бардык элде жакшысы, жаманы болот. Кыргыздардын жаманы ошо Сашка болсо керек — деп, ар жактан бирөө ордунан турду. Анан, тиги Мураттты барактан чыгып кет деп гес көрсөткөн эмеге бурулуп туруп.

— Сен бул «морякка» тийбе,— деди.

Мурат кайра шериктерине келгенде, аларды барактын полицайлары топтоп алышкан экен.

— Кайда жүрөсүң, Мурат, Франц чакыртып атат имиш — деди шериктеринин бири. Көп өтпөй эле алар дарбазадан чыгып, Франц менен Шмидтке туш болушту.

— Оо, «командо Марина» деди Франц.

— Бардык кийимдерди чечип, складдан туткундарга арналган кийим алгыла деп атат — деди ар жактан жете келген тилмеч.

— А ну бис-троо — деп, Шмидт колундагы дубинкасы менен четте турган туткунду бир койду. Эмнегедир булар менен тилмеч бирге жүрдү. Арадан 15 минута өтпөй «командо мариподон» эч кандай белги калбады. Полицайлар буларды кайра Франц менен Шмидтке айдап келишти. Франц тилмечке алда эмнелерди балдырап айткан болду. Мураттар анча-мынча сөздөрүн илип кетишкени менен буйруктун жалпы маанисине түшүнө албай калышты. Үнерде: «Зигфриддин тили өзгөчө беле? Аны тилмечсиз түшүнүп калган элек го» деди Мурат өзүнчө. Узун бойлуу бакжайган матрос Зигфрид анын көз алдына бир кылт этип, кайра жок болду.

Анан буларга да он чакты туткундарды кошту. Кийин алар арабага нан жүктөп, ар арабага үчтөн киши бөлүнүштү. Бири октоону кармаса, калган экөө арабаны артынан сүрүп отурушту. Алдыда сакчылар, артында сакчылар. «Бул нандарды туткундарга гана берүүгө тийиш. Анткени, анын теңме теңи жыгачтын пыры. Бир жерде жаңыдан келген туткундар бар, же мурда жөнөтүүгө даярдаган туткундар болсо керек» деген Мураттын оюна Сактан келди. «А, балким, ошолорго болуп жүрбөсүн, а балким Сактанды көрүп каламбы?» деди Мурат ичинен.

Мына, тактай тосмолуу чоң имарат. Арабалар ошерге жеткирилди. Тиги жердин эшигинде да сакчылар турган экен. Немецтер өз ара бакылдашты. Анан арабаларды ичкериге алып кийирүүгө буюрушту. Оо, мында туткундар жүрүшөт. Бул эмнеси? Көбү орто азиялыктар го. Казак,

кыргыз, өзбек. түркмөн жигиттери го. Мурат таң калды. Бир жерге жетип, арабаны токтотушту. Нанды түшүрө башташты.

— Эй, Мурат... Мурат — тааныш үн. Мурат селт эте түшүп, арт жагын карады. Лагердин ички зым тосмосунан аны Сактан, дагы бир топ орто азиялыктар карап турушту. Мурат «эсен-соо барсыңбы?» дегенсип, колун көтөрдү. Сактан да колун көтөрдү. «Арбайтен, арбайтен» деп сакчы Муратты быкынга түрттү. Нан түшүрүлүп болгондо гана арабаларды четке сүрүшүп, арткылары түшүрүлгөнчө ушерде бир аз бош калышты. Мурат тигилерге жетип, тосмодон кол сунуп, Сактан, дагы башкалар менен көрүштү.

— Каякка алып барат экен силерди? — деди кийин.

— Бирөөлөр Польшага дешет, бирөөлөр Германияга дешет. Ачыгын билген эч ким жок,— деп, колун силкип койду Сактан. Анан:

— Кааласаң жүр, бирге кетебиз. Арткы эшиктен кире качсаң бекитип калабыз — деди. Мурат бир алдын Сактандын оюн туура көрдү. «Эмне болсо да, кыргыз өзбектердин арасында жүрөт окшойбуз» деп, аркы дарбазага көз жүгүрттү. Лагердин ички дарбазасы. Анда бир полицай ары-бери басып жүрөт. Чындап качкан киши өтүп кетүүгө мүмкүндөй сезилет.

— Келсең кел. Кийин кеч болуп калат — деп, Сактан Муратты шаштырды. Мурат өтүп кетмекчи болуп, аркы дарбазага карай басты.

— Эй, Мурат сен каякка? — деди, «командо марионодогу» шериктеринин бири. Буларды алып келген сакчылардан Муратты көрүп калганы «каякка, буякка бас» дегендей бакылдап, автоматын көтөрдү. Мурат артына кайтты. Нан түшүрүлүп бүтүп, арабалар жолго чыкты.

— Ээй Мурат, кеттиңби, сен? — деди Сактан.

— Саламат бол — деп Мурат көз жашын сүртүп алды. Ал ушулар менен бирге кетип калбаганына өкүнүп, өзүнчө бармагын тиштеди.

Лагерге түн киргенде, Мураттар өздөрүнчө бир сыйра оокаттанып, анан жатууга кам көрүп калган учуру эле. Мурат кынтайып жата кеткени менен улам, улам Сактан көз алдына элестелип туруп алды. «Ээй Мурат, кеттиңби сен?» деген сөзү кулагына жаңырды. Мурат Сактандын жүзүн көз алдына келтирүүгө аракеттенди. Сактан өңдөн азбаптыр. Өзгөчөлөнүп койгон муруту өсүп калган менен эмнегедир сакалын кырынып алыптыр. Ал бир топ жигиттердин ортосунда турат. Ага караганда Сактан буерде да

«[illegible]» бойдон жүргөн өңдөнөт. Мурат Сактандан жакшы сен күткөн эмес эле. А балким Сактан Муратты качан эле өлүп, жок болсо керек деп жүргөн бекен? Бул экөө жерде жолугушту? «Сактан менен мындай жерде жолугушам» деп Мурат ойлогон эмес болучу. Кызык, эми буларды кайда алып барышат? Эмне кылышат? Балким буларды иштей турган жерге жеткиреби? Же дагы бир жерге алып барып, анан өткөн жылкы эврейлердей атып жиберишеби? Бул ойлор Мураттын башында уялап, бирөө бүлбүл жанса, бирөө үйлөнгөн шам өңдөнүп үлп-үлп этип өчүп атты.

Мурат оң жамбашына оодарылды. «Командо Марино» оюна келди. Тигил жердеги моряктардан Зигфрид, Иоган көз алдына бирде келип, кайра кетип турду. Мурат мотор ондоочу заводдогу сакчы Максты көргөндөн кийин «немецтерде да жакшы кишилер бар экен» деп калган эле. Ал эми «Командо Маринодо» Зигфрид менен Иоган да өзгөчө кишилер турбайбы.

«Оо, Зигфрид немецтердин баары сендей болсо, согуш болмок эмес экен. Эмне үчүн сендейлер аз?» деди Мурат толгонуп. Анан «Командо Мариного» барган алгачкы күндөрү көз алдынан чубурду.

...Арацжан, буттарын зорго шилтеген жети кишини эки моряк турган жерлерине түшкү оокат мезгилинде айдап барышты. Моряктар туткундарга эч нерсе дешкен жок, тим гана Риганын көчөлөрүн карап, өздөрүнчө аны-муну талдан баратышкан өңдөндү. Алар шаардын четирээк жериндеги үч кабат имаратта турушат экен. Айланасында тактайдан бийик тосмо коюлган. Анын үстүнө коргондун ичи бак-дарактуу, сыртынан караган кишиге ичинде эмне бары, эмне жогу анчейин билине бербейт. Тек гана шаардагы байлардын жашаган үйлөрү өңдөнүп көрүнөт. Бирок, коргондун эшигинде дайыма кароол турат экен. Анан коргондун ичинде да кинжал тагынган матрос туш тарапка көз кырын салып басып жүрөт. Аны байкабаган адам дем алып жүргөн эме го дегендей ойго келиши ыктымал. Үч кабат үйдүн маңдайында жыгачтан салынган сарай. Мураттарды мына ушу сарайга алып келишти.

Отуздарга барып калган матрос туткундарды «ушерде отургула» деди да, шеригин калтырып, өзү конторалары жакка басып кетти. Арадан беш минута өтүп-өтпөй ал кайра келди. Анын артынан ак саргыл, кымча бойлуу жаш гана аял менен моряктардын бир офицери кошо келди. Туткундардын өңүн көргөн аялдын жүзү кубула түшкөндөй болду. Бирок, эрдин тиштеп, өзүн кармап калгандай

сезилди. Офицер келгенде туткундар ордуларынан турган эле. Ал жанындагы аялга бирдемелерди айтты. Аял анын сөзүн үндөбөй угуп турду да:

— Мына ушу сарайдагы отундарды аралап жарасыңар. Эгерде жакшы иштесеңер силерди лагерден ушерге алып келип алабыз дейт — деди тиги аял орус тилинде. Туткундар ага тигилип карап калышты. Бул ким орусча так сүйлөгөн? Бирок аял сыр бербеди. — Жакшы иштесеңер оокат да берилип турат дейт — деп, ал сөзүн бүттү. Офицер моряктарга да бирдемелерди айтты эле тигилер буттарын кагыштырып:

— Яволь-Яволь — дешти.

Жүгүрүп жүргөн моряк Зигфрид экен. Офицер кеткенден кийин ал кухняга барып, бир чакада коюу оокатты, бир чакада суюк оокатты, анан эки буханке нанды жанагыдан башка бир аял менен алып келди.

— Саламатсыңарбы? — деди аял орусча. Жанараакта оокаттан көздөрү өтүп бараткан туткундар эми өздөрүн токтоо кармоого аракеттенишип, тиги аялдын ким экенин биле алышпай, арасаат ойдо туруп калышты.

— Менин бечараларым, курсагыңар ач болсо керек. Мына, силерге оокат алып келдим. Бир тоюнуп алгыла,— деп, оокатты туткундардын котелокторуна куя баштады. Бирөөнүн идиши жуулбай калган экен, аял тигиге карап:

Лагерде суу да жокпу, сууну да беришпейби? — деди. Туткун кызарып-татарып, уялып кетти. Башкалары котелогдорун кагаз менен сүртө баштaшты. Мурат котелогун жууган эле. Анткени менен, вещмешогунан ыпыр-сыпыр түшкөн экен, аны кагууга өттү.

— Токтоп тургула, мен суу апкелем — деп, аял кухняларына чуркап кетти.

— Орус өңдөнөт — деди туткундардын бирөө.

— Менин көзүмө жылуу учурап атат — деп, экинчи туткун шыбырап койду. Аңгыча ал аял бир кастрюлга суу көтөрүп кирип келди. Ошол күнү Мураттар ойдогудай бир тоюнду. Анан өз ара кобур-собур сүйлөшө баштaшты.

— Эртеге да ушерге келүүнүн айласын табуу керек,— деди Игорь деген танкист.

— Франц менен Шмидтке сакчылар дайындабаса, бизди башка бир жакка айдап жиберет — деп, дагы бир туткун безилдеди.

— Эртеге да ушул жерге келүү үчүн бүгүн буерде эмне буюрса ошону жакшы иштеп коюу керек — дешти эки-үчөө. Мурат ушулардын оюна кошулган өңдүү башын ийкөө менен тим болду. Кийин көптөн бери тоюна оокат-

тынбай жүргөн эмелердин бойлору талыкшып, жандары жер тартып баратты. Мурат отурган жеринде үргүлөп кетип, көздөрүн жумуп-ачты. Жумуш башталаарына аз калгандыктан уктабай отурууга аракеттенип көрдү. Бирок, болбоду. Бирөөлөрдүн коңуругун укту. Боюу оорлошуп, кирпиктери сүзүлө баштаганда, ал кынтая жерге бир тийди.

Мураттын кулагына эң оболу кандайдыр бир үн жай гана угулуп, кайра жок болуп атты. Ал таттуу уйкудан ойгоно албай, бир жамбашынан экинчи жамбашына оодарыла бергенде «ауфштейн, ауфштейн...» деген үн кулагына шак дей түшүп, ал ордунан ыргып турду. Шериктеринин экөө ойгонуп калгандары али уйкуда мемиреп жаткан экен. Зигфрид улам-улам тургула деп зоңкулдап коюп, четте карап туруптур. Мурат жанындагы шеригин түртүп ойготту. Башкаларын да ошентип, ойготуу менен туткундар ишке даяр болушту.

Отун аралап, отун жара баштašканда, талыкшыган бойлору жазылып, уйкулары тарап кетти туткундардын. Жарылган отундарды Мурат менен дагы бирөө жыйып, калгандары аралаганга өтүштү. Отун жарып да көрүштү. Зигфрид булардын кыймыл-аракеттерине карап, «Гуд... гуд» деп коюп жүрдү. Кечке маал туткундар менен Иоган калып, Зигфрид конторага кеткен эле. Кийин ал дагы эртең мененки тилмеч аялды ээрчитип келди. Алардын артынан офицер көрүндү. Туткундар иштерин бүтүп, лагерге кайтуу алдында турушкан. Офицер сарайдагы жарылган, жыйылган отундарды бир сыйра карап чыгып, ичинде ыраазы болгону менен аны сыртына чыгарбады. Тек гана Зигфридге бир нерселерди айтты. Ал «Яволь, яволь» деп, буттарын кагыштырды. Кийин офицер тилмеч аялга бурулуп, беш-алты ооз сөз айтты да ары карай басып кетти.

— Сакчылар лагерде дайындап коюшат. Эртеге ушу жетөөңөр катарга чогуу тургула. Дагы ушерге келесиңер — деди аял офицердин сөзүн котормолоп.

* * *

Кичинекей терезесиз бөлмө. Бөлмөнүн ортолугунда узун үстөл коюлган. Дубалдын эки бетине жармаштыра төрт кабат нар жасалган. «Марино командонун» матростору мына ошо нарларда жатышат. Түн бир убак болуп бараткаңы менен алар али укташа элек. Эмнегедир нардан баштарын чыгарып, шыбыраша сүйлөшүшөт.

— Мен эми силердин сөзүңөрдү укпайм. Жетишет. Курсагыбыз тойгонго кубанып жүрө беребизби? Жок. Тиги жакта кан төгүлүп жатат. Шаар, кыштактарыбыз өрттөнүп, ага-инилерибиз бул митайым, каардуу душман менен салгылашып, артына кууп келе жатышат. Кыйналып жатышат. А, биз болсо, душмандын отунун жарып, отун жагып огородун карап жүрөбүз. Ушул да эрдикпи? Жок, жок. Бул эрдик эмес. Бул шермендечилик. Ушинтип жүргөндөн көрө, тиги лагерде ач-арык жатып өлүп кетүү абийир — деди Игорь.

— Эми, эмне демексиң? Оюңда эмне бар? — деп, алдыңкы нардан бирөө башын көтөрдү. Игорь сөзгө келди.

— Чынымды айтсам, эми өзүм жалгыз дале качууну чечтим. Качамын. Кармалып калсам бешенем. Кутулуп кетсем, армияга кошулармын. Курал кармап согушууга кудуретим жетет. Кудага шүгүрчүлүк, инвалид эмесмин. А силер Зигфридди аяйт экенсиңер, аягыла. Силерди куралы менен кайтарып отурган фашист силерге кымбат көрүнсө, жата бергиле — деди.

— Ал фашист эмес, ал коммунист. Анын колунан келсе, бизди коё берет эле. Бийлик анда эмес азыр. Ал деле катардагы бир матрос. Бирок, ал Франц менен Шмидттей фашист эмес — деди мурдараак суроо берген туткун.

— Ак ит, кара ит баары бир ит — деп койду Игорь.

— Андай дебе, баары бир эмес — деди Мурат сөзгө кошулуп.

— Баары бир эмес. Мына ушу жерге келгенибизге далай убакыт болуп жатат. А Зигфрид бирөөнү тилдеп, же бирөөнү урдубу? Жок. Тиги ашканаларынан ашкан оокатын ташып, колунан келген жардамын берип жатат. Сталинграддагы окуяны ким айтты? Зигфрид айтты. Фронтто болгон жаңылыктарды ким айтып жатат. Зигфрид айтып жатат. Эми бизге ушунчалык жакшылык кылган кишиге кол көтөрбөй качуунун башка ыгын таппа болбойбу?

Бөлмөнүн ичи жымжырттана түшүп, оор аба туткундарды салмагы менен басып, думуктуруп баратты.

— Ырас эле качуунун башка жолу табылбайбы? Эми качуу үчүн сөзсүз Зигфрид менен Иоганды өлтүрүү керекпи? — үн эң акыркы нардан чыкты.

— Ээй, Игорь, сен убалга да карасаң боло. Эсиңдеби, ушул бөлмөгө жаңыдан келип жаткан күндөрү Зигфрид бизди ортого алып туруп: «Силер качам деп жүрбөгүлө. Качсаңар дале баары бир колго түшөсүңөр. Дарга асып жиберет силерди. Анан силерге кошулуп мен да өлөм. Үч балам бар. Бирөө уул, эки кыз. Алар жетим калат» деген.

Эми аны мейли өлтүрүп туруп, анан качалы дейли. Анда ушу коргондон билинбей чыгып кете алабызбы же жокпу? Менин оюмча жок. Эгер качып чыгып кеткен учурда да, кайда барабыз? Кимдерге калкаланабыз? Бул бүдөмүк иш. Согуш али созулуп кетет окшойт. Ашыгуунун кереги жоктой сыягы. Эң оболу байланыш түзсөк. Анан качсак. Ошондо Зигфридди өлтүрүүгө деле мен каршы эмесмин.

— Колунда куралы менен бизди айдап, кайтарып жүргөн кишилер коммунист болсо деле, душман да,— деди ортоңку нардан башын чыгарган бирөө.

— Эй, достор, бул тим гана келжирөө. Мен аны сүйбөйм. Айткыла, кана, мага кимиңер кошуласыңар? Бүгүн түнү качабыз. Өлсөк өлүп кетербиз, өлбөсөк дагы бир кебин болор. Кана, кимиңер кошуласыңар? — деди Игорь ордунан туруп. Мурат эки анжы болуп, же Игорго кошуларын, же буердегилер менен калаарын билбей турду.

— Мен сага кошулат элемго, бирок, коркуп турам. Тигилер куралдуу болсо, биз куру кол болсок. Бул оюбуз тим эле балалык кыялбы деп турам — деди ортоңку нардагы эле.

— Мен өзүм киши өлтүргөн эмесмин. Өлтүрүүгө да катышкан эмесмин. Башкача бир эби табылбайбы? — алдыңкы нардагы туткун аны Игорь тартып кете тургансып чочуп эле тайсалдады.

— Анда силер ушерде жатып, чирип кеткиле. Бирок мага тийишпегиле. Алдымы торобогула — деди Игорь. Анан ал кийине баштады. Бөлмөнүн ичин дагы өлүү жымжырттык каптап, караңгы баягыдан да коюулана берди. Мураттын жүрөгү дүк-дүк уруп, башында: «Эми эмне болот? Эми кантет?» деген суроолор чиеленди. Игорь демин ичине алып, кийинип жатты. Ал бөлмөдөн чыкса эле автоматын кучактап, үргүлөп отурган Зигфрид бетме-бет келет. Анан эмне болот. Зигфрид Игордун качам деген оюн сезип калабы же ага чейин аны Игорь өлтүрүүгө үлгүрөбү? Деги Зигфрид мүрт кетеби же Игорь менен алышып, чуу көтөрүлөбү? Бул ойлор Мураттын башында бирин бири алка жакадан алып, анын көңүлүн алагдылантып атты.

Игорь кийинип бүттү. Анан, ал бир азга нарда дымып жаткан жолдошторуна карады. Анын көздөрү алдыңкы нардан үстүңкү нарга, үстүңкү нардан астыңкы нарга жойлоп, өзүнө тигиле карап жатышкан жолдошторун көрдү. Аларга туруштук бере албай, жалтактап кетти. Караңгыда маташкан көздөр кандай сүрдүү? Игорду ошо көздөр салмга сендиректете коюп: «Бул оюңан кайт» дешкендей

балбылдашты. Игорь эрдин тиштеп, колун шилтегенин өзү да сезбеди. Ал дарбазага карай бурулду. Ушул учурда анын оюна келбеген иш болду. Баятан бери сөзгө кошулбай бугып жаткан жолдошторунан үчөө нарлардан мышыктай шапа-шуп ыргып түшүштү да, Игорду алка жакадан алып, кетишип, оозу-мурдун басып калышты.

— Сенин тентектигиңен биздин өлгүбүз келбейт,— деди бирөө шыбырап. Калгандары үндөшпөй эле Игорду стулга отургузушту.

— Үнүңдү чыгарба, сука — деди аны алкымдан алып отургузган неме. Игорь ары-бери булкунуп көрдү. Бирок, тигилерге алы жетпеди. Аргасы кеткенде «болуптур эми» дегенсип, отуруп калды.

Бөлмөдөгү шам жанып, сырттан Зигфрид кирип келди. Туткундар аны көрөөрү менен жай гана сүйлөшүп отурган өңдөнүшүп, кобур-собур боло башташканы менен алардын сырын Зигфрид айттырбай эле туюп калган сыяктуу көрүндү.

— Бул убакка эмне үчүн жатпай отурасыңар? — деди ал туткундарга көз кырын сала. Отургандар желкелерин күүшөмүш болушту. Анан ал Игордун кийимчен отурганын көрүп, ага бир азга тигилип турду. Кийин:

— Еще не время — деп, орусча бурк этип коюп сыртка чыгып кетти.

— Мына, кызык — деди алдыңкы нардагы туткун.

— Орусчаны кайдан билип алган бул? — деп, Мурат таңдана түштү.

— Катя менен Валядан орусча үйрөнүп жүрбөйбү — деди Игордун жанында отурган туткун.

— Али убакыт жете элек дедиго Зигфрид. Демек, ал биздин оюбузду билет окшойт? — деп, ортоңку нардагы туткун Игорго карады.

— Сыягы билет окшойт,— деп, Игорь башын жерге салды. «Чын эле убакыт жете элек бекен?» деген кыял Муратты ойго түндүрдү. Ошол түнү Зигфрид Иоган, Валя, Катя жөнүндө туткундар көпкө чейин кобурап жатышты. Валентина менен Екатерина орус аялдары. Алар согуш башталган кезде эрлери менен Ригада бирге турушкан экен. Командир эрлери согуштун алгачкы күнүнөн фронтко кетишет. Булар буйдалып жүрүп, бир колонна менен колго түшүшөт. Кийин немецтер эркектерди лагерге сүрүшүп, аялдарды шаарга алып келип жайгашкан немецтик согуштук бөлүктөргө бөлүп-бөлүп жиберишет.

Туткундар мына ушу жерге келип, жашап калгандан бери алардан эчен ирет фронттогу, тылдагы ал-абалдан

сураан турушту. Валя менен Катя эмнени угушса, эмнени көрүшсө, буларга баарын төкпөй чачпай айтып беришээр эле. Анан:

— Украина, Белоруссияда партизандар бар имиш. Алар немецтерге каршы күрөшүп жатышат имиш. Бирок, Латвияда андай сөз жок — дешчү. Кээ-кээде качан туткундардын кармалганы, алардын атылып өлгөнү жөнүндө айтышып, көз жаштарын мөлтүрөтүп төгүшкөн учурлары болгон.

«Марино командонун» матростору күндүзү түрдүү иштер менен алек болуп, түнү көпкө чейин аны-муну айтышып, талаш-тартыштар менен убакытты өткөрүп жүрүштү. Игорь экинчи качууга аракеттенген күндөн кийин да, эки-үч ирет камдашышып, ыңгайлуу учурду таба алышпады.

Ошентип жүргөн күндөрдүн биринде аларды лагерге кайра айдап келип койду. Мына, эми Мурат нардын алдынкы кабатында солуп жатат, эртеңки күнү эмне болот, эмне жок, аны ал ажырата албайт. Тек гана күн өткөнүнө канимет этип, жан сактоонун аракетинде жүрэт.

Бул жылы жаңыдан түшкөн туткундарды лагерге кем алып келчү болду. Анда-санда, беш-ондон жаңылар келип калган учурларда аларды туткундар ороп алышып, көпкө чейин угушат. Жаңы келгендер бир жагы жатыркап, чочулашканы менен, бир жагы дагы эмне болгон деген ойдо ар кандай суроолорго кыска-кыска гана жооп берген болушат. Анан бара-бара кызып кетишет да өздөрүн өздөрү токтото албай калган өңдөнүшөт. Алар биздин армияда танк, самолеттордун көбөйүп баратканын, аскерлердин көбөйүп бараткаңын айтышат. Эгерде экинчи фронт ачылганда, бул убакка немецтер талкаланып калар беле дегендей жыйынтыкка келишет. Отурган туткундар англичандарды, америкалыктарды сөгүшөт. Булардын арасында Мурат дайыма болот. Ал делдейип, жукаргандан жукарып бараткан кулагын түрүп, бир сөздү сая кетирбейт. Армиянын согуш техникасынын көбөйгөнүнө кубанат. Өзүнөн өзү муңдуп, өзүнөн өзү күбүрөнүп калат. Бирок, лагерде өзгөрүү жок. Франц менен Шмидт барактарды тайган сымак шимшип жүргөнү жүргөн. Лагерде туткундар ачка. Дагы эле өлүк үстүнө өлүк түшүп, ажал Мураттын көз алдынан кетпейт. Мурат көзүн ирмесе эле ал аны ап этип соруп кетчүдөй туюлат. Баягы № 7-барактын алдынан дөбөлөнгөн өлүктөр көрүнөт. Мураттын бою титирейт. Ал күндөн күнгө алсырап, мууну бошоп, ошо № 7-барактын алдына жакындап бараткандай сезет өзүн. «Мына, экинчи кабаттагы нардан биринчи кабатка түштүм. Эми буерден

туура эле № 7-баракка кетүүгө болот» деп ойлонот. Кээде онтолоп жатып, көзү уйкуга кете баштаганда: «ошо бойдон ойгонбой каламбы?» деп да шектенет. Ой, ой артынан ой чубурат. Ал чиеленет.

Күндөр өтө берди. Мурат да илкип жүрө берди. Жумушка алдуу, күчтүүлөр чыгып кетишет. Кээде алар азмаздан нан, тамеки, картошка таап келишип, өз ара күбүрөп, шыбырашып, жыргап калышса, кээде лагерге эки буттарын араң сүйрөп киришет. Бирөөлөрдү көрүп, Мураттын оозунан кара шилекейи келсе, бирөөлөрүн көрүп бою дүркүрөйт. Ушундай оор абалдагы лагерде жакын арапын ичинде жакшылык болуунун жышанаасы билинбейт. А немецтер болсо, алгачкы жылдары «жеңиштерине мас болуп, бойлорун көтөрө жүрсө, эми заарлары беттерине чыгып, жок шылтоолор менен туткундарды уруп, сабашат. Алардын мыкаачылыгы артып, ырайымсыз болуп баратышат. Лагерде капысынан немецтердин жанынан өтүп калсаң же ойдо жок жерден бетме-бет келе түшсөң болду. Жонуң тыз-тыз этип, көздөрүңөн от чагылат. Кээде өлүп, анан кайра тирилген күндөрүң болот.

Душманды артына кайра кууп келаткан учурда көр оозунда турганына Мурат өкүнгөнү менен колунан азырынча эч нерсе келбестигине да көзү жетет. Бирок, эртеңки күндөн, үмүтүн үзбөйт. «Өзүбүздүкүлөр келип калар күн болор, же ушу тозоктун торунан кутулуп кетер күнгө да жетербиз» деген өңдүү ойго келгенде, бирде өзүн душмандын канатын кайрып, кууп келаткан Советтик Армиянын катарынан көрөт, бирде токойду мекендеп, немецтердин тынчын кетирип жаткан партизандардын катарынан көрүп, көңүлү көтөрүлүп калат. Боюна дарман кирет. Көздөрү балбылдап, алда кайда телмирет. Күн өтөт. Апта өтөт. Ай да өтө берет.

* * *

Дагы сейрек чыккан токой. Дөңсөө жер. Ошо дөңсөөгө курулган жыгач барактар. Айланасы адаттагыдай ток жиберилген тикенектүү зымдар менен оролгон. Ар жүз метр аралыкта пулемет менен прожектор орнотулган будкаларда сокоюшуп кароолдор турушат. Буерди «Польша» дешти. Мурат ичинен сүйүнө түштү. Анын чочулаганы Германия эле. Ригада лагерден туткундарды сүрүп, вагондорго камаганда: «Эми бизди Германияга жөнөтөт экен. Анда жер алдындагы шахталарда, заводдордо иштетет экен. Бардык иш жер алдында иштелет имиш. Туткундар

ишо жер алдына бир кийирилсе, кайра чыкпайт дешет» деген өңдүү имиш-имиштер тараган. «Ригада турганда да бир жөн эле. Эми өлдүк дей бергиле» дешип, туткундардын үрөйлөрү учуп, маанайлары пас болгон. Азыр токтогон жерлери «Польша» деп угушкандан кийин туткундар бирпаздан жандана түшкөнсүдү. Мурат Ригада жүргөндө «поляктар немецтерге каршы партизан отряддарын түзүп, токойлордо жүрүшөт» экен деген шыбыштарды уккан. Өзү мурда болуп көрбөсө да, түрдүүчө кийинишип, түрдүүчө куралданган, сакал-муруттары өскөн, каардуу кишилерди көз алдына келтирген. Ушулар партизандар деп, ичинен тынган. Кээде ошолорго кошулуп калып, колуна курал алууну эңсесе, кээде өзүн ошолордун бири катары сезип жүргөн. Ошо Мурат эңсеген Польша ушу турбайбы: «Бул эмне болсо да, Германия эмес» деген ойдон улам, боюн бир түзөп алган Мурат дөңсөөдөгү лагердин ичин кыдырып көрдү. Ригадагы лагерден буердин бир гана айырмасы шаардан алыс. Токойдун четинде. Болбосо баары бир кара гөр. Баягы барактар, баягы нарлар. Сасык аба. Даамсыз «баланда».

Бирок, лагерден туткундарды ишке алып чыкканын көрбөдү. Туткундар жайкы күнгө чубакташып, топ-топ болуп отурушат. Топ-топ болуп жүрүшөт. Мурат буерде таластык Асанкул ысык-көлдүк Рахым менен таанышып, үчөө биригип кетишти. Асанкул элинде ветврач болуп иштеп жүрүп, анан армияга алынган экен. Согуштун алгачкы күндөрүндө Батыш Белоруссияда болуптур. Курчоодо калып, туткунга түштүк деди. А Рахым болсо, элинде мугалим болуп иштеп, 1942-жылы армияга чакырылыптыр. Сталинград багытында согушка катышып, контузия болуп жатып калган жеринде колго түшүптүр. Бир топ лагерлерде болуп, ушерден Асанкулду жолуктуруптур.

Эми үчөө экинчи нардан орун алып, бир бирине шер байлап жаткандан бери бир нече күн өтүп кетти. Лагерде түрдүү имиш-имиштер угулат. Ар ким ар нерсе дейт. Бирок, ырасын билген эч ким жок.

— Германияга алып кетпесе болду,— дейт Рахым ойлуу отуруп. Асанкул ага макул. «Өлсөк да, өз эл, өз жерибизге жакыныраак Польшада өлгөнүбүз түзүк»— деген оюн ичине кунуя калтырат.

— Ушерден туткундарды комиссиядан өткөрүп, соолорун легионго, андан начарларын жумушчу лагерлерине, анан оору-сыркоолорун Освенцимге жиберет имишко — деди Мурат. «Буларды кимден уктуң?» дегенсип, Асанкул

ага кулагын түрүп калды. Рахым да оңтойсуздана түшүп:

— Бул имиш-имиштерди мен да уккан элем. Бирок, силерге айткан эмесмин,— деп күнөөлүү эмедей жер карады. «Освенцим» лагери жөнүндө Мурат мурда да уккан. А буерде болсо, аны лагерлердин бардыгы билишет экен «Оору-сыркоолорду бөлдүбү, аларды «Освенцимде» өлдү дей бергиле» деп коюшат турбайбы мындагылар.

— Легионго барсак эмне болобуз? — деп күңк этти Асанкул.

— Анда бизди багып, анан «ата, энеңерге, ага-иниңерге каршы ок аткыла. Биз силерге «Эркин Туркестанды куруп беребиз» дешип, колубузга курал берет имиш. Көбүн фронтко салат имиш. Көбүн токойлордогу партизандарга каршы жиберет дешет,— деди Рахым.

— А жумушчу лагерлерине бөлүнгөнү эмне болот экен? — деп, Мурат Рахымга бурулду.

— Аларды кара жумушка иштетсе керек,— деп, Рахым оюн ачык айта албады.

— Конечно, иштетет да,— деди Асанкул.

— Анда ошо жумушчу лагеринде калганыбыз түзүкко — Мурат эми эки шеригине бирдей карады.

— Оору-сыркоолордун тобунда калууну каалабайсыңбы? — деп, Муратты Рахым тамашалаган болду.

— Анда, Мурат өлөт. А көрөкчө легионго кеткени түзүк. Анткени бир жагы багат экен. Ачкадан өлүп кеткенден көрө, ал түзүк эмеспи. Экинчиден колуна курал берсе, анан ал куралды каякка бурушун Мурат акең өзү билет,— деди Асанкул. Рахымдын суроосуна жооп кайтарып, Мурат унчукпады. Анткени менен, ал ичинде өзүнчө бу абалды талдоого өттү. Чын эле оорулардын арасында калып, өлүп кетүүдөн качты. Жумушчу лагеринде калса, анын аягы эмне менен бүтөөр экен деген ойго тунун, көнкө отурду. Шериктери да тынчтыгын бузбай, өздөрүнчө ойго батышкан өңдөнүштү. Көзүнө легион, легиондогу ортоазиялыктар элестеди. Сактандын барааны карп-курп эте түшкөндөй болуп кайта өчтү. «Жумушчу лагерине калтырса, дагы баягы лагер, баягы капоолдор. Анда бош коёт дейсиңби? Дубинкалары менен төбөңө жаңгак чагып иштетет. Аерден качуу мүмкүнчүлүгү болобу же жокпу? Аны кудай билет. Ооруган болуп көрүнүп, «Освенцимге» кетсең, бу дүйнө менен коштошосуң. Эми эмне кылуу керек? Кайда баруу керек? Легионгобу? Ооба, бир гана ыңгайлуу жол легион. Анда бир аз эркиндик бар имиш дешет. Колуңа курал алгандан кийин Асанкул айтмакчы, аны каякка бураарыңды өзүң билесиң» деген ойго келген Мурат-

нын жүзүнө билинээр-билинбес кан урду. Ырасы легионго барса эле ар жагы оңой өңдөнүп туюлду ага.

Анан, ал оюн жолдошторуна айтууга умтулуп, ордунан козголуп, кайра ыраңынан кан кетип, жүзү кубарып баратты. Бою билинээр-билинбес титиреди. «Жок... жок... ал качан андай болууга тийиш эмес» деп күбүрөнүп жиберди.

— Эмне андай болууга тийиш эмес? — деди Асанкул.

— Эмнени жок, жок дедиң? — деп, Рахым ага башын бурду.

Мурат бир азга кумсарган бойдон эрдин тиштенип турду да, кийин адатынча:

— Мен тим эле... — деп койду шериктерине.

Тигилер ошо бойдон тим-тим болуп калышты.

Өзүнүн ой жүгүртүүсүнөн, өзүнүн кыялдануусунан биринчи ирет чочуган Мурат көпкө чейин өзүнө келалбады. Туткун эмес, курсагы ток, душмандын формасын кийип, душмандын куралын колуна алган башка бир Мурат анын көз алдына келди. Мурат чочуп кетти. «Бул чыккынчылык. Бул чыккынчылык. Лагерде отурганым аз келгенсип, эми мен ушуга барамбы?» деген ойдон улам: «жок, жок» деген пикирин ичинде кайталады. Эми деле өз оюнан өзү чочуп, ал сырын жолдошторуна айтмак турсун, аны алардан кантип жашыруунун аргасын таппай, кысынды. Өзүнөн өзү күбүрөнүп, кыжалаттанды.

* * *

Кийин көп деле убакыт өтпөй Мурат күтпөгөн окуя болуп өттү. Лагерге мурда сөз болгондой эле «Туркестан» легионунан кишилер келишти. Аларды немецтердин офицерлери ээрчитип жүрүшүптүр. Алар эң оболу барактарды кыдырып көрүшүп, кийин туткундарды кеңири аянтка катарга тизишти.

— Эми немец болобуз — деди Асанкул.

— Ошол гана калган эле,— деп койду Рахым.

— Эмне болсо да, чогуу жүрөлүчү — Мурат эмнегедир чочулаганын сүйлөдү. Кийин ошо жайык аянтчада буларды дырдай жылаңач кылып чечиндирип, немецтин врачтары карай баштады. Аларды жандап, немецтик форма кийинген орто азиялыктар жүрдү. Базарда малды кармалап, анын арык-торугун ылгаган сымак, булардын да булчундарын кармалап, ооздорун ача, тилдерин чыгартып көрүштү. Ары-бери айландырып, анан, кийин же оңго же

солго бөлүп чыгарып турушту. Оң тарапка ач, арык болсо да бир аз дени соо эмелер а сол тарапка жарааты бар оорулуу эмелер бөлүнүп, көптөн бери бирге жүргөн жоро-жолдоштор бир-биринен ажырап кетип жатышты, Асанкул, Рахым оңго кетти. Мураттын кызыл ашыгында ишиги бар эле, врач аны мыткылап кармалады:

— Ооруйбу,— деди көз айнегинин кырынан карап, Мурат:

— Жок, оорубайт — деди шериктеринен ажырап калбоо максаты менен, врач дагы Мураттын бутун кармалап көрүп, өзүн жандап жүргөн немецке бир нерселерди айтып бакылдады. Ал Муратка сол тарапты көрсөтүп, аны шериктеринен бөлүп жиберди.

— Э, Мурат, эми ажырашып кетебизби? — деди Рахым.

— Тагдырга тап берүү керек,— деп койду Асанкул.

— Ажырашканыбыз ушу го — деп Мурат муңайды.

Сактандардан бөлүнүп калгандан кийин жалгыздыктын азабын көргөн Мураттын көз алдына дагы оор күндөр, сар-санаага толгон түндөр келди. «Менин деним соо. Тиги жолдошторум менен кетким келет» деп немец врачка айткысы келип, ага жакындай барганда, врачты жандаган немец: «Век, век...» деп Муратты түртүп, түртүп жиберди.

— Ачуусуна тийбечи, ал иттин — деди нараакта турган Рахым. Мурат артына кетенчиктеп, ордуна кайтты. Мына ошентип Мурат ага-инидей болуп калган Асанкул менен Рахымдан да айрылып, оору-сыркоо кишилердин арасында калды. Бирөөлөр айтпаса деле: «Биз освенцимге кетмек болдук» деп Мурат ичинен сыздады.

Эми Мурат өз жанынан өзү түңүлдү. Бирок, бул шектенүүсүн ал ичинде купуя калтырып, көпкө чейин ичкен оокаты сиңбей, гүптү болгон эмедей, бук болуп жүрдү. Менин тагдырымды таш капкан экен. Болбосо тигилерге кошулуп калсам, балким, токойго тезирээк качып чыгып кетер белем. Эми эмне болот? Чыны менен эле бизди «Освенцимге» жеткирип терибизден немкаларга абажур, анан колкап жасап, этибизди самынга айландырып жиберишеби? деген ойго тунуп, башын мыкчыган бойдон көпкө отурду. Ою онго кетип, санаасы санга бөлүндү.

— Эй, кыргыз, сен эмнеге үңкүйөсүң? — деген үн Муратты кыялдан ойготту. Ал башын көтөрө алдыга карап, бет-маңдайында турган шап мойлоо туткунду көрдү.

— Эмнеге ойлоносуң? — деди тиги суроосун кайталап. Анан эми гана палоо жеп турган кишилердей, мойлоосун бирде оңго, бирде солго сылап койду. Ага Мураттын ачуу-

су келди. Аны сөгүп жиберүүгө тили сомдолуп барып, кайра токтоду.
— Эмне ишиң бар эле? — деп, күңк этип койду кийин.
— Ишим жок. Бирок, сен казаксыңбы же кыргызсыңбы? Ошону билейин дедим эле.
— Кыргызмын.
— Оо, анда жакшы болгон экен. Мен да кыргызстандан фронтко алындым. Жакшы элсиңер. Мынабу балакетти көрбөйсүңөрбү? Ушинтип, кыргыздар менен немецтердин колунда көрүшүп олтурам. Кел, таанышып алалы. Мен Рашидмин. Рашид Рахматуллинмин,— деди мойлоо.
— Маматов Муратмын.
— Жакшы, жакшы.
— Аскерге каерден алындың эле?
— Жалал-Абаддан.
— А мен Оштук болом.
— Мына, көрбөйсүңбү, жердеш чыгып калдык.
— Эми анын анчейин пайдасы болбой калды го.
— Эмне үчүн?
— Баары бир өлөбүз. Освенцим жөнүндө уктуңбу?
— Уктум. Бирок, өлбөйбүз. Тиги бөлүп кеткендерди немецтер багып, анан колуна курал берет имиш. Алар дагы бир жолу чыккынчы болушат. Бул абдан жаман иш. Туугандарыбызга карата ок атуудан чоң күнөө барбы?
— Жок. Бирок...
— Бирок, дебе, сенин «бирок» дегениңе түшүнүп турам. Булар колуна курал алып калса, эркин жүрүп, качып кетишет деп ойлойсуңбу?
— Ооба, ошолорго кошулбай калганыма кейип жатпаймынбы?
— Кейибе. Бизди жумушчу лагерине алып барып иштетет экен. Өлбөсөк иштей беребиз. Аңгыча Советтик Армия артыбыздан жете келип, бошотуп алат. Токойдо эле сага даярдап турат дейсиңби, эптеп өлбөй калсак, армияга кошулгандан кийин да немецтер менен салгылашууга үлгүрөсүң. Же качам дейсиңби?
— Ылайым качып кетсек кана? Армия келип, бошотуп алат деп отурганыбыз түзүк эмеско. Тигилер токойго мурдараак кетеби дейм.
— Оо, аны ойлобой эле кой. Биринчиден, немецтер аларга курал берди дейли. Алар эркин болуп калды дейли. Анан аларды каерге алып барышат? Кимдерге каршы салышат? Кеп мына ушунда турат. Экинчиден, ушулардын бардыгы эле качып кетишет деп ойлойсуңбу? Немецтер жинди эмес. Буларды кийиндирип, ичиндирип, анан

колдоруна курал берип туруп, кийин качырып жиберет дейсиңби? Жок. Булар билет эмне кылышты. Югославиялык же италиялык партизандарга каршы алып барса, алардан коргонуп калам деп жүрүп, ок атууга аргасыз болосуң. Алар сени өлтүрүү керек, же сен аларды өлтүрүүң керек. Ошондо эмне кыласың? — Рашид буларды айтып, эми эмне дээр экен, бул кыргыз дегендей ойго келип, ага карап турду. Мурат чын эле ойго тунду. Ушул ортодо болуп, анан, же фронтко, же партизандарга каршы жөнөтүлсө, эмне кылаарын Мурат өзү билет болчу. Чын эле бул мойлоо айткандай буларды тиги батыш тарапка айдаса, анда эмне болот? Бул ойлор Муратты дагы басмырттантты. Учу-түпсүз бир туңгуюкка келип такалган өңдүү сезди өзүн. Ал каякка караса да, айланасы үңүрөйүп жаткан аң сыяктанды. Мууну калчылдады. Душман артына чегинип жеңиш улам жакындап келаткан сайын Мураттын тагдыры чиеленишип, ал татаалданып баратты. Кээде ойлогон ою бомба түшүп талкаланган имараттардай урап, чаңы асманга көтөрүлүп жатты. Эми эмне кылат? Кантип кара жанын сактап калат? Анын партизандарга же армияга кошулаар күнү болобу же жокпу? Ал дагы башын мыкчыды. Жанында турган мойлоону кыялынан чыгарып, өзүнчө эле кыжалат боло баштады. «Эх...» деп кыргызча сөгүнүп да жиберди.

— Эй, кыргызым, сага эмне болду? — деди Рашид.

— Эмне болмок эле. Ушинтип, же өлүү эмес, же тирүү эмес, орто жолдо жүргөнүбүзгө түшүнбөйм.

— Арган канча? Туткунсуң. Укугуң жок. Жүрөсүң да.

— Туткун болбой, тумаланып калсак да, жакшы болмок экен.

— А, ничего, мурда өлбөгөн, эми ажалың жетпесе, өлүүнү ойлобой эле кой. Дагы бир кеби болор. Менин сага келип отурганымын себеби, мен ойлогондой сен кыргыз турбайсыңбы. Бирге жүрөлү, бирге туралы. Көңүлдүүрөөк болот. Буга сен эмне дейсиң? — деди Рашид.

— Жакшы болот. Бирок, сен өтө эле көп сүйлөйт экенсиң. Мен көп сүйлөгөн кишилерди жаман көрөм,— деп, Мурат башын көтөрдү.

— Болуптур, бай болгур, болуптур. Иш сен айткандай эле болсун... — Рашид эми Мураттын жанына отура кетти.

* * *

Асман ачык болуп, кылайган булут көрүнбөгөнү менен абаны боз чалып айлана буулугуп турган өңдөнду. Ла-

герде немецтердин бакылдаган үндөрү бийик чыгып, сөгүнгөндөрү угулду. Арадан көп убакыт өтпөй эле туткундар ары сүрүлүп, бери сүрүлүп, аянтта катарга турушту. Лагерге үстү жабык жүк машиналары келип токтоду. Мурат четтерээк туруп Асанкул менен Рахымга карады. Алар да ойлуу. «Эми эмне болорубузду билбейбиз» дешкенсип, баштарын жерге салып үңкүйүшөт. Аларга башчыларды жакын баргыза койбой, полицайлар ары-бери басып теңселишет. Кээде-кээде «чыррр» эттирип, үшкүрүктөрүн чалып, кимдир бирөөлөргө дубинкаларын кезеген болушуп, сүр көрсөтүшөт. Катарда тургандар да, айланада жүргөндөр да табышмактуу ойлорго чөмүлүшүп, ушу өздөрү турган бийиктиктен кайдадыр чексиз тереңдикке кулап түшүп баратышкандай селт-селт этишет.

Катардагыларды топ-топ кылып бөлүп, машиналар тарапка айдап жөнөштү.

— Саламат бол! — деди Асанкул Муратка бурулуп.

— Кимибиз... — деп, Рахым сөзүн бүтүрө албай, жашып кетти. Колун көтөрүп, Муратка башын ийкеңдетти.

— Кимибиз... — Мурат да бул сөздүн аягына чыкпады. Бирок, анын жүзүндө «Кимибиз соо калып, армияга кошулсак, жеңиш менен элге кайтсак, ата-энелерибизге кабарыбызды беребиз» деген жазуу турду. Аны Асанкул да, Рахым да окуду. Ошондой жазууну Мурат тиги шериктеринин жүздөрүнөн көрдү. Жаштар көздөрүнүн кычыктарынан орун алып, өпкөлөп турду. Тилдер сүйлөөгө келбей, бойлор титиреди.

Анан, бир аз убакыт өтпөй, моторлор тытырап, жолдун чаңы асманга көтөрүлдү. Туткундар отурган үстү жабык машиналарды жолдон көтөрүлгөн чаң оп тартып, жутуп баратты. Бара-бара машиналар чаңга сиңип кетип, айлананы чаң каптай берди. «Ушинтип жүрүп жок болот экенбиз да» деди Мурат үнүн чыгара. Жанында турган Рашид унчукпады. Жол карап турган туткундар селейип катып калган ач арбак сыяктанышты.

— Кеттик — деп бир оокумда Рашид Мураттын жеңинен тартты.

— Кеттик,— деди Мурат мас эмедей, сендиректей басып.

* * *

Туткундар лагерде күндүн эсебин унутуп коюшканыбы, арадан аптанын өтүп кеткенин сезбей калышкан өңдөнүү. Тек гана өлөөр-өлбөстүн күнүн көрүп, бара-бара ажырап кеткен жолдошторду унутула баштады беле,

лагерге дагы дүрбөлөң түштү. Булуту жок тунук асман мелтиреп, күн адаттагыдан тышкары нурун чачып турган учурда баягы бош аянтка туткундарды дагы катарга тизди. Рашид менен Мурат өздөрүнчө сүйлөшүп турду.

Анан немецтерден турган конвойлор келип, аларды жөө эле мурда машина менен Асанкул, Рахымдар кеткен жолго салып, айдап жөнөштү. Дагы «лос, лос, шнел, шнел» деген сөздөр колоннаны камчылап, белгисиз бир туңгуюкка карай сүрдү.

— Бизди токойдун аркы бетинде эмне күтүп турат? — деди Рашид.

— Же өлүм, же өмүр — деп койду Мурат.

— Койчу ары тамашанды — Рашид суздана түштү.

— Тамашасы жок эле мага ошондой сезилет. Ушул токойдун ары жагы азыр мага табышмактуу туюлуп, анда бизди же өмүр же өлүм күтүп турган өңдөнөт. Сага эмнеси керек?

— Өлүмдү эңсесем, ушинтип жүрөт белем. Конечно, тирүү калсам, мына бу иттер менен дагы бир ирет салгылашып өлсөм, жакшы болор эле.

— Армия келип, лагерден бошотуп алгандан кийинби?

— Ага чейин качам дейсиңби?

— Ыңгайы келсе, партизандарга кошулуп кетсек.

— Менин корккоnum ошо. Немецтер «кана, кача бергиле» деп, көздөрүн жумуп отуруп берет дейсиңби? Бул тим эле өлүм.

— Эми же, өлүм, же өмүр. Ушу экөөнүн бирөө гана бизди шермендечиликтен куткарат.

— Оо, койчу Мурат. Мен кол көтөрүп туткунга түшкөн эмесмин. Мен бул жагынан акмын — деди Рашид. Анын үнү бир аз көтөрүңкү чыгып, сакчылардын кулагы чалып калды.

— Сен эми актанбай эле кой — деп шыбырады Мурат.

— Эмнеге? Эмне үчүн? — Рашид ага бурулду.

— Биз азыр бир туңгуюкка баратабыз. Алдыбызда бизди эмне күтүп турат? Бул табышмак. Мына, токойго да жетип калдык. Токойдон да өтөөрбүз. Бул жүрүштө сакчы көп... менин башым маң.

Мурат шыбырашын токтотту. Катардан артта калбайын деген ойдо кадамын кере-кере таштай баштады. Токой. Токой. Ар жагында же өмүр, же өлүм. «Атасынын көрү» деп койду Мурат. Колонна токойго кирип баратты...

# ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ



Күн төбөгө көтөрүлүп, аба үп болуп, айлана мелтиреп дымып турат. Анда-санда тээ бийиктен каалгып өткөн самолеттордун үнү угулат. Алды тарапта Пилица дарыясы жылан сымак ийри-буйру болуп агып жатат. Анын батыш жээги жайык талаа. Мына ошо жайык талаада кумурскадай кыбыраган эл. Ызы-чуу. «Лос, лос, арбайтен, арбайтен» деген үндөр каргылданып чыкканы менен кулакка заар угулуп, дагы эле жүрөктү титиретет. Колдоруна керки, күрөк алган туткундар траншея казып жатышат. Алардын бир даары мына ушу жумуш менен алек, бир даары токойдон алып келген чырпыктардан четен токуп, аны ошо траншеялардын эки жак бетине каптап келатышат. Антпесе, жер кумдак. Бүгүн казылган траншеяны эртең эле кум эшилип, каптап калат. Немецтер немецтик тактык менен коргонуу линиясын түзүп жатышат.

Туткундар кара терге түшүп, канчалык арып-талыганы менен алар ичтеринен кымындашат. Ушул абалда алар сүйүнбөй, ким сүйүнсүн? Бир убакта «Москау капут, Ленинград капут, Шталин капут» деп, дүйнөгө жар салган эмелер, эми буерде, Польшада коргонуу линиясын түзүүгө аргасыз болуп отурушат. А буерден Германияга чейин беш эле кадам экенин туткундар жакшы билишет. Кээде алар бири бирине: «Эми Берлин капут, Гитлер капут» деп, шыбырашат. Туткундардын бул ойлорун тиги иштетип жаткан немецтер да сезеби, ким билет, тим эле кабактарынан каары төгүлүп, жаактары түктүйө сөгүнүшүп, күчтөрүн туткундардан чыгарышат. Бирок, баары эмес. Айрымдары өздөрү да арасаат ойдо болушса керек. Сигареттерин шимиришип, тек гана ичтеринен тынган болуп, айланага кайдыгер карашат. Офицерлери көрүнө калса гана үндөрүн бийик чыгарып: «арбайтен» дешип бакырып калышат. Болбосо алар ойдо. Ойго тунушат. «Бу дүйнө эмне болуп баратат. Биз эми эмне болобуз?» дешкенсишип, туткундарга да суроолуу көз менен карагандай бо-

ушат. Туткундар эмне демек эле? «Кезектүү дүйнө, мурда биздин армияны силер кубаладыңар. Эми биздикилер кубалашат. Силер биздин жерди, элди басып алууга ашыктыңар эле, эми биздин армия ошо силер булгаган жерди тазалоого, элди бошондукка чыгарууга келатышат. Адилеттик үчүн келатышат. Ушу Польшада түзгөн коргонуу линиялары адилеттиктин армиясын токтотуп кала алабы? Же жокпу?» дегендей ойго келишет.

Траншея казып жаткан жерден токойго үч чакырымдай аралык бар. Ошо токойдун четинде жети туткун чырпык кыйып, аны поляктардын жалгыз ат арабаларына жүктөп берип турушат. Эки араба. Бири кетсе, бири келет. Анткени менен, туткундар эмнегедир бир араба жөнөөрү менен экинчи арабага жүктөлөөр чырпыкты кыйып коюшат. Ага Мюллер менен Шуберт ыраазы. Туткундар эмнегедир күнгө карашат. Анын эртерээк эле отуруп кетишин тилегендей болушат.

Мына азыр да араба жылаары менен экинчисине ылайык чырпык дөбөлөнө түштү. Мюллер туткундарга карап: «Зитсен. Зитсен. Генух» деди. Рашид Муратка карады. «Майли, отуралы» деп, Мурат жолдошторуна бурулду. Жетөө топтолуп отура кетишти. Оң тараптагы эки дүмүрдө Мюллер менен Шуберт жайгашышты. Алар автоматтарын карыларына илип, өз ара бирдемелерди кобурап калышты. Анан, Мюллер чөнтөктөрүн кагынып, порцигарын сууруп алды. Анын ичинде эч нерсе жогун билип турса да, порцигарын ачып көрдү. Жерге бир түкүрүнүп алып, сөгүнө баштады. «Менде да эч нерсе калган жок» дегенсиди, Шуберт.

Булар жаштары элүүдөн өтүп калган немецтер эле. Кийинки кездерде немецтер тылдагы иштерге жарадарларды, карыяларды пайдаланып, жашыраактарын фронтко жиберип калышкан. Мына, Мюллер менен Шуберт. Туткундар лагеринде иштешет. Булардын жеп-ичээрине кечири болсо да төрт даанадан сигарет алышат экен. Аны түшкө чейин чегип коюшуп, түштөн кийин нашасы түгөнгөн банги сымак сөгүнө беришет. Күчтөрүн араңжан гана кыбырап, зорго жүргөн туткундардан чыгарышат. Эки-үч күндөн бери Мурат менен Рашиддер келе баштап булар өздөрүн сөктүрө койбой жатышат. Тигилер эмне десе, ошону шарта-шурт иштеп коюшат. Мурдагы туткундардай эле ичка, арык болушканы менен тарамыштай чоюлушуп, ишке жакшы. Аны байкаган Мюллер менен Шубертте кичинекей болсо да, адамдык сезим пайда болобу, уруп-токпой дем алдырып, анан, кайра иштетип калышты.

Ушул учурда туткундар күткөндөй күн да төмөндөп, аркы токойдун артына жашынууга бараткан өңдөнүп кетти. Рашид отурган жолдошторуна карап, алардын жүзүнөн «Болбойсуңарбы?» дегендей, өтүнүчтү көрдү. Аны сезген Мурат траншея казылып жаткан жайыкка карады. Бир араба бара жатат. Экинчиси токой тарапка карай жөнөп калыптыр. Ашыгуу керек. Антпесе, бүгүнкү ойлогон иш эртеңкиге калышы ыктымал. Эртеге дагы эмне болот, эмне жок, аны азыртан билүү кыйын.

Мурат ордунан турду. Аны Мюллер менен Шуберт да көрдү. Шуберт адатынча: «Зитсен, зитсен» деди. Мурат чөнтөгүнөн бир пачка сигарет алып чыкты. Тиги экөө: «бул азиат аны кайдан алды экен?» дегенсип, таңыркай карап калышты. Мурат пачканы ачып, сигареттеринен экөөнү бир аз суурул коюп, «Раухен, зи бите»[1] деп, тиги экөөнүн жанына басып барды. «Кайдан таптың?» дегенсип, Мюллер колдорун ушалап, мулуңдады. «Гут-гут. Данкишен»[2]— деди Шуберт сигаретти алып жатып. Мурат жолдошторуна келип, аларга да бирден сигарет таратты. Анан ордуна отуруп калды. Шуберт менен Мюллер сигаретин тамызышып, бирден соруугa умтулушту. Ушул учурда Рашид менен Муса сигареттерин колдоруна алып, «тамызып алалык» деген мүнөздө бири Шубертке, бири Мюллерге басып барышты. Тигилер эч нерсе ойлорунда жок сигареттерин сунуп калышты.

Окуя заматта башталып, заматта бүттү. Шуберт менен Мюллерден үн чыкпады. Бир алдын тыбырап барып, анан буту-колдору шалдайып жатып калышты. Чоң күч менен асылганбы Мусанын колдору Мюллердин тамагында калган экен, аны араң чыгарышты. Анан, алардын автоматтары менен касеттерин алышып, жети киши дароо эле токойго сиңип кетишти. Күн отуруп баратты.

* * *

Качкындар токойго чыккандан бери үч күн, үч түн өттү. Алгачкы түнү алар жол жүрүшкөн эле. Эми күндүзү жүрүп, түнү токойдун коюу бадалдарынын арасына кирип жатып алышчу болду. Анткени, экинчи түнү токойдо көпкө жүрүп, кайра мурдагы орундарына келип калышыптыр. Бу тарапта токой калың да, чоң да экен. Кээде асман көрүнсө, кээде токой ичи көзгө сайса көрүнгүс караңгы.

---

[1] Мынаке чегип көргүлө.
[2] Жакшы... жакшы... ыракмат.

— Биз эмнеге ашыгабыз? Артыбызда куугун жок, куйругубузду үзүп кеткендей болдук. Эми эртеби, кечпи партизандарга жетебиз. Ач-арык жүрүп убаралана бергенибиз кандай болор экен? — деди Рашид.

— Да-аа, ойлонуп көрүү керек. Мен, ишенсеңер, уятымдын зорунан эле келе жатам. Ичегилерим ышкырып калды. Тиги кочуштап бөлүп жеген бүлдүркөн эмне болуп атканын билбейм,— деп, Муса муңайды. Калгандары баштарын жерге салып унчугушпады. «Кана, сен эмне дейсиң? дешкенсип, айрымдары Муратка жал-жал карап алышып, кайра жалтактап кетип жатышты. Мурат эмне дамек? Анын абалы шериктеринен жакшы эмес. Анын ичегилери деле ышкырган сымак кулдурап, өзөгү талып, көздөрү караңгылашып кетип жүрөт. Ал эрдин тиштеп, өзүнө өзү кайрат берип, алдан тайып баратканын жолдошторуна сездирбөөгө аракет кылат. Шериктеринин ал-абалын көрүп турганы менен аларга жардамдашаар арга жок. Бир гана мүмкүнчүлүгү сөзү менен аларга дем берүү. Аларды келечектен үмүттөндүрүү. Мына азыр да ошол ой менен:

— Ээ, жолдоштор, көбү кетип, эми азы калганда, башыңарды жерге салбагыла. Өтө эле алыңар таң болуп баратса, баарыбыз болбосо да бир-экөөбүз виескага кирип, азык-түлүк сураныл көрсөк. Бир нерсе беришээр. Жок дегенде тоюнуп келишээр. Буга эмне дейсиңер? — деп, Мурат шериктерине карады.

— Ошентсек да болот...

— Антпесек, ачкадан өлүп калат окшойбуз,— дешти отургандар.

— Бүгүн бир чалгындап көрөлү. Поляктардын өздөрү айткандай: «же пан, пе пропал» — деди Муса. Эки-үчөө күлүп коюшту.

— Анда, мына түш ооп баратат. Токойду четтеп чыгалы да виеска көрүнсө, байкаштырып көрөлү. Немецтер билинсе, жөн гана кете бергенибиз оң. Ал эми тынчтай көрүнсө, виескага кирип көрөлү. Буерде масилеттешип алаар бир сөз аерге куралдуу чыгабызбы же куралсызбы? Ушуну ойлонуп көрөлү — деген Рашид көкүрөгүндөгү автоматын кармалаган болду.

Качкындардын арасында талаш чыкты. Бирөөлөрү курал менен баруу керек. Оокат берсе берди, бербесе зордоп да көрүү керек дешти. Экинчилери ага каршы турушту. «Биз эмне, зордоп оокат өндүргөндөй бандит белек? Тек гана куралсыз баруу керек да, эмне берсе, ошону алуу менен аларга ыракмат айтуу керек. А эч нерсе беришпесе,

анда зордуктоо жок» дешти. Айтор, ары сүр, бери сүр болуп отурушуп, виескага бир автомат менен эки киши чыкмак болушту.

Арадан анчалык убакыт өтпөй эле Рашид качкындардан бирөөнү ээрчитип, токойдон чыкканда, калгандары бадалдын түбүнө пысып жатып калышты. Эки чакырымдай аралыктан виеска көрүнүп турат. Бир топко байкоо жүргүзгөндөн кийин аерде немецтер жокко деген жыйынтыкка келишкен.

Эң четки үй. Рашид шериги менен үйгө сарай тарабынан жетишти. Чоң жыгачтан салынган сарай, ортосунан араба ары-бери өтүп кете берчүдөй көрүнөт. Анткени, эшиги ачык турат. Дүпүлдөгөн добуш чыгат. Бир нерсени токмоктоп жаткан өңдөнөт. Рашид бутунун учу менен басып келип, сарайдын жылчыгынан ичкери карап, боолай рожду токмоктоп жаткан отуздарга барып калган кишини көрдү. Анын эч нерсе менен иши жок. Шалкылдатма таягы менен боолай рождун баш жагын ары аңтарып, бери аңтарып токмоктоп, анан, аны жерге күбүп токмоктоп кирет. Рашид шеригин жанына чакырды да, тиги полякты көргөзүп, кийин: «айтчы эмне кылабыз?» дегендей ишарат берди. Тиги: «өзүң бил, эмне кылсаң, өзүң бил» дегенсип башын ийкеп, тим болду.

— Жүр — деди Рашид автоматын атууга даяр кармап. Алар дарбазадан баш бакканда, поляк буларды көрдү. Саамга ишин токтотуп: «кайдан чыга калган эмелер?» деп, качкындарга тигилип туруп калды. Ал анчалык аракеттенгени менен буларды партизандарга окшоттура албады. Качкындар экен го деп койду ичинен. Ошентсе да, үнүн түзөп туруп:

— Силер кимсиңер? — деди ал.

— Биз... биз туткунчулуктан качып чыктык,— деп, Рашид ага жалбара карады.

— Жакшы, жакшы... — деп койду поляк.

— Биз ачкабыз. Мүмкүн болсо, жей турган бир нерсе берсеңиз.

— Азыр... азыр. Ушул экөөң элесиңерби? Же дагы шеригиңер барбы.

Рашид калтаарып турду. Шериктерин айтуу керекпи, же жашыруу керекпи? Мурда ал жөнүндө макулдашылган эмес экен. Эми кантет?

— Эмнеге унчукпайсың? Айта бер. Тартынба. Буерде азыр «швабалар» жок. Жардам беребиз,— деп поляк качкындарга жакын басып келди. Анан, Рашиддин колундагы немецтик автоматты көрүп:

— Оттурдуңорбу? — деди тим эле. Рашид башын ийкеди. Кийин поляк канча касети бардыгын сурады. Эч нерседен шек албаган Рашид эки автоматы, ар бирине үчтөн алты касетасы барын айтып, куралдуу болуп алгандарына бир жагы сыймыктана өр көкүрөгүн көтөрүп алды. Шериги Рашиддин сөзүн ырастагандай, кээ-кээде башын ийкеңдеткени менен сөзгө аралаша албады.

...Түш оой бараткaнда качкындар менен баягы поляк баланын арасында кобурашып отурушту. Поляк алып келген нандын жарымын ортого тuурашып, бүдүрүн жерге түшүрбөй этияттык менен жеп жатышты. Баяраакта Мурат аларга: «апсыкпагыла. Үздүгүп каласыңар» деген эле ошондон уламбы, көздөрүнөн нан өтүп, ичегилери ышкырып бараткса да, өздөрүн эмнегедир ток кармаган кишилердей болушуп, поляктын сөзүнө кулак түрүп отурушту.

Поляк көп сүйлөбөдү.

— Мен силерди партизан отрядынын адамдарына жолуктуруп коём. Ал үчүн кечке чейин ушерде отургула. Жылбагыла. Жакын арада немецтер жок. Чочубагыла. Кечкурун келебиз. Тиги бөлүп койгон нанды азыр жей бергиле — деп, туруп кетти. Бир аз жылып барып:

— Дагы кетип калбагыла, мен силерди немецтерге сатпайм. Мен аларды жаман көрөм. Бардык поляктар аларды жаман көрөт — деди.

— Кетпейбиз — деп чуулдашты качкындар.

Айткени менен алар, поляк токойдон чыгып кеткенден кийин эле отургандар өз ара кобураша башташты.

— Кудай берет деген ушул. Мына, бошогонубузга үч күн болбой, партизандарга кошулганы отурабыз. Эми немецтер менен ушул токойдо согушуп өлүп кетсем да, арманым жок — деди Муса эмнегедир күлмүңдөп.

— Ашыкпа. Али шашпа, ашыкпа — деп, Мурат аны ийнинен басып койду. Муса шеригине бир аз таңдана карап алып:

— Сен эмне, партизандарга кошулушубузга ишенбей турасыңбы? — деди.

— Ишенем. Бирок, дагы эмне болот, эмне жок? Андан көрө «сактыкка кордук жок» дешет элде. Тиги полякты күтсөк күтөлү. Бирок, орун ооштуруп отуралы. Буга эмне дейсиңер? — деди, шериктерине өз оюн айтты.

Качкындардын көбү эч нерсени оюна албай отурушкан экен. Эми эмнегедир элеңдешип калышты.

— Туура айтасың, Мурат — деди Рашид.

— Полякка да ишенбей калдыңарбы? — деп Муса бирде Рашидге, бирде Муратка тигилди. Бирок, алардын жү-

зүнөн кооп саноону, чочулоону байкай албады. «Тим эле саксына беришет экен» деп, алды өзүнчө.

Отурган жерлеринен беш жүз метрдей токойду тереңдеп кирип, бадалдарга далдааланышты. Мурат менен Рашид экөө шериктеринен бир азга бөлүнүп, өздөрүнчө сүйлөшкөн болушту. Ага Муса, анын шериктери анчейин маани беришпеди.

— Биз эми дем алабыз. А мына бу жерге бирден киши кезек менен кароолго турат. Биринчиден, айланага көз салат. Эмне шарпа болсо, шашылбай, бакырбай кабар берүү керек. Экинчиден, бая эртең менен отурган жерибизге, көз салат. Ошерге поляк дагы келер бекен же жок бекен? Эгер келсе, кимдер менен, кантип келишет? Карап көрүүбүз керек. Кооптуу туюлса, аларга учурабайбыз — деп, Рашид жолдошторуна түшүнүк берген болду. Постко биринчи болуп Муса турду. Калгандары бир аздан оокаттанып алышканынанбы, бойлору салмактанып, муундары бошоп, ар бадалдын түбүнө кынтая кетишти.

Муратты бир алдын уйку каптап, кирпиктери чапташып кеткенсип да жатты. Ал кийинчерээк, же уктап атканын, же ойгоо жатканын өзү да ажырата албады. Бирде партизандар менен «ураалап» немецтерди кууп бараткан болот. Бирде көмкөрүлүп келаткан асманды карагайлар учтары менен тиреп турган өңдөнөт. Бирде кыйнаттанат. Онтогондой болот. Рашид аны жай гана быкынга түртүп коёт. Мурат көзүн бакырайтып ачып, ага суроолуу карайт.

— Оңдонуп жатчы, кыйналып жатасың,— дейт тиги. Мурат бир жамбашынан экинчи жамбашына оодарылат. Жолдошторуна каранат. Алар бадалдардын түбүндө божурап жатышканы менен өздөрүн эркин сезишкениненби жүздөрү жылуу көрүнөт. Минтип эркин жүрүп калышканына Мурат өзү да ишенип-ишенбей кеткенсийт. Анан, качаар алдындагы окуялар көз алдына келет. Анда эмне болду эле? «Азыр, алар азыр» дейт Мурат өзүнчө кобуранып.

* * *

Мурат түшүнөн чочуп ойгонуп, жолдошторунун өз ара сүйлөшүп отурганын көрдү да, делдектеп калган өпкөсүн басты. Рашид постко өзү кетиптир.

— Ээй, Мурат сага эмне болду? — деди Муса анын өңүнүн кубулуп калганын байкай коюп.

— Атаңдын чокусун урайын... дагы эле лагерде жүрүпмүн түшүмдө. Бир жерге ишке алып барышат. Кандайдыр

бир бир яшикти көтөрө албай кыйналабыз. Сакчылар урушат. Бирөө дубинка менен берип калганда, ойгонуп кетиптирмин,— деп, Мурат муңайды.

— Түшүң түлкүнүн богу... Анан бул туткунчулук жүрөгүңө түшкөн так болду. Туз-насип буюруп, жеңиш менен элге барып калган кездериңде да ушул туткунчулук түшүңө кирет. Аны унутпа, досум. А, азыр мына кеч кирип баратат. Поляктын келер маалы болуп калды. Эми ошолорду күтүү керек. Мен анын көзүнөн чочулап калдым. Кылтылдактын көзү сүйлөп жатканда, ойноп турду. Ак көңүлдүү кишилердин көзү антпейт. Өлүп кетейин, ушул эме бизге дагы бир шумдукту көрсөтөт — деп, Муса ары тарапка үңүлдү.

— Көрүнгөн эмеден шек санай бересиңби? Поляктарды немецтер иттей эзип жатышат. Алар чын эле немецтерди жек көрүшөт. Ошондуктан, бизге жамандык ойлобос...— деп, Мурат сөзүн бүтүрө электе качкындардан бирөө:

— Тигине Рашид кол булгап атат,— деди. Отургандар Рашидге карашты. Чын эле Рашид кол булгап, өзүнчө чакырып атыптыр.

— Мен барып келейин — деди Муса. Мурат каршы турбады ага. Барсаң, бар дегенсип башын ийкеди. Анан Мусанын барганынан кайтып келгени тез болду.

— Куралдуу беш киши, алардын ичинде бая эртең мененки поляк да тиги жерге келишип, бизди таппай туруп калышты. Эмне кылабыз? — деди Муса аптыгып. Качкындар Муса менен Муратты карап «булар кандай чечимге келишер экен? дегенсишип демдерин ичтерине ала башташты. Ангыча Рашид да булардын жанына кирип келди.

— Эми эмне кылабыз — деди Муса мурдагы суроосун кайталап.

— Ашыкпачы, азыр кеңешип көрөбүз — Мурат ойлоно түштү.

— Да-аа, азыр бир чечимге келбесек, качып кетишкен экен дешип, кайра кетип калышаары ыктымал. Давайте, аларга же белги берели, же жандарына басып баралы,— деп, Рашид сунушун киийирди.

— Бардыгыбыз барбайлы. Эки киши барып, тигилердин тамырларын тартып көрөлү. Эмне дешер экен? Буга эмне дейсиңер? — деп, Мурат оюн ортого салды. «Дайыма саксына берет экен» дегендей, Муса ичинен тырышып алгана менен, ал оюн сыртына чыгарбады.

— Куралдуу барабызбы? — деп, Рашид оңтойсуздана түштү.

— Жок, жок... — деди Мурат.

— Куралдуу барсак, сүрдүүрөөк барабыз го — Муса автоматын кармалап, аны атууга сомдогондой болду.

— Рашид, Муса, силер куралыңар менен ушерде болосуңар. Мен тиги Осмонду алып алам. Жамандык иш болсо белги беребиз. Аткыла. Бизге деле карабагыла. Жетөөбүз колго түшкөндөн көрө экөөбүз кеткенибиз түзүк. Кана, эмесе, Осмон, ордуңан тур — деди Мурат арыраакта отурган арык чырай жигитке карап. Ал эмнегедир чочулагансып, ордунан араң эле турду. Бирок үндөбөдү.

Мурат, Осмон экөө поляктардын туурасынан чыгышып, алар менен саламдашкан болушту. Тигилер кол алышып көрүшкөнүнөн улам Мураттын ичи жылып, шектенүүсү азаздан жоголо баштады. Алардын арасынан бирөө чала-була орус тилин билет экен:

— А калган шеригиңер кана? — деди.

— Ушерде — деп Мурат аларга кыска гана жооп берди да, тигилердин куралына таңдана карап турду. Автоматтары немецтердикине да, биздикине да окшобойт эле. Аны байкап калган Войтек (орус тилин билген поляк өзүн Войтекмин деп атаган) көкүрөгүндөгү автоматын кармалап:

— Бул англичандардын автоматы. Холера, эң жакшы курал — деди. Анан: — биз англичандар менен байланышып турабыз. Польшанын Лондондогу өкмөтү бизге жарак-жабдык, кийим-кече, азык-түлүк да таштап турат,— деп, сөзүнө кошумчалады.

— Силер партизандарсыңарбы? Кимсиңер? — деди Мурат. Поляктардан экөө-үчөө күлүп жиберишти.

— Партизанбыз. Партизанбыз. Буга ишене бергиле. Биздин партизан отрядыбызды «Аковцы» же «Армия Крайовцы» дешет. «Аковцылар» Польшанын бардык жеринде бар. Кана, шериктериңерди чакыргыла. Келишсин. Сүйлөшөлү — деди Войтек. Булардын партизан экенине көзү жетти Мураттын. Бирок англичандардын куралы менен жүрүшкөнүнө, Советтер Союзун оздоруна алышпагандарынан дагы азыраак шектенүүсү пайда болду. Анткени менен, булар немецтердин адамы эместиги көрүнүп тургандан кадик саноосу кайра өчүп, жолдошторуна белги берди.

Эртең мененки поляк дагы нан, азыраак картошка ала келген экен. Аны качкындарга сунду. Бирок, «кийин жээрбиз» деп, булар оокатка кол тийгизишкен жок.

— Эй, достор, силерге кошулуп калганыбыз жакшы болду. Эми барыбыз биригип алып, фашисттердин тоюн

көрсөтөбүз. Кызыл Армиянын жеңишине жардам беребиз, — деп, Муса тигилерге карап мулундады. Анткени менен, поляктар ачылып сүйлөй беришпей, тек гана мыйыктарынан күлүп коюшту.

— Сен большевик болсоң керек — деди Войтек Мусага. Муса суроонун кайсыл ойдо берилгенин түшүнө бербей туруп:

— Мен большевик эмесмин. Анткени, бир жагы жаш элем, бир жагы ага али татыктуу эмес элем. Бирок, мен большевиктердин өлкөсүнөнмүн. Демек, большевикмин,— деп, көкүрөгүн көтөрдү. Ошондо Мурат Мусанын бул жообуна ыраазы болуп, «ооба, ооба, баарыбыз большевиктердин өлкөсүнөнбүз» дегендей баш ийкеп, тигинин сөзүн колдоду.

— Биз ачык сүйлөшөлү — деп, сөзүн баштады Войтек. — Эгер силер биздин отрядга кошула турган болсоңор — деп келатканда:

— Силерге кошулбаганда, кайда бармак элек,— деди Муса.

— Эй, Муса, кишини сүйлөтө койбой атасың, ашыга бересиңби? — деп, Рашид бир аз жемелегендей тон менен сүйлөдү. Муса «болуптур, болуптур» дегендей отуруп калды.

— Бизге кошула турган болсоңор, ушерде келишип ала турган сөз бар. Аны силерге айтып, макулдашып алалы. Буга эмне дейсиңер? — деп, Войтек качкындарга карады.

— Айтыңыз. Айтыңыз — дешти булар.

— Айтсам, биз фашисттерди да, большевиктерди да жакшы көрбөйбүз. Бизге экөөнүн тең кереги жок. Поляктарга поляктардын Польшасы керек. Биз ошон үчүн күрөшөбүз. Силер да Польша үчүн күрөшүүгө макул болсоңор, анда бизге кошулгула. Болбосо, өз билгениңерди кылгыла. Мына, токой. Жолуңарды тоспойбуз — деди жай гана.

Качкындар бул кабарды кимиси кандай кабыл алганын бүерде ажыратуу кыйын эле. Мурат болсо, уккан кулагына ишенбей отурду. Заматта түрдүү-түмөн ойго кетти. Фронтто немецтерди Кызыл Армия, большевиктер артка куун, ушул поляктарды да фашизмдин торунан бошотууга келатса, а бул поляктар «бизге фашисттердин да, большевиктердин да кереги жок» деп, фашисттер менен большевиктерди бир катарга коюп отурганы эмнеси? Эгерде ошо большевиктер болбосо, ошол большевиктер фашисттерди талкалабаса, поляктардын өздөрүнүн колунан эмне келет эле? Дагы көрөр күндөрү эмне болот?» Ушул ой Мураттын жүрөгүн өйүдү. Ал эрдин тиштенип өз колун өзү мыжыгы-

лаганы менен абалы жеңилдешпеди. Войтек суроосуна жооп күтүп турушканын Мурат, Рашид, Муса жана шериктери байкашты. Азыр аларга жооп берүү керек. Бирок, эмне деп жооп беришет? Немецтердин колунан качышканда, партизандарга кошулабыз деп эңсеп, көксөп чыгышпады беле? Эми эмне кылышат? Качкындар бири бирине карап калышты.

— Бир нерсе дебейсиңби, Мурат? — деди Рашид.

Мурат Мусага, шериктерине көз кырын салды.

— Кошулса кошула беребиз да. Кийин көрө жатарбыз. Булар фашисттер эмес экенго — деп, Муса өз оюн билдирди кыргызчалап.

— Буларга кошулсак, бирок, оюбуз, максатыбыз башка- башка, болсо, анда күрөшүбүз кандай болор экен? Эң оболу буларга менде суроо туулду. Ошону берип көрөйүнчү. Эмне дешер экен — деди Мурат да кыргызча сүйлөп. Поляктар булардан шексингенсип бири бирине тигиле, автоматтарын кармалап коюшту.

— Силер Польша үчүн күрөшөбүз дедиңер. Аныңар жакшы. Анткени менен, большевиктер фашисттерди талкалап, силердин жериңерди тазалабаса, өзүңөрдүн колуңардан эмне келет? Отуз тогузунчу жылды билесиңерби? — деди Мурат. Мураттын сөзү поляктардын сээрине тийдиби, ким билет, тигилердин бардыгы: «оо, отуз тогузунчу жылды билебиз. Билебиз. Анда чыккынчылык болгон. Бизди сатып жиберген» деп, чурулдашты.

— Ким саткан силерди? Силерге ким чыккынчылык кылган! — деди Рашид.

— Ал өткөн иштин буерде эмне кереги бар? Холера, ал убакты мен ойлогум да келбейт. Аны койгула,— деп, Войтек колдорун сереледи.

— Булардын баары большевиктер, көрбөйсүңөрбү, эмитен эле бизди үгүттөп келатат. Булар коркунучтуу кишилер — деди баятан бери унчукпай четирээкте турган поляк. Шериктери: «да, да» дегендей баштарын ийкешти.

— Польшага большевиктер кирбейт. Ага чейин биерге англичандар, америкалыктар келет. Алар биздин достор. Так, что каалаcаңар биз силерди большевиктерге өткөрүп беребиз,— деп, Войтек сөздү кыскартууга аракеттенди.

Күн отуруп, көз байланып бараткандыктан, Мурат Войтекке кайрылып:

Анда биз өзүбүзчө кеңешип алалы. Уруксат эткиле — деди. «Да, да, да» деп, Войтек булардын оюн шериктерине айтып түшүндүргөн болду.

Качкындар азыраак ары жылып, өз ара күбүр-шыбыр болушту. Муса менен Рашид, дагы бир-экөөнүн колдорун сере͏́лөп жаткандары көрүнүп турду. Анан көпкө узабай эле, алар кайра келишти. Мурда эле макулдашып алышкан бекен, Мурат сөзгө кирди.

— Силерден башка, Аковцылардан башка да партизандар барбы? — деди. Поляктар бири бирине карап ийиндерин күүшөштү.

— Балким, бар чыгар, бирок аларды билбейбиз,— деп, Войтек жалтактады.

— Анда менин шериктерим токойдо дагы болуп көрөлү дешет. Балким Советтер Союзу менен байланышы бар отряддар да учурап калар дешет. Жолдошторум — көпчүлүк. Алар эмне дешсе, мен да ошого макулмун. Капа болбогула. Баарыбыздын максатыбыз бир. Фашисттерге каршы күрөшүү — деди Мурат.

— Анда өзүңөрдүн ишиңер. Жолуңарды тоспойбуз. Токой чоң. Издеп көргүлө — деп, Войтек бирде качкындарга, бирде өз шериктерине карады. Иштин чыр-чатаксыз чечилгендигине ыраазы болгон Мурат эми булардан мындан ары кете турган жолубузду сурап алайын дегендей ойго келип, оозун сомдоп баратканда...

— Хлопцы, силерге дагы бир айтар сөз — деп, Муратты сүйлөттүрө койбоду Войтек — бизге кошулбасаңар, кошулбагыла, бирок, азыр биз — деп дагы шериктерине бурулуп, кайра сөзүн баштады,— азыр биз силердин куралыңарды алып коёбуз...

Ушул учурда мурда сөзгө кулак түрүп турган Рашид менен Муса автоматтарын боорлоруна басып тура калышты. Поляктардын төртөө тиги экөөнү ороп алып, келген экөө качкындардын башкаларын тигилерден бөлүп кетишти.

— Каршылык көрсөтсөңөр атабыз. Баарыңарды атып салабыз — деп, ачууланды Войтек.

— Эй, жолдоштор... — деп Мурат үнү каргылдана.

— Эми биз силерге жолдош эмеспиз...

— Анда, пандар, бул эки автоматты биз немецтерди өлтүрүп алдык эле го. Силерге автомат керек болсо, немецтерге каршы барбайсыңарбы? Немецтерден албайсыңарбы автоматтарды? — Мурат калтырап титиреди. «Эми эмне кылабыз?» дегенсип Рашид менен Муса шериктерине тигилди. Анткени, экөөнүн эки ийнинен бирден поляк кучактап карма, бирдени аларга автоматтарын кезеп турган болчу.

Мурат ойго келди. Азыр силерге кошулабыз дешсе да,

тигилер эми ишенишпейт. Куралды беришпесе чатак чыгат.

Буга кандай арга табуу керек?

— Ой, ушул иттерге теңелесиңерби, бергиле — деди коркуп калган Осмон кыргызчалап.

— Пан Войтек, бул эмне деген сөз? «Ууруну каракчы урат» дегендей болуп ататко — деди Мурат.

— Силерде курал көп. Большевиктер күнү-түнү дебей курал таштап жатат. Ошо большевиктердин партизандык отрядына кошулсаңар курал беришет силерге.

— Бизге англичандар курал берип жатат деп азыр эле мактанбадыңарбы?

— Берип атышат. Бирок Аковцылар көп. Давай, чыр чыгарбагыла?..

Мурат бир азга унчукпай калды. «Ак ит, кара ит баары бир ит» дегендей, ушул Аковцылары дале ошо иттердин бири өңдөнөт. Эми Осмон айтмакчы, ушу иттерге теңелебизби. Куралды берсе берели. Эң негизгиси токойго чыгып албадыкпы. Куралдын дагы бир эби болор» деген ойго келген Мурат:

— Рашид, Муса колуңардагыны бергиле — деди оор үшкүрүнүп.

— Кантип беребиз? Кантип беребиз? Ушу сукалар менен атышып өлөм — деп, Муса автоматын сунууга умтулду эле «тра-тат» деген үн токойду көтөрүп кетти. Поляктардын бирөө Мусаны жандатып, автоматынан очеред берген экен жерден чаң көтөрүлүп калды.

Мусанын бешенесинен муздак терлер кетип, мууну калчылдап, колдору шалдайды. Поляктар Рашид менен Мусадагы автоматты жулуп алышты. Ачуусуна чыдабай Рашид башын мыжыгып, чачтарын жулду.

— Фашист экенсиңер силер. Немецтер силерди дагы азыраак эзип жаткан экен! — деп, бакырды баятан бери коркуп, алаңдап отурган Осмон.

— Бул экөө силерди узатып коёт — деп, Войтек эки автоматчан полякты көрсөттү.

— Кереги жок, кереги жок — деп, бакырды Муса.

— Мына, өзүңөр жеп жаткыла,— деп, Рашид эртең менен келген поляктын алдына анын алып келген наны менен картошкасын ыргытты.

— Кеттик... — деди Мурат терс бурулуп жолдошторуна.

— Жол көрсөтүп койгула — деп, Войтек өз кишилерине карады.

— Мейли, көрсөтсө көрсөтсүн — деди Муса. Бирок, анын үнү каргылданып, кектүү чыкты. Аны Рашид менен

Мурат байкап коюшканы менен «дагы көрө жатаарбыз» дешкендей унчугушпады. Поляктар бир тарапка, качкындар бир тарапка багыт алышып, булардын ойлору да жолдору да биригишпеди. Экп поляк беш-алты метрдей алдыда баратты. Качкындар артта. Азыраак жылганда эле Муса Мурат менен Рашидди жандап кетти.

— Азыр ушул иттерди аркы дүйнөгө кетиребиз. Автоматтары биздики болот — деди Муса аптыга.

— Ошентсе болот — деп, ага Рашид да кызыгып калды. Булардын кужу-кужусун эшиткен поляктар бир демеден шек санаштыбы, качкындарды алдыга өткөрүп, эми өздөрү артта калышты. «Оңго бурулгула. Түз жүргүлө» — деп, команда берип келатышты.

Тигилерди куралсыздандыруу жөнүндөгү ой бир алдын Муратты да кызыктырган эле. «Эмне экен, жамандыкка-жамандык. Эртеге бизди токойдун каеринен табышат?» деп, ал ичинен мулуңдады. Бирок, Мусанын шашкалактыгынан шек санаган поляктар эми артка өтүп кетишти. Абал мурдагыдан оорлошту. Бул оюн Муса менен Рашидге айтты эле алар «Ой бир аргасын табабыз» дешип, шымалангандай болушту. Шериктеринин чечкиндүүлүктөрүнө Мурат ыраазы болуп, экөөнү далыларынан таптап койду.

— Бир азга сабыр эткиле. Анда калгандарынан узайлы. Чуу чыгышы ыктымал. Тигилер жетип келип жүрүшпөсүн — деп, Муса дагы шыбырады. Ушул учурда Муратка башка ой келди. Анын кыялында калган поляктар буларды көзөмөлдөп келаткан өңдөнүп кетти. Болбосо арткы экөөнү буларга кошуп беришет беле? Жанада куралсыздандырышты. Эми токойдун чемелүү бир жерине келгенде, атып кетишпесе экен деп, чочулады. Муундары бошоп боюн калтырак басканынанбы тиштери-тиштерине тийбей, өңп шакылдап кеткендей болду. Аны өзү да кийин сезип калды.

— Мурат сен үшүп атасыңбы? — деп сурады Рашид.

— Ушундай абалда үшүйсүң да — деди Мурат чыныгы оюн куңуя калтырып. Анча узап кетишкендей болду. Бир [illegible]

— Эми баштайлыбы, — деп, Муса Мураттын чыканагынан кармады.

— Баштаса болот — Рашид акырын артын карады. Поляктар да бир нерсени сезген өңдүү автоматтарын атууга даяр кармап, жай басып келатышкан экен. Аны байкаган Мурат.

— Жок. Жок. Антүүгө болбойт — деди чечкиндүү.

— Эмне үчүн? Эмнеге? — деп, жиберди Муса.

— Булар менен азыр тек гана чырсыз коштошуп, ушерден чырсыз кетели. Эгерде азыр экөөнү өлтүрүп кетсек, эртеге эле алды, артыбыздагы виескалардагы поляктарга кабар жетет. Анан: «А баягы жетөө ушулар турбайбы?» деп, эртеге болбосо да, бүрсүгүнү бизди кармап алышат. Эң оболу өзүбүздүн партизандарга кошулалычы. Эсиңерде барбы, карта берген поляк «токойдо түрдүү партизандар бар, эми силер өзүңөрдүкүнө туш келгей элеңер» дебеди беле? Алышары автомат экен алышты. Эми биздин өзүбүзгө тийбей жөнөтүп коюшса эле болгону — деди Мурат.

— А бизге да тийишет дейсиңби? — деп, Муса таңдана түштү.

— Ырас эле чыр чыгарсак, атып коюшат. Анан бизди бирөө жоктоп алат беле? — деди Рашид. Муса мурда аны ойлогон эмес, эми чочулай баштады.

— Анда тим эле коёлу. Алтын баш аман болсо, автоматтар да колго тиер — деп, Муса мурдагы оюнан жанды.

Качкындар токтоду. Поляктар аларга жакын келбеди.

— Ырахмат. Мындан аркысын өзүбүз да таап кетербиз — деди Мурат.

— Мейлиңер. Токой менен кете бергиле. Алдыдагы виескаларда немецтер бар. Аларга кирбегиле. «А-лди» издегиле. «Армия Людовини» издегиле. Анда көп туткундар бар — дешти тигилер.

Качкындарга бул жаңылык эле. «Армия Людовини» демек «Элдик Армия». Анда биздикилер да бар деген ойдон улам, жанаракта эле жек көрүп келаткан тигилерге Мурат ыраазы болуп кетти. «Силер деле ошо элдик армияда болсоңор, жакшы болмок экен» деп, аларга айтып жибере жаздап, кийин өзүн араң токтотту.

— Армия Людовыда автоматтар көп. Баарыңар автомат аласыңар — деди тигилердин бирөө. Анан, экөө арттарына бурулуп, улам-улам арылап, бара-бара карааандары жок болуп баратышты.

— Эх, Мурат, сен саксына берет экенсиң «колго тийген коёнду коё берген оңобу» дегендей, колго тийген коёнду коё бердик. Эми эмне болобуз? — деди Муса.

— Сактыкка кордук жок дейт. Дайыма сак боло жүргөнүбүз жакшы. Ойлонулбай кылган иштин ойрону чыгып калышы ыктымал, досум. «Сагызган сактыгынан өлбөй, суктугунан өлөт» деген макалды билесиңби? Билесиң. Ошо сагызган суктугунан өлгөн экен. Суктук кыла бербейли — деп, Мурат Мусаны тике карады.

* * *

Польшадагы Аковцылардын жоругу качкындардын дилине кара көө сүйкөп кетти. «Бул эмне деген кордук? Биз жаңы немецтерди өлтүрүп, куралданып чыксак, а тигилер уялбай эле качып-бозуп жүргөн бизди тоноп кетишти. Деги ушул акылга сыя турган ишпи?» дешти бирөөлөрү. «Ой, мен ушу поляктарга түшүнө албай калдым. Бири фашисттердин торунан качууга жанып үрөп, жардамын берсе, бири каракчылык кылып жүрөт» деди экинчиси.

— Эми достор, эл болот. Эл болгондон кийин анын жакшысы да, жаманы да болот. Мына, өзүбүздү эле алып көрөлү. Армияда бирге кызмат кылып, бирге жүргөн шериктерибиз эле лагерге киргенде, полицай боло калып, өзүбүздү шомпол менен башка салгылабадыбы. Ана, «власовчулар», «Туркестандын легионерлери» бар дешет. Алар кимдер? Алар кайдан? Аны жакшы билесиңер. Демек, поляктарда да ошондой абал болсо керек. Тирүү болсок, дагы көбүн көрөбүз — деп, Муса ортодогу талаш-тартышты басты.

— Күн эми гана түштөн ооду. Кечке чейин отура беребизби? Байкагылачы, ушерге келгенибизге эки-үч сааттай болду. Жолдон эч нерсе өтпөдү — деди Рашид. Анан, бул эмне дээр экен дедиби, Муратка карады. Аны байкап калган Муса:

— Муратка аны айтпа. Мурат дагы бир нерсени шылтоолойт да, саксына баштайт. Бирок, капа болбо, арабызда ушундай кишилердин бары да жакшы. А то курчтук менен бул убакытка чейин эчен ирет аңга түшүп кетип, эчен ирет аңдан чыгат элек — деп кичине кыткылыктап алды Муса. Бирок, башкалардын күлбөгөнүнөн улам, ал өзүнүн ашыкча сүйлөп койгонун сездиби:

— Мурат, кечирип кой, мен тек гана тамашалайм. Аны дагы көңүлүңө алып жүрбө — деди.

— Ой Муса мында капа боло турган эч нерсе жок. Эми бири-бирибизге ошончолук дебесек, анда ушу ээн токойдо күндү кантип өткөрөбүз. Мен сенин тамашаңа түшүнөм — деп, Мурат чын сырын айтты.

— Тамашаны койгула. Капа, эмне кылабыз? Отура беребизби? — деди Рашид.

Качкындардын буерге келип отурганына көп болду. Алар токой менен келатышкан. Буерде жолдун бар экенин билишкен эмес. Анан, ал картада да көрсөтүлгөн эмес экен. Жолдун эки бетинен жүз метрден аралыктагы карагайларды кыркып, айланасын жалаңдатып коюптур.

Жолдун бир маанилүү жагы болсо керек. Болбосо, немецтер мынчалык убара болуп иштешпейт эле. Анткени менен, азыр жолдон эч нерсе өтпөдү. Аны караган кароолдордун бары, жогу да билинбеди. Эми качкындар эмне кылуулары керек? Тек гана өтүп кете беришеби? Буктурмасы болуп калса, анда кантишет? Мураттын жүрөгүн мына ушу ойлор өйүдү. Ошондой эле согуш башталган жылы булар качып баратышкандагы окуя эми эсине түштү. Анда жол эмес, тим эле шибери көйкөлүп жаткан ачык талаа болчу. Ошондо да эч нерсе билинбейт деп шашкалакташып, кийин талаанын орто ченине барышканда, ок менен осколканын арасында калышкан. «Дагы ошондой болобузбу?» деген ойдон улам, Мураттын муундары бошошуп, бою титиреди.

— Кечтин киришин күтсөк эмне болот? — деди Мурат.

— Сактыкка кордук жок дебейсиңби? — деп, Муса жылмайып койду. Ал азыр эле кечирим сураганын унутуп койгонсуп, тилин дагы кайрады. Эмнегедир Муса эки-үч күндөн бери көбүрөөк сүйлөйт. Көздөрү жанып, кайдадыр ашыгат. Мурат жолдошунун антип бараткаңына таңданат. «Кээде адам бир нерсени көрөрүндө дээлигип, токтоно албай, көрүнгөнгө бир тийип калат» дешчү эле элдегилер. Бирок, азыр Мурат андайды Мусага ыраа көрбөйт. Анан: «Мен эмне үчүн кежеңдейм. Шериктериме да жаман көрүнө турган болдум саксына берип. Же менин булардан жаным таттуубу? Жашоону бир гана мен сүйүп, калгандары өлүп кете берсек да мейли дешеби? Өтсөкөтө бербейбизби? Чын эле көптөн бери буерде кезерип эмне отурабыз» деп, Мурат ойго тунду.

Анан: «Туткундар лагеринен ушу токойдо капысынан эле өлүп алуу үчүн качып чыктыкпы, же алдыбызда бир максатыбыз барбы? Өлүш керек болсо, анда ошо лагерде эмне өлбөдүк?» деди Мурат кайра ойдолоп.

Муса, Рашид, Мурат үчөөнү тиги олтурган төртөө ээрчип качты. Демек, алар тагдырларын ушуларга байланыштырып, ушуларга ишенди. Үчөө жөн гана өздөрүнүн жандарын сактап калуу эмес, ушу кичинекей коллективдин тагдыры үчүн жооп бере турган болуп калышты. «Бул жоопкерчиликти эми биз мойнубузга алуубуз керек» деп, Мурат ушу чечимге келди. Муса менен Рашидди бир азга четке чакырып алып, аларга өз оюн айтты. Тигилер Муратка макул болушкансып, баштарын ийкеп турушту. Жоопкерчилик жөнүндө сөз болгондо Муса бир аз чагарактады.

— Эй, Муса, каерде болсок да, кантип жүрсөк

да, айтпугуудук керек. Сен комсомол белең? — деди Рашид.

— Комсомол болгомун — деп, Муса ойлоно түштү.

— Болгомун дебей, комсомолецмин дей бер — деп, аны Мурат тактады.

Кийин булар дагы бир топ отуруп калышып, айрымдары көзөк менен чырм этип алышкан да болушту. Айрымдары айланага кулак түрүп, жолдон көздөрүн албай отурушту. «Бу эмне болгон эле? Жолдон эч нерсе, эч ким өтподу. Качкындар бекеринен эле саксынышкан болуп, бир күндү бекерге өткөрүп жиберишпиби?» Ушундай ойлордон улам, Мурат өзү да шериктерине:

— Ото берсек окшойт — деди. Бир нерселерди айтууга Мусанын оозу сомдолуп барып, кайра токтоду. Рашид тек гана үн-сөзсүз ордунан турду.

Күн бешим болуп калган эле. Качкындар токойдун четине чачырап келишип, бири артта, бири алда болуп туруп калышты. Дагы жолдун өйдө-төмөн жагы каралды. Токой жымжырт, жолдо эч нерсе жоктой туюлду. «Кана, кеттик!» эмесе дегендей, Мурат оң колун көтөрүп, кайра түшүрүп, алга атылып жөнөдү.

Дүмүрлөр. Аларды аттап чуркап, Мурат эки качкындан кийин жолго жетти. Бирок, токтободу. Ал жолдун аркы бетиндеги кюветти аттаганда, оң тараптан тра-тат, тра-тат» үн чыкты. Пулемет. «Аа, буктурма бар экен да» деген ой чуркап бараткан Мураттын башына кылт эте түшүп, кайра жок болду. Андан кийин ойлонуп көрүүгө мүмкүндүк болбой, ал тек гана учкан октой кетти. Токойго жеткени менен токтободу. Анткени, куугун болууга тийиш. Ал канчалык токойго терең кирип кетсе, ошончолук жакшы болоорун сезди. Алдында баягы эки шериги баратышат. Артын бир карап алып, калгандарынын келатышканын көрүп, «аа-жакшы болгон экен» деген ойдо, ал алдыга кайра жүгүрө берди. Ал канчалык аралыкка жүгүргөнүн, канча убакыттан бери жүгүрүп келатканын ажырата албады. Карагайларды аралап, бирде оңго, бирде солго буйтап бара берди. Өпкөсү көөп, таноолору дердендеп, ана-мына жыгылып түшө турган абалга келгени менен өзүнө-өзү «чурка... чурка» деди. Токойго бир топ тереңдеп кирип кеткенсиди. Пулеметтун үнү эми алыстан-алыстан угулуп калды. Анан, Мурат карагайды кучактап өпкөсүн басууга аракеттенди. Көөдөнү көтөрүлүп, кайра чөгүп турду. Көздөрү караңгылашып, карагайдан жылмышкан бойдон жерге шалак этип бир тийди. Ал көздөрүн ача албай, бир азга оопалактап жатып, кайра кичине өзүнө

келди. Көздөрүн ачып, карагайлардын учунан ары жакта мелтиреп жаткан асманды көрдү. Асман ага абдан эле тунук, абдан эле көркөм туюлду. Ага ошол учурда жалпы эле дүйнө кызык өңдөнүп кетип, өлгүсү келбеди. Ордунан шарт туруп, айланасына көз жиберди. Карагайлар, бадалдар. Эмнегедир, ага пулеметтун татыраганы эмес, кандайдыр бир кичинекей чымчыктын «чыйп-чыйп» эткени угулуп жүрөгү элжиреди. Бир минутагабы, же бар болгону бир гана секундагабы эми гана качып келатканын унутуп, табияттын койнуна шуңгуп алгансыды. Ал тиги чымчыктын үнүнө кумарланды. Аны дагы уккусу келип, кулак түрө пулеметтун татырагын угуп, элүү метрдей ары жакка чуркады. Анан, өзүнө келип, айланасына көз жиберип, шериктерин издеди. Алдында да, артында да эч ким көрүнбөйт. Алар кайда кетишти? Жанарaakта эле келе жатпайт беле? Аларга эмне болду?

Мурат ушул учурда өзүн эмнегедир чытырман токой, жат жерде жалгыз калгандай сезип, өпкөсү толду. Өңгүрөп ыйлап жиберүүдөн араң эле токтоду. Шериктеринин атын атап, туш-тарапка кыйкыргысы келди. Бирок, анте албады. Анткени, ары жактан улам-улам пулеметтун үнү угулуп турат. Мурат кыйкырса, тигилер артынан түшүп алышаары мүмкүн.

Эми эмне кылат? Каякка барат? Жолдон өтөөрдөн мурда ушундай кокустук болуп калса, кийин кантип чогулушаары жөнүндө сүйлөшүп алышпаганына өкүндү. Өкүнгөн менен «жоо кеткенден кийин кылычыңды бокко чап» дегендей болуп калды. Мурда мына ушинтип, жалгыз калаарын ойлогон эмес эле. Ал дайыма шериктери менен токойго чыгып алса, анан партизандарга чогуусу менен кирип барыша тургандай сезчү. «Бышпаган калла» деп ушуну айтат турбайбы.

* * *

Мурат күндүн эсебин жоготкону аз келгенсип, жолдошторунун да көбүн жоготту. Мына, эми Осмон экөө бөжүрөшүп, коюу бадалдардын арасында азыраак топтогон бүлдүркөндөрүн жеп олтурушат.

— Рашиддер ушу токойдун бир жеринде эле жүрүшкөндөй сезилет. Түндө түшүмө да киришиптир. Кучакташып көрүшүп жатыппыз. Рашид ыйлап жүрөт. Чоң эле кишинин ыйлаганы купик болот экен,— деп, Осмон көздөрүн бал-бал эттирди. Анын жүзүндө шериктери менен кайра жолугушуп калуу ишеничи жайнап турду. Анткени ме-

нен, ал тиги Рашиддерден ажыраган жерден алда канча алыстап кетишкенин билбеди. Аны Мурат билет. Бирок, бар сырын ичине катып, тек гана Осмондун үрөйүн учургусу келбейт.

— Ал, кайда барышат эле. Адашып жүрүшөт да. Эртеби, же бүрсүгүнүбү шапа-шуп, бет келише түшөбүз — дейт Мурат. Осмон ага ишенет. Мураттын жалган айтпаганына да ишенет.

Мурат ойго кетет. Рашиддерди эстеп, аларды көз алдына келтирет. Булар Мусадан ажырагандан кийин да бир нече түн токой менен чыгышка карай жол жүрүштү. Бирде кечке чейин жүрүшүп, кеч киргенде кайра баштагы түнөгөн жерине келишкенин сезишти. «Билбеген жердин ойчукуру көп» дегендей, булар кээде бир токойдон чыга алышпай, бир нече күндү өткөргөн убактары да болду. Эмитедир токой ээн. Токойдо партизандар билинбейт. Токойдун чет-жакаларынан анда-санда адамдарды көрүшөт. Бирок, булар жалкотой болуп калышканынанбы, алардан качышып, аларга жолугушпайт.

* * *

Коюу токой. Калың бадалдын арасында эки киши. Бири чалкасынан жатат. Экинчиси жанында отурат. Жаткан эме туруп эле бүрүшүп, чүрүшүп, ойдолоктойт. Жаны чыгып кетчүдөй болуп онтойт.

— Өлдүм, Мурат аке, өлдүм — дейт. Мураттын аргасы кетет. Эмне кыларын билбейт. Эртеден бери киринелеп көрдү. Киндигин ушалады. Кичине жеңилдеген болот. Көздөрү азыраак сүзүлүп кетет. Эми жакшы болуп калды окшойт дейт Мурат. Бирок, Осмон кайра онтолоп кирет. «Ичим... ичим...» дейт. Анын ооруганын көрүп турган Мурат тим эле заарканат. Анткени менен ал аргасыз. Тигиге жардам бергидей колунда эч нерсеси жок. Баяраакта издеп жүрүп, бир жерден шапкесине суу куюп, аны алаканына кармап жүрүп алып келди. Осмон сууну апсыгып ичкени менен ошол замат эле кайра ичим деп кыйкырды.

Аңгыча көз байланып, кеч да кирип келди. Бул күнү качкындар баштагы күнкү ордунан кадам да жылышкан жок. Осмондун жанында отуруп, Мурат бүлдүркөн да тере албады. Түн кирип келгенде, Осмон тынчтанып бир аз уктап кетти. Мурат ага тийбеди. Мейли дем ала берсин деди. Анан, өзү өткөн-кеткенди ойлоп көпкө отурду. Деги эле оюн жыйнактай албай калды. «Осмондун оорусу басы-

лып калса экен» деп, өзүнчө күбүрөнүп алып, Осмонго карады. Ал узарып, бетинде каны жок, мүрдө болуп жатат.

Бир убакта Осмон ойгонуп:

— Мурат аке, жешке бир нерсең барбы? — деди. Мураттa эч нерсе жок. Аны Осмон билет. Ошентсе да үмүт... Үмүт менен сурады. Ал күнү тек эле тиштеринин кирин соруп жатышмак болушту. Бара-бара айлана караңгылашып, түн көшөгөсүн түшүргөндө, канаттуулардын үнү анда-санда угулуп туруп, кийин алар да тынган өңдөндү.

Мурат уйкуга кетти. Ал канчалык уктаганын билбейт. Көзүн ачса, жер жарып калган экен? Бул эмнеси? Жанында жаткан Осмон жок да. Ал кайда кетти экен. Же даарат ушатканы бастыбы? Мурат ойго чөгүп, ана келип калат, мына келип калат деп жатып, күндү көтөрүлтүп жиберди. Анан, чочулап ордунан туруп: «Осмон... Осмон... Ос-мо-он!» деп, аны чакырды. Токой жаңырды, бирок, Осмондон кабар болбоду. Айланасындагы бадалдарды түшкөчөң тытмалап чыкты. Эч жерде Осмон жок. Изи билинбейт.

— Бул балага эмне болду? Жин тийдиби? — деди арып-талып калган Мурат. Мурда бир-эки жолу «Мурат аке, ушинтип ачка жүрө беребизби? Виескага жөн гана кирип, жегидей бир нерселерин алып чыгып кетпейлиби?» дегенине: «Эми ууру болуп, кийинчерээк бандит бололу дейсиңби сен. Ал оюнду кой. Экинчи аны мага айтпа» деп, койгон эле. Же бул түнү Мурат уктап атканда уурулукка кеттиби? Ал жакын арада эмне барын билбейт эле го. Ушундай ойлордо: «дагы келип калабы?» деген үмүт менен Мурат кечке чейин бул жерден алыстап кете албай жүрдү. Аерден, буерден бүлдүркөн терип жеп, анан «Осмонго» деп, шапкесине да бир кочуштайын сактап алды. Бирок, Осмон экинчи күнү да көрүнбөдү. «Качтыбы? Качканда каякка барат? Кайра немецтердин колуна түшүп береби?» деген ойдон улам, Мураттын бүткөн боюн калтырак басты. Дарда сермелип турган Осмон элестеди. Мурат көздөрүн жумуп, башын мыжыкты.

Антиши мүмкүн эмес. Осмон бир нерсеге кириптер болсо керек. Мурат ошентип отуруп, Осмонду кайра көз алдына алып келди. Аны менен качаардын алдында гана таанышкан эле. Токойдо жүргөн күндөрдүн биринде экөө сүйлөшүп калышкан. Анда Осмон: «Менин тегим Ноокаттан. Бирок өзүм Кызыл-Кыяда детдомдо өстүм. Тоо техникумун бүтүрүп, шахтада иштей баштаганда, согуш башталды. Бирге окуган жолдошторуман бир тобу арызданып жүрүп, фронтко кетишти. Менин алардан эмнем кем эле?

Араң жеңдим да, артынан түшүп алдым. Анан фронт. Согуш... жарадар болуп, туткунда калдым. Лагерди өзүңүз билесиз, кудай берип, бактыма силер жолугуп калдыңар. Мына эми токойдо отурабыз. Болбосо дагы эле лагерде жүрмөк элем да» деп, жылмайып койгон эле. Азыр ошол Осмондун кайда кеткени, эмнеге кеткени, анан кайра качан келээри белгисиз. Мураттын башы маң болду. Бу эмне деген абал? Туткундан бирге чыккан жолдоштору бирин-бирин жок болуп баратат. «Мен эмне үчүн өлбөйм. Мага эмне үчүн ок тийбейт», деди Мурат муштумдарын кысымтып. Анын дале өлгүсү келди. Өлүүнүн түрдүү жолдорун ойлонуп көрдү. Даракка асылып алгысы да келди.

Анткени менен, аны кандайдыр бир сезим: «Эй, Мурат сен жеңил ойлуулук кылба. Даракка асылып өлүү эрки жок кишилердин иши. Өлүүгө ашыкпа. Сен ошентип, токойдо асылып өлүп алуу үчүн качып чыктың беле? Мекениңди ойлойсуңбу? Оюңа эл-журтуң келеби? Мекениңде азыр кан төгүлүп жатат. Анткени менен, душманды артына сүрө баштады. Күрөш али бүткөн жок. Күрөш ушу азыр сен отурган токойду да басып өтөт. Ошондо сенин керегиң тиет. Фашисттерден кордук көрдүңбү? Көрдүң. А, ыңгайы келип, өч алаар убагың жакындап калганда, өлүп алам дегениң эмнеси» деди.

Мурат энтиреп, эси ооп турду. «Өзүңдү карма... өзүңдү карма» дегендей болду баягы сезим. Мурат ордунан козголуп, күндүн чыгышына карай жөнөдү. Эң оболу сендиректеп, анда-санда дарактарга урунганы менен бара-бара эрдиш ылдамдады. Ал токойдун арасына кирип баратты. Анын карааны көрүнбөй да калды.

* * *

Токойдун ичинде жалбырактардан, шактардан жасалган майда-майда чатырлар. Автоматтарын төштөрүнө кармап, ары-бери жүргөн кишилер. Алар түрдүү жаштагы түрдүү кийинген кишилер. Ошондой эле алар түрдүү улуттагы кишилер. Кээ бирөөлөрүнүн баш кийимдеринде жылдызы бар. Кээ бирөөлөрү баш кийимдерине эки элидей кызыл чүпүрөктү кыйгачынан тигип алышкан. Мындай кулак салып турсаң, көбүнесе полякча, анан орусча сөздөр угулат.

Тигине, четирээктеги кичинекей чатырчанын алдында Мурат отурат. Ал колундагы «ППС» ин тазалап жатат. Токойдогулар партизан отряддарынын адамдары. Мурат

издеп, Мурат эңсеген партизандар. «А-Л». «Армия Людовы» ушу. Мураттын жанына ак саргыл эме басып келип, тигиге көпкө карап турду. Анан:

— Мурат, билесиңби, бүгүн отряддан бир нече группа тапшырмага барат экен. Алардын катарында дагы эле биз жок болсок керек. Эмне, бизди бордоку кылышат бекен? — деп, каткырып күлүп калды. Ал Ян эле.

— Биз жаңы эмеспизби. Али ишеничке ээ боло элекпиз. Ашыкпа, анан, өзүбүз да суранабыз — деди Мурат. Ян анын жанында отурду.

— Мурат, мен кечээ иттей шерменде болбодумбу,— деп, Ян дагы күлдү. Мурат ага карап туруп, «эмне болду?» дегенсиди.

— Автомат бергенине бир нече күн болгонун билесиң. Кечээ командир ротабыз келип, ал-абалыбызды сурады. Анан, согуш техникигине кайрылып туруп:

— Буларды токойго алып барып, автоматты атууну үйрөт — деди. Кийин токойдун ичи менен жүрүп олтуруп, кичинекей жайык талаага чыктык. «Ушерде үйрөнөсүңөр» деди взводдун командири. Автоматтарды октодук. Атуунун жолун айтты. «Асманга аткыла» деди. Шериктерим ата баштады. «Тра-тат, тра-тат...» токой ичи үнгө толду. Мен да автоматты асманга каратып басып калдым. Автомат татырап кетти. Токтобойт. Автоматты асманга сунуп алып, айландырып жүрөм. Татырап атат. Татырап атат. Жаным чыкса болобу. Взводдун командири: «ээй, токтототтуруп, токтоттуруп ат» деп, кыйкырыптыр. Укпапмын. Шериктерим ичтерин тырмап күлүшөт.. Холера, мен курокту басып, анан аны коё берип турушту түк унутуп коюпмун. Аа, кийин эки ок десе эки, беш десе бешти гана терип атышты үйрөндүм — деди. Мурат да жылмайып койду. «Болуптур эмесе» дегендей, Ян Мураттын далысынан тап-тап, ары жакка басып кетти. Аны артынан карап калган Мурат экөөнүн эки взводго түшкөнүнө өкүндү. Ал поляк, поляктардын группасына, Мурат советтик партизандардын группасына кошулду. Анткени менен, бардыгы бир отрядда. Эртели-кеч колдору бош болсо эле, жолугушуп турушат. Мурат автоматын тазалап болуп, аны мойнуна илип, кыйтая кетти. Ар жакта отурган Алексей Муратка карап күлүп койду.

— Сен эмне, жатсаң деле автоматты мойнуңа илип жатасыңбы? Жоголуп кетет деп коркосуңбу? Жоголсо жоголор. Анча эле аны бооруңа баса бербе. Бул автоматың жоголсо, тигинде толуп жатат. Дагы бирөөнү аласың — деди. Мурат ага үнчукпады. Анткени менен, ал ойго кет-

ти. Ушул автоматка жеткенче Мурат эмне күндөрдү көрбөдү, каерлерди баспады. Анан ушул автоматка жетпей калган жолдошторун көз алдына элестетти. Муса, Рашид, Осмон жана башка шериктери, токойдо жолуккан Сагын, Алымжан, Сарсенбай, анан алардын шериктери ушул автоматка жетебиз дегенде, эки көздөрү төрт болуп жүрүшүп, өтүп кетишпедиби. Эми Мурат бул автоматтан тирүү эле болсо ажырабайт. А өлүп кетсе, анда аргасы жок. Ал ушул автоматын көздүн карегиндей сактайт. Анткени, бир үч жылдан бери эли-журтунан ажырап жүргөндөн кийинки элине келип, колуна тийген биринчи курал ушул. Ал Мурат үчүн ыйык көрүнөт. Мына ушулар оюна келгенде, автоматын бооруна басып алды.

Партизан отрядында бир жарым миңге жакын киши бар. Алардын миңге жакыны поляктар. Беш жүздөйү советтик кишилер. Отряддын Чоң Жер менен байланышы жакшы. Курал-жарак, ок-дарыны үзгүлтүксүз алып турушат. Чоң Жерден ташталган командирлер, радисттер да бар. Анткени менен, отрядга полковник Мочар деген поляк командирлик кылат экен. Поляктар көп. Ошондон болсо керек. А советтик подполковник Дон ага жардамчы, жөнөкөй айтканда анын орунбасары катары эсептелет. Отрядда көптөн бери уюшулуп калган диверсиялык бир нече группалар түзүлүптүр. Алар дайыма тапшырмаларга чыгып турушат. Ал группалардын душманды каратып туруп, көздөрүн кашайткан жардыруучулары, чалгынчылары, пропагандисттери, байланышчылары көп. Ошондуктан көпчүлүк партизандар ал группаларга кошула албай, капысынан уюштурулган операцияларга гана катышып, калган убактарда посттордо туруп, чарбачылык иштерди аткарып жүрүшөт.

Бир күнү Мурат ашканага жардамчы болуп барды. Милдеттери картошка тазалоо болду. Мурат жан-дили менен иштеди. Тапшырмага кеткен кишилер арып-талып келишип, ысык, даамдуу оокат ичишсин деген ойдо жүрдү. Ашпозчу барпагай сакал Тимофей деген киши жаштай эле көрүнөт. Анткени менен, сакалын коюп жибергенинен бети-башын бүт түк каптап кеткен. Аны көбү: «дядя Тимох же «Старина» деп коюшат. Мына ошо Старинага төрт киши күнүгө кезектешип жардамдашып турат. Бул бир гана батальондун ашпозу, партизанда армиядагыдай кухня кайда? Эки кара казан. Биринде чай кайнатышат. Биринде аш бышат. Биринчи экинчи деген оокат болбойт. Баары эт, картошка казанга чогуу түшүп, картошка ботко болуп, бир маал гана берилет.

Мураттын отрядга келгенине эки айдан ашып кеткендиктен, ал тоюнуп, өзүнө келип калган. «А биз тек гана ач арыгыбыз. Курсагыбыз тойгон күнү катарга туруп, тапшырмага кете беребиз» деп, калган. Тапшырмага кеткен группалардын күнүн барып, күнүн келгендери бар. Үч-төрт күнгө кетишип, апталап, кээде андан да көп жүрүп келишкендери бар. «Автоколоннаны талкаладык», «Темир жол составын кулаттык», «Көпүрөнү жарып жибердик» деп, келишет кээде. Анда Мураттын кубанычы койнуна сыйбай, ары-бери басып, мулуңдап калат. «Мурат, сенин эмне үчүн мулуңдап атканыңды мен билем» дейт. Алексей.

Кээде тапшырмадан арып-талышып, кабактары бүркөө кайтышат. Бирөө экөөнү көтөрүп жөлөп-таяп келишет. Алар жарадар болушкан. Кечкурун информация өткөрүлүп, «Минер Игнат, Сергей, Гоголидзелер Ата Мекенибиздин эркиндиги үчүн күрөштө курман болушту» дешет. Партизандар муштумдарын мыжыгышып, тиги жолдоштору үчүн азыр немецтик горнизондорго кол салууга ниеттенишет. Мурат да калтырап-титирейт. Эрдин тиштенет. Бирок, «Ушу Мекенибиздин бир кызыкчылыгы үчүн күрөшүп өлгөн кишинин арманы болбойт» дейт. Анан, элде айтылып жүргөндөй «Булар шейит кетишти. Бейиши болушса керек» деп, кыялга тунат. Кайра колун шилтеп алат.

Кээде токойдон жалгыз, экиден же үчтөн чыгып кеткендери, кээде куралчан, кээде куралсыз кеткендери болот. Алардын да кайра келбей калгандары көп. Мурат мурда партизан дегенде, немецтер менен кырчылдашып атышып жүргөн кишилерди көз алдына элестетер эле. Күрөштүн мынчалык көп түрү бар экенин билчү эмес ал. Эми «Көрө көрө көсөм болосуң» дегендей тигилерди көрүп, иштерин билип, күрөшкө көзү каныгып келе жатат. Байланыш, чалгындоо, иштеринде көбүнесе поляктар жүрүшөт. Алардын көбү жергиликтүү. А диверсиялык иштерде советтик кишилер. Алар мурда согушту баштан өткөрүп, көп ишке көздөрү каныгып калган. Мына ушуларды ойлоп жүрүп, Мурат ал күнү ашпоз Старинага иши менен да жагып калды.

— Сен тың иштейт экенсиң. Давай, дайыма мага жардамчы бол. Бирге ашпоздук кылабыз — деди Старина.

— Жок... Жок — деп, безилдеп жиберди Мурат. Ал картошка тазалап отургандан көрө тапшырмага барууну эңседи.

Дагы бир күнү взводдун командири Муратты «ашкана-

га берейин» деди эле ага жалынып-жалбарып жүрүп, калып калды. Анткени да жакшы болгон экен, кечкурун Муратты жүздөй киши менен башка жакка алып кетти. Жөнөөрдө аларга эч нерсе айтылган жок. «Ай, бир жолубуз ачылып тапшырмага барып калсак эле» деген ой менен Мурат шагдам кадамдан баратты. Алар беш-алты чакырымдай жол жүрүшүп, токойдун ичиндеги эки гектардай жайык жерге келишти. Командирлер буларды токтотуп, «отуруп дем алгыла» дешти да өздөрү арыраакта бөлүнүп-бөлүнүп кетишти. «Буер аэродром» деди Алексей Муратка шыбырап. Мураттын жүрөгү тез-тез согуп, бетине кан уруп оңдөндү. Бирок, караңгыда аны эч ким байкабады. «Бүгүн Чоң Жерден келген самолетту, учкучтарды көрөт экемин. Бул эмне деген бакыт? Лагерде чирип өлчү Мурат эми колуна автомат алып, өз эл, өз жеринен келген учкучтар менен сүйлөшүп жүрөт» деген ой кыялына кылт этип, Мурат жашып алды. Көзүнөн жаш кетти. «Бул кубанычтын жашы» деди өзү. Жанында жүргөн партизандардан көбү да ушул эле абалда болсо керек, алар кандайдыр бир кубанычтуу кабарды күтүшүп, дүрбөп турушту.

Ангыча командирлер келишип, партизандар кайра катарга турушту. Бирөө ортого чыгып:

— Жолдоштор, бүгүн Чоң Жерден жүк алабыз. Ошондуктан азыр ушул аянтты коргоого бөлүнөсүңөр, Сигналщиктер ортодо калат. Мотордун үнү угулганда от жагасыңар. Паролду Бобров билет. Аны алдын ала даярдап койгула. Аэродромду кайтаргандар самолеттон көз үзбөгүлө. Экинчи айланышында жүк ташталат. Парашюттарды шамал айдап кетүүсү ыктымал, сак болгула,— деди.

Мурат он чакты киши менен аянтчанын бир тарабына барып, эки экиден бөлүнүп кетишти. Алексей акырын гана карагайдын түбүнө отуруп:

— Ке, Мурат, отур. Мурда жүк алабыз деп үч күндөй убара болушуп, эч нерсе ала албай калышкан. Дагы ошондой болушу мүмкүн деди.

— Кантип, кантип? — деп, жиберди Мурат.

— Кантип дейсиңби, угуп тур — деп сөзүн баштады Алексей — биринчиден, самолет уча турган жерлерде жаан-чачын болсо, уча албай калышы мүмкүн. Экинчиден фронттон өтөрдө немецтердин зенитчиктери согуп коюшу мүмкүн.

— Эй, Алексей, мени кечирип кой, сен жалаң гана иштин жамандык жагын ойлойт экенсиң. Эмне үчүн дагы бирер сааттан кийин самолеттор келип калышы мүмкүн

дебейсиң? — деди Мурат бир аз ачуусу келгенсип. Аны Алексей байкады.

— Бу согуш... досум. Согушта жамандыгы да болот. Жакшылыгы да болот. Ага капа болбо. Кызы сен азыраак согушкансыңго — деди. Мураттын жүрөгүн өйүп жүргөн жараатка тийди. Ооба, Мурат азыраак гана, согуштун башталыш кездеринде гана согушту, бирок ал азыр согуштун эмне экенин түшүнөт...

Алексей менен Мурат экөө эки жерде отуруп калышты. Алар көпкө сүйлөшүшпөдү. Мураттын эки кулагы асманда. Качан самолеттун күрүлдөгөнү угулар экен дегенде, жүрөгү дүкүлдөп, көздөрү асманга тигилет. Түн бара-бара коюулапып, караңгылашып бара жатат. Кандайдыр бир канаттуулардын чая үнү угулат.

— Чагымда сен уктабайт окшойсуң. Мен уктайм. Бир нерседен шарпа болсо, ойготуп кой — деди Алексей чалкасынан түшүп.

— Болуптур — деп, Мурат башын да ийкеди. Көп өтпөй эле Алексей коңурук тартып, уктап кетти.

Аныткени менен, Мураттан уйку качып, таң атканга чейин кирпиктүү көзүн ирмебеди. Бирде отуруп, бирде ары-бери басып жүрдү. Анын көз алдында кайкып учуп келаткан самолет, бадырайып ачылган парашюттар элестеди. Мотордун үнү күрүлдөп, токой жаңыргандай болуп кетип атты. Ал кээде көздөрүн жумуп, кайра ачып, кулагын ушалады. Тынчтык. Түн. Жайдын түнүндө токойлор да ныксырап оор уктагандай туюлат. Мурат, дагы эки-үч партизан уктабайт. Самолетту күтүшөт. Асманды карап жылдыз санашат. Күткөн самолеттору жок.

Экинчи түнү да болбоду. Экинчи түнү да Мурат уктабай өткөрдү. Ал эми үчүнчү түнгө өткөндө самолеттун келишинен түңүлө баштады. Эмнегедир көңүлү чөгөттөнүп, көңүлү иренжиди.

— Ушинтип келбей калышы да мүмкүнбү, Алексей? — деди ал.

— Мүмкүн... мүмкүн... — деп, Алексей кыска гана жооп берди. Түн ооп баратканда баарынан түңүлгөн Мурат кантип уктап кеткенин өзү да байкабады. Он минута уктадыбы, бир саат уктадыбы, аны айтуу кыйын, бир убакта эле Алексей:

— Мурат, Мурат тур — деп, аны быкынга түрткүлөдү. Шашып-бушуп көзүн ачкан Мурат биринчи эле айлананын жарышып калганын көрдү. Аянттын ортосунда алоолоп оттор күйүп соймондогон кызыл агыш жалын асманга кол булгалап жаткандай туюлду ага.

— Самолет кана, самолет кана? — деди Мурат. Анан өзү да самолеттун күрүлдөгөн үнүн угуп, асманды карады. Мотор үнү күрүлдөгөнү менен самолет даана көрүнө бербеди. Самолет экинчи айланышында анчалык бийик эмес учкандай туюлду токойдогуларга. Анын бараны көрүнүп, кийин төмөнүрөөгүнөн парашюттар жайыла баштады. Бирөө... экөө, сегиз... тогуз... самолет артына дагы бир кайрылып өтүп, бийигирээктен «Чоң Жер силерге салам айтты! Эми кош болгула!» дегендей, канатын чайкап кийин көздөн кайым болду.

Токойдогу партизандар чуу түшүп, жерге эңилип келаткан парашюттардын артынан жүгүрүштү. Мурат, Алексейлер да аянттын аркы бетине карай акылдашты. Анткени, парашюттар туура аянтка түшпөстөн шамал менен батышка карай сызган экен. Карагайга асылып турган парашютка Мурат мурда барганы менен эч нерсе кылалбасына көзү жетип, шалдайып турганда Алексей, дагы башкалар жетө барышты. Парашюттар топтолуп жатты. Адам бою каптар. Жөнөкөй каптар эмес алар. Мурат каптарды кармалап көрүп, көздөрүнө жаш алып жүрдү. Чоң Жердин бөлөгүн өз көзү менен көрүп, өз колу менен көтөрүп жыйноого катышты. Көптөн бери үзүлүп калган байланыш кайра калыбына келип, Родинасы ага дем-кубат берип өткөндөй сезилди. Азыр Мурат толкундап, эмнегедир күчү ишин-ташын бараткандай өңдөндү.

— ...Тогуз... Тогуз... кап. Дагы үчөө жок. Бардыгы он эки болуу керек. — Партизандар токойду кезип жүрүштү. Эртеси да ошо «аэродромдун» арасын тытып карашты. Калган жүктөр табылбады. Качан гана ортого келип отурушкандан кийин Мурат Алексейге карап:

— Эмне, калган жүктү жер жутуп кеттиби? Же он экини жиберебиз дешип, кийин тогузду эле жиберип калышты бекен? — деп, таңданды.

— Ээ-эй Мурат... Мурат... Сен чын эле молокосос бойдон турбайсыңбы. Биз «аэродромдо» үч күн саксактабадыкпы? Аны «Аковцылар байкап калышып, алар да акыйын отурушкан болуу керек. Анан, жүк парашют менен токой жакка сүрүлгөндө, илип кетишсе керек. Болбосо, эмне эле сен айткандай жер жутат беле? Айтмакчы, Мурат, сен «Аковцыларды» билесиңби? — деди Алексей. Мурат ага түткундан качып чыгышкандан кийин ошол «Аковцылар» буларды куралсыздандырганын айтты.

— Вот, сволочи... сволочи... Алардын колунан ошондой жамандык гана келет. Алар чыныгы пандар. А биздин «А Л» — деги поляктар жакшы кишилер. Эмгекчилер.

Көрбөйсүңбү, көптөн бери ата-баладай бир казандан аш ичип, бир максат үчүн күрөшүп жатабыз. Булардын көбү коммунист. Тиги «Аковцыларды» булар жактырышпайт. Жаман көрүшөт,— деди.

Мурат да Польшага келгенден бери поляктардын жакшы жактарын көргөнүн айтып, туткундан качаарда жардамдашкан, облава кезинде сарайына бекиткен поляктын эрдиктерине суктанганын билдирди. Жоголуп кеткен үч кап курал-жаракка ичи тызылдады. Анткени менен Чоң Жерден көрүлгөн бул камкордукка эмне деп алкыш айтаарын билбей турду...

Кийин токойдогу күндөр өз ирети менен өтө берди. Белгилүү, көптөн бери иштен калган группалар тапшырмага барышат. Натыйжада ар түрдүү. Мурат аткарылган иштерди партизандардан гана угуп калат. Кээде жоготууга учураган группаларды толуктоо болот. Азырынча Мурат ага кабылбады. Тек гана ичинен тынып, иштин кезеги келер деди. Кийинки кездери партизандардын отоосун кароого эки-үч жолу кароолдо болду. «Бул дагы иш» деди ичинен. А поляктардын көпчүлүгү отоодо калганы менен алар токойдун ичинде согуш иштерин үйрөнүшөт. Качан болсо топ-топ болуп, маршировать этип жүргөн поляктарды, же куралдарын кантип пайдаланууну үйрөнүп жаткан поляктарды көрүүгө болот. Алар аны үйрөнүүлөрү керек. Анткени, армияда болушкан эмес. А Мураттарчы?... Армияда болушкан. Согушкан. Кээде эртеден кереэли кечке токойдо жата берүү тажатып бараткандай көрүнөт. Ал аздыр-көптүр бир иш менен алек болууну, айрыкча тапшырмага барууну эңсейт. Взводдун командирине, же Алексейге кайрылып:

— Бу токойдо дагы көпкө жүрөбүзбү? — дейт. Тигилер кээде жооп беришет, кээде өздөрү да эмне дешээрин билбей калышат.

Анан, жай айы абалга өзгөрүү киийрди. Советтик Армия жайкы чабуулун баштап, Польшага кирип келди. Висла дарыясынан да өтө түшүп, Сандомирден плацдарм ээлешти. Эми партизандар менен армиянын аралыгы 50—60 чакырымдай гана болуп калды. Партизандар дүрбөп аракети күчөдү.

Бир күнү Мурат дагы Старинага жардамдашууга барды. Ашпоз эски таанышын көргөндөй сүйүнүп кетти. Кечке чейин Мурат тынбады. Картошка аарчыды, эт туурады. Отун жарып, от жакты. Старина газетага оролгон тамекисин тартып ыракаттанып отуруп:

— Ой, молодец Мурат — деди.

— Мактаба, Старина, мактаба. Бул иш эмес. Качан гана тапшырмага барып, көпүрөнү уратсам, же эшалонду кулатсам, ошондо мактасаң жарашат. А азыр антпе — деп, муңайгансып койду.

— А барбайсыңбы тапшырмага — деди Старина.

— Кантип барам? Кантип барам жиберишпесе?

— Аа, вот, ка-ак? — деп, Старина башка сөз айтпай, өзүнчө ойго кетти. Мурат от жагууга өттү. Бир убакта ашпоз казанын шак-шак уруп алды да:

— Мурат, бүгүн азык даярдоо взводу виескаларга барат. Командири жакшы киши. Кааласаң, ошолорго кошуп берем. Жок дегенде, токойдун сыртында эмне болуп жатканын көрүп келесиң — деди.

Мурат ага эмне деп алкыш айтаарын билбей турду.

* * *

Күн отуруп, көз байланып бараткан. Төрт ат чегилген эки араба токойдон чыгып баратты. Арабакечтен тышкары ар бир арабада үчтөн партизан отурат. Арткы арабадагы үчөөнүн бирөө Мурат. Ал автоматын көкүрөгүнө басып, айланага кооптуу каранат. Шексинет. Ага алдыларынан фашисттер чыга калып: «а нуу, токтоткула! Силер кимсиңер?» деп, жолун тороп калышчудай сезилет.

Айткени менен, шериктери камырабайт. Бирөө өткөндө бир пани менен болгон сүйлөшүүсүн, ошол виескага барганда, сөзсүз пани ага самогон берээрин айтат. Алдыңкы арабадагылар эмне ойлонуп, эмне деп баратышканын Мурат билбейт. Аттар бышкырып-кошкуруп, арабалар тарактайт.

Мурат арабада өзүнчө термелет. Тигилердин сөзүнө кошула албайт. «Советтик Армия Вислада чабуулун токтотуптур. Дагы качан чабуулга өтөөрү белгисиз экен» деген имиш-имиштерди Мурат токойдо уккан. Эми арабада баратып ошо чабуулдун тезирээк эле башталып кетишин тилейт. Армияга кошулуп калса, минтип түн жамынып жүрбөй, күрөшкө ачык эле чыгышаарын көз алдына келтирет. Башкаларын билбейт. Бирок, Мураттын немецтерде өчү көп. Колуна курал тийгенден кийин немецтерге каршы кандай өжөрлүк менен согушаарын өзү да айталбай калат.

Алдыңкы араба токтоду. Эмне болду экен? Мурат ылдам ойгонду. Партизандар арабалардан түшүп, ары-бери басып турушту.

— Тигинде жол. Жолдун аркы бетинде үйлөр бар. Ушерден өтүп кетүүбүз керек. Ал үчүн мында немецтер барбы же жокпу, муну билүүбүз керек,— деди командир. Анан, ал партизандарга карап туруп:

— Кана, ким жүгүрүп барып келе коёт? — деп, алакандарын ушалады. Партизандардын бирөө ары жакка кулагын салды:

— Эч нерсе билинбейт. Тек гана кете бербейлиби? Мен билем, мында алты-жети гана үй бар. Немецтерди буерге байлап коюшса да турбайт — деди. Кыскасы партизандар чын эле буерде немецтердин жоктугун билишеби же барып келүүдөн эринишеби? Аны Мурат ажырата албады. Анткени, менен, «Кантип билбей туруп, жол жүрүлөт?» деген ойдон уламбы:

— Жолдош командир, уруксат этсеңиз мен барып келейин — дегенин өзү да билбеди. Партизандар: «бу кайдан чыга калган эме?» дешкенсип, Муратка тигилишти.

— Ну, только тезирээк... — деди командир.

— Эми качан келет экен, муну күтөбүзбү? — деп, партизандардан бирөө бурк эткенде, Мурат алардан алда канча узап калган эле. Айтышы айтып алып, эми өзү да арсар ойдо баратты. Алды жагы ага бир туңгуюк өңдүү сезилди. Немецтер болуп: «Хальт» деп калса, анда Мурат эмне кылат? Же унчукпай пайлап отурушуп, кармап алышса кантет? Заматта Мураттын башынан сан-түркүн ой чууруп өттү. Тигине жол. Мурат бутунун учу менен басып, шарпа билдирбей баратты. Жолго жеткенде, алды-артын карады. Тыңшады. Эч нерсе билинбейт. Ал жолдон мышыкча секирип өттү. Тынчтык. Бул жакшы: «демек, жолдо эч ким жок» деген ойго келди Мурат.

Тигине, он беш кадамдай жерде биринчи үй турат. Ошого кириш керек. Фашисттердин бары-жогун сурап, көңүлү тынганча гана кетүү керек. Мурат автоматты алдыга сунуп, курогуна сөөмөйүн илген бойдон үйгө жете барды. Айнегинен жарык чыгат. Кимдер бары билинбейт. Ал эшикти тык-тык чертти. Анан, жообун күтпөй, шап эле кирип барды. Төрдө поляк кемпир ийик ийрип атыптыр. Маңдайында үксүйгөн сакалы өскөн чал отурат. Анан, сол тарапта дубалга такай коюлган кыска скамейкада дагы бирөө отурат. Ал ким? Мурат менен ошо киши эми экөө марашып калды. Аа, бул немец. Плащчан. Тек гана Муратка карап, Мураттын ким экенин ажырата албай отургансыйт. Кемпир менен чал дароо эле үйлөрүнө келген кишини ким экенин билиштиби, тим гана мүрдө болуп баратышты. Чал ордунда, кемпир ийигин кармаган бойдон

түрүштү. Мурат өзүнчө: «тур, колуңду көтөр деп, команда берсем тиги туруп колун көтөрөбү же өзүмө асылабы. Же автомат менен бир очеред берип жайлап коюп, чыгып кете берейинби?» деген ойду чечалбай турду. Аңгыча эшик кыйчы этип ачылып, «ППШ» сын даяр кармаган дагы бир партизан кирип келди. Ошондо гана отурган немец:

— Партисан... партисан... деп, эшикке карай умтулду. Аны Мурат желкелеп кетип, эшикке чыгарды. Мураттын шериги да эшикке чыкты.

— Сен муну кармап тур. Мен тигилерге кабар берейин, — деп, Мурат шеригине немецти карматты да жолго карай жүгүрдү. Ал арабаларга жетип-жетпей эле:

— Эй, жүгүргүлө... жүгүргүлө... бир немецти кармадык... — деди антыгып. Арабакечтерден башкасы дүрбөп, үйдүн жанына жетип келишти.

— Кана, кана? — дешти.

Партизан өзү жалгыз турат. Мурат ага жакын келип:

— Кана? Жанагы немец кана-аа? — деп, бакырды.

— Бакырба... Мени бир түртүп, сарайдын артына кетти, — деди, партизан камырабай. Мурат ачуусун токтото албай, тигини жаактан ары шак эттирип бир койду да, немецтин артынан түштү.

— Эй, акмак... — деп күңкүлдөп калды шапалак жеген партизан. Мурат ага көңүл бурбай, сарайдын артына чыга келди. Огороддо бир караан жыгылып-туруп качып бара тат. Немец. Мурат буерде тим эле жолборстой ыргыды. А-у дегенче болбой, ага жете түшүп, автоматтын кундагы менен аны желкеге урду. Немец жыгылды. Мурат аны басып калды.

— Куралы болуш керек... Этият бол... — деген үнү артынан. Мурат ошондо гана бир аз калтырай түшүп, анын колдоруна асылды. Немец кабурунан пистолетин суурун алалбай аткан экен. Аны кулак түпкө коюп жиберди. Немец шылкыя түштү. Ошондо гана Мурат тигинин пистолетин алып, аны минип отуруп калды. Аңгыча шериктери да жете келишти. Анан немецти ургулай башташты. Ошондо кайра эсине келе түшкөн немец «урбагыла... урбагыла...» деп, жалынды. Партизандар аны арабаларына алып келип, анан суракка алышты. Немец эки-үч жылдан бери чыгыш фронтунда болгондуктан, орусча түзүк эле сүйлөй билет экен.

— Атың ким! — дешти партизандар.

— Вилли... Вилли... Бергер*...

---

* Вилли Бергер менен Генрих шарттуу түрдө алынды.

— Буерге эмнеге келдиң эле?
— Бир иш менен...
— Өзүң жалгызсыңбы?
— Жок, шеригим бар. Генрих деген шеригим бар.
— Ал каерде?
— Сарайда.
— Эмне үчүн сарайда? Эмне менен келгенсиңер?
— Люлкалуу мотоцикл менен...
— Эмне үчүн?..

Вилли эмнегедир мындан аркы суроого жооп бергиси келбей, көшөрүп турду.

— Айт, иттин баласы, айт... — деп Мураттан шапалак жеген партизан эми немецти беттен ары бир муштады. Виллинин мурдунан кан кетти.

— Сен эрдигиңди эмне үчүн бая көрсөтпөйсүң. Немецти кармап берсе, эми эрдик кыла баштадыңбы? Отоого барганда сага жаза колдонобуз. Батальондун командирине айтам,— деп, командир тиги партизанды жемеледи. Аңгыча Вилли аарчынып бүттү. Анан, ал буерге эмне үчүн келгенин айтууга өттү.

Вилли Бергер байланыш офицери. Ал армиялык штабдан фронт линиясына каттап турат. Кечээ күндүзү да ушул жол менен келатып, тиги үйгө кирет. Чал-кемпирди көрөт. Анан сарайына баш багып, анда багылып турган торопойго көзү түшөт. Штабга барганда Генрих менен коньяк ичип отуруп, торопой жөнүндө сөз кылат, кийин Вилли менен Генрих буерге келет да Генрих сарайга, Вилли үйгө кирип, тигилерди сөзгө алагды кылып отурат. Чал-кемпир Генрихти, анын сарайда иштеп аткан ишин билбейт. Тек гана күндүзү келип кеткен офицер дагы келген турбайбы деген ойдо отурушат...

— Демек, чал, кемпирдин торопоюн уурдаганы келген экенсиңер да? — деди командир тиштерин кычыратып. Вилли башын ийкеди.

— Офицер силердин кылган ишиңер ушу болсо, солдаттарыңар эмне кылышат? Мародер турбайсыңарбы — деди партизандардын бири.

— Оо, бул иштен булардын генералдары да кайра тартпаса керек — деди дагы бирөө.

Кийин командир партизандар менен бир азга өз ара сүйлөштү. Тиги Генрих сарайда отурат. Виллини партизандар кармап кетишкенин же көрдү, же жок. Анткени менен аердеги чууну укту. Буерге уурулукка баш кошо келишкени менен жан сактоого калганда Генрих пысып калды. Болбосо колунда автоматы бар экен партизандар-

ды болон койсо деле болоор эле. Автомат татыр эткенде, партизандар Виллиге асылбай, аны таштай качышаары да мүмкүн болучу. Анткени, алардын милдети фашисттер менен атышып отуруу эмес, отрядга азык-түлүк жыйноо. Бирок, Генрих пысып калып, Вилли колго түштү. «Ууруунун көтү кууш келет» деген ушул турбайбы, деп, алды Мурат өзүнчө.

Анан, партизандар Виллини сарайдын артындагы огороддун четине алып барып отургузушту. Убада боюнча:

— Генрих... Генри-их! — деп, шеригин чакыра баштады Вилли. Эң оболу Генрих унчукпады. Вилли чакыруусун дагы кайталады.

— Вил-ли-ии. Сен каердеси-иң? — деген үн чыкты сарайдан. Вилли Генрихти өзүнө чакырды. Бирок, Генрих келбеди. Кийин үн катпай да койду. Караңгыда сарайга баруу максатсыз. Генрих автоматчан...

Партизандар көпкө өз ара сүйлөшүп, кийин Виллини арабага отургузуп, байлап алышты да өз жолдоруна түшүштү. Түн көшөгөсүн түшүрүп, түн коюулана берди. Эки араба кыйч-куйч этип, жолдон өттү. Андан кийин аттар таскак менен жолдун чаңын асманга көтөрдү. Мурда үнсөзсүз келаткан партизандар эми бака-шака болушат. Алардын үндөрү алда кайда угулат...

Мурат тапшырмадан кеч кайтканынанбы, ал күн көтөрүлүп калганга чейин уктап, анан ойгонду. Ары барып агып жаткан муздак булак суусуна бети-колун жууп, боюн керип-керип алды. Бою жеңилдешип, көңүлү сергиди. Мурат кайра ордуна келгенде, взводдун командири Вакуленко менен Алексейди көрүп, аларга салам айтты.

— Силер эмне иш кылдыңар? Эми соттошот силерди — деди Вакуленко. Ал кечээ Мураттын бул группа менен баруусун жактырган эмес эле. Эми ага боору ачыгандай, ачынып сүйлөдү. Мурат эч нерсе түшүнбөдү. Ийинин күүшөдү.

— Кыларын кылып алып, эми ийиниңди күүшөйсүң. Мен эртең менен штаб тарапка барсам, дуу-дуу кеп. Силер бир немецти кармап келипсиңер. Сен кармаган имишсиң. Поляк чал-кемпирдин үйүнөн кармапсыңар. Шериги калган имиш. Бүгүн ошо поляктыкына немецтер келишет. Үй-жайын өрттөп, өздөрүн дарга асып кетет дешет. Эгерде абал ушундай болуп калса, силерди, айрыкча сени соттойт,— деди командир.

— Эй, Мурат, бир иш кылсаң, башың менен ойлонууну билбейсиңби сен?.. — деди Алексей.

Түнү өткөн окуянын маанисине Мурат эми түшүндү.

Анын өңү кумсарып, боюн билинээр-билинбес калтырак басты. Аны байкап калган Вакуленко:

— Бар, оокаттан. Кечкурун ошо чал-кемпирдин үйүнө чалгынчылардан жиберишет экен. Бактың болуп, иш чырчатаксыз бүтүп кетсе, тынч каласың — деди. Мурат илкий басып Старинага барды. Салам айтты. Тиги ашпоз күндөгүсүндөй эмес. Суз. Муратка оокат берип жатып:

— Сен өзүңчө барып кармадыңбы? — деди.

— Командир жолду көрүп, немецтер барбы, жокпу ошону билип кел деген эле. Барсам... — деп, Мурат сөзүн бүтүрө албады.

— Эч нерсе эмес, командир жиберген дей бер — деп, Старина Мураттын ийнине колун койду да:

— Между прочим, балээ болсо да, фашистти кармапсың. Бир фашист фронтко кем барат. Демек, фронттогу жеңишке салымың кошулду. Мен командир болуп калганда, сага «благодарность» жарыялайт элем — деди. «Соттолбой калсам деле жакшы болмок» дегенсип, Мурат колун шилтеди да, оокаттана берди.

Кайра ордуна келип, тынчтана албады. Оюна алда эмнелер келди. Бир азга алагдыланайын деген ойдо автоматын майдалап, тазалоого өттү.

Кызык. Мурат партизанга жетсем дегенде, эки көзү төрт болуп жүрүп, эми гана жеткенде, бир нерсеге арзырлык иш кыла элегинде соттолот дегени эмнеси? Соттолгондо эмне болушу мүмкүн? Эгерде тиги чал-кемпирдин үй-жайлары өрттөнүп, өздөрү атылып кетишсе, Мурат жана анын шериктеринин бешенесинен сылабасы белгилүү. Анда бир гана өкүм бар. Ушу токойдун бир жеринде дөмпөйүп, дөмпөйгөн бир-эки бейит калат. Бул ойлордон улам Мураттын денеси муздап, тамырларынан кан жүрбөй калгансып кетти. Ал ордунан чочуп туруп колдорун ушалап ары-бери басты. Мураттын кыжаалаттанып жатканын сезген Алексей өзүнчө күңк этти:

— Эй Мурат, сен эмне капаланасың? Азырынча эч нерсе белгисиз го. Мүмкүн, эртеге билинет. Эгерде силерди чындап эле соттоого ниеттенишсе, буерге отургузуп коёт беле? — деди.

Ырастан эле соттомок болушса, буерге отургузуп коёт беле? Кечээ тапшырмага баргандардан эч кимиси көрүнбөйт го. Алар эмне деп жатышат экен? Аларга учурап, имиш-имиштерди тактайын дедиби, Мурат аркы майда чатырчаларды аралап кетти. Ал тигилерди таппай көпкө жүрдү. Анан, кечинде өзү шапалак менен койгон жигитти көрүп калып, анын жанына басып барды.

— Иштер кандай? — деди эч нерсени билбеген өңдөнүп.

— Иштер капут,— деп, ал тыржыйды.

— Эмне үчүн?

— Эмне үчүн... эмне үчүн дейсиң дагы. Биздин милдет азык-түлүк топтоо болсо, а кошула калып, эрдик кылбадыңбы? Мени жаакка бир койгонуңду мен унутпайм. Сага бир ок, бир гана ок жалынат. Эртеге бизди соттошот деген кеп бар. Эгерде, буерден кутулуп кетсең да, менден кутулбайсың. Муну билип кой — деди тиги.

— Мен сени атайылап урганым жок да. Анан колуңа карматып койгон душманды качырып жибергениң жакшыбы? Дагы түзүк мен сени шапалактадым гана. А башка бирөөлөр болсо, сени атып таштайт эле — деп, эмнегедир жумшак сүйлөдү. «Партизандар бирин бири атып коюп, дагы бир шылтоо менен кутулуп кетүү оңой эле» дешип, бирөөлөрдүн сүйлөшүп отурганын уккан Мурат тигиден шексине түштү. Партизанга келээри менен эле буерде лагерден качкан туткундар гана эмес, ар түрдүү кишилердин, «легиондогулардын», «полицайлардын», дагы ылардын бар экенин билди. Азыр Муратты атып коём деген эме ошондой полицайлардан болушу да ыктымал, ким билет? Мурат буерден да жакшылыктуу сөз укпады.

Ал акырын келип, кайра ордуна отурду. «Ах, бири болор. Сурашар. Анан, мен, тиги немецти жамандык ой менен кармаган жокмун да. Ал сарайдын артына качып кеткенде, артынан түшпөй койсом, балким, бул кыжалатчылык болбос беле? Анда эртеге бизге ок атар бир немец тирүү кетет болучу. Ал балким, дагы көп жамандыкты кылар эле. Аны биздин командирлер да эсепке алышса керек» деп, Мурат өзүнчө күбүрөнүп алды. Анан, чалкасынан жатып, мелтиреп турган тунук асманга тигилди. Аныраак боз каптаганы болбосо, асманда кылайган булут жок, күн нуруn ченемсиз төгүп турган сыяктанды. Мурат жакасын жагжайтып ачып кенен-кенен дем алды. Ары тараптан келген Алексей аны уктап жатат дедиби, бутунун учу менен басып, чоң карагайдын түбүнө кынтая кетти.

«... Тургула... топтолгула...» деген үндөн улам, Мурат ойгонуп автоматын ала турду. Ашканадан арыраак жерде партизандар катарга туруп жатышат. Эмне үчүн экенин эч ким билбейт. Тек гана «болгула... болгула. Тезирээк катарга тургула» деп, командирлер шашылып жүрүшөт. Буерде «Победа» отрядынын партизандары топтолгон эле. А жалпы бирикме төрт отряддан турат. Мурат бул чогу-

луунu өзүнчө кабыл алды. «Эми катарга туруп болушкандан кийин бизди чакырып ортого алып чыгат. Булар партизандык тартипти бузгандыктан соттолушат» дешет. Анан, соттоо бул шартта кыйын дейсиңби? Бая эртең менен взводдун командири ушул партизандык бирикмеде согуштук сот бар экенин билдирип, мындан мурдараак эле бир «шпикти» кантип соттоп, кантип атып жибергенин айтып берген.

Мына, командирлер да келип калды. «Подполковник Дон келди» деген шыбыш катарга тарады. Мурат советтик офицерлердин формасындагы орто жашап калган жапалдаш бойлуу кишини көрдү. Жүзү ажарданып, Муратка абдан эле ырайымдуу көрүндү. «Кантип, ушу киши, ушу мүнөзү менен азыр жамандыкты оозуна алсын» деген ойдон улам, анын ичи жылып, жүрөгүндө кичинекей тынчтануу сезими пайда болду. Батальондун командири эреже боюнча рапорт берди. Анан, подполковник Дон партизандарга саламдашып, кийин:

— Кандай жашап жатасыңар, бүркүттөр? — деди. «Жакшы... жакшы...» деген сөздөр олку-солку чыкты. Подполковник жылуу жылмайып койду. Батальондун командиринин бетине кан атып, ал кызарып-татарып уялып калгандай болду.

— Бүркүттөрүм, мен силерге кубанычтуу кабарды угузуп коёюн деп келдим. Бүгүн Чоң Жерден кабар алдык. Анда СССР Жогорку Советинин Указы менен биздин партизандык бирикменин бир нече кишиси СССРдин орден жана медалдары менен сыйланыптыр... — дегенде, партизандар дүркүрөтүп кол чабышты. Кимдир бирөө: «Ура-аа, ура-аа!» деп, кыйкырып жиберди. Кийин подполковник сыйлангандардын тизмесин окуду. Алардын көпчүлүгү тапшырмаларга барып жүргөн группалардын партизандарынан экен. Кийин Совинформбюронун билдирүүсүн жарыялап, Советтик Армиянын алга жылышын мүнөздөдү. Бул учурда катардагылардан көбү «ураалады», калгандары кол чабышты.

— Эми — деди подполковник сөзүн улап — өзүбүздөгү абалды билдиремин...

Бир азга болсо да, жакшы кабарды угуп, көңүлү көтөрүлө түшкөн Мурат ичинен селт этти. «Эми биздин ЧПны айтат» деди өзүнчө.

— Кечээ биздин бирикмеден алыска тапшырмага барган эки группа кайтты. Биринчиси кыймылы көп жердеги көпүрөнү жардырган. Экинчиси душмандын бир эшелон ок-дарысын кулаткан, зор жарылуу болгон. Аларга бирик-

Союз командованиеси алкыш жарыялады — деди. Кийин: «Эмне суроолор бар» деп партизандарга кайрылды. А Мураттардын иши боюнча ооз да ачпады. «Бул эмнеси?» деп Мурат өзүнө-өзү суроо берип.

— Биз качан тапшырмага барабыз? — деди Алексей. Калган партизандар да, анын суроосун колдоп чуулдашты.

— Ашыкпагыла, жолдоштор, ашыкпагыла. Азыр барыбыз бирдей тапшырмага чыга албайбыз. Фронт жакындап кирип келип, айланада немецтер көбөйүп кетти. Диверсиялык иштерди жүргүзүү да татаалдашып баратат. Муктаждыгы болуп калса, силерди да жиберебиз. Анан, эртеге эле армияга кошулсак, анда согушасыңар,— деп, подполковник партизандарды тамашалап күлдү. Кийин тек гана отургула дегендей катарды таратты. Партизандар бара-бара сүйлөшүп, подполковникти орой олтурушту. Чоң Жердеги абал суралды. Кимдир бирөө союздаштардын абалын билгиси келгенин айтты. Варшава эмне үчүн талкаланды дешти. Айтор, эмне жүрөктөрүн өйүсө, ошону сурашты. Мурат чын дили менен бериле отуруп, суроолорду да, подполковниктин жообун да ынтаа менен укту. Ал көптү билбейт экен, көптү уккан эмес экен. Азыр анын көзү ачылып, көңүлү көтөрүлдү. Алар дагы көпкө отурушту. Подполковник булардын кимиси кайдан экенин, токойго кантип келгенин сурап, мындан ары эмне кылуу боюнча кеңешин берди. Буерден партизандар дүрбөп тараштЫ. Муратты штабга эртеси күнү шашке болуп калганда чакырышты. Ал эң оболу тапшырмага кошо барган кишилерди, группанын командирин тапты.

— Сен үчүн эми биз да соттолобуз, акмак — деди шапалак жеген партизан. Командир ага бир карап алып:

— Эй, тантыганыңды койсоңчу — деп, кейиди. Башка сөзгө келбеди. Анан, алар ээрчишип, отряддын штабына жөнөшту. Буларды көргөн партизандар эмнегедир өздөрүнчө шыбырдашып, бир нерселерди айтып, арттарынан айран калышкандай туюлду Муратка. «Эх, баарына шерменде болгон экенбиз да» деп, ал өзүнчө өкүнүп, ичинен кооптонуу менен эми эмне кылаарын, эмне дээрин билалбай баратты.

Ангыча алар чыныгы эле армиялык чатырдын алдына келип токтошту. Командир эшик алдында турган партизанга бир нерсе дегендей болду. Тиги чатырга кирип, кайра чыкты. Кийин булар чатырга кирип туурасынан коюлган скамейкага отура кетишти.

Узун бойлуу, арык чырай, кубаңкы келген майор буларды «Сыйышып отургула, сыйышып отургула» деп, айт-

ты. Мурда чочулап келген Мурат бир аз өпкөсүн басып, өзүн токтотту. Майор булардын ал-абалын сурады. Командир гана «түзүк» деди. Башкалары адептүүлүктү сакташтыбы, же иймеништиби, унчугушкан жок.

— Жолдоштор, мен силерди буерге эмне үчүн чакырдым? Билесиңерби,— деп отургандарга карады. Алар ийиндерин гана күүшөп койгон болушту.

— Анда угуп тургула — деди майор — кечээ түнү азыктүлүк жыйноо үчүн баратып, өзүңөргө тиешеси жок ишке киришип кетипсиңер. Анын натыйжасы трагедиялуу...— деп, баратканда Мураттын жүрөгү бир азга сокпой токтоп туруп калып, дүкүлдөй баштаган өңдөндү. Кулагына мотордун үнү угулуп, ал көздөрүн жуумп, кайра ачты. Муздап бараткан колдорун ушалады.

— Анын натыйжасы трагедиялуу бүтүшү ыктымал эле. Бактыңарга тынчтылык менен аяктаптыр. Түндө чалгынчылар барып келишти. Чал-кемпир үйү-жайы менен ордунда экен...

— Немецтер келишпеппи? — деп жиберди командир.

— Келишиптир... келишиптир... немецтер келип, Вилли Бергерди сураптыр. Тиги чал: «Мен ким экенин билбейм. Бир солдатыңарбы, офицериңерби, эң оболу күндүзү келип кеткен. Кийин кечкурун да үйгө кирип, согуш жөнүндө аны-муну сүйлөп отурат эле. Сырттан шериктериби, башка эки немец келип, үйдөн чыгып кетишти. Калганын билбейм» дептир. Ошондон кийин чал-кемпирге тигилер тийишпептир. Кете беришиптир. Бул жагы жакшы. Түшүнгүлө, биз поляктардын жеринде душман менен күрөшүп жатабыз. Алар бизге колдорунда болгон эч нерселерин аяшпайт. Жардамдарын беришет. Мылтык кармоого жарай тургандарын биздин катарга кошуп жатышат. Демек, поляктар менен байланышты көздүн карегиндей сакташыбыз керек. Алар бизге карасанашпайт. Биз да жакшылыкка жакшылык менен жооп берели. Биздин этиятсыздыгыбыздан алар жабыр тартышпасын. Эгерде алар бизге кара санай турган болсо, канчалык көптүгүбүзгө, куралдуулугубузга карабай, буерде биз көпкө тура албайбыз. Немецтер бизди талкалап коюшат. Ошондуктан, жолдоштор биз ушу поляк эли менен болгон байланышты ыйык сактайлы.

Бул биринчи маселе. Аны эсиңерге туткула. Кээде болбогон нерсеге азгырылып калууңар ыктымал. Этият болгула. Эми экинчи маселе. Кармап келген немециңер абдан баалуу киши болуп чыкты. Ал байланыш офицери экен. Чоң Жер кызыккан көп маалыматтарды берди. Сум-

ичинде немецтик документтер да бар экен. Бул Вилли Бергерди ким кармады? — деп, майор отургандарга карады. «Тур-тур» деп, командир жанында отурган Муратты бөйрөгүнө түрттү. Мурат тураарын туруп алып, анан кызарып татарды.

— Молодец — деди майор. Бул кылган кызматыңар үчүн отряддын командованиеси силерге алкыш жарыялайт — деп, майор ордунан турду. Партизандар да дүрбөп туруп:

— Служим Советскому Союзу — деп, кыйкырышты. Анан, майор ар биринин колун кысып, алкыш менен куттуктады. А Муратка келгенде:

— Азамат экенсиң. Күрөштө ошондой чечкиндүү болуу керек. Аныңы мен жактырам. Анан, партизандардын бирөөнү да жаакка чапты дешет ырасбы? Кимди чапкан элең? — деди күлүмсүрөп. Мурат уялып унчукпады.

— Мени... Мени... — деди шапалак жеген партизан.

— Ай, сениби, сениби?.. Сен ошондой коркоктук кылгандан кийин дагы аяптыр. А мен болсом, билесиңби эмне кылар элем? — деди майор.

— Билбейм... Билбейм,— деп, тиги эми кызара түштү.

— Майлуу көчүгүңө тепмекмин — деди майор. Партизандар каткырып күлүп калышты. Муратта мурдагы коопсунуу калбады. Ал чын дили менен күлдү. Токой ичин бүткүл аралап, күн мээримдүү нурун чачып турду.

* * *

Мына ошол окуядан кийин Мурат партизандар арасына сүңгүп кирип кеткенсиди. Алексей Муратты ой келди какшыктай бербей, ага ызаат менен мамиле кылып калды. Ян негизгиси «Мурат, сени атып коём» деген партизан бир күнү келип, кечирим сурады. Ал экөө кийин достошуп кетти. А Ян тим эле терисине сыйбай кубанып, Муратты кучактап өпкүлөдү.

— Сен экөөбүздүн тагдырыбыз оор күндөрдө кошулган. Бири-бирибизди унутпайлы. Сен командование тарабынан алкыш алыпсың, холера, а мага айтып коюуну унутупсуң. Ну, холера, эч нерсе эмес. Аз да болсо, ушуну ичип кой. Мени унутпа — деп, флягинен жүз элүү граммдай самогонду кружкага куюп, Муратка сунду.

— Өзүңчү — деди Мурат.

— Өзүм силерди алкыш алыптыр деп укканда эле сүйүнгөмүн. Отурамбы, холера — деп, мулуңдады. Оозунан

самогондун сасык жыты уруп турду. Мурат көзүн жумду да, кружкадагыны жутуп жиберип, оозун басып калды. Ян кепкасын бере койду. «Ушуну жытта. Закускасын согуш бүткөндөн кийин беремин. Ага мен карызмын, холера — деп, тамашалады.

Ян кеткенден кийин Мурат чатырчаларынын жанына отурду. Самогон ичин ачыштырды. Ичин өрттөп бараткан өңдөндү. Ал ага чыдай албады. Анан, ордунан кантип туруп, Старинага кантип жеткенин да билбеди.

— Старина, мага жей турган бир нерсе бер — деди ал.

— Эмне, эртең менен оокаттанбадыңбы? — деп, таңданды Старина. Кийин Мураттын оозунан самогондун жытын сезип:

— Эми түшүнүктүү — деп, оң колунун сөөмөйүн көтөрдү да:

— Айн момент! — деди. Ар жактагы кострюлдарды калдыратып, чоң кесим эт менен нан алып келип, Мураттын алдына койду. Мурат ач калган эмедей, оокатты ансыгып жеп, Старинага ырахмат айтты. Ошол учурда:

— Айн момент — деди дагы ашпоз. Мурат эми эмне дээр экен дегенсип турду тигиге карап. Ашпоз айланасына көз жиберип коюп:

— Айтчы деги, тигини кантип кармадың? Фашисттер колума тийсе, тирүүлөй жеп жибергим келип жүрөт. Бирок, токойго чыкканда ашпозмун деп коюп, эми казанаяктан ажырай албай калдым. Жооп беришпейт. Ушул да күрөш дешет. Тфу-у, ушунун эмнеси күрөш? А фашисттер болсо биздин деревняга кирип барып, «коммунисттин семьясы» дешип, беш жашар Сережамды, аялым Ленаны атып жиберишиптир. Мына, эми дүйнөдө жалгызмын. Эх, иттер, иттер! Бизге эмнелерди көрсөтүшпөдү — деп, ашпоз титиреди. Мурат бир алдын эмне кылаарын билбей, аң-таң болуп, кийин өзүнө келди. Ашпозго көңүл айтып аны аяп кетти.

— Эй, Мурат дагы сени ашканага жумшаса келбе. Сенин башка мүмкүнчүлүгүң бар экен, мага кошуп бергиле деп, батальондун командирине айтып, ынатып койгон элем. Эми келбе, бар дешсе, ынаба. Болуптурбу? — деди Мураттын эки ийнине колун арткан Старина.

— Ырахмат... ырахмат, муну айтып койгонуңа ырахмат — деп, Мурат ашпоздун колунан кысты.

Мурат чатырчанын жанында отурганда бирде Ян, бирде Старина көз алдына келип, көңүлү алагдыланды. «Фашисттер тагдырына тамга салбаган адам калган эмеспи?» деген ойдон улам, кыжырданып, муштумдарын түйдү. «Ар

бир минута, ар бир саатты бошко кетирбей, фашисттерге каршы күрөшүү керек экен го» деди. Ал үчүн штабдын начальнигине кирип, диверсиялык группалардын бирине кошуп коюусун суранууга ниеттенди. Штабдын начальнигинин жылуу мамилесинен улам, Муратта кандайдыр бир ишеним пайда болду. Ал өзүнчө диверсиялык группалардын арасына кошулуп калууну эңседи.

Мураттын көңүлү жай алып, көзү азыраак чырм эте түшүп, эмнегедир ойлонуп кетти. Отоодо ары-бери жүргөн партизандар. Балдардын үнү чыгат. Кемпир-чалдардын карс-курс жөтөлгөндөрү угулат. Партизандардын ортосунда үй-бүлөсү менен жүргөн поляктар да бар. Буларды ойлогон Мурат: «Элдик согуш деген ушу болот турбайбы. Душманга каршы бүт эл көтөрүлсө, душман туруштук бералбаса керек» деген ойго келет. Бул боштондук күрөшү дейт.

Ар жактан дүбүрт угулганда Мурат эң жакын досу Янды көрүп калды. Ян тапшырмага баратса керек. Алда эмнелерди көтөрүнүп алыптыр. Муратты көрүп, ал колдорун булгалады. «Ак жол сага, ак жол» деп, Мурат ордунан туруп, аларды жолго узатты. Ян бактылуу... Ян тапшырмага баратат. Группа бара-бара токойдун арасына кирип, көздөн кайым болду.

Мурат ордуна кайра жатты. Көз алдында Ян турду... Ян... Ян. Эми Мурат ойго кетип, Ян менен жолугушкан күндү элестете баштады.

...Анда Мурат Осмондон да ажырап, токойдо өзү жалгыз жүргөн кези болучу. Ал канча күн жалгыз жүргөнүн азыр эсине келтире албайт. Анткени менен, Ян экөөнүн жолугушуу күнү бүгүнкүдөй көз алдында жайнап турат. Түн оон калган кезде арып-талып келип, бир бадалдын түбүнө бүк түштү. Көп узабай эле кирпиктери чапташып, уйкуга кетти. Анан: «шырт-шырт» эткен добуштан улам чочуп ойгонуп, айланасын каранды. Адам. Тигинде бир адам келе жатат. Бул ким болду экен? Доспу же душманбы? Мурат секин гана боюн далдага тартып, ары жылып кетти. Аны алаңдап келаткан адам байкабады. Мураттын ордуна келип муну жер жутуп кеттиби дегенсип, аң-таң боло айланасына каранды. Эч нерсе жок. «Жаткан адамды көрдүм беле, же мага адам окшоп кетти беле?» дегенсип, ал көздөрүн жумуп, кайра ачты. Эч нерсе билинбейт. Эч кандай шарпа жок.

Ушул учурда Мурат арыраакта отуруп, келген кишинин башынан аягына чейин карады. «Бул душман эмес, мен өңдүү эле качкын», деген жыйынтыкка келди. «Каа-

ласа биригип алып, партизандарды кошо издейбиз» деп, өзүнө-өзү кеңеш берди. Тигине, эч нерсени таппай калган келгин кетүүгө ниеттенип, ары карай кадам шилтеди. Мурат акырын гана жөтөлүмүш болду. Келгин тык токтоду.

— Эй, сен кимсиң? Эмнеге бекинесиң? — деп, полякча сүйлөдү. Армия Крайовылардын иттеринен болуп жүрбөсө экен деп, Мурат чочулаганы менен кеч болуп калган эле. Тиги Муратты көрүп, ага карай келаткан...

Экөө көрүштү.

— Мен Янмын. Полякмын. Советтик партизандарды издеп жүрөм — деди.

— Мен Мураттмын. Кыргызмын. Мен да советтик партизандарды издеп жүрөмүн. Туткундан качып чыктым,— деп, Мурат ага жылмая карады.

Ошентип Ян менен Мурат токойду бирге кезип, турмуштун ачуу-таттуусун бирдей татып калышты.

* * *

Фронттун жакындап калганынанбы, же немецтердин чындап эле шаштысы кеттиби, партизан отряддарына качып келгендер көбөйдү. «Бул абдан жакшы көрүнүш. Эгерде партизандардын баары буерде диверсиялык иштерге катыша албаса, айрым тапшырмаларга баралбаса, ал эч нерсе эмес. Но, зато эртеге болбосо да бүрсүгүнү фронт сүрүлүп кетсе, биз даяр аскербиз. Куралыбыз колубузда. Анда ар күнү тапшырма болот», дейт Алексей. Аны Мурат да түшүнөт. Ошондой күндөрдүн биринде лагерден качкан бир топ киши келишти. Алардын арасынан Мурат бирөөнү көрүп, же кыргыз экенин же казак экенин ажырата албады. Алар эки-үч күн жуунуп-таранып, дем алышты. Алар менен атайын бөлүмдүн адамдары сүйлөшүп чыгышты. Төртүнчү күнү гана Мурат тиги менен таанышып калды. Тянь-Шандын Кайыңды деген жеринен Асанов Абдылда болуп чыкты ал. Отряддын командиринен өтүнүп, Абдылданы өз роталарына алып келди Мурат. Канткен менен бөтөн эл, бөтөн жерде жүргөн кезинде жердешиңе жолугуу (албетте легиондогулар эмес) кандай сонун. Өз тилинде эбиреп-жебиреп отуруп, өз эл-жериң көңүндө маектешкенге не жетсин. Мурат мурда элде жүргөндө кишилердин «өз эл, өз жер» дешкенине анчейин маани берчү эмес. Немецтердин тикенектүү темир торунда жүргөндө, анан поляктардын мына ушу токоюна келгенде өз эл, өз жердин улуулугуна, ыйыктыгына түшүндү.

Аларга баш урун сыйынгысы келди. Чоң Жер парашют менен курал таштаганда, парашютту буларга бөлүп беришти. Ошондо токойдо отурган партизандардын көбү уялып этпей эле ошо парашютту көздөрүнө сүртүштү. Ал эми Абдылдага жолукканда тим эле атасын көргөн бала сымак толкундап, ташып турду.

Анан машакаттуу да, кооптуу да күндөр башталды. Немецтер облаваны күчөтүшкөндүктөн бирикме отряд-отрядга бөлүнүп, отоолорун эки-үч ирет өзгөртүштү. Диверсиялык, чалгындоо группаларынын иштеши оорлошту. Мурат менен Абдылда эми кайда барса бирге барышып, бирге тургандыктанбы, аларга Алексей да үйрөнүп кетти.

Бир күнү түштөн кийин отоого «аскери менен эшелон өтөт экен» деген кабар жетти. Мындай даяр олжону өткөрүп жиберүү кудайга жагабы? Ага ашыгуу керек. Дагы атайын группа түзүлүп, он-он беш киши түнү менен токоймо-токой жүрүштү. Таңдын дык салышы менен болжогон жерге жете келишти. Ошол түнү Абдылда өзүн эмнегедир укмуштай сергек сезди. Тигине жыландай сойлоп кеткен темир жол. Толду каерге коюу боюнча партизандар өз ара талашып тартышты. Жолдун токойду аралап кеткен жерине тол коюу оңой болоор эле. Анткени менен жерлерде патруль күч. Анын үстүнө жолдун эки тарабындагы карагай, кайыңдарды немецтер аркы-терки кыйып таштаашкан. Лерге жетээри жетип алуулары мүмкүн. Кийин качуулары тозок болот. Ошол эшелонду жардыруулары менен гана партизандардын өлүп калуулары керек эмес да. Ар ким өз оюн айтып көрдү. Аңгыча немецтердин патрулу иттери менен аркы станция тарапка өттү. Сыягы тамактанышат го. «Түндү тынч өткөрдүк» дешеби, бакашада баратышат.

Мурда ойлуу отурган Абдылданын жүзү эми күлүңдөй түшүп, бетиндеги чөкүрлөрү жайнады. Адатта, ал бир нерсеге чын дили менен бериле баштаганда ошондой болот экен.

— Досторум, тыңшагыла, менде бир ой туулду. Жак-пса, аны тацуулабайм — деди. Партизандар Абдылданын эмне дээрин күтүп калышты.

— Тиги мүйүлүштү көрдүңөрбү? — ал тээ ачык талаадагы темир жолдун ары бурулуп кеткен жерин көрсөттү. Мына ошердин аркы бети токой. Ал темир жолго жакын. Эмне болсо да немецтер токой тараптан болду деген ойго келишет. Анын үстүнө эки-үчөөбүз поезддин аңтарылышы менен ошо токой жактан ок атуубуз керек. Ошондо немецтердин тирүү калганы да ошол чыккан тарапка ок ата

башташат. Бул учурдан... — деп ал сөзүн бүтө электе, группанын командири Абдылданы ийнинен басты да:

— Түшүнүктүү,— деди. Анын ою башка партизандарга да жагып калды. Ошентип аркы бетке Абдылда менен дагы партизандар өтүп кетишти. Бул жолу Мурат ушул тарапта жатып, жардыруучуларды коргоого калды. Анткени, Мураттар ачык талаадагы темир жолго али тол коюшуп көнүгө элек болчу.

Мураттар боортоктоп отурушуп мүйүлүшкө жакындап барып калышты. Поезддин өтөөр убагы белгилүү. Толду даярдап жатышканда аркы беттеги токойдон Абдылдалар белги беришти. Убакты жакындап калгандыктан, эки партизан толдору менен темир жолго сойлоп баратты. Мураттар ыңгайлуу жерден орун алып, жардыруучуларды эки тараптан боло турган коркунучтан коргоого отурушту.

Күздүн күнү аба үп болуп партизандар оор дем алышат. Жардыруучулар толдорун көөмп, шнурду тарта орундарына кайта келишти. Ага чейин айлана тынч турду. Убакыт жакындап келе жатат. Партизандар, поездден мурда патрулдар келип калбаса экен дешип копулдашат.

Балакет болуп, станция тараптан патруль чыкты. Алар тиги коюлган толду сөзсүз көрүшөт. Аны алып таштоого аракеттенишет. Ошол учурда партизандар тигилерди жардырууга аргасыз болушат. Эки-үч немец өлөөр. Экөө-үчөө жарадар болушаар. Андан эмне чыгат? Ойлогон оюбуз ойрон болобу дешкенсип, партизандар копулдап жатышат. Ушундайда убакыттын тезирээк өтпөй калганы тим эле жанды кашайтат. Партизандар кыжаалаттанышып, бирибирин карашат. Поезддин келишин күтүшүп, жол тарапка кулактарын делдейтишет. Өчөшкөндөй кыймылсыз жымжырттык алардын нервине таасир этип, ындындары өчүп үңкүйүшөт. Ана, патрулдагы немецтердин бака-шакасы, жетелеген иттеринин «аулдаганы» угула баштады. Аркы беттеги Абдылдалар эмне деп турушат деген ойго келет Мурат. Ошо жакка көз чаптырат. Эч нерсе көрүнбөйт, эч нерсе билинбейт. Булардын командирлери да тынчсызданып, тарткан тамекисинин түтүнүн улам-улам жеңине үйлөгөнчө жолго каранат. Жардыруучулар эмгегибиз текке кете турган болду дешеби, кыжаалаттангандай болушат. Тек гана автоматтарын мыжыга, ичтеринен дем алышат. Абал улам-улам оорлошуп бараткандай туюлат.

Бир убакта командир кулагын түрүп калды. Ана, партизандар баятан чыдамсыздык менен күткөн добуш. Мурат сүйүнгөнүнөн «Ур-аа!» деп кыйкырып жибере жаздады. Тиги жолдогу рельсалар ага дирилдеп жаткандай се-

билди. Аңгыча күпүлдөп салмактуу чыккан добуш жакындай берип, анан коюу кара түтүнүн асманга бурап бүрккөн паровоз менен вагондор көрүндү. Эми партизандардын оюу, партизандардын тилеги: тол коюлган мүйүлүшкө патрулдан мурда, поезддин келишинде болду. Бир коркунуч мына ушул. Патруль мүйүлүшкө жакындап келатат. Иттери да бир нерсени сезгендей, аулдашып алга карай жулкунушат. Аларды кантип токтотуу керек? Ок атылса паровозду да токтотуп коюшаары сөзсүз. Бул жактан шарпа билдирүү керек эмес.

Мураттар эмне кылышаарын билишпей ойго тунушту. Тигине патрулдагы немецтер алды жактан бир нерсени сезген эмедей басыштарын ылдамдатышть.. Же партизандарга ошондой көрүнүп кеттиби? Аны ким билет. Алар тол койгон жерге жакындап калышты.

— Все пропало... — деди командир жерге түкүрүнүп.

Мына ушул күтүлбөгөн убакта жолдун аркы бетиндеги токойдон автоматтын тытыраганы угулду. Бул Абдылда эле. Ал да баятан бери абалды карап отуруп, иш текке кетээрине көзү жеткенде, аргасыздан ушу чечимге келип, ата баштады өңдөнөт...

Анаке, немецтер бир дүрбөп алышып, анан темир жолго далдалана жата-жата калышып, кийин автомат, пулеметтору менен токой жакка ок жаадыра баштады. Абдылдалар да убак-убагы менен ок үзүшүп, буларды алагда кылмактын аракетине өтүштү. «Эми эмне болоор экен?» деп Мурат эки көзүн жолдон, токойдон албай жатты.

Аңгыча эшелон патрулдардын алдына жете келди. Паровоз «гүш-гүш» этип, түтүн бүркө жай токтоду. Патрулдар менен паровоздун сакчылары өз ара бир азга сүйлөшүштү да, колдорун серелеп, аркы токой тарапка карашты. Жардыруучулар билинбей дымып жатышты.

Анан паровоз баягы кочкул кара түтүнүн дагы абага жай гана бүркүп алга жылды. Партизандар эми жеңил дем алышып, өздөрүнө келе түшкөнсүштү. Алардын баятан бери жер кемирип жатып күтүшкөнү мына ушул эле да... Патрулдагы немецтер болсо, эшелонду узаткан орундарында калып, дагы эле тиги токой тарапка ок атышып жатты. Алар өз ойлорунда токойдон болгон коркунучту четке кагышкансышты. Аңгыча паровоз мүйүлүштөн өтүп, ары карай багыт алды.

— Жардыр... Жардыр... — деген командирдин шыбышы Муратка да даана угулду. «Эми болду Эми болду» деп, Мурат өзүнчө күбүрөнүп жиберди.

Катуу жарылуу, асманга түрмөктөлүп көтөрүлгөн то-

пурак аралаш коюу кара түтүн... паровоздун ичкериге карай аңтарылышы... ызы-чуу... Вагондордун бири-бирине кагылышы. Аркы беттен автоматтардын безелениши заматта айлананы дүрбөтүп жиберди.

Ошол күнү душмандын бир эшелон солдаты, куралжарагы, ок дарысы менен асманга атылып кетти. Ошол күнү душмандын бир эшелону чыгыш фронтуна жетпей калды. Анткени менен партизандар, айрыкча Мурат эң жакын, эр жүрөк жердеши Абдылдадан ажырады. Ошол күнү Абдылданын жүрөгү сокпой калды.

Эртеси Польшанын Лиса-Гора токоюнун ачык жеринде Тянь-Шандык Абдылданы көмүү болду. Партизандар баш кийимдерин алып турушуп:

— Кош бол, Абдылда! Сен үчүн! Сенин өчкөн жаш өмүрүң үчүн биз душмандан өч алабыз! — деп ант беришти. Алардын антын абага атылган октор күбөлөндүргөндөй болду. Мурат эң жакын жердешинен ажырап катуу өксүдү.

* * *

Токойдогу абал оорлошкону менен партизандар туштарапта болушуп, фашисттердин тынчын ала беришти. Эшелондор кулатылып, көпүрөлөр жарылды. Автоколонналарга кол салуулар болду. Радомдогу согуштук складды жардырып жиберишти. Ошого жараша немецтердин каары да күчөдү. Виеска артынан виеска өрттөп жатышты. Партизандардын ортосунда майда бала-бакыра менен, кемпир-чалдар көбөйдү. Айрым өрттөнгөн виескалардын эли бүт бойдон токойго чыгып кетип жатышты. Токойдо партизандар да, алардын түрлөрү да көбөйдү. Өздөрүн «Армия Крайовы» (АК) ,«Народных сил збройных (НСЗ), «Крестьянская Армия» деп аташа баштады. Бирок, «Армия людовиден» (АЛ) башкасы бала-бакыра кемпир-чалдарды өздөрүнө жолотушпайт. «Биз партизанбыз. Фашисттер менен согушуубуз керек» дешет. Анткени менен, көбүнчө ошолор из калтырып, виескалардын өрттөнүп кетишине да ошолор себепкер болушат. Советтик Армия Варшаванын жанында турганы менен Варшаваны англо-американлыктар бошотушат деп жүргөндөр көп. «Армия Крайовылыктар» немецтер менен согушпай эле виескадан виескага чапкылашып, бузукулук иштерди жүргүзүшөт. «Фашисттерге кызмат кылган чыккынчы» деген шылтоо менен ак ниеттүү, көбүнесе Советтик Армиянын жеңишин каалаган поляктарды кээде куугунтукташса, кээде караң-

гы түнгө жамынышып келишип, бала-бакырасынын көзүнө атып кетишет. Элди дүрбөлөңгө түшүрүшөт.

Мына ушул абалдан улам «Армия людовинин» бирикмесинде агитатор-пропагандисттер даярдалып алар эл арасында көп чыгуучу болду. «Совинформбюронун» билдирүүсүн угузуу менен түрдүү темада аңгемелер өткөрө башташты. Бул группа менен Мурат да эки-үч жолу виескада болду.

Август айынын башталыш чени болсо керек эле, чалгынга тапшырмага барган партизандар «токойдун айланасындагы виескаларга фашисттер келип, квартирлеше башташты» деген кабарларды беришти. Аны ар ким ар түрдүү талкуулады. «Фронт жакын болгондон кийин алдыңкы линияда жаткан аскерлерин кайра толуктоого, дем алдырууга чыгарышса керек» дешти бирөөлөр. «Токойду билдирбестен ороп, облава кылышат экен» дешти экинчилери. Эмнегедир партизандык бирикменин штабы да күнүгүнү аракетке келип, ар күнү белгилүү-белгилүү жерлерге барууну, буктурмалар коюу менен отоого келген жолдорду миналаштыра баштады. Партизандар токойго кирсе да, токойдон чыкса да айрым кишилердин жол баштоосу менен жүрүүгө өтүштү. А отоодогулар ар кандай кокустукка даяр турушту.

...Ал күнү Муратты командири ойготту. Таң ата элек болгону менен отоодогу партизандар дүрбөлөңгө түшүп калышкан экен. Алыстан-алыстан атышуулар угулуп жатты. «Облава деди Мурат оюнда. Ал турары менен автоматын кармап, кемерине илип байлап алган касеталарын кармалап көрдү. Баары жайында. Автоматтагысы менен жети касетасы бар. Андан тышкары да противогаздын сумкасында автоматтын миңдей огун көтөрүп жүрөт. Көңүлү тынчый түшүп, шериктерине бурулду. Алар даяр.

Ангыча рота, роталар боюнча бөлүнүп туруу жөнүндө командалар угулду. Партизандар отоодон арыраак чыгып, кичинекей аянтчада катарга тизилишти. Ар жактан айрым роталар туш-тарапка жөнөдү. «Бүгүн бир согушат экенбиз да» деди Мурат ичинен. Анан, катардагыларга карады. Көбүндө «ППС». Ротада үч станковый, алты кол пулемет, эки «ПТР» бар. Жашы өтүп калган партизандар гана «аа, биз татыратып жүрөбүзбү» дешип, автомат алышпай, карабин алышат. Мурат буга бир алдын түшүнө берген эмес. «Эси жок эмелер окшойт. Автоматка эмне жетсин?» деген өзүнчө. Ал бир күнү өз взводундагы дед Гриша менен аңгемелешип отуруп, аны мыскылдап күлгөн. Ошондо дед Гриша:

— Сен молокососсуң, Мурат. Сен эч нерсени билбейсиң али. Атыша келгенде, автоматыңдын огу көп дегенде төрт же беш жүз метрге жетет. Душмандын ошончолук жакын келишин күтүп отурууң керек. Качкан душманды да ошо гана аралыкта ата аласың. Алыстап кеттиби, миң татыратканың менен эки пул. Тийбейт огуң. А мен болсо, ушу корабиним менен бир же эки чакырым аралыктагыны беймарал ата берем. Өзүмө душманды жакын жолото койбойм. Качып калса, кетире да койбойм. А сенчи?.. — деген. Ойлонуп көрсө дед Гришанын айтканында чындык бардай өңдөндү. Бирок, Муратты жаштыгы жеңип автоматы менен кала берген. Мына бүгүн дед Гриша экөө катар турушат. «Куралыңарды эми сынап көрөбүз» дейт Мурат ага шыбырап. «Көрсө, көрөбүз» деп, тиги кам жебейт. Анда өз куралына кандайдыр бир чоң ишенич бардай сезилет.

Роталар туш-тарапка кетип жатышты. Аңгыча жер жарылып, эми атышуулар токойдун ар тарабынан угула баштады. Бирде күчөп кетсе, бирде басылып турду. Ротанын командири менен бирге буерге подполковник Дон келди. Мурат аны мурда да бир нече ирет көргөн. Подполковниктин өңүндө өзгөрүү жок. Анткени менен, ал бүгүн эмнегедир токтоодой көрүнүп, сүйлөгөн үнү каргылданып чыкты.

— Жолдоштор, чалгынчылардын маалыматтарына караганда, анан эртеден берки абалга караганда, немецтер бизди ороп алышкан. Эми согушабыз. Силердин ротаңар бүгүн отоодон бир тарабын коргойт. Этият болгула. Сыйрасынан фронт жок. Душмандын айрым группалары отоого чейин кирип келиши ыктымал. А буерде штаб, анан жарадарлар бар. Карыя чал-кемпирлер, бала-бакыралары менен бар. Дагы бир кокустук болуп жүрбөсүн. Каерде турууңарды командириңер билет,— деди подполковник.

— А биз согушпайбызбы? — деп, партизандардан бирөө сурады.

— Айттым го, немецтер силерге чейин кирип келсе, согушасыңар. Болбосо отоону коргоп, сак тургула. Согуш созулуп кетсе, же эртеге, же бүрсүгүнү ротаңар алдыраак жылдырылат. Ошондо согушуп көрөсүңөр — подполковник эмиууртунан кичине жылмайып, партизандарга карады. Булар бүгүн эмне кылышаарына түшүнүштү окшойт кийин үн катышпады.

Отоодон беш жүз метрдей барышып, карагай, карагайдын далдаасында сыртка карап отура кетишти. Ротанын командири менен взводдун командирлери коргонуу

аймагын картага салыштырып, божомолдоо менен сыртына чыккан айламнаны түзүштү. Буерде дед Гриша менен Мурат жанаша отурушту. Партизандарда окоп казуу деген болбойт. Анын үстүнө окопту казууга лопатка, башка жабдуулар да жок. Алардын окобу дарактардын түбү. Токойдо андай карагайлар көп.

Партизандар орду-ордуларына отурушкандан кийин буерди бир азга өлүү жымжырттык каптады. Ар жактан немецтер эми эле чыгып келе тургансып, Мурат алдыга автоматын сунуп жаткан эле көпкө чейин куроктон сөөмөйүн албады. Душман кылак эткенде, Мураттын автоматы ажал бүркүүгө даяр турду.

— Эй, дед Гриша, мына сага токой. Алдыңда жүз метрден ар жагы көрүнбөйт. Токой, токой. Токой коюуланып кетет. Ушундайда автомат керек болот го. Эми карабиниң менен тарс, тарс эттирип отур — деди Мурат тигини мыскылдай.

— Сенин оюңча согуш дайыма эле токойдо болот дейсинби? Ачык жерге чыккан учурларда эмне кыласың? — деп, дед Гриша сөз бербеди.

— Партизанчылыкта кайдагы ачык талаага бармак элең.

— Партизандар көбүнесе токойдо согушат. Бул анык. Армияга кошулуп калганда, эмне болоорун мен билбейм... Анан, азыр деле алдыдагы токойду атсам, автоматыңан карабиним калышпайт...

Токойдо согуш жүрүп жатты. Кайсы бир жерлерден миналын жарылганы угулуп турду. Бирок, Мураттар азырынча тынч эле. Түшкө жакын гана токойдон жарадар болгондорду жетелеген, өлгөндөрдү көтөргөн партизандар келе баштады. Отоону коргоп жаткандар тигилерден абалды сурашты.

— Тим эле токойду жирен кирип атышат. Өлүштөрүнө да карабайт. Арасында власовчулар, башка легиондордон да бар өндөнөт. Бирок, партизандар катуу кармашууда — дешет.

— Просекага коюлган минага бир танка, бир бронетранспортёру жарылды — дейт бирөө.

— Молодцы... Молодцы.... — дешти буердегилер

Согуш кеч киргенде гана басылды. Партизандар мезгил-мезгил жерлерге буктурмаларды коюшуп, көбү негизинен отоого топтолушту. Бирок, Мураттар ошо күндүзү отурган жерлеринде калышты. Буларга оокатты да ушерге ашканадан бериштн. «Сактыкка кордук жок» деп жатышса керек деген ойго кетти Мурат. Күндүзү кезеги менен ук-

ташкандай болушту эле, эми да взводдун командирлери бирөөлөрүнө уктоого уруксат берип, бирөөлөрүн: «уктабай отур, дагы кашайып калып жүрбө» деп эскертип жүрдү.

Мурат уктоого жатканы менен, уктай албады. Ал ары-бери басып, бир топ убакытты өткөрдү. Бүгүн немецтер менен бетме-бет келип согушкан партизандар менен сүйлөшкүсү келди. Бирок, взводдун командиринен жооп алалбай койду.

— Оо, Мурат, партизан болду эле балээ болобу? Акыры адептүүлүк буерге керек эмеспи? — деди ал.

— Эмне болгону эртеге билинет,— деп, дед Гриша да караңгы түндөгү токойго карай көзүн кадады.

Анан отоодон бака-шака үн угулбай, түн мемиреп баратты. Мурат адаттагыдай эле качан, кантип уктап кеткенин билбейт.

— Стой, кто идет? — деген үндөн улам ойгонуп, автоматын алдыга сунду.

— Свои... свои... — аркы караңгылыктан үн чыкты. Адамы көрүнбөдү.

— Стой, кто идет? — дед Гриша карабиндин затворун шарактатты. Бул учурда ушул ортодогу партизандардын баары согушка даяр болуп дүрбөй түшүштү.

— Жакыныраак келип паролду айт — деди взводдун командири. Эми алдыдагы карагайлардын арасынан адамдын карааны көрүндү. Ал келатты. Он метрдей келгенде:

— Токто... пароль?.. — деди дед Гриша.

— Мен... мен... паролду билбейм. Советтик кишимин...

— Аа, шпик... мать твои — деген дед Гриша «тарс» эттирип атып жиберди. Караан чоң карагайга далдалана калды. Мураттын ары жагынан бирөө автомат менен узун очеред берди. Түн дүрбөлөңгө түштү.

— Атпа... атпагыла... — деп, кыйкырды взводдун командири Вакуленко.

— Жолдоштор... жолдоштор. мен советтик кишимин. Куралсызмын. Мени командириңерге жолуктургула. Ишим бар. Кийин атып жиберсеңер да мейли — деди тиги.

— Билебиз, сука, силердин амалыңарды. Буерден эми тирүү кетпейсиңер — деди жанараакта автоматтан аткан эме.

— Бакырба... Бакырба... — взводдун командири тигиге атырылып жөнөдү.

— Мен советтик кишимин... командирге жолуктургула,— деди качкын коркуп калтыраган үнү менен. Мурат ойлоно калды. «Балким, чын эле партизанды издеген адам

болуу ыктымал» деди ичинен. «Андай болсо, эмне үчүн бүгүн, немецтер токойду ороп алган күнү келип отурат бул. Бир балакет бар» деп, ички сезими Мuratты алагдылантты. Анан:

— Мурат! — деген үндү укту. Чочуп да кетти.

— Мурат! — деди Вакуленко — кана, куралым жок дейт. Тигиге барып, ким экенин билчи. Сен устасың го мындайга...

Душман менен атышууну күтсө да, Мурат муну күткөн эмес эле. Өлүм көз алдына келе калып, боюн калтырак басты. «Кана, жөнөбөйсүңбү?» деген гана сөз аны кыялдан ойготуп, ага дем берди. Мурат алдыга карай кадам шилтеди. «Шырп» этсе эле ал автоматын татыратып жиберүүгө даяр баратты. Анан, ал аркасынан ондогон көздөрдүн карап турушканын сезип, өзүнө келе түштү. Тиги дагы эле карагайдын далдоосунда турду. «Качан тарс эте түшөөр экен?» деген ойдон улам Мураттын бешенесинен муздак тер кетип, боюн кайра калтырак басты. Тигиге беш кадамдай калганда:

— Бекинбей чыкпайсыңбы? — деди Мурат.

— Атпа... Сөзүмдү ук... анан ат...

— Атпайм... атпайм...

Карагайдын далдаасынан караан чыкты. Күздүн түнү анчалык караңгы эмес эле. Тиги жакын келди. Муратка ал кыргыз өңдөнүп кетти.

— Сен кыргызсыңбы? — деп жиберди Мурат кыргызчалап.

— Түшүнбөдүм, эмне дегениңизге...

— Кыргызсыңбы — деди Мурат эми орусчалап.

— Кыргыз эмесмин, калмакмын...

— Аа...

— Аа...

— Легиондонсуңбу?

— Ооба, качып чыктык. Шериктерим бар...

— Куралың кана?

— Шериктеримде калды. Куралсыз бар дешти. Командириңерге жолуктургула.

— Кана, бери турчу. Карап көрөйүн. Аңтарып көрүү партизандык закон. Буга капа болбо...

— Мына... мына караңыз... капа болбойм. Силерге учурап калганыбызга сүйүнөм... — деп, ал дагы эки колун көтөрө, алда эмнелерди сүйлөп жатты. А Мурат болсо, анын коюн-кончунун, чөнтөктөрүн аңтарып жатканда, көз алдына Сактан, Жапар, Эдилбектер келди. «Алар деле ушинтип учурап калышса кана?» деп, алды кыялында. Му-

рат тигинден эч нерсе таппай, эми шериктеринин жанына айдап келди. Качкынды ар кимиси ар нерсе дей баштады.

Ушул учурда буерден чыккан атышууну угушуп, адам жиберишкен экен, ал командир рота менен бирге келип калды:

— Кана, өз жай-жайыңарга кеткиле! — деп, Вакуленко партизандарды чогулган жеринен айдады.

— Эмне аттыңар? — деди ротанын командири.

— Коркконго кош көрүнөт болуп, дүмүрдү атканыңар жокпу? — деп штабдан келген киши тамашалады.

— Биз душманды аттык, а 6-ротадан көлөкөсүн аткандар да бар — деди партизандардын бирөө. Жолдоштору кыткылыктап калышты. Командирлер да күлүштү. Анан, токойду кичине жымжырттык басканда ротанын командирине Вакуленко болгон окуяны айтып, атылбасына көзү жетип, эсине келе түшкөн качкынды көрсөттү.

Штабдан келген киши менен ротанын командири тигинден аты-жөнүн сурап, анан, аны штабга алып кетишти. Анда, эмне кеп, эмне сөз болгонун Мурат билбеди. Арадан бир саат өтпөй, жанагы калмак менен төрт чалгынчыны ээрчитип келип:

— Кайра кайтканыңарда дагы ушерден өтөсүңөр — деди ротанын командири. Чалгынчылар токойго сиңип жок болушту.

Взводдун командирлери рота боюнча кыдырышып: «Сен укта, дем ал, а сен уктаба. Алдыңа кара. Паролсуз буерден ит да өтпөсүн» деп, жүрүштү. Эми Мурат постто туруп калды. Ансыз деле анын уйкусу тарап, өткөн кеткендер эсине түшүп турду. Сагын, Сарсенбай, Алымжандардын взводу да легиондон мына ушулар окшоп качышкан экен. Аны Муратка Сагын айтып берген. Бирок, алардын бири да партизан отрядына кошула албай жүрүшүп, тымтыракайлары чыгып кетишти. А мына булар бактылуу экен. Бүгүн облавага келишти. Бүгүн качып чыгуулары менен партизандарга кошулуп отурушат. Анан, өзүнүн кийин Ян менен токой кезгендери оюна түшүп, эч нерседен кабар таппай жүргөн күндөрү көз алдынан өттү. «Аа, анда токойлордо партизандар жокко эсе эле. Азыр анабу поляктардын виескаларында туруп, токойго карай бир таш ыргытсаң, сөзсүз партизанга тиет.

Биз аз убакыт өткөндөн кийин айлана жымжырт болуп, түн коюуланды. Муратты капысынан эле уйку каптап кирпиктери ирмеле түшкөндө, өзүнөн өзү чочуп атты. Бир убакта токойдон шарпа чыгып, кишилердин үнү угулду. Баягы калмактар. Аңгыча алар да келип калышты. Парти-

Алар аларды мына ушу жерде куралсыздандырышты. Тигилер өздөрү эле кеп-сөзгө келбей, автомат, мылтыктарын шарактата ыргыта баштаганда:

— Эй жолдоштор, эй, жолдоштор секин койгула куралдарды. Алар эртеге эле кайра өзүңөргө керек болот, же ушуну менен согуш бүттү деп ойлойсуңарбы? — деди ротанын командири.

— Ой, жок, немецтер менен азыр согуш десеңер да, согушабыз.

— Биз ошолор менен согушабыз деп келдик — дешти куралданган качкындар. Мурат караңгыда алардын өңүтүсүн ажырата албаганы менен тигилердин кубанычтары койнуна сыйбай, толкунданып жүрүшкөндөрүн сезди. Немецтердин офицерниче кийинген шыңга бойлуу узун бирөөнү көрүп, «Азамат, буларды сен уюштурган экенсиң го» деп күбүрөндү.

Анан качкындарды отоого алып кетишти.

Эртеси таңдын дык салышы менен согуш кайра башталып, немецтер дагы токойдун туш-тарабынан каптап киришкен эди. Бул күнү 5-рота коргонуунун экинчи эшалонуна бөлүнүп, Мурат станковой пулемётчуларга жардамдашмак болду. Пулемётчик Саша деген орус жигит:

— Сен тек гана тиги лента салынган эки коробканы көтөрүп, биз каякка жылсак, ошол жакка жеткирип турасың. Капысынан атышып кала турган болсок, лентаны октойсуң. Кантип октошуңду билесиби? — деди.

— Билем. Патронду лентага тизип чыгуу эле болсо, аны билем — деп, Мурат тигиге күлүмсүрөдү.

— Сен күлбө. Патрондор тегиз октолушу керек. А то лентага тартышып, ата албай калсак, мен сага көрсөтөм, — пулемётчик муштумун түйдү.

— Коркутпа мени. Мен сага бала эмесмин. А согуш убагында кежирей бере турган болсоң, анда менден таарынба — деп, Мурат автоматын кармалаган болду.

Токойдун туш тарабынан атышуулар угулуп, анда-санда замбиректерден, минемёттордон да атышып жатышты немецтер. № 5-ротанын алдынан түш оогондон кийин дагы жарадарлар өтүштү.

— Кантип согушуп атышат?

— Немецтер көппү? Аларды көрдүңөрбү? — деп, чуулдашты экинчи эшалондо жаткандар.

— Биздикилер бекем турушат...

— Күндө немецтер каптап кирип келип, кайра качып берип атышат — дешет жарадарлар отоо тарапка багыт алышып.

Бул күнү бешинчи рота экинчи эшалондо болгондуктан, дагы немецтерге бетме-бет келбеди. Анткени менен, кечинде отоого келишкенде, өлгөндөрдү, жарадар болгондорду көрүшүп, үрөйлөрү учту партизандардын. Согуш катуу жүрүп, айрым жерлерде партизандар артка чегинишиптир. Улам-улам немецтер курчап келатышат экен. Мурат өзүнчө ары-бери басып жүрүп, партизандар оокаттанып жайгаша баштагандан кийин, жай гана Старшага басып барды. Ал эртеден бери тынымы жок иштеп, эми гана отура кеткен экен.

— Кел Мурат кел. Кантип согушуп атасың? Канча фрицти аттың — деди.

— Эки күндөн бери согушуп жатканыбыз менен эмдигиче немецтерге кезиге элекмин.

— Эмне үчүн?

— Биринчи күнү отоону коргоого калдык. Калмактар өздөрү келишти. Бүгүн экинчи эшалондо болдук. Биринчи эшалондогулар немецтерди бизге жибере коюшпады. Ошентип, бир да «фрицти» атууга туура келбеди,— деп, Мурат ашпоздун тилин туурады. Тиги аны көңүлүнө албады.

— Калмактар силерге биринчи кездешти беле — деди ашпоз.

— Ооба, эмне болушту?

— Эч нерсе болушпаптыр. Бирок, бүгүн дагы отузга жакын калмакты ээрчитип келишиптир.

— Кантип?

— Кантип дейсиңби? Уйкуң келбесе угуп отур, айтып берем. Алар кечээ түнү келишкен турбайбы. Штабда көпкө чейин сүйлөшүп, анан, өздөрүнчө дагы бир операциянын планын түзүшөт. «Уруксат этсеңер, мен беш-алты шеригим менен барып, дагы бир группаны ээрчитип келем» дейт калмактардын командири. Биздин командирлер ага ишенип, ишенбей, көпкө отурушат. Өзүлөрүнчө кеңешет. «Оо, булар чыккынчылар. «Шпик» болуп келишкен. Мына эми кайра кантип кетүүнүн амалын издеп жатат» дешет бирөөлөр. «Жок, булар чын дилдери менен айтып атышкандай өңдөнөт. Анын үстүнө ушулар «шпик» болушканда, теңинен көбү буерде калып атпайбы. Анан, кечээтен бери согуш болуп, биздин партизандар өз позицияларын ээлеп турушат. Булар фашисттерге барып айтканда да, эмне кылышмак? Анын үстүнө калмактар бир гана отряддын штабын көрүштү. Ал анчейин маанилүү эмес» дешиптир экинчилери. Кийин жөнөтүшмөк болушуп, калмактарга:

— Командириңер менен бешөөнү кайра немецтерге жиберебиз. Кийин-соңу бир чатак болсо, калгандарды

коргоп туруп, атып жиберебиз — деп, эскертишиптир биздикилер. Тигилер ага макул болушту дешет. Өздөрүнүн шериктери кайерден облавага киришерин билишет экен, кадимкидей курал-жарагы менен алтоону айткан жерлеринен таңды атырбай, кайра немецтер тарабына өткөрүп жиберишиптир. «Ай, эми булар бизге куйругун карматат бекен? Кетишти...» деп, отурушканда ар жактан атышуу башталып калат. Анда партизандар жок экен. «Ким менен ким атышып жатат?» дешип, мындагылар сак турушат. Көп узабай эле арты менен жүгүрүп, ар жагына атып келатышкан немецтерди көрүшөт. Партизандар аларга каршы турууга даяр болушат. «Буларды башка партизандар кысымга алып келаткан болсо керек» деген ойго келишет.

Көрсө, алар калмактар экен. Токойдон баргандар тигилерге кошула түшүп, анан абалды түшүндүрсө керек. Токойдун четинде окопто жаткан жеринен эле булар арасындагы алты-жети немецти атып жиберишип, токойго киришет. Эмне иш болуп калганын туюп калган немецтер булардын артынан түшөт. А качан качкындар партизандарга кошулуп калгандан кийин ошерден жылбай коюшуптур. Партизандар менен аралаша кетип, кечке чейин немецтердин беш-алты чабуулунун мизин кайтарышыптыр. Алар тим эле «как звери» согушту дешет. Жаль, только кечке маал командирлери оор жарадар болгон имиш, бирок, аларды мен көрө албадым. «Свобода» отрядына кошуптур биздикилер... — деп, Старина сөзүн аяктады. «Ошондой болуу керек эле» деди Мурат ичинен.

Эртеси биринчи рота дагы экинчи эшалонго калды. Алар туурасынан өткөн просекага жете бербей, карагай карагайдын түбүнөн орун алышып, алдыларына караштты. «Душман алдыңкы линияны бузуп кетиши ыктымал. Дайыма сак болгула» деди ротанын командири. Просеканын эки тарабында кичинекей ачык талаа болчу. Мурат ошо талаанын четиндеги карагайдын түбүн ыңгайлуу көрдү. Жерге кол пулемёту менен Аскад деген татар жигит келди. «Сен мага дисканы октоого жардам бер, атышып калсак, оңолуп калам» деди. Мурат макулдугун билдиргендей башын ийкеди. Бирок, сүйлөбөдү. «Бүгүн да согушпай калат окшодук» деген ой анын жүрөгүн мыкчып көңүлүн кирдетти. «Кишилер согушуп жатышат, кишилер жарадар болуп, өлүп жатышат. А биз экинчи эшалондон ары жылбадык. Бул эмнеси?» деп, таңданды. Кийин өлгөндөр менен жарадар болгондор көз алдына келди. Партизандын жарадар болуп кыйналгандан көрө өлгөнү түзүк экен.

«Родина үчүн болгон күрөштө курман болду» дешип, көөмп коюшат. А басалбай турган жарадарлардын күнүн ары кылсын. «Мына ушундай облава-согуштарда алар эмне болушат?» деген ойго келди Мурат.

...Тра-тра-тат, тра-тра-тат... деген добуш Мураттарды ойдон ойготуп, орду ордуларына койду. Ири калибрдүү пулемёту менен аткылап, просекада бронетранспортёр келаткандай сезилди. Айрым партизандар арттарына жыйрылып, жоон түп карагайга өтүштү.

— ПТР оңго бурулгула — деди Вакуленко. Токойдо ары-бери жүгүргүдөй болушту партизандар. Душман атып келатты. Мураттын эки көзү оң тараптагы токойго кадалды. Эми бронетранспортерду Мурат автоматы менен эч нерсе кыла албасына көзү жеткенде гана анын артында машинада жөө аскерлери болушун күттү. «ПТРчылар тиги татыратып атып келаткан эмени согушса, адамдарына биз даярбыз» деп, ал автоматын мыжыгып отурду. Анткени менен, «бу, кызыталактар коргонуунун биринчи эшалонун сүрүп кетишиптир, эми биз туруштук бере алабызбы, жокпу?» деп, өзүнчө чочулады.

Мына ушул учурда просекада катуу жарылуу болду. Ал токойду жаңыртып, алда кайда кетти. Анан, күрүлдөгөн мотор үнү да; татыраган пулемёт да тынып, токой заматта жымжырттана түштү. «Ура-раа, бронетранспортер минага жарылды» деп, кыйкырды токойдогулардын бирөө. Анан дагы бирөө кыйкыра баштаган эле чууну ротанын командири араң басты. «Алдыңкыларга карагыла» деп бакырды ал. Эми атышуу сол тараптан угула баштады. Ал бара-бара күчөп, уламдан-улам буларга жакындап келаткандай туюлду. Пулемёт менен автоматтар жаактарын жанып, анда-санда ураалаган партизандар чабуулга өтүп атышкансышты.

— Мына ошо жакта кыямат кайым болду — деди партизандардын бирөө.

— Ашыкпа. Азыр буерде да ошондой болот,— деп экинчиси бурк этти.

Мурат токойго кулагын түрүп, алды тараптан көзүн албайт. Токойдогу согуш өзүнчө айырмаланат. Буерде жаткан партизандар эки жүз метр алдыларында эмне болуп атканын көрө алышпайт. Алыс же жакындыкты атышуулардан гана божомолдоп айтууга болот. Бул абал буердеги партизандардын баарын кооптондурду. Немецтер партизандардын алдыңкы катарын талкалап кетишкен болсо, эми алар ар кайсы тараптан кирип келет. Буерде туташ түзүлгөн коргонуу линиясы жокко. Анан, булардын

ээлеп жаткан жерлерин жалпы эле «коргонуу линиясы» деп аташка болобу? Жок. Жок. Ага Мурат жана анын шериктери жакшы түшүнүшөт. Мына ошондуктанбы, баяраакта алды жактарына тирмийип карап отурган партизандар эми кээде оңго, кээде солго, анан капысынан эле алды-арттарына карашып, элеңдешет. Партизандар элеңдей баштаганда, жакшы натыйжаларга алып келбесин командирлер эбактан эле билишет. Ротанын командири ары-бери жүгүрүп, «алдыга карагыла, алдыга карагыла» дегени бекеринен эмес.

Андача согуш кайра күчөп, атышуулар анчейин алыс эмес жерден угула баштады. Кандайдыр бир коюу кара түтүн асманга көтөрүлдү. Бул эмнеси? Эмне өрттөнүп жатат? дегендей Мурат таңдануу менен огурганда:

— Аа, звери-ии... токойчунун үйүн өрттөп жиберишти. Ал бүерден эки чакырымдай гана алыс эмес беле — деди партизандардын бирөө.

— Андай болсо, жарым сааттан кийин фашисттер ушерге келишет — деп экинчиси жөтөлүп калды.

Бирок, токойчунун үйү өрттөнгөндөн кийин ал тарапта атышуулар басылды. Бир гана кочкул кара түтүн бирде суюлуп, бирде кайра түрмөктөлө коюуланып турду. Токойчунун үйү көпкө чейин күйдү. Асманга көтөрүлгөн түтүнгө тигиле карап отурган Мурат «Дүйнөдө ушинтип канча үйлөр күйдү экен? Дагы канчасы күйөр экен?» дегени ойго келди. Анан, «тиги алды тарапта өрттөнүп жаткан үйдүн ээси эмне болду экен? Бала-чакалуу киши беken? Качып кутула алыштыбы, же жокпу?» деп күбүрөндү. Бешенесин дагы муздак тер каптап, ичинен титиреди. «Ах, сволочи, сволочи..» деди ал.

Түш оой баратканда буларга оокат алып келишти. Старшина дагы картошка ботко жасаган экен. Партизандар мурдагыдай топтолушпай орду-ордуларында оокаттанышты. Термос менен алып келген чайдан ичишти. Аларга дүйнөдө ушу күнкү оокаттай даамдуу тамак сейрек учуроочудай туюлду. Анткени, алар эртеден бери эле, мына немецтер кирип келишет дешип, зор кооптонуу менен тынчы кетип отурушуп, бир алдын курсактары ачканын билишкен эмес болучу. Эми алды тараптагы атышуулар басылып, азыраак болсо да көңүлдөрү жайланыша түшкөндө, көрүнгөн оокаттын жытынан улам, ичегилери ышкырып, ашказандары ноюду. Курсактары ачканы эми билинди. Ошондо оокат чексиз даамдуу болуп кетти.

Мурат оокатты аптыгуу менен жеп, анан карагайга

жөлөнө шалдайып отурду. Бою жибип, бою мемиреп баратты. Аны эмнегедир таттуу уйку каптап, эки-үч үргүлөп кетип, кайра чочуп ойгонду.

— Уктап кетпегиле жолдоштор уктап кетпегиле. Немецтер жаныбызга келип калган,— деп, жүрдү ротанын командири. Анын бакырганынан улам көзүн пар-пар ачып, Мурат ордунан турду да, керилип-чоюлуп, аркы-терки басып, арыраак уйкусун таратты. Аны байкап калган Вакуленко «Мурат, эмне, уйкуң келип атабы?» деди. Мурат кимди болсо да, мына бүгүнкүдөй оокаттан кийин дайыма уйку каптаарын айтып, кериле-кериле оозун ачып эстеп алды. Партизандар бирден-экиден бөлүнүп жайгашкан болучу. «Бириң уктасаң да, бириң алды жакты карап отургула» деди. Мураттын жанындагы пулемётчик Аскад үргүлөп бараткан экен. «Мейли, уктаса уктап алсын» деди Мурат өзүнчө сүйлөнүп, анан дагы ары-бери басып, кийин карагайдын далдасына отура кетти. Автоматын желкесинен алып, анын касетасын чыгарып кайра салды. Убакыт өтүп жатты. Отоонун ары жагынан атышуулар угулат. Алыс. А 5-ротанын алды тарабында түштөн кийин тынчтык өкүм сүрдү. Өрттөнүп кеткен үй да күйүп бүттүбү, асманга көтөрүлгөн түтүн бара-бара агыштанып анан жок болду. «Эх, шордуу токойчум, эми качан үйлүү болор экенсиң?» деди Мурат өзүнчө. Анан, айланасын каранды. Жан-жакаларында партизандар да тынчып, көбү уктап жатышат. Айрымдары үргүлөп отурушат. Тынчтык. Токойдо шырп эткен шарпа жок. «Эми немецтер арттарына кетишти бекен же жеткен жерлерине коргонуу линиясын түзүп, эртеге кайра согушар бекен?» деген ойго келди. Анан, отуруп-отуруп эле үргүлөп алды. Аскадга карады. Ал тек гана жаш балачасынан тынproblem тыноосунан дем алып, уктап жатат. Аны Мураттын ойготкусу келбеди. Аны аяды эмнегедир.

Анан... анан ал өзүнүн кандай уктап кеткенин өзү сезбеди. Арадан канча убакыт өткөнүн да билбеди. Түшүнөн чочудубу, бир шарпаны угуп ойгондубу, ким билет Мурат башын көтөрүп, токойчунун үйү тараптан просекада топтолуп келаткан фашисттерди көрдү. Анын жүрөгү согуудан токтоп, эмне кылаарын билбей туруп калды.

— Руки верх... хонди хоох! — деген үн Муратты өлүү абалдан ойготту. Ага карай пистолетин алдыга сунуп, кайкагай фуражка немецтер келаткан эле. Мурат автоматын алып, курокту басып калды. Башка партизандар да ойгонуп кетишип, бирөөлөрү жадырап качып калган

немецтерди көрүп атса, бирөөлөрү тек гана просека тарапка карай төгүп, өпкөлөрүн баса албай атышты. Аскад эки дисканы бошотуп жиберип:

— Мурат... Мурат... дисканы окто — деп бакырды. Мурат ага бурулбады. Үч касетаны бошотуп, төртүнчүсүн октоп атканда, жанына октор «чуп-чуп» этип тийди. Ошондо гана эсине келе түшкөн Мурат боюн карагайдын далдасына уруп, алды тарапка карады. Дарынын түтүнү, чаң көтөрүлөт. Дарынын жыты мурунга урат. Алдыда эмне бар экени билинбейт. Капысынан окко тутулган немецтердин өлгөнү өлүп, тирүүлөрү эми өздөрүнө келе түшкөндө, ок атыша баштады бейм. «Зуу-зуу» эте аткан октор «чуп-чуп» этип карагайды тепчип, же дарактардын бутактарын чырпып кетет. Немецтер тарабынан бир ок чыкса, партизандар тим эле жамгырдай төгөт. Партизандар атууну бир токтотуп, кайра күчөтүп жиберишти. Токойдун ичи ызы-чууга толуп, немецтер каерде, партизандар каерде экени билинбеди. Тек гана партизандар атып жатышты. Аны байкап калган ротанын командири:

— Эй, атпагыла... атууну токтоткула. Абалды тактап алалы — деп, үн чыгарды. Аны взводдун командирлери кайталашты. «Атпагыла... атууну токтоткула» деген шыбыш токойду аралап жүргөнсүдү. Партизандар тынып калышты. Немецтерди жер жутуп кеткен өндөнду. Бир аздан кийин алды тараптан түтүн, чаң тарап, жайык жер, ар жерде дөмпөйүп жаткан өлүктөр көрүндү.

— Оо, Мурат фрицтерди сойгон турбайбызбы? — деди ротанын командири.

— Баарыбыз уктап кеткен экенбиз, ким биринчи көрүп, ким биринчи атты? — деп, сурады партизандардын бирөө.

— Мурат... Мурат... — деп, Аскад ордунан тура калып, кайра жерге жалп этти. Эми немецтер партизандар күтпөгөн, арт тараптарынан ата баштады. Буердегилер дүрбөлөңгө түшүп, айрымдары ар тарапка кылактай качты. «Бизди курчап алышкан экен» деген ой Мураттын башына жылт берип, кайра өчтү. Азыр ойлонуп отурууга убакыт жок эле. Ал Аскадга илешип, аны түрткүлөө менен эми карагайдын экинчи жагына өттү. Аскадды да оно тарапка сүйрөдү. Октор ызылдап кээде баштарынан өтүп, кээде дарактарга чабылып тийип жатты.

— Аскад... Аскад — деди Мурат. Аскад өзүнө келди. Ал оң колун көтөрө албайт. Ок ийнине тийгендей.

— Аскад... баса аласыңбы? Тиги жакка кач... — деп, сүйрөдү.

— Аны ташта... жапыңды алып кач. Пулемётту мен ала барам — деген Мурат тигинин колунан пулемётту сууруп алды. Аскад даректан-даракка өтүп, заматта көздөн кайым болду. Мурат айланасына көз жүгүртүп, өзүнөн он-он беш кадамдай жерден дед Гришаны көрдү. Башка партизандар билинбейт. Туш тараптан тарсылдап, ким каякка атып жатканын ажырата албай калды Мурат. «Качып кетишкенби?» деди ал өзүнчө күбүрөнүп, анан пулемётту алып, ары токой тарапка, бая немецтер ок атып келаткан тарапка кыска-кыска очеред берди. Мына ошентип, сол тарапка партизандарды кууп бара жатышкан немецтерди өзүнө буруп, алганын өзү да билбеди. А немецтер болсо: «Артыбыздан партизандар ороп калышпасын» деген ойдон улам Мурат менен дед Гриша жакка, артына бурулушуп, мелжебей автомат менен ок төгүп келатышты. Бирок, алар көптөй сезилбеди... Эмнегедир кыска-кыска очеред беришет. Дед Гриша абалды дароо эле түшүнө коюп, Муратка жакын жетип келди да, чоң түп карагайга далдаланды.

— Бекем тур эми, экөөбүздөн башка эч ким калбаптыр — деди ал Муратка карабай. Анан «тарс» эттирип атып калды. Мурат ары жактан бирөөнүн жерге чимирилип барып тийгенин көрдү. Ошол эле учурда аларга карап келаткан немецтерди да көрүп, жүрөгү шуу дей түшкөнү менен, жан коргоонун амалы беле, ал пулемётту алдыга сунуп, немецтерди мээлей баштады. Экөө-үчөө катарлаша түшкөндөй болдубу Мурат татыратып жиберди. Бир немец кулап түштү. Аңгыча дед Гриша дагы тарс эттирип атып, карабинин жаңылап октоого өттү. Эми немецтер да даректан даракка далдаланып ата башташты буларды. Карабиндин автоматтан артыкчылыгы Муратка мына ушу жерде билинди. Немецтер автоматтары менен атышат. Аралык алыс. Октор же төбөдөн өтөт, же партизандарга жете бербей жерди сабайт.

Мурат бир жагы чочулаганы менен, бир жагы дед Гриша экөөнүн калганына сүйүндү. Өлсө да экөө өлүшөт, атышса да экөө атышат. Анда-санда душман кароолго илингенде. Мурат курокту басып калат. Токойду аралап «тра-тат, тра-тат...» деген үн кетет. Анан, көз ирмемге дед Гриша карайт. Ал ошердеги үч карагайдын биринен-бирине өтө коюп, ыңгайлуу учурду карап, анан «тарс» атып коюп, алдына карайт. Эми немецтер да анда-санда атышып, карагайдан карагайга өтүшөт. Сыртынан караган кишиге буерде дуел жүрүп жаткандай сезилет. Анткени менен душман бул экөөнө улам-улам жакындап ке-

аткандай туюлат. Мурат бекинген карагайга автоматтын огу бадырады. Мурат жер өбөктөй түштү. Дед Гриша дагы «тарс» бир коюп алып: — Ордуңу жаңыла... ордуңу жаңыла. Аркы карагайдын түбүнө өт — деди. Мурат башын көтөрбөй, жер өмгөктөп аркы карагайга өтүп, кайра ата баштады. Эми ал жанагыдай каерде көрүнүп алар экен деп пайлап отурбай эле токойду аралата атып, немецтерди жер өбөктөттү. Ал токтойт. Қылаң этип карап көрүнсө, пулемет жаагын бир жанып алып, кайра тынат. Буга Мурат ичинен кубанат. «Пулемётту Аскаддан жакшы эле алып калган экенмин. Кереги тийди» деди.

Тигине, немецтер дагы кылак дей түштү. Пулемёт «тыыр» деди да токтоду. Ок түгөнүптүр. Эми балээ болду. Мурат аркы коробканы барып ачты. Октолбогон дискылар. Ок да жок. «Эх, собака» деп алды Мурат. «Ат Мурат, ат» деди ар жактан дед Гриша.

— Ок барбы? Пулемёттун огу түгөндү...

— Бар... бар...

— Анда алып кел...

Дед Гриша буерге сойлоп келгендей болду. Бирок, анда ок анчейин көп эмес экен. Муратка ал отуздай патрон таштады сумкасынан. Мурат аз го дегендей аны карганда: «башка бербейм, өзүмдө аз калып атат» деп, карабинин октоого өттү. Мурат эки көзүн токойдун тереңинен албай, дискага патрондорду тизе баштады. Булардын бир азга тынчып калганынан улам, немецтер анча алга жылып калыптыр. Алар партизандардын мында экөө гана экенин билишип, анан булардын эми огу түгөндү го деген ой келишсе керек, алыстан эле «Ру-ус рука верх...» деп кыйкыра баштады. Дед Гриша бирөөнү тоголото койду. «Атпа... атпа... жакын келишсин» деп бакырды Мурат. Немецтер он беш чакты гана калыптыр. Алдында пистолетин бийик кармаган офицер. Ал шериктерин алга сүрөгөндөй карагайдан карагайга өтөт, колдорун серелеп. Алар жакындап келатканда:

— Нам крышка... — деди дед Гриша.

— Қачалыбы? — деп Мурат бакырды.

— Бакырба... качып каякка барат элең. Октодуңбу пулемётту?

— Октодум...

— Жакын келгенде ат... — деп, дед Гриша өзү ата баштады. Бирок немецтер да мурдагыдай ок жаадырбай анда-санда гана «дырыыт» эттирип коюп келатышты. «Эми мындан да жакын жиберүүгө болбойт. Анда бизге дед Гриша айткандай «крыша» деди да пулемёттун куро-

гун Мурат үзүп-үзүп эки жолу басты. «Партизандардын октору түгөнүп калды го дегендей ойдо келаткан душмандар жер өбөктөшүп, бир-экөө турбай калды. Эми-үчөө артына дыр койду. Офицерлери пистолетин көтөрүп, «алга-алга» дей бергенде, дед Гришанын карабини адатынча «тарс» этти. Офицер ошо колун көтөргөн бойдон чабылып тийди. Ага эки-үч немец жакындай бергенде, Мурат пулемёттон эң акыркы окторун жиберди. Немецтердин калганы эми өлгөндөрүнө да карабай, «дыр» коюп, артка жөнөштү.

— Ура-а, ура-аа! — деп, дед Гриша алга умтулду. Мураттын оюна ошондо автоматы келип, желкесинен аны алуу менен ал дагы ураалап жүгүрдү. Немецтер качты.

Бир топ жерге барып калгандан кийин: «Болду эми... болду эми» деди дед Гриша Муратка карап. Мурат токтоп калды. Анын эки гана касетасында ок бар эле. Алар артына кайтып келишип, офицердин сумкасын, пистолетин, айтор, партизандарга керектүү бардык буюмдарын алышты. Ар жакта жаткандардын куралын алышты. Анан, отоого, карай жол тартышты.

Мурат менен дед отоого келишкенде, партизандар оокаттанып атышкан экен.

— Оо, силер тирүүсүңөрбү?— дешти бирөөлөр.

— Кантип окко учушту, же немецтер аларды кармап кетишти — дебеди беле Аскад — деп, ротанын командири таңданып калды.

— Вы, вояки — деп, ачууланып алды дед Гриша. Мурат ротанын командирине трофейлерин тапшырды. Тиги сумкадагы карта, дагы-дагыларды көрүп, штабга жөнөдү.

— Ырас тирүү калыпсыңар, жакшы болуптур. Эми оокаттангыла деди Вакуленко буларды таштай качышканынан бир аз ийменгенсип.

* * *

Грушка — бул виеска. Лиса-Горанын эң дөңсөө жерлерине жайгашкан виескалардын бири. Ал да бир гана узун көчөнүн эки тарабына жайгашкан менен башка виескалардан айырмаланбайт. Болгон айрымасы, чоң жолдордон четте. Токой арасындагы дөңсөө жерде. Андан ары Лиса-Гора кетет. Тоо, токой өңдөнөт. Бирок, партизандар ал жакка жылышпастан, мына ушу Грушка виескасына токтошту. Бир айдан ашык болуптур, буерге немецтердин келбегенине. Партизандар оокатты жалпы

[illegible], бир жерден жешкени менен беш-ондон болушуп үй-үйлөргө бөлүнүп кетишкен. Виесканын эли партизандардын келгенине бир тарабынан кубанышат, а бир жагынан конулдагандай болушат. Өткөн күндөгү согуштан бери Мурат дед Гриша менен ынак болуп кетти. Экөө катар туруп, катар жатышат. Бу күнү да ал экөө мандай-тескей отуруп алышып, касета, дискаларды октоп, куралдарын тазалап атышты.

— Билдиңби, Мурат, биз аткан офицердин сумкасынан көп документтер табылыптыр. Ошону көрүп алышып, биздин командирлер, курчоону бузуп кетүүнү чечишиптир. Болбосо атыша берет белек билбейм. Курчоону мынчалык бузуп кетпесе, кыйын болмок экен. Айрыкча отоодогу чал-кемпир, бала-бакыралар, анан жарадарларга кыйын болмок экен — деди дед Гриша тазаланган карабинин жанына коюп.

Мурат ойдо калды. Чын эле ошол түнү Мурат менен дед Гриша оокаттанып болуп, жатаар жерлерине эми гана барышканда, партизандар дүрбөлөңгө түшүштү. Эч нерсени укпаган Мурат дагы эмне болуп кетти экен дегендей, кулак түрүп, жолдошторуна карады. «Болгула... Болгула эч нерсени калтырбай алгыла» деп, взводдун командири жүрдү. Анан көпкө узабай эле карацгы түндү жамынып, «Победа», «Свобода» отряддарынын партизандары токойдун бир жагына сүрүлдү. Алдыда чалгынчылар, алардан кийин партизандар, роталар, штаб, жарадарлар. Алардын оорлорун ноодалардан замбил жасашып, төрт-төрттөн партизандар кезек-кезек көтөрүп алышкан. Дагы дагылар. Эң арт жагында да партизандык роталар. Токой ичинде түн ого бетер карацгы өңдөнөт. Ого бетер мисирейет. Ага карабай партизандык колонна алга сүрүлөт. Убак-убагы менен алды токтогондо, арттагылар жете келишет. Қатык сүйлөө, уу-чуу жок. Булар ага көнүгүп калышкан. Турмуш буларды ага үйрөткөн. Тек гана шыбыш, шуу-шуу угулат.

Мурат дагы эле эмне болоорун билбей, өзүнчө ар нерсеге бир ой жүгүртөт. «Балким немецтер бизди ороп калган болсо, ошондон чыгып кетүүгө баратабызбы? Же тек гана ушу токойдо отоо жацыртабызбы?» деген ойго келет. Токойдун чет жакаларынан атышуулар угулат. Анда-санда асман жарый түшүп, кайра түнөрөт. «Иттер, түнү да тынчып жатышпайт» деп, Мурат немецтерди сөгөт. Антцени менен ал ушу согушканына ыраазы. Ондогон немецтерди аркы дүйнөгө аткарды. Азыр аларды көз алдына келтирди. Табаасы кана түшүп, «Ошондой болмок эле-

цер, ошондой болмок элеңер» деп, күбүрөп алды. «Тишше» деп, кимдир бирөө аны быкынга түртүп койду. Кийин көпкө чейин Мурат эч нерсени оюна албай, шарпасыз жүрө берди. Колонна токтогондо, командирлер плащ-палаткаларды жамына картаны карашкандай болушат. Эмне дешип, эмнени чечкендерин Мурат кайдан билсин, ал дед Гришага ыктап, отура кетет. Кайра туруп жөнөшөт. Вакуленконун кой дегенине болбой, Мурат Аскаддын кол пулеметун кошо көтөрүп алган. А запас дискаларды дед Гришага берген. Автомат менен пулеметтун салмагы Муратка анчейин билине бербегени менен, аларды алып жүрүү ыңгайсыз. Ошондуктанбы, Мурат пулеметту бир ийнинен бир желкесине сүрөт.

«...Отургула... отургула...» деген шыбыш келди. Партизандар токтогон-токтогон жерлерине отура кетишти. Канчалык убакыт өткөнүн ажыратуу кыйын эле. Анткени, взводдорго келишкендей кийин топтун арасына кирип: «Жүз элүү метрдей жерде немецтер жатышат. Команда болуп, колонна алдыга сүрүлгөндө, жөнөй бергиле. Калып калбагыла. Жүрүүгө да команда берилет. Ага чейин шарпа билдирбей отургула» дешти. Партизандар ичтеринен дем алышып, дымып-дымып калышты. Мурат автоматты желкеге таштап, пулеметту ыңгайлуу кармады.

Бир убакта токойдун карама-каршы жагынан жинденгендей атышуу чыкты. Ракеталар абада ышкырып, асманды жарытып жатты. «Биздикилер... биздикилер курчоону бузуп баратышат» деген шыбыш тарады. Ошондо гана Мурат биздикилердин эки топко бөлүнүп, эки жакка кеткенин сезди. Арадан же жыйырма, же отуз минута өтпөй, асманга кызыл ракета атылып, тээ алдыда «ураалаган» үн чыкты. Мурат да эл менен катар алдыга умтулду. «Атпагыла... атпагыла. Алдыда өзүбүздүкүлөр бар» деген үндөр чыгып, ошол эле үндөр: «тездегиле... тездегиле» деп, жүрүштү. Көрсө кызыл ракета атылганда партизандардын чабуулдагы группалары немецтерге беш-он кадамдай жетип барып калышкан экен.

Мына эми Мурат менен дед Гриша шериктери менен Грушка виескасында отурушат. Немецтер алыс калды. Алар буерге келишеби же жокпу, аны командирлер гана билишпесе, катардагы партизандар кайдан билишсин. Бир күн эмес, бир саат болсо да, катуу согуштан кийин дем алуу, курал-жарактарын тартипке келтирүү партизандар үчүн чоң ырахаттануу эмеспи.

Мурат дед Гриша экөө сарайга кирип, кынтая-кынтая кетишти..

— Оо собака,— деди дед Гриша бир аздан кийин башын көтөрүп алып.

— Эмне болду? — деп, сурады Мурат жаткан бойдон.

— Вакуленкого айтып койгон эмес турбайбызбы? Бир убакыт болсо, бизди издеп калат дейм.

— Издебейт. Дед Гришаны сарайга кирип кетээрин ал билет...

— Барып айтсам бекен? Же жок бекен?

— Өзүң бил. Мен уктадым — деди Мурат экинчи жамбашына оодарылып. Анан башын чүмкөнүп алды. Дед Гриша көпкө отурду. Бир алдын туруп жөнөп кайра кыпзая кетти. Тек гана колун шилтеп койду. Анысы «керек болуп калсак, таап алышаар» дегени эле.

Эмнегедир партизандарда өздөрүнчө адат пайда болот экен.

Алар канчалык арып-талып келишпесин, канчалык катуу уйкуга кетишпесин, кичинекей шарпадан автоматтарын ала турушат. Азыр да так ошондой болду. Поляктын эшигинде эки-үчөө эми гана куж-куж этише түшкөндө, сарайдагы Мурат менен дед Гриша атып турушуп, анан: «Эмне болду, эмне болду?» дегендей, бирин-бири карашты. Тынчтылыктай өңдөнду айлана.

— Оо, собака! Аа... дагы немецтер келип калган окшойт депмин — деп, дед Гриша кайра жатууга аракеттенгенде, короодон:

— Буякка чыккыла, топтолгула — деген үн угулду.

Күн отуруп бараткандa «Победа», «Свобода» отряддарынын партизандары кыштактын четиндеги токойго жакын жерде «П» тамгасынын түспөлүндө катарга тизилишти. Подполковник Дон менен башка командирлер ортого келип, бир азга өз ара сүйлөшүштү. Кийин «Победа» отрядынын штабынын начальниги майор колундагы кагазды иреттеп алып, сүйлөй баштады.

Ал өткөн күндөгү согуштарга мүнөздөмө берди. Душман канча солдатынан ажырагандыгын айтты. Ошондой эле партизандардын жоготууларга учурагандарын эскертти. Курман болгондорду эскеришип, бардыгы баш кийимдерин алуу менен бир минутадай унчукпай калышты. Ушул учурда Муратка өзүнүн жүрөгү да сокпой калгандай, дүйнөдөгү бүт тиричилик, кыймыл-аракет да токтоп калгандай туюлду. Ырацынан кан кетип, өңү кумсарып баратты эле. Мураттын абалын байкап калган дед Гриша аны чыканакка түртүп, кыялдан ойготту.

Эми майор жакшы согушкандарга алкыш жарыялап, алардын тизмесин окуду. Анда 5-ротанын согушканы ата-

йын белгиленди. Офицерден баалуу документ алынгандыгы билинди. Мында Мурат менен дед Гришанын аты аталды. Майор сөзүн аяктап келатып:

— Биздин болгон мүмкүнчүлүгүбүз ушу. Согушта өздөрүн көрсөткөн он алты партизанды сегиз кап менен сыйлайбыз. «Фуфайка, безрукавка» болот. Эки-экиден бөлүп алышат — деди. Партизандар кызуу кол чабышты. Партизандар токойдо жүргөндө, көп болсо да, алган сыйлык аларга сыймык катары көрүндү. Мурат менен дед Гришага бир кап тийди. Алар жыйындан тим эле канат байлап кайтышты. Жатаар жерлерине келгенде, дед Гриша капты кучактап, жыттагылап, ыйлап да жибергендей болду. «Бул жөнөкөй кап эмес, Родинанын бизге берген сыйы. Бул каптан мен бала бакырамдын, алган жарымдын жытын туюп турам» деди дед Гриша. А Мурат эмне дээрин билбеди. Тек гана капты кармалап, фуфайка, безрукавканы көз алдына келтирди... Груша виескасына өткөн 5—6 күн партизандар үчүн кубанычтуу да, өкүнүчтүү да күндөр болду. Көптөн бери токойдо жүрүп, одонолошуп кеткен партизандар мына ушу жерде адамча жуунушуп, адамча кийиништи. Өсүп кеткен сакал, муруттары менен чачтарын алышты. Бешенелери тердеп отуруп, үй ээлери менен бир тамактанышты. Виесканын айрыкча бала-бакыралары партизандарга үйүр алышып, виескада эртели-кеч тамаша, күлкү жаңырып турду. Бирок, минтип жашай берүү партизандар үчүн ыңгайсыз эле. Алар тынч, гана жашоо үчүн токойго чыгышкан эмес да. Анын үстүнө партизандардын бул виескага келгенин немецтер билбей калмакпы? Алар эртеби кечпи дагы күч жыйнап алып, буерге кирип келишээри шексиз. Анда виеска эмне болот? Виескада жашап жаткан поляктар эмне болот? Партизандардын жүрөгүн мына ушул ойлор өйүй баштаган болучу.

Көңүлү тынчыбаган Мурат Старинага барып, анын оокатын жеди. Кийин Старинадан кайрадан мурдагы токойго кетишээрин билип келип, дед Гришанын гана кулагына шыбырады. Анткени, «бул согуштук сыр. Дагы бирөөлөргө таптып жүрбө» деген Старина. «Антпесек болбойт. Жата беребизби?» деп, шыбырады дед Гриша. Түштө алар сарайга кирип уктоого камынышты.

* * *

Кайрадан Лисо-Гора токою. Кайрадан эски отоо. Ал партизандардын көзүнө да жакшы да, ынак көрүнөт. Буерге келгендерине эки күн болуп калганы менен, эмне-

гедир Груша внесканын боорукер дыйкандары, Егор менен Гургендин өңү кубулуп турган түрү, анан өрттөнүп түтүнү көккө көтөрүлүп жаткан үйлөр Мураттын көз алдынан кетпейт. Мурат ойго кетет. «Минтип немецтер внескаларды өрттөй берсе, партизандарды токойдон-токойго кууй берсе, мындан аркы көрөр күндөр эмне болот? Арадан эки аптадай убакыт өтүп кетти. Облава артынан облава. Партизандар өлүп атышат, жарадар болуп атышат. Тынч жашаган күн болбой калды. Мурдагыдай диверсиялык иштер да тыйылды. Анан, азыр ушул гана бирикмеде эки миңге жакын киши бар. Булар деги жерге сыйышпайт. Кадам басса эле немецтерге урунушат. Согуш... Согуш. Тие качып, ура качып турган партизандык согуш эми кадимкидей коргонуу линиясын түзүп, кээде ураалап чабуулга өткөн, кээде душмандын курчоосун бузуп, бир токойдон экинчи токойго кадам таштаган согушка айланып баратат. Албетте, душмандын ушунчалык күчүн фронттон алагды кылып, бул токойдо кармоо зор маанигe ээ болсо керек. Анткени менен, ок-дары азайып, жарадарлар көбөйүүдө. Мурдагыдай чоң жүк алуу мүмкүнчүлүгү азыр болбой калды. Эми эмне кылышат экен? деген оңдүү ойлорго баткан Мурат дед Гришанын жанында үңкүйүп көпкө отурду.

— Мурат, оо Мурат — деген үндөн ал башын көтөрүп, ар жактан келаткан Янды көрдү. Сүйүнүп кетти. Ал экөө көптөн бери бири-бирин таппай жүрүп, жолугушкан эмелердей кучакташып көрүштү. Ал-абалдарын сурашты.

— Жүрчү мындайраак барып отуруп сүйлөшөлү, мен сени сагынып калыпмын, холера — деди Ян.

Токой кеңири. Алты кадам ары басышса, адамды адам көрбөй калат. Буерде Мурат менен Ян көздөн далдоо жерге жайгашты. Ушул токойдо үч күнгө созулган согуштан кийин Яндар башка багытка кетишкен эле. Мурат жолдошунан алардын кантип жүрүшкөнүн, каерден, качан келишкенин сурады. «Каякка барсаң, мамайдын гөрү» дегендей, колун шилтеди Ян. Көрсө алар башка бир токойго өтүшкөн экен. Аерде да, буларды тынч коюшпаптыр. Облава жасап, ороп калышкан экен, экинчи түнү курчоону араң бузуп келишиптир. Көп киши өлдү дейт Ян.

Мурат да көргөндөрүн айтып берди. Ян башын жерге салып бир азга отурду да:

— Мурат, мен бир имиш-имиш уктум айтып берейинби? — деди.

— Айт... айт... — деп, Мурат ынтызарлана баштады.

— Кимден уктуң, качан уктуң? — деп такыбайсың. Бул азырынча согуштук жашыруун сыр.

— Болуптур, болуптур, сурабадым. Укканыңды айта берчи,— деп, Мурат Яндын ойноктогон көздөрүнө карады. Бирок, тигиден куйтулукту байкабады. Ян кандайдыр бир чындыкты айта тургандай көрүндү ага. Аны Мурат сезди.

— Бирикменин командованиеси фронттон өтүп кетүү боюнча Чоң Жерден уруксат сураган имиш. Буер фронттук полоса болуп калгандыктан мындан ары ушунчалык көп киши, көп жарадар менен жүрүү мүмкүнчүлүгү болбой калганын айтышкан имиш. Эгерде уруксат берип калса, бүгүн же эртеге тиги Сандомир плацдарымынан өтүп кетишибиз мүмкүн экен. Буга сен кандай дейсиң?— деди Ян.

Мурат Яндан ар түрдүү имиш-имиштерди күткөнү менен муну күткөн эмес эле. Ал аны нагыз чындыктай кабыл алды. Анткени, кийинки аптадагы абал командованиени ошол ойго келтириши ыктымал деди Мурат ичинен. Бирок, азыр эси ооган эмедей, эмне дээрин билбей турду.

— Бул имиш-имиш гана — деп Ян күлүмсүрөдү.

— Жок, жок бул имиш-имиш эмес. Бул чындык болууга тийиш. Болбосо күнүгө, күн алыста облава. Ыдырап бүтөбүз. Отоодогу катын-калач, бала-бакыра эмне болот? Чал-кемпирлер менен оор жарадарлар эмне болот? — деди Мурат Янды ийинден кармап. Грушкадагы курчоону бузуп чыккандагы бир окуя Мураттын көз алдына келди. Поручик Стефан деген поляк чалгынчыларга командир эле. Курчоону бузаарда чалгынчылар алдыда болушуп, окоп казып алып жаткан немецтерге биринчи кол салышат. Партизандарды немецтер ушул жерден келет деп ойлошпосо керек, ок атууга да үлгүрө албай калышат. Бирок, бир аздан кийин иштин эмне болгонуна, оң, сол тарапта жаткан немецтер түшүнүп, асманга ракета жиберип, токойдун четинен ата башташат. Бир нече партизан өлүп, бир нече партизан жарадар болот. А поручик Стефандын бутуна ок тиет. Эси оойт. Анткени менен, шериктери аны коркунучтуу полосадан көтөрүп чыгып кетишет. Экинчи токойго жеткенде, токтой калышып, жараатын таңышат. Ошондо поручик эсине келет. Кааринен жарадар болгонун билет. Анан: «Ээ, досторум, Польшанын боштондугу үчүн силер менен бирге жакшы эле согушкан болдум. Бирок, максатыма жетпей калат окшодум» дейт. «Оо, поручик, кам санабаңыз. Дагы согушабыз. Швабаларды Польшадан айдап чыгууга аз эле кал-

ны. Эми советтик Армия дагы бир умтулса, Польша тазаланат. Анан ушу оор күндөрдүн баарынын ыраатын көрөбүз» дешет шериктери. «Ага менин көзүм жетип турат. Фашисттерге өздөрү айтмакчы «капут».

Бирок, бутунан жарадар болуп басалбаган партизан партизан эмес» дейт. Анын сөзүн пистолеттин «тарс» эткен үнү коштоп кетет. Партизандар «Стефан... Стефа-ан!» деп кыйкырышат. Бирок, кеч болуп калат. Бул биринчи жана акыркы окуя эмес эле. Калмактардын командири да ошентип өзүн өзү атып алган болучу.

Мурат кыялдан ойгонуп, Янды ооздон өптү. «Ушу жакшы кабарды угузган оозуңан өбөйүн» деди Янга. «Ой холера, ой холера» деп, атты Ян. Анан:

— Менин ичиме сыйдыра албай келип айтканым ушул. Деги бирөөгө оозуңду ачпа — деди Ян ордунан туруп жатып. Мурат ага ыраазы болуп, тим эле жерге-сууга батпай турду.

Кайра ордуна келсе, дед Гриша огун санап аткан экен.

— Элүү гана ок калыптыр. Бул эмне болот? Дагы экиүч жолу облавага түшсөк жок болот. Кийин эмне кылам? — деп, ал Муратка карады. Ошондо Мурат да өзүндө эмне барын эсине түшүрдү. Вешмешогунда эч нерсе калган эмес. Жети касетасынан экөө бош, бирөө жарымдай. Демек, автоматында төрт жарым касета огу бар. А пулеметтун эки гана дискасы октолду. Үчөө курук жатат. Дед Гриша ушуларды шагыратпай ыргытып жибербейби дегенде, Вакуленко аны «соттолгуң келип отурабы» деп, жемелеп койгон. Колун желкесине асынган Аскад да эки жолу келип:

— Пулемётумду этият сактагыла. Колум кичине кыймылдап калса, өзүм келип атамын — деп, пулемётун көрүп, сол колу менен дискаларын сүртүп, санап кетти.

— Ай, тирүү болсок, дагы бир кеби болор, ошого да баш оорутасыңбы? — деп, кол шилтеп койду Мурат. Дед Гриша унчукпай калды. Анткени менен, Мурат өзү ойго кетип, ойдолоктогон өңдөндү. «Эгерде Яндын айтканы ырас болуп, фронттон өтүп кетсек го жакшы. Ал эми бул тек гана имиш-имиш болуп чыкса, кийин немецтер тынчыбызды кетире берсе, ок-дары түгөнсө, анда эмне кылабыз? Же Чоң Жерден дагы ок-дары ташталар бекен?» деген ойго түштү. Яндардын группасына самолет менен жакында жүк таштаган экен, кийин тогуз каптан эки кап толду гана араң алышыптыр. Калганын немецтер илип кетишкен имиш дешет. Таштаган нерсени колго албагандан кийин, сурануунун эмне кереги бар. Ар бир патрон совет

элинин көз жашы, маңдай тери го. Бул ойлор Муратты калтыратып жиберди.

Анан, ал фронттон өтүп кетүү жөнүндөгү имиш-имиштердин чындык болуп калышын тиледи. Фронттон өттү, Советтик Армияга, элге кошулуу Мураттын көптөн бери күткөн ыйык тилеги эмес беле. «Армияга кошулуп калсак кана» деп, анын эки көзү төрт болуп жүрбөдүбү. Эми ошол эңсеген, көксөгөн ою эртеге же бүрсүгүнү аткарыла турган болсо, Мурат сүйүнбөй, ким сүйүнсүн, ким толкусун. Азыр Мурат сүйүнүп, Мурат толкуп отурат. Эки-үч жолу бул койнуна сыйбаган кубанычты дед Гришага айткысы келип, оозун сомдоп барып, анан өзүн араң токтотту. Бир жолу:

— Ээ, дед Гриша... — деп жиберди. Эч нерсе оюнда жок отурган дед Гриша үн-сөзсүз тек гана «Эмне дейсиң?» дегенсип Муратка жал-жал карады. Мурат өзүнө келе түшүп:

— Огум аз калды дейсиң дагы пулемёттун дискасына суук колуңду салып жүрбө — деп сөздү башка жакка буруп кетти:

— Мурат, сен кудайга карап сүйлөсөң, мен эмнеңди уурдадым?

— Эч нерсени.

— Өмүрүмдө уурулук кылган жан эмесмин. Эми уурулук кыламбы? Эгерде огум түгөнүп аргам кетсе, отоодон уурданып чыгам дагы жалгыз-жарым жүргөн немецке кол салам. Куралын алам. А, сенин буюмуңа кол тийгизбейм. Так, что шек санаба — деп Гриша жылмайып алды. Анын бул көз карашында ушундай тазалык, ушундай чечкиндүүлүк турду. «Ырас эле уурданып чыгып алып, немецтерге кол салса, сала берет» деген ойго келди Мурат.

Ал күнү да мына ушундай ойлонуу, толгонуу менен өттү. Кечкурун Муратка Ян дагы келип кеткен эле. Анда «биз төрт киши болуп чалгынга баратабыз. Эртеңден калбай келгиле дешти. Сыягы бир кеп бар го» деген. Түнү Мурат уктаганын, уктабаганын да ажырата албады. Ал бирде өзүн армиянын катарынан көрсө, бирде аларды немецтер ороп алып, курчоону бузуп кетүүнүн алегинде жүрдү. Эртең менен ага караган дед Гриша:

— Мурат, сен эмне уктабадыңбы? Көздөрүң кызарып калыптыр — деди. Мурат бир нерсе дейин деп келатып, катып калды. Бул эмнеси? Токойдун бир тарабынан атышуу чыкты. Отоодо дүрбөлөң көтөрүлдү. Командирлер штабга жүгүрүп барышып, кайра келишти.

— Бешинчи ротанын биринчи взводу — деп, үндөдү ротанын командири. Мурат, дед Гриша катарда турушту.

— Атышууну угуп атасыңбы? Взводуң менен тез жет. Абайлап бол. Душман болсо, жолун тоскула. Толуктоо жиберебиз артыңардан. Дагы өткөндөгүдөй артыңарга сыйра кооп жүрбөгүлө,— деди Вакуленкого ротанын командири.

— Облава, облава... — дешти бараткандар. Мурат автоматын желкесине таштап, пулемётту алдыга карата сунуп алды. Алар бир чакырымдан көбүрөөк чуркашты-ып, жолду, атышуу болуп жаткан жерге жете келишти. Посттогу партизандар экен.

— Эмне болду? Эмне болду? — дешти өрөпкүгөн партизандар.

— Чалгынчылары болсо керек, он-чактысы аркы мүйүшүнөн чыга келишти эле окко туттук. Алар да атышты. Анан, эмнегедир чегинип кетишти — деди жапжаш поляк жигит. Ал посттогулардын командири болсо керек. Анан ал:

— Эмне, жардамга келдиңерби? — деди.

— Ооба, ооба — дешти булар.

Ушул учурда отоонун башка жактарынан да атышуулар угула баштады. Ал кээде күчөп кээде басылып турду.

— Оо, собакалар, дагы ороп калууга аракеттенип атышса керек. Эми каякка... — деп дед Гриша сөзүн бүтө электе чуп-чуп эткен октор буларды жер өбөктөттү. Мурат ошерге жеткенде эле чоң түп карагайга пулемётун жөлөгөн болчу, азыр аны ал кучактап жатты. Атышуу күчөп, немецтер каптап келатышкан өңдөнүштү. Мурат башын көтөрүп, казкатар туруп, ок төгүп келатышкан немецтерди көрдү. Аңгыча шериктери да аткылап, анан артка чегине башташты. Буерден чегинсе, кайда барышат? Отоого барышабы? Анда аердегилер эмне болушат? Вакуленко:

— Качпагыла... качпагыла... — деп, кыйкырды. Мурат дед Гришанын улам-улам атып жатканын укту. Анан, өзү да эмнегедир:

— Качпагыла... качпагыла-аа! — деп, кыйкырып алып, жакындап келаткан душмандын катарын пулемётко тутту. Ал ачууланганынанбы, дискадагы патрондун теңинен көбүн тызыратып жиберген өңдөндү. Патрондун аздыгы оюна келе түшүп куроктон сөөмөйүн тартып алды. Алдына карады. Жанагы казкатар келаткан немецтер жер өбөктөп калышкан экен. Тирүүсү кайра тура башташты.

— Мурат, ат... аа-ат — деген Вакуленко шылк эте

түштү. Октор — «чуп-чуп» этип жер сабап, карагайларды тепчип өттү. Немецтер дагы көтөрүлүп, дагы жакындай түшүштү. Мурда постто тургандардын бирөө:

— Артка... артка... — дегендей болду. «Ах, ты пскарев» деген үндү укту Мурат. Баягы жапжаш поляктын үнү. Ал артка чегинген паникерду атып койгонсуду.

Мурат эми пулеметту карагайдын экинчи тарабынан сунуп, немецтерди дагы кароолго алды. Пулемёт татырап, ажал чачты. Анан, анан пулемёттон үн чыкпай калды. Мурат курокту басты... басты... Үн чыкпады. Аа, дискада ок түгөнгөн экен. Ал карагайга жашына калып, экинчи дисканы койду. Эң акыркы октуу дисканы койду. Дагы жер өбөктөгөн немецтер пулемёттун унчукпай калганын сезишип, Мурат калкаланган карагайды окко капташты. Мураттын бурулууга чамасы келбей калды.

— Мурат тирүүсүңбү? Тирүүсүңбү? — деди дед Гриша.

— Аа, аа,— деп, Мураттан үн чыкты. Партизандардан экөө эки гранат ыргыткандай болду. Немецтердин атуусу сээлдей түштү.

Мурат башкасын билбейт, пулемётту алдыга сунуп:

— Ураа-аа, ура-аа за Родину! Ура-аа — деп, пулемётту татырата алдыга жүгүргөнүн билет. Анын артынан шериктери да көтөрүлгөн экен, немецтер туруштук бере албай, тирүү калгандары арттарына дыр коюшуптур.

— Мурат... Мура-ат токто — деди дед Гриша.

Пулемётунда ок түгөнүп, курокту жөн гана басып калганын ошондо билди Мурат. Ал карагайга далдалана токтоду. Өпкөсү өрөпкүп калган экен, көпкө чейин демин баса албай турду. Анын жанына посттогу поляктар, өзүнүн шериктери да жете келишти.

— Вакуленко окко учту. Эми сен взводныйсың,— деди дед Гриша Муратка. Мурат ага карап таң калды. Эси ордунда элеби же жокпу дегендей, ойго тунду.

— Сен тимирейбе. Согуш жүрүп атат. А командирибиз жок. Башкарган бир киши болбосо, билесиңби, биз кантебиз? — деди ал.

— Кой, дед Гриша, самозванец болот белем? Болгуң келсе, мына взвод. Башкар. Мен команданы угууга даярмын,— деп, Мурат бешенесинен терин сүрттү.

— Эй, талашып отура турган убак эмес. Эми эле немецтер кайра келет. Ошондо азыркыдай алга умтулуп, бизге дем берип турсаң болду. Сен взводдун командирисиң. Кийин мен майорго айтам. Ал жок дебейт.

Сөздү отоо жактарынан чыккан атышуулар үздү. Пар-

[illegible] делдейишип, бирде артын, бирде алдын карашып тындана баштапты.

— Бизге толуктоо жиберебиз дешкен эле эч ким келбеди го? — деди партизандардын бирөө.

— Пулемётко огуцардан бөлүштүргүлө. Огу түгөндү — деп, Мурат тургандарга карады. Дед Гриша кыйылып атып беш ок берди. Поляктардын биринен элүүдөй ок табылды. Мурат дисканы октоп, пулемётту табына келтирди. Поляк жигит:

— Отоодо эмне болуп жатат экен? — Бир-эки адам жиберип, ок сурабайлыбы? — деди. Бул ойду буердегилер туура табышып, көп өтпөй эле дед Гриша менен бир поляк партизан отоо тарапка кетишти. Калгандары немецтердин кайра чабуулун күтүшүп, карагай, карагайдын түбүндө отуруп калышты.

Эми атышуулар эмнегедир күн чыгыш тарапка жылып, булардан улам-улам ары узап баратты. Аңгыча күн түштөн оош кетти. Немецтер булар тараптан кийин көрүнбөй коюшту. Аларды жер жутуп кеткен өңдөнду. Токой ичин буерде тынчтык басып, жапараакта болуп өткөн согуштун мылтык түтүнү менен кан гана жыттанып мурунга уруп тургансыды. «Бул жакшылыктуу тынчтык эмес. Бир окуя болду» деген ойдон улам Мурат, өзүнчө жалгызсырап чочулады. Отоо жакка кеткендерди күтүп, үн-сөзсүз үңкүйүп отурду.

Дед Гриша менен шериги көп узабай эле келишти. Анткени менен, алардын өңдөрү кубулуп, ыраңдары өчүп калыптыр. Аны көргөн Мурат чыдай албай ордунан турду.

— Эмне болду, эмне кеп? — деди ал. Бир алдын дед Гриша эки колун жайып, анан:

— Нам «крышка» — деп, сөзгө бирден келалбады

— Ой, «крышка-прышканды» коюп, болгонун айтчы! — Мурат ачууланды.

— Отоодо эч ким жок. Баары сүрүлүп бир жакка жылып кеткендей. Немецтердин бир офицери менен бир солдатынын өлүгү жатат... Башка эч нерсе жок... Биз чакырып, үн чыгарып көрдүк... Эч нерсе жок...

Партизандар шалдайып-шалдайып отуруп калышты. Мураттын бешенесинен муздак тер кетип, ал дагы отура кетти. Дед Гриша менен отоого кошо барган поляк гана бардык эмеге өздөрүн күнөөлүүдөй сезишип, тердеп-тепчип, бирде кумсара-кубулуп, бирде ырандарынан кан атылып тике турушту.

«Кантип кабар беришпей кетишти экен? Же немецтер оңо тараптан каптап кирсе, кабар берүүгө үлгүрө албай,

кете бериштиби?» Бул ойлор Мураттын тынчын алды. Ал жанында турган полякка:

— Эми эмне кылабыз, дос! Каякка барабыз! — деп кайрылды. Поляк өзүнчө «холера» деп сөгүнүп алды. Анан желкесин кашылап, бир азга турду да кийин:

— Азыр алардын артынан түшсөк бекен? Эки миңге жакын киши бирден эле узап кете алышпайт. Баары бир из калат. Токой менен жүрүшөт. Демек, чөптөр жапырылат. Буга эмне дейсиңер? — деди.

Отурган поляктар да советтик партизандар да тигинин оюн туура таап, бирикменин артынан жүрүшмөк болушту. Эми этиятты шарт дешип, алар бардыгы чогула отоого дагы келишти. Жаткан немецтерди көрүп дед Гриша «Эх, сволочи» деп, үңүрөйдү. Анан, изге түшүп жөнөштү. Поляк жигит айткандай токойдо кашкайып калган из буларды күн чыгышка, Сандомирдеги плацдарм жакка карай алып жөнөдү. «Фронттон өтүп кетүү боюнча Чоң Жерден уруксат болгон экен» деген ойдон:

— Эй, достор, мен билем, булар каякка кеткенин билем — деди Мурат.

— Каякка... каякка...? — дешти партизандар.

— Чоң Жерге... Фронттон өтүп, Чоң Жерге... Уруксат сурантыр дешкенин уккамын...

— О-оо!..

— Оо-оо! — дешти партизандар.

# ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ



Таң эми гана сүрүлүп, айлана аз-аздан жарышып келаткан. Суукка сыны туташкан карагайлардын «кычыр-кучур» эткендей добуш чыгып, токой мелтиреп, чилдениш чыкыроону күчкө келип турган. Мурат ойгонду. Ал көздөрүп уšалап, ордунан бир азга козголбой отурду да, анан, жолдошторуна көз чаптырды. Дед Гришанын көздөрүнө көздөрү чагылыша түшүп:

— Дед Гриша, сен эмне, уктабадың? — деди Мурат.

— Кантип уктайм? Азыр уктай турган убакпы? — Дед Гриша эмнегедир, муңайгандай болду. Мурат ыңгайсыздана түштү. Ырас эле азыр уктап жата турган убакпы? Мураттын кирпиктери чапталыша түшкөнү гана болбосо, ал уктап деле жарыткан жок сыягы. Ошентсе да:

— Кирпиктерим чапталыша түшүптүр — деп, өзүнчө күбүрөнүп алды.

— А тигинде уктагандар уктап жатышпайбы — деди дед Гриша аркы карагайлардын түбүндө жаткан партизандарды көрсөтө берип.

Мурат унчуккан жок. Ал тек гана ордунан козголуп, көсөө менен ортодогу от жагылган жердеги күлдү түрткүлөдү. Жакшы, от өчпөптүр. Мурат кургак чырпыктарды калап, эки-үч үйлөдү эле жылан тилиндей жалын соймоңдой берип, кийин отунду жалмап кетти. Ал отунду дагы калады. Отко эми дед Гриша ыктай берип:

— Ох, суук... суук. Ушундайда жүз граммдан бир нерсе болсо... — деп, улутунуп алды.

— Ээ, дед Гриша, шашылба. Жакында эки жүздөн да ичебиз буюрса... — Мурат чыгыш тарапка кулагын түрдү. Селейип туруп калды, анан:

— Ой, дед Гриша, келатышат сыягы, келатышат...— деп, жиберди ал.

Эмне келээрин, кимдер келээрин дед Гриша билет. Бирок, ал отурган калыбында:

— Мага кечээтен бери келатышкандай өңдөнөт. Мотор күркүрөйт. А дайындары жок — деп, койду эми.

— Сенин оюңча артканонада эмес беле?

— Артканонада эле.

— Анда чабуул башталбады дейсиңби?

— Башталса кана? Мына азыр андан бери туура бир сутка болду. Башталган болсо, аларды байлап койду дейсиңби? Келип калышпайт беле?

— Же фашисттердин коргонуу линиясын бузалбай жатышабы?

— Мүмкүн...

— Анда биздин көрөр күнүбүз эмне болот? Ок-дары түгөнүп баратат. Суук күчөп баратат... — деп, Мурат шалдайып отуруп калды.

Дед Гриша унчукпады. Ал өзү да арасат ойдо турган. Кыш түшкөндөн бери жашоо оордоп, партизандар токойдон анчейин алыска чыгалбай жүрүшөт. Негизги группа фронттон өтүп кеткенден кийин Чоң Жер менен тикеметике байланыш да үзүлүп, отряддын калган кишилери жыйырма-отуздан майда-майда топторго бөлүнүп кетишкен. Анча-мынча тапшырмага чыккан болушат. Кээде жолдору болсо кээде токойго араң жеткен күндөрү болот. Варшаваны талкалап алышкандан бери немецтер кайра чыңалышып, бул арадагы виескаларга армия коюп жиберишкен. Каякка карасаң да, каерге барсаң да, ушул иттерге урунасың. Виескадагы поляктарды окоп каздырып, жыгач ташытып тынчытышпайт. Кичине эле моюн бурушса, «Аа, сен партизан. Сен партизандарга кызмат кылгың келеби?» дешип, же атып, же асып жиберишет. Үйүн да өрттөшөт. Немецтер поляктарды үркүтүп, үрөйлөрүн учуруп коюшкан.

Ошентсе да, эл экен. Токойго келип, кабар берип турушат. Мураттар менен бирге полковник Мочардын байланышчысы Сердца деген поляк жигит бар. Ал байланышчылар аркылуу көрсөтмө алып, партизандар тараптан кабарды Мочарга билдирип турат. Булардын күткөнү — Советтик Армиянын чабуулга өтүшү. Ана, кечээ таң дык салып келатканда, Сандомир тарапта артканонада башталды. Тим эле жер калтырап-титиреп туруп берди. Тиги карагайлардын учтары бири-бирине чабылып, бири-бирин кучактай калып атышкандай сезилди. «Оо, жолдоштор, мына эми башталды... башталды-ы!» дешти буердегилер. Алар түштү оодарып-оодарбай туруп, армиянын кирип келээрин күтүштү. Жок. Кечке чейин күтүштү. Жок. Дед Гришанын кирпиктүү көздөрүн ирмебей чыкканы да ошондон улам болсо керек эле. Бирок, күткөн эмелери жок.

Эми чабуулдун башталганын же башталбаганын ажырата албай калышты. Кечээ токойго пан Ольшанский келип кеткен.

— Холера, швабалар көп. Алар кайдан чыгып атат билбейм. Артканонадан кийин фронтко карай сүрүлүштү. Деги эле кача турган түрлөрү жок — деген.

— Аа-ай, антпе, пан, антпе — деп койгон Мурат.

— Түшкө чейин болбосо да, кеч киреде биздикилерди тосуп ала бериңиз — деген дед Гриша панга кайрылып. Аны дед Гриша айтаарын айтып алып, кийин өзү ичинен сызып, күмөнсүрөп калган. Мына эми, кечээ ашыгып айтып жибергенин, бүгүн дед Гриша сезип олтурат. «Чыны менен эле биздин көрөр күнүбүз эмне болот?» деп, каңырыгы түтөп олтурат. Бирок, анысын Муратка билдиргиси келбеди.

— Эй, Мурат, өлөт белек. Лагерде өлбөй жүрүп, эми ушу токойдо өлсөк уят эмеспи? — деди ал.

— Да-аа, аның ырас. — Мурат башын көтөрдү. Анан, шарт эле ордунан тура калып:

— Келатат... келатат... Пан Ольшанский келатат — деп кыйкырды.

Партизандар дүрбөп турушту.

— Бир жаңылык менен келаткансыйт — деп, жиберди дед Гриша.

Эмнегедир көңүл көтөрөр жакшылыкты күткөн эмедей, айлана жымжырттана түштү.

— Ээ, хлопцы-ы, Советтик Армия келип калды-ы! Орустар келип калышты-ы! — Пан Ольшанский кыйкыра колдорун серелетти. А партизандардын жанына жеткенде: Келишти... келишти. Мен өз көзүм менен көрдүм. Советтик офицер менен сүйлөштүм. Кандай сүйкүм эме — деп пан Ольшанский партизандардын ар бирин кучактап өөп, Советтик Армиянын келиши менен куттуктады. Ал Мsuratты бир кучактап өөп алып, анан анын чыканактарынан сөйөй кармап: «аа, холера-а!» деп, дагы бооруна кысты.

* * *

Мураттын жүрөгү дүк-дүк согот. «Тез жүр, тез жүр» дегендей шыбыш кулагына угулат. Анткени менен кубангандыганбы, эмнеден ал ажырата албайт. Улам-улам эле буттары алда эмнелерге урунуп, кээде мүдүрүлсө, кээде тизелей түшүп, кайра алга умтулат. Пан Ольшанский алдыда. Ал сүйлөп келатат. Бирок, анын сөзү Мураттын ку-

дагына кирип-кирбейт. Анын эки көзү дүрбү сымак алдыга тигилет.

Мына токойдун чети. Тигине шоссе. Күркүрөп-шаркырап айлана чууга толо. Танкалар, самоходкалар, ат чегилген арабалар сүрүлүп баратышат.

Токойдон чыга беришти, партизандар токтоно алышпай калды. Алар автоматтарын абага көтөрүп:

— Оо, туугандар... тура тургула-аа! — дешип, кыйкырыша чуркашты. Тигине, бир танка жолдон чыга түшүп токтоду. Башкалары жолду уланта беришти. Аңгыча партизандар танкага жете түшүштү. Танкист офицерди дед Гриша кучактап кетип аны, булкулап атты. Партизандар ыйлап жүрүшөт. Мурат канчалык өзүн токтоо кармайын дегени менен болбоду. Эки бетинен төмөн карай жаш кетти. Кубанычтын жашы кетти... Адам өлбөсө, тилегине жетет экен.

* * *

Аңгыча бир топ машина көрүндү. Алдыңкы машинада төрт стволдуу зениттик пулемёт орнотулган экен. Артынан «Виллистер» келди. Ак тон, каракүл папах кийген генерал виллистен түшүп, топтолуп турган партизандарга келди. Артынан үч-төрт офицер түшүп, ары-бери жүгүрө баштады.

— Саламатсыңарбы, жолдоштор! — деди генерал.

— Здравие желаем, товарищ, генерал — үн бирдиктүү окум чыкты.

— Партизан... партизан дейсиңер, мына силерге партизан! Булар тим эле армия, чоң күч — деп, генерал өзүн ээрчиш жүргөн офицерлерге карады. Тигилер: «да-да, товарищ генерал» деп тим болушту.

Кийин генерал партизандардын ал-абалын сурады. Анын суроолоруна Сердца жооп берип жатты. Дед Гришага караган генерал:

— Сен офицер болсоң керек — деди. Дед Гриша жок дегендей башын чайкады. Бирок, эмнегедир ыңгайсыздана түшүп, жер карады.

— А сенин улутуң ким? — деди генерал Муратка капысынан эле бурулуп.

— Кыргыз. Кыргызмын — Мурат аптыга жооп берди.

— Отрядыңда кыргыздар көппү?

— Жок. Мен жалгыз элемин...

— Жакшы экен... Кавалерист болсоң керек.

— Жок жолдош генерал. Мен артиллеристмин.

— Анда түзүк. Мен Орто Азиялыктар атты жакшы көрүшөт дегенинен улам, кавалерист болсоң керек деген элем.

— Жок, артиллеристмин.

— Мурат бизде партизан болду — деди баятан бери генералга суктана карап турган пан Ольшанский.

— Сиз да партизансызбы?

— Жок, жок, мен дыйканмын.

— Пан Ольшанский да партизан жолдош генерал, партизандарды багып турган киши да партизан болот да, жолдош генерал — деди дед Гриша.

— Да, да, туура айтасың. Партизандарды багыпсыз, ал үчүн ыракмат, сизге — деп, генерал пан Ольшанскийдин колун кысты. А Мартанын бешенесинен сылап койду. Пандын кемпирине да ыракмат айтты.

Анан генерал адъютантына бурулуп:

— Буларга киши кошкула. Запастагы полкко алып барсын. Кийим-кече, азык-түлүгү боюнча кам көрүлсүн — деди.

* * *

Батышка жылып бараткан колонна. Колоннанын алдында алтымышка жакын партизан. Алар курчалган. Бака-шака сүйлөшүп, кээде ырдап да жиберишет. Кээде жай жүрүп калышат. Алардын артында жүз элүүдөй түрдүүчө кийинген, түрдүү өң-түстөгү немелер. Булар да советтик кишилер. Бирок, кээ бирөө немецтердин жумушчу топторунда, кээ бирөө лагерде отурган. Ач-арыктар бар. Эми баары кошулуп, армиянын артынан батышка көздөй жөнөшкөн.

Алдыңкы катарда дед Гриша, Мурат, дагы-дагылар. Бирок, партизандардан Сердца баш болгон он-чакты поляк жок. Аларды кечээ бөлүп кетишкен. «Войска полскага» кошулат дешкен. Азбы-көппү токойдо бирге, болуп суукка бирге тоңуп, ысыкта бирге күйүп калышкан партизандардын ажырашы оор болду.

* * *

Карагайлуу калың токой. Батыш тараптан замбиректерден атышуу угулуп турат. Алды жакта Одер дарыясы. Фронт Одерге келип токтогон. Кичинекей плацдарм да бар дешет. Запастык полкко келгенден кийин партизандардын курал-жарагын алып коюшту. Бу сапар партизандар чуу кө-

көрүшпөдү. Анткени, курал-жаракты алардан мурда, партизандарды гана топтоп алып, аларга лекция окушту. Бир подполковник келип, партизандарга ырахмат айтуу менен курал-жаракты тапшыруу керектигин, эми партизандык абалдан аракеттенип жаткан армиянын катарына өтүшөөрүн айтты.

— Эң оболу ант кабыл аласыңар, анан бөлүштүрөбүз. Кайсы полкко түшсөңөр, ошо жерде силерге тийиштүү куралды берет — деди.

Армияда адептүүлүк керек. Партизандар ага көнүштү. Ланистык шинел, барбайган тумшуктуу чоң ботинка тийди. «Жолдоштор кийимди эски экен деп жерибегиле. Өлкөбүз төрт жылдан бери согушуп жатат. Азырынча бары ушу. Бара-бара жаңылап жиберебиз. Эң жаманы баш кийим, тумак жетишпейт. Азырынча подшлемник гана бар экен. Ушуну энтегиле» дешти. «Ушу эскиге жете албай, эки көзү төрт болуп жүрбөдү беле. Анын эмнесин жерийбиз. Маселе кийимде эмес да» деген ойдо Мурат шинелдин кыскалыгына ботинканын чоңдугуна кыжаалат болгон жок. Ал дед Гришадан көрүп, подшлемникке тегерете кардон койду эле нагыз «кубанка» болду да калды. Бешенесине жылдыз кадашты. Мына ошентип, бир күндө мурда түрдүүчө кийинген кишилерден «Казачий полк» пайда болду. «Эми бизге кылыч менен ат гана бергиле» деп тамашалашты.

Түшкү оокаттан кийин дед Гришаны чакырып кетишти. Мурат өзүнчө отуруп, түрдүү-түмөн ойго чөктү. Бирок, ал көпкө отурбады. Анан Муратты чакырып калды. «Особист» деп шыбырады Мураттын кулагына дед Гриша. Токойдун арасына тартыла коюлган эң четки чатырга кирди, Мурат. Жасалма столдо отурган узун бойлуу лейтенант:

— Ну, партизан, абалың кандай? — деди ордунан бир аз козголо берип.

— Жаман эмес — Мурат же отураарын, же туруп тураарын билбей, салмагын бир бутунан экинчи бутуна ооштуруп, колдорун ушалап туруп калды эле:

— Отур, отур, тиги скамейкага отур. А балким, чегерсиң. Мына — деп, махорка салынган калтасын көрсөттү лейтенант.

— Ырахмат, мен чекпейт элем — деп, Мурат отура кетти. Сөз жай гана башталды.

— Өзүң көрүп-билип турасың, партизан, согуш баратат. Жакшы силер токойдон партизан отряды менен кошулдуңар. Бириңерди бириңер билесиңер. А силер менен келген кишилердин арасында кимдер гана жок. Кечээ эки полицайды, бир бургомистерди таптык. Капа болбойсуң.

Тартип ушу. Сурап, тактап коюшубуз керек. Антпесек, «партизанмын», лагерде отурдум» деп, силердин катарыңарга кирип кетерин билесиңби? — деди лейтенант.

— Ырас, билбейм — деп, Мурат башын чайкады.

— Тиги Григорий экөөң партизан отрядында көптөн бери бирге болгон турбайсыңарбы. Жакшы согушупсуңар. Аны Совет өкмөтү эске алат — лейтенант тамекисин түтөттү.

«Ай, дед Гриша. Баарын айткан экен да» деп ичинен уялып кеткен Мураттын оозуна эч нерсе кирбеди. Ал тек гана отурду. Анан, лейтенант Мураттан кайдан экенин, армияда каерде кызмат кылганын, согушка катышканын, туткунга кантип түшүп калганын, айтор, ушу армияга кошулган күнгө чейинки абалын сурады. Мурат эң оболу сүрдөп, какап-чакаган эле, кийин бара-бара так, таамай жооп берип турду. Лейтенант убак-убагы менен суроо берип коюп, Мураттын жообун калтырбай жазып отурган өңдөнду.

— Кантсе да партизандарга качып чыкканыңар жакшы болгон экен. Тиги Григорийдин айтуусуна караганда, сен эле бир нече «фрицти» жайлаган турбайсыңбы. А сен аларды өзүң айтпадың. Ну, мактангың келбеди окшойт. Мейли, адамдын ошондой жөнөкөй болгону түзүк — деп, лейтенант жазган барактарды Муратка берди да: — окуп чыгып, аягына кол коюп кой — деди. Мурат ойдо калды. «Эми ушуну окуп жүрөмбү? Мен эмнени айтсам, ошону жазды да. Же ичинен да кошуп койду дейсиңби?» дегендей ойдо тиги кагазды окубай эле кол коюуга өткөндө, «оку, окуп чыгып, анан кол кой» деп, лейтенант болбоду. Мурат скамейкага кайра отуруп, лейтенанттын дилгирлигине таң калды. Мураттын оозунан эмне чыкса, ошонун баары төгүлбөй кагазга түшүптүр. «Дүйнөдө ушундай билимдүү кишилер бар да» деди ичинен. Анан, кагазга колун коюп туруп:

— Ырахмат, жолдош лейтенант — деди ал.

— Эч нерсе эмес. Эми жакшы согуш. Согушту канчалык тез бүтсөк, үйгө ошончолук тез кайтабыз. Анан, элиңде сени күткөн кыз барбы? — деп калды лейтенант.

— Жок, жок...

— Кантип эле?

— Кабарсыз болгонума үч-төрт жыл болду. Ушу убакка чейин кыз күтүп отурат дейсизби? — деди Мурат. А Айдыңдын элеси көз алдына чагылган сымак бир жарк этип, кайра өчтү.

— Да-да — деп, койду лейтенант.

Эртеси күн чайыттай ачык болгону менен суук бети-

колду чымчылап, чилдени чыкыроону күчөп турду. Токойдун ачык раңты. Анда жаңылар катарга тизилген. Какайып турушуп, деги эле суукту тоготпогондой болушат. Катардын алдында буларга таанып капитан бирөөнү күткөндөй ары-бери басып, улам-улам аркы токойдогу чатырлар тарапка көз кырын салат.

— Ант — присяга кабыл алабыз — дейт дед Гриша. Мурат ойго тунат. Көз алдында кыркынчы жыл, Гродно шаар келет. Жүрөгү дүкүлдөйт. Ошо жылы да Мурат ант кабыл алган. Анан, эмне болду? Ал ичинен өрттөнөт. Ичи күйөт. Тилин кургап, тили күрмөөгө келбейт. Өзүн-өзү жек көрүп, өзүн-өзү жемелейт. Анткени менен, ал анты бузулган. «Сен өз эркиң менен түштүңбү, же аргасыздан калдыңбы баары бир ал ант бузулган. Ал үчүн сени эң катуу жазалоо керек. Ошо жазага сен даярсыңбы?» дейт ички сезими. «Мен даярмын. Мен даярмын» деп, күбүрөнүп жиберет Мурат.

— Сен бир нерсе дедиңби? — дейт дед Гриша ага карап. Мурат үнчүкпайт. Тек гана жер карайт.

— Билем, билем сенин эмнеге онтологонуңду. Бирок, биз ага күнөөлүү болсок, токойго чыккандан кийин жүзүбүздөгү ал көөнү жуудук го. Эми эл-журт алдында, Мекен алдында жүзүбүз жарык эмеспи. Ага кайгыра бербе. А тигилерчи, тигилер кантет? — деп, дед Гриша катардын аяк тарабын көрсөтөт. Мурат аларга карап, таң калат. Бирөөлөрү ойлуу турса катарда, бирөөлөрү бака-шака түшүп, алда эмнени айткан болот. Убак-убагы менен бирде андан, бирде мындан күлкү көтөрүлүп, кайра жок болот.

Канткен менен, Мураттын көңүлү чөгөт. Ал согуштун алгачкы кезинде, же партизан отрядында жүргөндө окко учса, мындай сары-санаа, саргарткан убайымга батпайт белем дейт өзүнчө. Бирок, оюна «Особисттин» мамилеси кылт дей түшөт. Ал «эми жакшы согуш» деди. Жакшы согушуу Мураттын колунан келеби же жокпу? Келет. «Колуна куралды гана бер. Кантип согушарды Мурат көрсөтөт» деген ойдон улам, ал жандана түшүп, боюн түзөйт.

Ар жактан туу көтөргөн солдаттар, аларды жандап келатышкан офицерлер көрүндү. Команда. Катардагы солдаттар гана эмес, айланадагы асман мелжип, учтары көк тиреген карагайлар да желбиреп, жүрөктөргө жалын чачкандай туюлат. Солдат көтөргөн туу да желбиреп жүрөктөргө жалын чачкандай туюлат. Солдаттар туудан көздөрүн албайт. Мурат толкундап: «эми башталат. Эми башталат» дейт дед Гришаны чыканакка түртүп. Дед

Гриша да толкундап алган. Запастык полктун командири майор сөз сүйлөдү. Антты жалпы окушту. Анан, туунун алдына бирден барып, чөгөлөп отуруп, туунун четинен өөп жатышты. Дед Гриша алдыда, артынан Мурат эле. Алар тууга биринин артынан бири барышты. Дед Гришаны Мурат мурда эрки күчтүү кишилердин бири катары көрөр эле. Партизанда жүргөндө ал кайгырып, капа болчу эмес. Өлүм көз алдыга келген учурда да: «нам крышка» деп, койгону менен шашылбай, жай гана тактык менен согуша берчи. Анын көзүнө жаш алганын көрбөгөн, мөлтүрөгөн көз жаштарын кирпиктери тепчип алган экен, мына эми ал тууну өөп жатканда да, көздөрүн сүртүп алды. Адам кубанганда жашык боло баштайт окшойт деген Мурат тууну өбөрдө көздөрүн сүртүнгөнүн өзү да туйбады.

«Бул эң акыркы антым. Эми мен бул антымды тирүү кезимде бузбайм. Душмандын колуна тирүү түшпөйм. Өлүгүм эле түшпөсө, тирүү түшпөйм» деп өзүнчө күбүрөндү.

— Солдат болушуң менен куттуктайм — деди дед Гриша катарга барган Муратты, Мурат аны да куттуктады.

Ант берүү бүтүп, оркестр Мурат билбеген кандайдыр бир шандуу музыканы ойноду. Токой мемиреп, токой тунжурап турган менен солдаттардын жүздөрү ажарданып, алар кайра жаралып баратышты. «Особист сурагандай, дагы бир иш менен чыкыртып аткандыр» деп, Мурат ага анчейин маани берген эмес. Түштөн мурун дед Гришаны дагы чакырып кетишкен. Мурат кийин ага чочулап калды. «Эми полкко жиберер кезде, аны бөлүп кетпесе эле. Азбыкөппү бирге жүрүп, бирге туруп көнүшүп калышкан элек. Ажырашып кетсек, ал кайда түшөт да, мен кайда түшөм? деди Мурат айланасын карап. Жанында бир топ эле партизандар бар. Алар менен урушуп-талашкан жерлери жок. Ошентсе да, эмнегедир мүнөздөрү кыл келишпейби же тек гана бирин-бири жакшы билишпейби, ким билет? Анчейин мамилелери жок.

Мурат мына ушундай ойлорго чумуп турганда, ар жактан келаткан командирлер көрүндү. Катардагылар дүрбөп калышты. Кызык бир нерсе, тигилердин арасында дед Гриша да келатат. Бир алдын Мурат ага сүйүнүп алып, кийин чочулады. «Буга эмне болгон! Же офицер беле ал?» деген ойго келди өзүнчө. Дед Гриша токойдо жүргөндө офицердиги жөнүндө ооз ачпаган эле го. Бул эмне кылыгы анын? Же анда офицермин дештен тартынды бекен? Бул ойлор Мураттын көңүлүн көтөрбөдү. Кайра чөгөттөнттү. Ага чейин командирлер катардын бет маңдайына келип калышты.

Бирөө капитан эреже боюнча команда берип, тигилердин арасынан орто бойлуу, толмочунан келген майорго бою шашып солдаттардын катарга тизилгенин билдирди.

— Здравствуйте, товарищи — деди майор каргылданган үнү менен.

— Здравие желаем товарищ майор — дешти жаңылар өктөм чыккан үндөрү менен. Офицерлер мыйыктарынан күлүп калышты. Майор жаңылар бара турган батальондун командири экен. Ал штабдын начальниги капитанды, анан үч ротанын командирлерин тааныштырып, аттарын атады. Эң акырында дед Гришага карап:

— Лейтенант Григорий Дементьев — батальондук чалгынчылар взводунун командири. Ал өзүңөр менен бирге келген. Көбүң аны жакшы билсеңер керек. Эми Григорий Дементьев батальондук чалгынчыларга командирлик кылат. Билбегениң таанып алгыла — деди.

Толкунданган өңдөнүп турган дед Гришанын ак саргыл жүзү бир алдын кубанкы тартып, кубулуп баратып, кийин кызарып кетти.

— Эй, дед Гриша, дед Гриша! Сен лейтенант белең? Анан эмнеге жашырынып жүрдүң? Же ага да бир себеп бар беле? — деди Мурат шыбырап, дед Гришадан көзүн албай туруп. Ал бир алдын жакын көргөн кишисинин командир болуп калганына кубанды. Анан «мен ошо батальондук чалгынчылар тобуна түшпөй калсам, эмне болот? Анда роталардын бирине кетемби?» деген ойдон улам ойлору толуп, көздөрү каканактады.

Ангыча майор сөзгө келди. Алдында турган оор милдеттерди айтып, согуштук абалды түшүндүрдү. Тылдан кабар берди. Союздаштарды да эки ооз сөзгө кошуп, алардын жардамын баяндады. Анан: — Эми аз калды. Дагы бир опурулсак, Берлинди алабыз. Гитлер капут болот. Согуш бүтөт. Кийин үй-үйүңөргө кетесиңер — деди.

— А үйү жокторчу — деген үн чыкты катардан.

— Жеңиш менен баргандарга үй берет. А сен, солдат, согуштан кийин элиңе кайтканда, үйү бар, ую бар бир жесирге үйлөнүп ал. Билесиңби, азыр элде канча жесирлер эрлердин кайтышыңарды күтүп отурат? — деп, майор катарга карады. Катардан дуу күлкү көтөрүлдү.

Чуу басылганда, майор дед Гришага кайрылып туруп:

— Мына сага, жоокерлер. Ушулардын арасынан онун тандап ал. Чалгынчы болушат. Кийин өзүң даттанып жүрбөгүдөй бол. Кана, сен биринчи ишти баштачы, анан, биз калганын роталарга бөлөбүз — деди.

Лейтенант Деменьтев алардан азыраак алдыга бөлүнүп

чыкты да катарга карады. Мурат экөөнүн көздөрү чагылыша түштү. Мурат анын көзүнөн «ашыкпа, баатыр, эмне болгонун кийин айтып берем. А азыр...» дегендей жазууну окуп, тим болду.

— Мурат Маматов, алдыга чык — деди лейтенант үнүн бийик чыгарып.

— Эй, эй... — деп жиберди майор. Лейтенант бир алдын калтаара түштү да кийин:

— Жолдош майор, мен Мурат менен партизан отрядында бирге болгомун. Мураттын ким экенин жакшы билемин — деди баягыдан чыңала түшүп.

— Карап көр. Дагы кийин-соңгу... — майор тигинин бул жоругун анчейин жактыра бербегендей болду. Анан оюнда: «катарда дабердес эмелер турса, селбейген бир арык чырай эмени алат. Ушул чалгынчы болуп бере алабы же жокпу?» дегендей күлүмсүрөө турган эле. А, майордун бул мамилесин Мурат өзүнчө кабыл алып, бүткөн боюн калтырак басты. «Кантип эле биздин майда улуттар ишенимден ушунчалык кетип баратат?» деген ой башында чагылгандай жарк дей түшүп, көз ирмемде кайра өчтү. Таноолору кыпчылып, деми кыстыга ага аба жетпей турган өңдөндү. Анын оюна өздөрүн өзгөчө кармаган айрым туткундардын лагердеги шылдыңдоосу келип, «эй, юлдаши» деген какшык сөз кулагында жаңырды. Бирок:

— Мурат үчүн мен каным менен жооп берем — деген лейтенант Дементьевдин сөзү Муратты бул оор ойдон ойготту.

Анан бөлүштүрүү бүтүп, арадан көп убакыт өтпөй эле булар токойдун батальон жайгашкан жерине жетишти. Висладан Одер дарыясына чейин болгон чабуулда батальондук 13 чалгынчыдан экөө гана калыптыр. Бул взводдун командири да жарадар болуп кеткен экен.

— Оо, жаңы күч келди. Жаңы күч келди. Эми «фрицтерге» тамашаны көрсөтөбүз — деди мындагы чалгынчылардын бирөө. Экинчиси эмнегедир пес эмедей, делдейип турган бойдон унчукпады. Ал Станислав деген орто жашап калган орус болуп чыкты. Мурат жана анын шериктери карагай-карагайдын түбүнө жайгашып отургандан кийин:

— «Эй, хлопцы, чегүүгө киминерде бар? — деп, Станислав колдорун ушалап, жаңылардын жанына отура кетти. Жаңыларга запастагы полкто махорка тараткан болчу. «Менде бар, менде бар» дешип, эки-үчөө чөнтөктөрүн аңтарыша баштады. Эми жаңыларга да, солдаттык күндөр башталды. Бөлүштүрүүдө азыраак кырсыга түшкөнү ме-

эми Мурат өтүнөн өзү эле терден-тепчип, терисине сыйбай отурду. Бул күндөргө жетүү мындан он беш күн мурда мына гана эмес беле. Ага чейин ал өлүмдү туткун лагеринде жүргөндө күттү. Өлүм келбеди. Партизан отрядында үзүлөөн өчүп бараткан өмүрү кайра жалындап кеткени менен өлүм аны ар бир түп карагайдын түбүндө пайдалап турган өңдөнүп жүрдү. Анын жолдоштору окко учуп, бул дүйнө менен коштошуп атты. «Эми кезеги жеттиго» деген ойго келип, Мураттын жашоодон үмүтүн үзүп калган минуталары да болду. Бирок, абал өзгөрдү, мына эми Мурат, чыкыроон чилде күндөрү эмнегедир көл-шал болуп, терден-тепчип отурду. Көптөн бери ал эңсеп келген солдаттык күндөрү кайрадан башталды. Ал душмандын жеринде, Одер дарыясынын жээгинде кайрадан катарга көчүрүлүп, колундагы куралын бек кармоо менен эртеси же кийинки күн Берлинге, фашизмдин уюгуна кол салууга даяр турду.

* * *

Тревога капысынан жарыяланып, беш, он минута өтүп-өтпөй эле батальон жүрүшкө даяр болду. Көпкө узабай, катар-катар тизилген колонналар Одер дарыясы тарапка сүрүлдү. Бул учурда күн эми гана отуруп, батыш тарап алоолонуп, өрт менен жалынга аралашып турган эле. Чалгынчылар колоннанын башында баратышты. Алардан кийин штабдын кызматкерлери, роталар.

— Алдыңкы линияга передовойго барат окшойбуз — деди Рафик жаңыларга караганда өзүн көптү көргөн, көптү билген солдат катары көрсөтүп Мурат толкундап алды. Дагы согуштун алгачкы жылы оюна келди. Анда алдыңкы линия кайда? Арьергард калтырып жүрүшкөн. Артка чегинишкен. Мына эми, алдыңкы линия. Андан ары душман. Аларга каршы чабуулга көтөрүлүү. Душман талкалап, аларды артына кууп, алга жылуу бул Мураттын көптөн бери ойлогон ою, тилеген тилеги. Буга Мурат жан-дили менен баратат. «Тиги иттердин качканын да, бир көрсөм эле» дегенде, эки көзү төрт болчу. Азыр анын кадамы шагдам, көңүлү көтөрүңкү.

Көз байланып, айланага түн көшөгөсүн тарта баштаганда, батальон переправага кетти. Бул шашылышта убактылуу салынган көпүрө эле. Аны карап Мураттын акылы айран. Одер дымып, сырын ичине каткан бойдон агып жаткан өңдөнөт. Ал муну күткөнбү же күтпөгөнбү аны

ажыратуу кыйын. Анткени менен, дарыянын сырдуу агышын чыгыштан келген бирөөлөр ноктолоп алып, анын үстүнөн көпүрө өткөрүштү. Дарыя жинденди. Көбүгүн көккө бүркту. Келген эмелер ага көңүл бөлүшпөдү. Дарыя чарпылды. Толкуну шарпылдап, көпүрөгө уруна, кайра артына кайтып жатты. Мураттын оюна дагы эле 1941-жыл келди. Батыш Двина дарыясы көз алдына тартылды. Анда көпүрөнү фашисттер басып алган эле. Артка калтырылган чалгынчыларга жол бекилип калды. Булар эми эмне кылышат? Каерден өтүшөт? Абал ошентип, уламдан-улам оорлой берди. Чалгынчылардын командири жапжаш гана кенже лейтенанттын аргасы кетти. Ал ар жолдон четирээктеги бадалдардын түбүндө отурушуп, көпүрөгө көз кырларын салышты. Фашисттер постордуу коюп, ар жерге пулемёт, зениттик артиллерияны орнотушуп, көбөйүп баратышат. Көпүрөдөн өтүүдөн чалгынчылар эми үмүттөрүн үзүштү.

— Биз дарыя бойлоп көрөлү, балким, кайык табылып калар — деди бирөө. Калгандары анын оюн макул көрүштү. Көп өтпөй эле үч чакырымдай ары жактан алар дарыянын жээгине чыгышты. Жакын арада жаткан кайык көрүнбөдү. Бирок, дарыянын орто ченинде бирөө кайык менен ары сүзүп баратат. Чалгынчылар ага кыйкырып, кол булгалап да көрүштү. Тиги буларды байкабаган өңдөнүп, жолун уланта берди. Ошондо чалгынчылардын бирөө «тарс» эттирип атып калды. Ок кайыктын жанынан сууну асманга бүрктү. Экинчи ок кайыктын арт жагына тийди. Мына ошондо гана абалга түшүнө койгон кайыкчы чалгынчылар тарапка бурулду. Анда дарыядан ошентип өтүшкөн эле. Мураттын оюна ушулар келди.

Эми, мынабу өтүп жаткан көпүрөнү көргөндө, тим эле төбөсү көккө жеткендей сүйүндү. «Армиябыз чыңдалып калган экен. Күрөшкө көнүгүп калган экен. Эми бул армияны эч кандай күч тосо алгыдай эмес. Тиги каргыш тийген кырк биринчи жыл артта калган турбайбы» деп, Мурат алдынан эмнени көрсө, ошого суктанып, ошого сыймыктанып баратты. Кубаныч анын көөдөнүн көтөрүп, көңүлүн көкөлөтүп жиберди.

Полк көпүрөдөн батальон-батальон бойдон, а батальондор рота-рота боюнча өтүштү. Эки жолу гана көпүрөдөн бир аз жогору жакка үч-төрт снаряд келип түштү. Дарыядан фонтан асманга көтөрүлүп, айланага ак көбүк бүркүлүп турду.

— Ой, азыр балык кармай турган шарт болду — деди бирөө катардан.

— Балыкчы көрүнөсүң, ээ, байкушум — деп койду экинчиси.

— Каспий деңизинин жээгинен болом — деди тиги шинелинин жутуна.

— Бу дарыяда өзүң да балыкчасынан чалкадан түшүп, кайкып калбаганыңа, кудага шүгүр деп өт...

— Сүйлөшпөгүлө... Сүйлөшпөгүлө... — деген команда оозон-оозго кетти. Аңгыча айлананы туман каптап, түн түнөрө баштады. Колонна алга жылган сайын снаряддын, миналардын жарылышы, пулеметтордун татырашы даана угула баштады. Мурда бака-шака менен келаткан колонна буерде шыбышка өттү. Командалар да шыбыш менен берилип жатты. «Сүйлөшпөгүлө, чекпегиле!» деген командалар толкун сымак колоннанын алдынан башталсе, артына артынан башталса, алдына кетип, туташ «шы-шы-шы» дегендей шыбыш угулуп турду.

Алдыдан чыккан караандар колоннаны токтотушту. Командирлер бир азга сүйлөшкөндөй болуштубу, кийин колонна, рота-ротага бөлүнүп, караңгылыкка сиңип кетип жатты. А батальондун штабы менен чалгынчылар эми эң артында калышып, анан жолду улантышканы менен узакка барышпады. Алдыда эки-үч жерде: «стой, кто идет?» деген үндөр угулуп, кийин шыбыштар чыкты. Анан, чалгынчылар дагы, алга жылышты. Траншеялар тарам-тарам таралып кетип, алар блиндаждарга барып такалып жатты. Аларда артка кайтууга даяр турушкан солдат, офицерлер бар экен.

— Ээ, келдиңерби, туугандар. Жакшы болбодубу. Дарыянын ар жагына өтүп, бир жыргап калалы — деген шыбыштар угулду. Солдаттар бири-биринин караанын коргону менен өңдөрүн көрүшпөйт. Тек гана: «Саша, Алеша, Мурат» дешип аттарын аташат.

Бирөө чалгынчыларды катарынан казылган үч блиндажга алып келди да:

— Кана, бүркүттөрүм, бошоткула ордуңарды, ээлери келди — деди. Ансыз деле тигилер блиндаждан чыгышып, траншеяга өбөктөп турушкан экен. Дед Гриша өз кишилерин блиндаждарга бөлүштүрдү. Мурат, Рафик, анан өзү болуп, бирөөнө кирип, чакмак чагышты. Эски прободу жандырып жарык кылып көрүштү. Блиндажды кайра караңгылык каптады. Мурат вещмешогун, автоматын блиндаждын бир бурчуна койду да, сыртка чыгып:

— Мен мындай басып келейин — деди Рафикке. Мурат даарат ушатып келгенде беркилер кетишип, чалгынчылардын өздөрү гана калган экен. Ал ордуна келип,

вещмешогу менен автоматын таппай калды. Жүрөгү согуудан калган сымак, деми кыстыга, үрөйү учту. Ал блиндажды дагы бир карап чыкты. Колуна эч нерсе урунбады. Ал үчүн блиндажды тең аңтарып көргөнү менен эч нерсени таппады. «Бул эмне деген кеп? Жер жутуп кеттиби автоматты? Же тигилердин бирөө кымтый кетти бекен?» деп, күбүрөндү. Кийин траншея менен артка жүгүрдү. Постко турууга үлгүргөн шериги:

— Эй, сен кимсиң? Жинди эмедей жулунасың да? — деди.

— Мен эле. Муратмын. Тигилер кеттиби? — деп, аптыкты ал.

— Алар бая эле кетишпедиби. Ии, эмне ишиң бар эле?

— Тек гана сурадым... — Мурат селейип туруп калды. Башына сан-түркүн ойлор келип, кайра кетип жатты. Азыр согуш учуру. А тынчтык кезинде солдат куралын жоготсо, анда согуш трибуналына берилет. А азырчы? Азыр андан беш бетер да. «Оо, шору-ум, шору-ум! Менин шорум дагы эле арылган эмес экен да» деп, күбүрөнгөн Мурат эчкирип жибере жаздап, өзүн араң токтотту.

— Эмне сүйлөнүп жатасың? — деди постто турган шериги.

— Жөн эле... — Мурат тигиден азыраак өтүп токтоду.

— Эй, Мурат, эми сен каякка барасың? — деди тиги.

— Даарат ушата да койбойт экенсиң да. Же жаныңа отуруп берейинби.

— Кой, кой, тууган. Эмнеси болсо да, арыраак кет. Абаны бузба — деди.

Мурат чындап эле арылап баратып, анан жанынын барынча чуркады. Өпкөсү көөп, өрөпкүп калган эме эки-үч жерде мүдүрүлүп, томолонуп кетип, кайра турду. Анын оюу — кеткендерди кууп жетүү эле. Бирок, алардын шарпасы билинбейт. Мурат траншеядан да чыкты. Токтоду. Айланага кулагын түрүп көрдү. Оо, алыстан-алыстан шарпа бирде угулуп, бирде жок болуп баратты. Ошолорбу же башкабы? Батальондун штабы чалгынчылар менен гана алмашпастан, роталарда ошондубу. Мурат тигилердин кимисин билет? Кимисин тааныйт? Эми дарманы куруп, тизелери калчылдап туралбай калды. Бешенесинен мөлтүрөгөн муздак тер кетип, таноолору кыпчылды. Ал эми ордунда тура албай сендиректеди. Тигилерге жеткенде эмне демек? Автоматымды алдыңарбы деп кимден сурайт? Атайы автоматты көтөрүп кеткен эме, эми «мына автоматың, мен алган элем, кечирип кой» деп, береби же жокпу? Бул ойлор Муратка кадам шилтетпеди. «Оо, шо-

ру-ум, шо-ру-ум!» деп, Мурат эми катуу эле өңгүрөп алды. Арыраакта «ба-ба-ах» этип, снаряд жарылды. Ал чагылган сымак бир жарк-журк дей түшүп, кайра өчтү. Анын жалындары ажал издеген өңдөнүп кетти. Мурат жерге обоктой түшүп, кайра турду. Куралын жоготуп сотто-луп, шерменде болуп атылгандан көрө, мына ушундай эле адашып келип жарылган снаряддын эпкининде өлүүнү ойлоду. «Аа, кудай, мага дагы бир снаряд жибере көр» деп, өзүнчө эле күбүрөндү.

Ангыча ар жактан шарпа чыкты. Байланышчылар. Телефон линиясын тартып келатышат. Тааныш солдаттардын үнү. Тигине, алар жакындап келатышты. Мурат эмне кыларын, каякка бекинерин билбеди. Анан: «Бекингенден эмне пайда табам? Балким, блиндаждын сыртына бирөөлөр тамашалап ыргытып койдубу?» деген ойдон улам ал сүйүнүп да кетти. Артына, блиндаж тарапка чуу койду.

— Эй, Мурат, ич өткөк болгонсуңбу? Таза узакка отурдуңго — деди постогу шериги.

— Ооба, ошондой — деп, Мурат башка сөзгө келбей өтө берди.

— Сухар же, сухар же. Мен да ич өткөк болуп, сухар жеп айыкканмын — деген үндү укту артынан. Бирок, Мурат ага көңүл бөлбөдү. Блиндажда чалгынчылар кобурашып жатышат. Рафик жалгыз экен.

— Мурат, сени лейтенант издеди — деди ал.

— Каякта командирдин өзү? — деп, Мурат улагада турду.

— Штабга кетсе керек...

Мурат унчукпады. Ал блиндажга кирип, дагы айлананы сыйпалап көрдү. Дед Гришанын вещмешогу колго урунду. Башка эч нерсе жок. Ал акырын жылып сыртка чыкты. Ары жагынан асманга көтөрүлүп, айлананы жарыткан ракеталарды көрдү. Автомат, пулеметтун татыраган үнү угулду. Мына ышкыргандай болду. Согуш талаасы. Аерде эки тарап бетме-бет жатышат. Бирин-бири аңдып жатат. Бирөөнө ажал бүркүп жатат. Бул согуш. Эми ошо согуш талаасына Мурат жетеби, же жокпу? Бул ойдон улам, ал онтолоп алды. Анан блиндаждын сыртына сойлоп чыкты да ары-бери жойлоп көрдү. Эч нерсе жок, колуна эч нерсе урунбады. Анын эми аргасы кетти. Ал арып-талыганда гана траншеяга кайра түшүп, үңкүйүп, үн-сөзсүз туруп калды. Ушул учурда ага дүйнө караңгылашып кетти. Чынында эле түн коюуланып, көзгө сайса көрүнгүс карангылык айлананы каптап алган эле.

Мурат жер жарый түшкөндө, атарапты бир сыйра көздөн өткөрүүнү чечти. Болбосо шериктеринен сурап көрөт. Алар да билишпесе, анда автоматынын жоголгону жөнүндө өз командирине, лейтенант Дементьевге билдирет. Ал комбатка, а комбат болсо арыга жеткирет. Анан согуш трибуналы. «Бешенеме жазганы ушул болсо керек» деген Мурат блиндажга кирип, бүк түштү.

Бирок, уйкусу качып, ары-бери оопалактады. Рафиктин коңуругу анын тынчын алды. Ал кайра сыртка чыгып, бир аз шамалга көкүрөгүн тосуп, дем ала отурду. Ою уйгу-туйгуланып, көңүлү чөгөттөндү. Эли-журту, баскан изи, согуштун алгачкы жылдары, туткун лагери, токой көз алдынан чубуруп өттү. «Ушунчалык азап менен тозокту көрүп келип, эми гана эл катарына кошула баштаганда кырсык. Автоматы жоголду. Бул эмне деген кордук? Мен кимдин арпасын камында оргон элем?» деп, Мурат эми эмнегедир жашып кетти. Өпкөсү көөп, көздөрү какамактады.

Ушул учурда штаб тараптан дед Гриша келди.

— Эй, сен Муратсыңбы? Эмнеге уктабай отурасың? Бая постко эртерээк коёюн деген ойдо издеп, сени таппай калдым. Түнү тынч уктайт элең. Эми дагы жарым сааттан кийин тигини ооштуруп, постко турасың. А сени Рафик ооштурат — деди ал.

Мурат унчукпады. Анан автоматтын жоголушун азыр эле айтып жибергиси келип, ага оозу сомдолуп баратып, кайра токтоду. «Жок, жок. Таңдын атышын күтөйүн. Дагы бир сыйра карап түңүлөйүн» деген ойго келди. Ошентип, ал дагы бир аздан кийин уктап кеткен дед Гришанын автоматын алып, постко жөнөдү. Эки саат убакыт эки жылга тете өттү. Анын ою алып-учуп, көз алдына түрдүү-түмөн иштер жайнап турду.

Кийин блиндажга келип жатаары менен Мурат уйкуга кетип, күн кыйгач көтөрүлүп калганда зорго ойгонду. Ал ордунан атып туруп, сыртка чыкты. Траншеядан башын кылайтып, ары-берите көз жүгүрттү. Ага эч нерсе көрүнбөдү. Дагы анын бүткөн боюн билинээр-билинбес калтырак басып, бешенесин тер каптады. Тили кургап, тамакайы так этти. Кийин ал берки блиндаждарды да аңтарып чыгып, кайра сызга отуруп калды. Аңгыча термоздо оокат апкелип калышты шериктери. Бирок, Мурат оокаттан ооз гана тийди. Чайды ууртап көрдү. Аны табити тартпа бербеди. Ушундай абалда кимдин тамагынан оокат өтөт?

«Дед Гриша менен оокаттан кийин сүйлөшөйүн. Эми

эмне болсо, ошо болсун. Тагдырда жазганы ушу болсо, аны да көрөйүн» деди ордунан туруп баратып.

Мурат шериктеринен обочороок жылып, ойго батып отурду. Тигилер котелог, кашыктарын тарактатышып, жөнө отурушуп, анан тарашты.

— Жолдош лейтенант, сиз менен жеке иш боюнча сүйлөшүүгө болор бекен? — деп, блиндажга бараткан дед Гриша болсо, артына бурулуп, буга эмне болду дегендей өндө көздөрүн ачып-жуумп туруп калды. Тике карай албай, бүерде жалтактап кетти Мурат.

— Эмне иш эле? — деди командир.

— Мындай басалычы — деп Мурат аны артына карай ээрчитти. Ал ар траншеядан чыкканга чейин бири-бирине үн катышпады. Алдыда майда бадал. Алдыңкы линиядан бүйтөө жер. Алар ошо бадалдардын дарыя тарабына өтүп турушту.

— Кош, эмне кеп бар? Кулагым сенде — деди дед Гриша.

— Дед Гриша, мен өлдүм... Мен ит болдум... — Мурат сөзүн уланта албай дудаланды. А дед Гриша болсо, чочуп кетти.

— Эмне болду? Эмне болду сага? — деди ал.

— Эмне болмок эле, түндө автоматым менен вещмешогумду уурдатып жибердим. Өзүң айтмакчы, эми мага «крышка» деп, Мурат терс бурулуп, чубуруп келаткан көз жашын араң токтотту.

Анан ал түндө мына ушерге келгенден берки тарткан машакатын айтты. Мураттын сөзүн муюп угуп турган дед Гриша бир аз ойлоно түшүп, кийин:

— Да-аа, фронтко чыккан алгачкы күнү жакшы бол-боптур... — деди. Өзү да Муратка эмне дээрин билбей, арасаат ойдо турду. Анан башын бир силкип алды да:

— Бирок, капаланба — деди.

— Каптип капаланбайм? — Мурат мустая түштү.

— Сенин автоматыңды душман алган жок. Аны кечегилерден корабин көтөрүп жүдөп жүргөн дагы бир көйрөңү илип кетти. Ал белгилүү дечи.

— Мен ошону ойлойм. Бирок, алар албаса, жер жутуп кетеби. Айткени менен, баары бир куралымды жоготтум да.

— Да, жоготтуң.

— Демек ага мен жооп беришим керек.

— Ооба, ошондой болууга тийиш. — Мурат бир азга буулуп турду. Кийин дед Гришага тике карап:

— Жолдош лейтенант... бул окуя жөнүндө азыр штаб-

га бараарыңыз менен комбатка кабар бере бериңиз. Өзүңүз айтмакчы, мен жооп берүүгө даярмын — деп, ал кубаңдай түштү. Дед Гриша мурутунан жылмайды эле:

— Эмнеге жылмаясың? Бул окуяны комбатка айтуу сиздин милдетиңиз, жолдош лейтенант... — Мурат сөзүн чыңдады.

— Эй, Мурат, закондү бир гана сен билген окшоп көрүнбөй тура турчу. Токточу. Мени сүйлөтүп, сөзүмдү укчу. Буерге эми гана келдик. Жакында чабуул башталa турганы көрүнбөйт. Демек, эч жакка жылбайбыз. Постко барганда, менин автоматымды ала бер. Мага пистолет да беришкен. Дагы көрө жатарбыз. Согуш. Бири өлүп, бири жарадар болуп жатышат. Бир эби табылар. Эки партизан эми бири-бирибизди аңга түртмөк белек? Мен комбатка билдирбейм, а сен тилиңи тишиң менен баса тур.

— Эби табылбай калса, эмне болот?

— Анда дагы бир кеп болор. Сен көп кайгыра бербечи? Ыңгайы келсе передовойго барып көрөбүзгө — деп, дед Гриша Муратты сооротту. Анын сөзүн Мурат жок дебеди. Балким, курал табылып калаар деген ойдон улам, ал башка сөзгө келбеди. Ушу дед Гриша эмес, башка бирөө командир болуп калганда, буга эмне дээр эле? Анда Муратты бешенесинен сылабасы беш салаадай белгилүү болчу. «Ушунусуна да канимет. Дагы көрөр күнүм, ичер суум бар окшойт» деп, койду Мурат өзүнчө дед Гришанын артынан баратып. Алдыңкы линия тараптан пулемёт татырады. Минамет ышкырды. Ракета жарк дей түшүп, согуш талаасын жарытып жиберди. Эми күнүгө ушундай боло берет...

* * *

Арадан бир нече күн өттү. Аба суук. Февралдын чыкыроону адамды ичтен алат. Чалгынчылар күнү-түнү штабка кезек менен постко турушат. Убак-убагы менен кимдир бирөө полктун штабына да барып келет. Болбосо блиндажга жатышып, өздөрүнчө бака-шака болушат. Буерде күндүзү көп жүрүүгө тыюу салынган. Бул ээн жаткан талаада кыймыл көз байланып бараткaнда башталып, эртеси таң атып келатканда токтолот. Фашисттер түнү эмнегедир тынымы жок эле ок жаадырышып, чуу чыгарган болушканы менен жакында алардын контрчабуулга өтчүдөй түрлөрү жок. Кайсы убакта Советтик Армия сүрүлүп келет экен дегенсишип, өздөрүнчө копул-

дайыма керек. Ошондуктанбы, таң дык салганга чейин ракета атып, айлананы жарытып чыгышат.

Бир күнү Рафик баш болгон үч чалгынчы алдыңкы линияга барып, таң атканда келишти. Оокаттанышары менен уктоого жатышты. Мурат алардан аны-муну сурап көрдү эле: «Өзүң барганда көрөрсүң, азыр уйку келип турат. Кыйнаба бизди» деп койду Рафик. Мурат үңкүйгөн бойдон ойго чөктү.

А түшкү оокаттан кийин Рафик өзү эле сөз баштады.

— Жолдош лейтенант, алдыңкы линияга жеткенге чейин ачык талаа экен, анан немецтер көбүнчө жолду замбирек, минамет менен аткылашып турушкандыктан, жолдо жүрүү коопту. Биз ары-бери буйтап отуруп, көздөгөн жерге араң жеттик. Анда траншея ойдогудай казылып, ротанын командирине, взводдордун командирлерине ка-нимкидей блиндаждарды куруп бериширтир. Тим эле комфорт. А солдаттарга блиндаж жалпы экен. Андан ташкары блиндаждарга туташтырылган ячейкаларда бирден-экиден солдат отурат. Немецтердин алдыңкы линиясы жакын эле өңдөнөт. Бакылдаган бирөөнүн үнү угулуп турду. «Тигилердин күчүн билгиле» дешкен бизге. Аларды шайтан билеби? Дымып жатышат. Биздикилер атайын замбирек менен атышып, анан тынып калышты. Кезек алдыңкы линиядагы солдаттарга келди. Алар траншеялардан көтөрүлбөй туруп эле «Тургула-аа, менин артымдан чабуул-га!» дешип, атканча кыйкыра баштады ар-ар жерден. Мына ошого немецтер алдана түштүбү, колдорунда эмне болсо, ошонун баарын аракетке келтиргендей болушту. Оо, становой, кол пулеметтору көп өңдөнөт, деги эле бизди баш көтөртпөдү — деп койду Рафик.

— А! Ошону силер эсептеп, тактабадыңарбы? — деди лейтенант.

— Аларды кантип эсептейт? Ажал ышкырып, айланага октор чоп-чоп этип, кадалып жатса, пулемётту эсептейсиңби? Ажалга көкүрөк тосуп бергидей, али жинди боло элекпиз го.

— Анда тапшырма эмне болду? Аны аткаруу үчүн канча ок, канча снаряд сарпталды? — лейтенант ачуулана түштү.

— Жолдош лейтенант, мен көптөн бери согушуп келатам. Мына мени ат, деп, душманга көкүрөгүн тосуп бере элек. Партизанбыз, партизанбыз эле дейсиңер, алдыңкы линияга өзүңөр да, барып көргүлө. Биер Польшанын токою эмес, тие коюп көрүнө коюп качып жүрүп берги-

дей. Буер фронт. Партизандык согуш артта калды — деп, Рафик үнүн бийик чыгара сүйлөдү. Анын сөзүнүн тонунда партизандан кошулган чалгынчыларга карата: «Билебиз силерди силер партизанга чейин туткунда да болгонсуңар. Силер уруш башталган жылдары эле согушканыңарда, абал мынчалык оор болбойт эле» деген маани турду. Партизан чалгынчылар сөздүн төркүнүнө түшүнүштү.

А лейтенант болсо эрдин тиштеп, тим болду. Ал взводго командир, наамы лейтенант болгонуна карабай, мындай сөздөрдү көп угаарын мурда эле сезип жүргөн. Азыр тиги Рафикке бир нерсе дешке болбойт. «Бир жагы анын айтканы да ырас» дегендей ойго келди лейтенант.

— Эй, Рафик, немецтерди сен гана жалгыз кууп келаткандай баркылдаба. Партизандык согуштун эмне экенин сен кайдан билесиң? Билбейсиң да. Так, что үнүңдү бийик чыгара бербе. А көп согуштум дейсиң, бирок,сенде эч кандай белги жок. Ага мактангыдай жөнүң да жоктой көрүнөт... — деп келатканда, Мураттын оозунан сөзүн жулуп кетти Рафик.

— Белгиң жок дейсиңби? Шашылба. Белгим болот. Төшүмдө жок дегенде бир-эки медаль болот жакында — деди ал.

— Сен да шашылба. Биз да алдыңкы линияга барып көрөбүз. Эң жакшысы бири-бирибизди али жакшы биле элегибизде, шашылбай тура туралычы. Болуптурбу? — деп, Мурат эми Рафикке тартынбай карады.

— Ну, шашылбадым. Аны таштадым. Угуп тургула. Андан башка алдыңкы линиядан бир кызыкты көрдүм — Рафик сөзүн эми башкага бурду.

— Таң атып келаткан. Мен окоптон душмандын линиясына көз кырымды салып тургамын. Жер кичине жарый түшкөндө он метрдей бет маңдайымдан караан көрүндү. Ал мени пайлап отурган өңдөндү. Ырасын айтуум керек, жүрөгүм шуу дей түштү. «Тил» алууга келаткан немецтерден болсо керек деген ой боюмду титиретти. Бара-бара ал караан адам кебетесине келди. Мен аны чын эле немец экен дедим. «Эх, сволоч, сага «тил» алууну көрсөтөм» деп, автоматым менен узу-ун бир очеред бердим. Караан же козголбоду, же жыгылбады. Буга эмне болду деген ойго келгенимде, муундарым бошошо түшүп, үшүп кеттим. «Ушуга тийгизе албай атамбы» деп, окоптон саал көтөрүлө түшүп, бу сапар үзүп-үзүп очеред берсем болобу. Анан чуп-чуп, чуп-чуп этип, айланама октор төгүлө баштаганда, траншеяга кантип кулап түшкө-

муну билбейм. Бир топко чейин энтигип, эсиме келалбай жаттым. Менин оюмча, тиги да автоматы менен аткылап киргендей, бир убакка чейин айлана татырап турду. А мен болсо, эми «тилге» келген фашисттер окопторго секирип түшүшпөбү деп, автоматымын курогун кармай отурган элем, эки-үч ирет көккө карай да татырады.

Буерде Рафик өзү да жылмайып, табышмактуу ойду айткандан кийин эми муну өзүңөр ойлоп тапкыла дегендей мүнөздө шериктерине карады.

— А тиги ким экен? Кийин эмне болду? — деди Мурат.

— Сенин кантип согушуп келатканың да белгилүү болду — деп, лейтенант ордунан козголду.

— Ха-ха — деп, бир каткырып алган Рафик кийин сөзүн дагы баштады.

— Тиги өзүбүздүкүлөрдөн экен... — деп, келатканда:

— Эй, сен өзүбүздүкүлөрдү атыпсыңбы? — деп жиберип Мурат.

— Ооба, бирок, ашыкпа, ашыкпа — деди Рафик.

Мурат мурда чалкасынан жаткан болучу. Эми ордунан туруп, Рафикке тигиле отурду. «Анан эмне болду? дегендей лейтенант да, чыканагына көтөрүлдү. Блиндажда өлүү дымжырттык өкүм сүрдү.

— Анан эмне болмок эле? Мен аны кайдан билейин, өзүбүздүн солдатты атыпмын. Аны кийин билдим. Татыраган атышуулар башталгандан кийин жанымдагы окоптогу солдат келип:

— Эй, жанараакта тиги отурган эмени сен аттыңбы?— деди.

— Ооба мен аттым. А эмне экен? — деп, ага таңдана карадым.

— Өзүбүздүн солдатты аткан турбайсыңарбы? — деди тиги камырабай.

Мен чочуп кеттим. Өзүбүздүн солдатты өзүбүз атып отурсак, бул жакшылыкпы?

— Кантип эле... кантип эле? — деп, мен ордуман тура калдым. Каскам окоптон көтөрүлө түшкөн бекен, эки ок окоптун топурагын ызгыта, ызгыта койду.

— Отур... отур. Снайпер... — деди шеригим өзү да чөгөлөй берип. Экөөбүз отуруп калдык. «Снайпер» дегенде, жүрөгүм алкымыма такала түштү. Муундарым калчылдады. Бир аздан кийин өзүмө келип калган өңдөндүм. Ошондо:

— Тиги отурган эме кайдан жүрүп биздики болот? А мага... А мага ал немецке окшоп кетти. Биздики болсо, аерде ал эмне кылып отурат? Ага тийбейби? — дедим.

— Тиет. Тийгенде да, бул убакка чейин ал шордуунун денесин калбыр кылып кетсе керек. Бу солдат ушерде коргонуу линиясы түзүлө электе чабуулда баратып, атуу үчүн отура калууга тийиш. Колун да алдыга сунуп, атууга даярданган автоматы бар дешет. Ошондо ок тийип, ошо бойдон тоңуп калыптыр. Аны алууга аерге алдыңкы линия жетпептир. Буерге келген солдаттар алгачкы түнү траншея казуу менен алек болушуп, аны билишпептир. Эртеси чакырып да көрүшүптүр. Кийин түнү менен эки солдат барышса, тиги селейип тоңуп калган экен дешет. Аны козголтууга аракет кылганда муз качырап, үн чыгат. Мурда аны немецтер да атышса керек, дагы атышат. Барган эки солдаттын бирөө жарадар болуп артына кайтышат. Мына ошондон бери ал байкуш солдат ажалга төшүн тосуп, душманга сүр болуп отурат экен. Аны сен атыпсың — деди. Ошондо гана мен өзүмө келип, өңүмө кан жүгүргөндөй, бетим дүүлүгүп чыкты — Рафик эми кыт-кыт күлүп алып, аңгемесин аяктады. Ал аңгемесин айтып жатып, тиги тоңуп калган солдаттын колунда автоматы бар экен дегенде эле Мураттын оюу ошо автоматка бөлүнүп, эми аны кантип алуунун түрдүү-түмөн пландары анын башында чубуруп жаткан эле. Аны Рафик сезбегени менен баамдап койгон. Кийин булар өздөрүнчө дымып-дымып жатып калышканда:

— Мурат, чагымда эртеге алдыңкы линияга барасыңго — деди лейтенант.

— Сөзсүз барам, жолдош лейтенант, сөзсүз барам. Акыры мен да алдыңкы линияны көрөйүн да — деп, Мурат ордунан козголду.

* * *

Февраль айынын караңгы түндөрүнүн бири. Мурат алдыңкы линиядан он метрдей жерде тоңуп калган солдатка далдоолонуп жатат. Солдат ажалга төшүн тосуп, деги эле кенебейт. Фронт мына ушул жерге токтогондон бери ал күнүгө бир нече ирет окко учуп, өлгөн өңдөнөт. Ага автоматтын, пулеметтун октору келип тиет. Денесинин бүтүн жери калбаган сыяктанат. Бирок, ал ага көңүл бөлбөйт. Немецтерге автоматынан ана-мына ок төгүп жиберчүүдөй сүрдүү көрүнөт. Буерге Мураттын биринчи келиши. Анткени менен ал аны эки күндөн бери таңдын атышында, күндүзү, анан түнү да карап көрдү. Ага кантип жетүүнүн, жеткенде да эмне кылуунун планын эчен ирет ичинде кайталады. Кечээ бул жүрүш жөнүндөгү оюн дед Гришага да айткан эле.

...Мурат эң оболу тоңуп калган солдатты эптеп ордунан

кылгон, анан артына сүйрөөнү, же гарт көтөрүп, караңгыда траншеяга алып кире качууну ойлогон. Аны дед Гриша жактырбады.

— Ошентебиз деп барышкандар жарадар болушуп, куру кол кайтышыптырго — деп, койду. Мураттын экинчи планы автоматты тигинин колунан кайрып алуу болучу. Мында да качыран добуш чыгышы ыктымал. Бирок тобокелчиликке салбасаң иш бүтпөйт. Бир мүмкүнчүлүк ушул экөөнүнө токтолду Мурат. Дед Гриша көпкө унчукпай, ойлуу отуруп: — ээ, Мурат, автомат тигинин эки колунда болууга тийиш. Колдору кармаган бойдон тоңуп калган болсо, ошо тоңду эритип жиберүүнүн аргасы жокпу? — деди.

— Кантип, кантип? — деп калды Мурат.

— Флягага ысык суу ала барып. Ошону колго куйса, тоңдун тоңу чыгып кетер бекен?

— Оо, анда сонун болбойбу — Мурат сүйүнүп кетти. Дед Гришанын жүзүндө да кан тээп, беттери албырды. Ошо ысытылган суу тиги жерге жеткенге чейин жылуу бойдон барабы же муздап калабы? Бул оңойлук менен чече кое турган маселе көрүнбөдү.

Мурат бир алдын кубана түшкөнү менен анан дагы сумсайып отуруп калды. А дед Гриша өзүнчө поварлар менен сүйлөшүп, бир термоз кайнаган сууну алууну ойлоду. Бир термоз кайнаган суу тиги солдаттын бүт денесиндеги тоңду чыгарып жиберет деген жыйынтыкка келди. Антээни менен буга кайсы повар көнөт? Эгерде термос суусу менен табылганда да аны Мурат аерге эмне деп, кантип көтөрүп жеткирет? Бул ойлор аны олку-солку кылды. Баятан бери үн-сөзсүз жаткан Мурат ордунан туруп, отура калды да:

— Ээ, дед Гриша, тигиге мен ире-шере кирери менен эле жетсем, анан колун оозумдун абыры менен үйлөй берсем, тоң чыгып кетер бекен? — деди.

Мына азыр Мурат солдаттын жанына сойлоп келгенден бери бир аз убакыт өттү. Тиги траншеяда дед Гриша букуктан эки көзүн албай, тирмейип отурат. Немецтер түн кирери менен адаттагы иштерин кыла баштайт. Улам-улам асманга ракета көтөрүлөт. Ар жерден автомат, пулемет «дырт-дырт» этет. Ракетадан жер жарый түшкөндө, Мурат тиги солдатка далдалана катып калат. Ракета өчөөрү менен солдаттын бир колун оозунан чыккан жылуу абыр менен үйлөй баштайт. Айланага «а-у, а-у» дегендей, шыбыш кетип, ал кайра тынат. Мурат өзү да дем алып калат. Кайра шыбыш башталат. А солдаттын турганы турган. Караң-

гыда өңү-башы көрүнбөйт. Ким экени да билинбейт. Оруспу, же казакпы? А балким, кыргыз болуп жүрбөсүн? Бул шордуунун ата-энеси бар бекен? Ата менен эне уулунун Берлин алдындагы жайык бир талаада эки оттун ортосунда отуруп калганын билише бекен? Муну дайынсыз жоголду деп билдиришсе керек. Тирүүдүр деп, үмүттөрүн үзбөгөн ата-эне кат-кабар күтүп, сумсайып ойлуу жүрүшкөн чыгар. Аны ким билет? Бул ойлор Мураттын башында уйгу-туйгуланып, көңүлү кыжаалаттанганы менен ал анын колун үйлөй берди. Эң оболу бул аракетинен эч нерсе чыкпоочудай туюлду. Анткени менен көшөрүп алган Мурат оюнан кайтпады. Ал бир азга тыныга түшсө эле, тоңу чыгып бараткан кол кайра селейип катып калчудай сезилип турду ага. Ал өжөрлөнгөндөн өжөрлөндү. Ракета атылып, жердин жарый түшүшү бир нече саатка созулуп кеткендей, Мураттын жанын кашайтты. Анда ал солдаттын эми гана жумшап келаткан колун эки алаканы менен ушалап, ага тыным бербеди. Бир жолу душман огу селейип турган солдатка тийгенде Мурат жер менен жер болуп калды. Эмнегедир солдат онтоп жибергенге окшоп кетти. Же Муратка ошондой сезилдиби, аны ал ажырата албаганы менен жүрөгү шуу этип, өпкө-жүрөгү алкымына такала түшкөнсүдү. Чочулаганынан улам Мурат тигинин колун коюп жиберип, кайра кармады. Анткени, анын эки-үч манжасы жумшап, автоматтын кундагынан ажырап калган эле. Ракета үлп этип өчөрү менен Мурат өзүн токтотту да кайра ишке киришти.

Эми солдаттын колунан автоматты алып кетерине көзү жеткени менен өзүнүн сыны туташып, буттары сыздады. «Өзүм да ушу солдатка окшоп, тоңуп калбасам экен» деген ойдон улам, аны ичинен калтырак басты. Сулк жаткан боюн бир жактан тоң каптап келаткан сыяктанып кетти. Ал эрдин тиштенип, бир бүрүшүп алып, кайра буттарын сунду. Билинээр-билинбес кылып, бутун-бутуна уруп көрдү. Качыр-качыр эткендей үн чыкканда, дагы абага ракета көтөрүлүп, Мураттын айланасына октор «чуп-чуп» этип тийди. Мурат солдаттын аркасына буйт берип, ага башын калкалады, ушу солдатты дайыма кароолго алып жаткан душман ракета өчкөндөн кийин да пулеметтон кыска очеред берди. Октор солдатка дагы тийди. Ал алга карай бир умтулуп алгансып кетип, кайра ордуна келди. Мурат аны бек кучактап, башын көтөрбөдү. Кайра айлананы караңгылык каптап, алыстан-алыстан гана атышуулар угулуп калды. Мурат кайра ишине киришти. Солдаттын колун дагы тоң ала түшүптүр. Муратка ал: «Эй, сен менден автоматты талашпай эле кой. Мен кура-

[illegible] сага берип коюп, анан өзүм эмне кылам? Жок, жок тууган, сен менин автоматыма асылба» дегендей көрүндү. Анын манжалары дагы карыша баштады. Мурат жан-алы кайра үйлөп кирип, арадан он-он беш минута өткөндө гана кайра [illegible] пайда болду анда. Анткени менен суук Муратты ичинен алып, эми тиши-тишине тийбей, калтырак басты денесин. Ошондо гана байлана келген флягасы эсине түштү. «Оо, дед Гриша. Азамат дед Гриша!». Кайдан тапканын Мурат билбейт. Бирок, «тиги жерде жатканыңда керегиң тиет» деп, Муратка арак алып келип берген. Мурат титиреп жатып, арактан эки-үч ууртады. Ичине кандайдыр бир жылуулук соймоңдогон бойдон кирип кетип, ал ичегилеринде ары-бери сүрүлүп жүргөндөй сезилди. Кийин бара-бара денесине кандайдыр бир жылуулук тарап, боюнун калтыраганы басыла баштады. «Өлбө, дед Гирша! Деги эле өлбө. Сага кантип ыраазылыгымды билдирем?» деп, күбүрөндү. «Айда, Мурат, айда. Автоматты алууга аз калдым» дегенсиң, дед Гришанын элеси көз алдына келди. Мурат ишине дагы жаңы дем, жаңы күч менен киришти. Мына жеңиш! Солдат бир колун бошотту. Эми: «максатыма жетпей калган элем. Аны сен улант. Ушу автомат менен тиги жек көрүндү болгон иттерге ажал төк. Бул автоматым мага көңүлдөгүдөй кызмат кылган болчу. Сага да кызмат кылат. Тартынба, ме, ме, ала бер» деп шыбырагансыды. «Бир гана өтүнүч, этият бол. Мен окшоп ара жолдо бүктүшүп, отуруп калба. Душмандын эң акыркы солдаты калганга чейин салгылаш. Бирөө-жарым калса эле эртеби кечпи дагы баш көтөрүп чыгышат. Дагы биздин жерге көз артышат. Сен аларды эң акыркысына чейин талкала» деген жаңырык Мураттын кулагына угулуп турду. Мурат эмнегедир «айтканыңды аткарам, дос, айтканыңды аткарам» деп, жиберди. Ал кийин флягасынан дагы үч-төрт жолу уурттады аракты. Аңгыча түн жарымы болуп калган окшоду.

Анткени менен автомат Мураттын колуна тийгенден кийин да ал тиги солдатты таштап кеталбей, бир топко жатты. Анын жонун, көкүрөгүн колдору менен сыйпалап көрдү. Адамдын эти менен эт болуп калган шинелинде тим эле калбыр болуп кеткендей октордун изи турду. Мураттын жүрөгү дагы шуу этти. Анан солдатты акырын гана кучактаган болуп: «ишен, мага, мага, ишен! Сенин баскан жолуңду улантам. Ойлогон оюңду аткарам» деп, аны көкүрөгүнө кысты. Солдат какайган бойдон турушуп өзгөрбөдү.

«Бара бер, солдат, бара бер. Мен буерде постто турам

Мен душманды силер тарапка өткөрбөйм. А күчүңөрдү жыйнаганда чабуулга өткүлө» деп, Муратка караган өңдөндү. Мурат артына чегинди. Ал «ППСти» оң колу менен кармап, баятан бери үшүгөнүн, арып-талыганын унутуп коюп, боортоктоп баратты. Алдындагы траншеядан дед Гришанын башы кылайып көрүндү.

— Эй, дед Гриша, автомат... автомат! — деп жиберди Мурат.

— Бакырба... бакырба — деди лейтенант.

— Автомат... автомат... — деп баратты Мурат эмпегедир өпкөсү толуп.

Абага ракета атылып чыгып, ышкыра күйүп кетти. «Тра-тат, тра-тат» пулемет жаагын жанды.

* * *

Башка фронттордо чабуул башталып, бирде анда, бирде мында душмандын фронту бузулуп турду. Кийинки күндөрү Плацдармда да кыймыл күчөгөнү байкалып калды. Мурда Мураттар турган жерде өздөрүнүн штабы гана болсо, эми буерге артиллеристтер да, танкисттер да жайгаша баштады. Чалгынчыларды күн алыста эле алдыңкы линияга жиберип турушат. Рафик менен Станислав сөгүнөт. Бул күнү да чалгынчылардын бир тобу алдыңкы линияга кетип, калганы кезеги менен постто турган болчу. А Мурат стереотубасын ары-бери бурап, душман тарапты карап жаткан.

— Мурат, Мурат, тур. Мени менен полктун штабына чейин кошо барып келесиң. Башка эч ким жок. Комбат өзү макул болду. Кана, тезирээк даяр боло кой — деди дед Гриша. Алар тезинен даяр болуп жолго чыгышты. Көп өтпөй штабдан тапшырма алып, кайра өз бөлүгүнө кайтышты.

* * *

Чалгынчылар жаңы тапшырманы алган соң түн катып мурдагы орундарына жайгашты. Душманга көз салуу менен штабга кабар билдирип туруу керек. Мурат ушуларды ойлонуп таң атканча кирпик ирмебеди. Таң кылайып келе жатканда башын көтөрүп тегерекке көз чаптырды.

Мына эми шарт өзгөрүптүр. Мурат айланасына караса, жер жарып калган экен. Бруствердеп көтөрүлүп, алдыга телмире турушкан шериктерин көрдү ал. Анан ордунан

ыргып турду. Душман тарапта снаряд, миналар жарылып, кара көчкүл топурак фонтандар асманга көтөрүлөт. Карагайлар шарт-шарт кыйылып жерге урайт. Тим эле ошол тарапта токойдун оту алоолонуп, айланасын жалмап баратканды түюлат.

— Ур-ра-аа! — деген үндөр. Мурат алдыга телмирет. Тигине, бирөө траншеядан ыргып чыгып, ураалап кыйкырды. Анан артына бурулуп, шериктерин алга үндөдү. Чын эле ошол учурда жер сүрүлдү. Мурат көргөн көзүнө ишенбей, көздөрүн жумуп кайра ачты. Ооба, жер сүрүлүп баратты. Танкалар танка түспөлүндөгү өзү жүрүүчү замбиректер жылып баратты. Аларды биринчи эшалон менен экинчи эшалондун аралыгына көөмп, жайгаштырышкан экен. Жердин жылышы ошолор турбайбы.

Биринчи эшалон алга карай сүрүлгөндө, немецтердин тирүү калгандары ата баштады. «Зуу-зуу» этип октор өтүп, «чуп-чуп» эте жердеги дарактарга кадалып атты. А, чабуулдагы солдаттар ага анчейин көңүл бөлбөгөн мүнөздө алга жүткүнүшөт. Душман тараптан октор жааганы менен бирде күчөп, бирде басаңдай түшөт. Алдыңкы чеп алынды окшонот, ураалаган үндөр арылды. Ал улам-улам арылап баратты.

Экинчи эшалонго берилди команда. Алга жылуу керек. Милдет чоң. Алдыңкы эшалондун жеңишин улоо менен фронтту кеңитип, фронтту тереңдетип кетүүлөр тийиш. Мурат жолдоштору менен кошо туруп, кошо жүрдү. Немецтердин траншеялары, өлүп жаткан «фрицтер», чачылган курал-жарак, буюм-терим. Булар мындан бир азыраак гана мурда тирүү, эч нерсени сезбей отурушса керек эле. Алар эми жок. Аларга эми дүйнө да жок. Дүйнөнүн кызыкчылыгы да жок... Жатышат...

«Гүп ба-ах, чуп-чуп»... этет айлана. фашисттер алыстан-алыстан атышат. Алар Мураттарды көрүп-көрбөй атышат. А булар алга умтулуп, алга баратышат. Тигине, советтик танка. Күйүп жатат. Советтик солдат... окко учуптур. «Ушул жеңиш үчүн кимдир бирөөлөр өлүү керек да» дейт Мурат. Анын боюн билинээр-билинбес калтырак басат. Ал өлүмдөн коркот. Айрыкча, эртең же бүрсүгүнү жеңишке жете турган күндөрдөгү өлүмдөн коркот. «Өлүмдөн коркпогон адамдын ыйманы болбосо керек» деген ойго келет ал. Бирок, буер ойлонуп отуруучу жер эмес. Шериктери узап баратат. Мурат да алга жылат. Өлүм жөнүндөгү ойлору алда кайда кетет.

Фронттун бузулушу кеңейип, фронттун жүрүшү тереңдеп баратканы менен немецтер тим эле жер тырмалап че-

гинип жаткан өңдөнөт. Ар бир кадамда кан төгүлүп, өмүрлөр кыйылып жатат. Мураттар да душмандын алдыңкы линиясынан алда канча өтүп кетишти. Карагай-карагайга далдалана калып ок төгүшөт. Гранаталар ыргытылат. Ураалаган үндөр туюлат. Мурат автоматтын касетасын ооштурат. Дед Гриша Рафикке, «комбаттын, штабдын начальнигинин жанынан чыкпай жүр» дегендей болот.

Стреотрубаны кечинде старшина өткөрүп алгандан бери Мурат өзүн жеңил сезип, элпек жүргөн. А чабуулга өткөндөн кийин эле кол пулемет менен бараткан чалгынчыга осколка тийип, өчөйүп отуруп калган. Ошондо дед Гриша Муратка карады. Мурат анын оюн айттырбай билип, тигил жарадардын колунан «РПД»ны илип кетти. Дед Гриша алкышын айтууга да үлгүрбөй, алга жүгүрдү. Колуна алган пулемет ага жүк катары сезилбеди. Ал улам-улам тизелей коюп алдыга карай ок жаадырат да, кайра жоокерлердин агымы менен илгерилейт. Мына, бир жоноско чыга келишти. Алдыда мелтиреп жаткан ачык талаа. Оң тарабында күпүйгөн токой, токойдун ары четинен талааны жарып өткөн жол жатат. Мураттар жоноско чыкканда тиги жолдон биздин артиллеристтер көрүндү. Душман токойдо курчоодо калды. Курчоо бара-бара куушурулуп баратты. Аны Мурат өз көзү менен көрүп турду. Аны курчоодо калган немецтер деп сезди.

Бир оокумда замбирекчилер ошо талаага токтошуп, токойду аткылай башташты. Снаряддар токойду аралап түшүп, жерди сабап жатты. Жоностон туруп, комбат роталарды токой тарапка жөнөткөнү менен ачык талаада алар алга жыла алышпады. Анткени, аларды токойдо калган немецтер жер өбөктөтүп, баш көтөртпөй койду. Жоокерлер жерди казып, жерге сиңип калышты. Баш көтөрүшсө эле, ок мөндүрдөй төгүлөт. Токойго бетме-бет ачык талаа менен баруу мүмкүнчүлүгү жоктой көрүнөт. А тиги замбирекчилер токойду атышканы менен өздөрү токойго кире алышпайт. Комбат Рафикти чакырып, ага тапшырма берди. Рафик жоностон жүгүрүп, куланып жүрүп түшүп кетти. Комбаттын оюу боюнча эки рота душманды алагды кылып турса, үчүнчүсү душмандын тылынан чыгууга тийиш эле. Роталарда аз-аздан жылуу бар. Үчүнчү рота буйтап кетти. Душман буга да түшүндү.

Мына ушул учурда жүз элүүдөй фашист токойдон чыгып, ачык талаа менен салды. Ротадан атылган автомат, карабиндердин огун алар анчейин тогото беришпеди. Аралык алыстай эле. Артиллеристтер да бирде токойду атышса, бирде буларга атат. Бирок, кийин токойдо кал-

ган немецтер артиллеристтер менен роталардагы солдаттарды баш көтөртпөй, жер өбөктөтүп туруп алды. Тиги ачык талаага чыккан немецтер көз көрүнөө курчоодон чыгып баратышты. «Ах, собаки...» деди тиштенген комбат. Дед Гриша чебелектеп, ары-бери жүгүрдү.

Мурат баятан бери пулемёттун дискаларын октоп аткан эле. Эми ал капысынан гана тиги талаада бажырашып бараткан фашисттерди кароолго алып, пулемёттун күрөгүн басты. Жоностон пулемёт «тра-тат» этип үн чыгарды. Баятан чогулуп, сүрүлүп бараткан душман жер өбөктөдү. А Мурат эки дисканы катар бошотту.

— Эх, давай, давай, Мурат! — деди комбат. Бир топ «фриц» жерден көтөрүлбөдү. Калганы кайра туруп жөнөдү.

— Ат, Мурат, ат — деп бакырды комбат. Мурат менен дед Гриша дисканы октоп атышкан эле. Анан Мураттын пулемёту дагы тилге кирди. Эми дед Гриша октоп, Мурат ата баштады.

— Ат Мурат, ат... — деп, атышты- штабдагылар.

— Ат Мурат, ат... — дешти чалгынчылар. Мурат атып жатты. Токойдогу немецтер абалды байкашып, жоносту да окко тутушту. Бирок, жердин шарты буердегилерди октон сактады. Мураттын пулемёту такылдап, немецтердин шаштын алды. Качкындардын катары суюлуп баратты.

— Ок түгөнүп баратат. Ок түгөнүп баратат — деди дед Гриша.

— Чалгынчылар, ок тапкыла,— деди комбат. Станислав менен дагы бирөө артка чуркашты. А Мурат болсо, эң акыркы дисканы коюп, эми кыска-кыска очередге өттү. «Мен силерге көрсөтөр элем, эми калганыңар качып кетет окшойсуңар иттер» деп тиштенди Мурат. Бирок, ал капысынан эле атуусун токтотту.

— Эмнеге токтодуң? Ат... ат — деди комбат.

— Кол көтөрүп жатышат. Ак желек көтөрүштү — деди штабдын начальниги.

— Анда атпа... анда атпа... — деди комбат.

Чын эле аргасы кеткен душмандын бул тобу эки ак желек көтөрүшүп жоноско карай багыт алышкан эле. Чалгынчылар «Ура-аа, ур-ра-аа» деп кыйкырышты.

— Азырынча кыйкырбагыла. Дагы эмне болот, эмне жок. Тиги токойдо да немецтер бар — деди штабдын начальниги. Ак желек көтөргөн немецтер жоноско жакындап калышты. Токой тарап жым-жырттанып турган эле. Капысынан эле токойдон пулемёт татырады. Колго түш-

көнү келаткан немецтерден экөө-үчөө томолонуп кетишти.

— Ах звери, эми өздөрүн өздөрү ата баштады,— деди комбат. Булардын колунан мындай иштер келээрин баары билишет. Ага анчейин таңдана беришпеди чалгынчылар. Ак желек көтөргөн немецтер дагы постко карай жөнөштү. Ушул учурда ак ракета токойдон асманга көтөрүлүп, анан токойдон немецтер чубалып чыга башташты.

— Оо, тиги токойдогулар да колго түшмөк болушуптур — деп, кыйкырышты чалгынчылар... Ар жактан, бер жактан ак желек көтөргөн немецтер келатышты.

Туткунчулуктан кутулгандан бери батальону менен колго түшкөн фашисттерди биринчи жолу көргөндө Мурат тим эле тумагын көккө ыргытып жерге сыйбады. «Абалыңар ушул экен го, абалыңар ушул экен го. Деги эле кыйынсынат элеңер. Абалыңар ушул экен го» деп, Мурат өзүнчө сүйлөнүп жүрдү.

— Мурат, сага эмне болду? — деп, жолдоштору таңданышты.

— Мен ушул иттердин качканын, анан колго түшкөнүн көрүүгө кумар элем. Мынаке, келатышат. Мен ошого сүйүнүп отурам — деди Мурат. А фашисттер болсо, калтыраган колдорун бийик көтөрүшүп, жан соога издегенче, жоноско чыгып келатышты. Ачык талаадагылары менен токойдогулар тиги ойдунда бирге түшүшкөн эле, эми алар көбөйүп кетишти. Мурат жана чалгынчылар аларга карап, аларга тигилип турушту.

Алдыңкы катардагылары офицерлер экен. Польковник, майор, капитан, батальондун штабы составы менен, алардын артынан унтер офицерлери, эфрейторлору, анан катардагы солдаттары. «Минтип катарга турууга качан үлгүрүштү?» деген ойго келген Мурат:

— Ой, иттер, туткунга түшүүдө да «чиндерине» карап чиренгендерин көр — деп, койду өзүнчө эле.

Азыр мурда иттей аулдашкан фашисттер жок. Эми алар баштарын шылкыйтышып, ууру мышыктай жер карашат. Жүздөрү кара да. Булардын ар биринин көздөрүнөн өмүрү өчкөн ондогон Советтик кишилерди көрүүгө болот.

Бирок, «жыгылган кишини урбайт». Аны Мурат жакшы билет. Фашисттер Мураттын алдынан өтүп жатты. Көбүнүн сакал-муруту өскөн, погондорунун бири болсо, бири жок. Жүздөрү кара. «Оо, зулумдар» деп койду Мурат.

Фашисттер өтүп жатат. Мурат аларга тигилип карайт.

Эмнегедир алардын айрымдарын тааныгансып кетет. «Булардын арасында лагердеги немецтерден болуп жүрүшпөгүйбү» деген ой Мураттын көзүн ача койду. Тигине, даберлее, бирөө келе жатат. Бети батала чаң. Шинелинин бир өңүрү жок, шымынын тизеси шалбырап айрылып калыптыр. Мурат эмнегедир көздөрүн жумуп колдору менен ушалады да кайра ачты. Бир азга демин ичине алып, дымып турду. Ар жакты алактап карап келаткан жанагы немец да Муратты көрөөрү менен токтоп калды. Мурат ордунан обдулуп туруп: «Вагнер, Ваг-нэ-эр, Вагнэ-эр» деп, жиберди. Мураттын көздөрү Вагнердин көзүнө чагылыша түшкөндө немец жалтактай берип, алга жөнөдү. Вагнердин тизелери калч-калч этип, өңү кумсарып бараткана менен, ал өзүн токтоо кармоого аракеттенди. Ал алдында пулемёт менен турган «азиатты» тааныды. Мүмкүн болушунча шериктеринин арасына сиңип кетүүгө аракеттенип, жанталпаз менен кадам таштады.

Мурат тиштерин кычырата кол пулемётту Вагнерге тууралады. «А-аа...» деп кыйкырган Вагнер боюн жерге урду. Анын кыйкырыгын уккан шериктери да боюн жерге урду. «Тра-тат, тра-тат...» үзүк-үзүк очеред тигилердин үстүнөн алда кайда алыста кетти.

— Сага эмне болду? Деги дениң сообу? — деп, Мураттын колунан дед Гриша жулуп алды. Мурат өзүн араң токтотту.

— Тиги Вагнер, тиги Вагнер — деди ал, немецтер жакты көрсөтүп.

— Досун тапты Мурат — деди чалгынчылардын бирөө сөздү тамашага буруп. А Мурат болсо, Рига шаарындагы кыйын күндөрүнүн бирин, согуш складын, андагы туткундар менен кошо жүргөн өзүн, анан билектерин шымалана колуна дубинка алып жүргөн тиги Вагнерди көз алдына келтирди. Жонуна тийип аткан дубинканын үнү кулагына жаңырды. Ушу азыркы турушунда да жону тызылдай, көздөрү караңгылашып барып, анан араң өзүнө келди.

— Лагерде Вагнерден таяк жеген элем. Кап, азыр аны аталбай калдым. Вагнер соо калды. Биздин экинчи ирет бетме-бет келишибиз бу. Эми дагы качан, каерде жолугушаар экенбиз? — деди Мурат.

— Ким билет? — деп койду дед Гриша.

Чабуул улантылып жатты. Фашисттер бир алдын жан талашып согушканы менен бара-бара бошошуп, бара-бара шашырап кеткен өңдөндү. Полк башка багытка бурулду.

Алдыда токойду аралап өткөн канал. Шпрей каналы.

Немецтер каналдан өткөрө койбой, ок төгүшөт. Аркы өйүздө алар, берки өйүзүндө советтик жоокерлер. Комбат штабдын начальниги менен карагайдын далдасында туруп, дед Гришага алда эмнелерди айтып каналдын аркы өйүзүн көрсөтүп жатышты. Батальондо автомат, карабин, пулемёттор бар. Токой. Артиллеристтер, танкисттер буерге токойду аралап, али келише элек. Алар жок. А фашисттер болсо, «фаус-патрондору» менен батальондун шаштын алды. Батальондун жоокерлери каналды жээктеп окоп казууга киришти. Немецтер контр чабуулга өтүшөт, буларды артына куушка ниеттенишет. Жинденгендей ок төгүп, «фаус-патрондору» бирде анда, бирде мында жарылат. Өлгөндөр бар, жарадар болгондор бар.

— Артиллерия кана?

— Танкалар кана? — дешет бирөөлөр.

— Бекем тургула... — деп, бакырат комбат. Мурат жана башкалар, окопторун тереңдетип, уламдан-улам жерге сиңип бара жатышат. «Эми буерден бизди козгой албайсыңар» дейт Мурат. Шериктерине көз кырын салат. Алар деле Мурат өңдүү ойдо болушса керек, ок төгүшөт... сөгүнүшөт...

Ал күнү немецтер батальонду каналдан өткөрө койбоду. А түнү капысынан каптап кирүү менен эни эки жүз, тереңи эки жүз элүү метрдей жерди каналдын аркы бетинен ээлеп калышты. Андан ары чабуулга өтүүгө кечикпей, плацдарм түзүлүп, батальон түспөлүндөгү коргонуу линиясын түздү. Түнү менен солдоттар укташпай, жерди терең казып, бекемдешип, чепти чыңдап жиберишти.

Чалгынчылар болсо плацдармдын орто ченине штабга окопторду казып, өздөрү айланада жеке-жеке ячейкаларда отуруп калышты. Аралыктарды казууга үлгүрө алышпады. Ошол күнү фашисттер түшкө чейин алты жолу контрчабуулга өтүшүп, Мураттар алты жолу өлүмгө көкүрөк тосуп туруп беришти. Бирок, чегинишпеди. Таң эртеңден башталган күрөш бирде кызып, айлана канга жуулса, бирде тына түшүп, токойдун ичи кан, дарынын жытына толуп кетти. Кайда барсаң да, каякка карасаң да чаң көтөрүлүп, токойдун карагай, кайыңдары гана эмес, көзгө көрүнгөн эменин баары күйүп жаткан өңдөнду.

— Хозяин... хозяин... карандаш сынды. Карандаш жибергиле — дейт комбат телефондо. «Хозяин» дегени полктун командири. Аны Мурат билет. А «карандаш сынды» дегени эмнеси? Согуш өрттүн жалынындай бирде күчөп, бирде басылып, комбаттын карандаш сураганы кандай?

Азыр карандаш менен жазып отурар убакпы? деп, Мурат комбатты канчалык урматтаганы менен азыр ага кыжырданды. Фашисттер чабуулун уланта беришти. Түштөн кийин аларга танка түспөлүндөгү эки замбирек жардамга келди. Булардын шаштын алды. Анткени менен, алар ордуларынан козголуп да коюшпады. «Качан болбосо, арттарынан сүрүшөр беле? Ушу плацдармды кармап калуу үчүн биздикилер өлүмгө да карабай жатышса керек» деген ойго келген Мурат алды тарапка тигилет. Анда ротадагылар жатат. Бирде оң тараптан, бирде сол тараптан жарадар болгондорду сүйрөп келишип, артка ушерден жөнөтүп турушат.

Тиги душмандын өзү жүрүүчү замбиректери келгенлерге биздин танка замбиректерибиз эмне үчүн келбейт дешкенсип, жоокерлер кээде арт тарапка кулак түрүшөт.

— Бекем тургула. Бекем тургула — дейт комбат телефондо ротадагыларга кайрылып. Атышуу бир азга тыныга түшүп, анан сол жак канатта күчөп кетти. Арадан анчейин өтпөй эле штабдын арт жагындагы бадалдуу токойдон атышуу угула баштады. «Эмне болду?» дешкенсип, штабдагылар артка бурулушту.

— Байланыш үзүлдү, жолдош комбат, байланыш үзүлдү. Алло-алло мен Орелмун. Мен Орелмун... байланыш үзүлдү, жолдош комбат — деди байланышчылардын бири. Экинчиси проводду сыдырган бойдон артка жүгүрдү. Арт жакта атышуу күчөп, душман батальонду сол тарапка курчап келаткандай туюлду. Алдыңкы ротадагы солдаттар ордуларынан көтөрүлүп, артка чегине башташты.

— Каякка, каякка, коркоктор!.. Азыр атып таштайм.. — деп, комбат алга көтөрүлгөндө, арт тараптан октор ызылдап, карагайларга чоп-чоп этип тийип атты. Мурат абалдын оорлошконун эми сезди. Ал коркуп, эмне кыларын билбеди. Дед Гришага карады эле, ал автоматын мыжыгып, арт жакка тикчийип турат.

Комбат жана да окопко отура калган болчу, азыр ал кайра турду да:

— А, ну за мной, за Родину, за Сталина-а! — деп ок чыгып жаткан бадал тарапка жөнөдү. Батальондун эки ротасы комбатты ээрчип, ок төгө артка сүрүлүп, сол тараптан чепти бузуп кирип келген душман эки-үч мүнөт өтүп-өтпөй кайра түндөгү түзүлгөн офицерлеринин алдында чуркашып, автоматтарынан кыска-кыска очеред берип жүрүштү.

Абал кайра өзгөрдү. Роталар кайра окопторун ээлеп

калышып, штаб ордуна келди. Бирок, полк менен байланыш жок. Баягы байланышчылардан да кабар жок.

— Мурат проводду карап, байланышты түзөш — деди комбат. Эми проводду Мурат сыдырып барды. Ал бадалды тездей аралап барып, бүкчүйүп жаткан солдатты көрдү. Байланышчы. Ага эмне болду экен? Жарадар болдубу же окко учтубу? Мурат ага жетээри менен:

— Эй, солдат, тур-тур — деп, аны колдон тартты. Тиги шалак этти. Окко учуптур. Жан жок. Анын колунан проводду алды да ары карай жөнөдү. Тигине каралап отурууга убакыт жок. Ал жолун улантты. «Мына проводдун үзүлгөн жери» деп, Мурат сүйүнүп кетти. Ал проводдун осколка тийип үзүлгөн жерин тапты. Мурда артиллеристтер чалгынчы болуп жүргөндө үзүлгөн проводду улоону үйрөнгөн болучу. Азыр аны оңой эле улады. Бирок, анын жанында изоляциялык лента жок болучу. Уланган жер ошо бойдон жылаңач турду. Эмне кылат? Мурат ары ойлонду, бери ойлонду, анан проводду даракка асып, көтөрүп койду. Кийин проводду сыдырып, каналга жете барды. Үзүк жок экен. Каналдын ар жагында башка байланышчы отуруптур. Мурат артына кайтты:

Штабда байланыш түзүлүп калган экен. Байланышчынын окко учканын айтып, Мурат. Телефондо: «Ал-ло, ал-лоо, мен Орелмун» деп отурган солдаттын бетинен каны кетип, кумсара түштү да: Ок каерине тийиптир Мурат, өлүптүрбү?» деп, сурады, «Мүрт кетиптир» деди Мурат.

Комбат телефонго келип, дагы «хозяинден» карандаш сурады. «Хозяиндин» сөзү Муратка угулбайт. А комбат болсо: «турабыз... турабыз...» дейт. Дагы карандаш суранат.

Эмнегедир Мурат чөнтөктөрүн чукулапып, чөнтөгүнөн анда-санда күндөлүк жаза коюп жүргөн карандашын алды. Ал аны колунда кармап туруп, «мен эми ушуну аяймбы. Эгер керек десе, жанымды да, канымды да берүүгө даяр турамын го» деди өзүнчө. Анан ал акырын гана комбаттын жанына жетип:

— Жолдош комбат, баятан бери сиз карандаш сурап жатасыз. Мына карандаш... — деп, Мурат колундагы карандашты сунду. Кызык. Комбат Муратка таңдана бир карап алды да, мыйыгынан күлүп тим болду. А штабдын начальниги ачуулана түшүп:

— Бар... Ордуңа бар,— деп, койду. Мурат сумсайган бойдон ордуна кетти. «Өздөрү улам-улам карандаш сурашат да, карандаш берсе, бири күлүп, бири жемелеген

[illegible] деп. Мурат чын дилинен ызаланды. «Дагы өзү-нө кереги тиер» деген ойдо карандашын чөнтөгүнө салып, окобунда отуруп калды.

— Сен комбатка эмнеге бардың? — деди дед Гриша. Мурат болгон окуяны шыбырап айтты.

— Ой, Мурат, сен апенди элесиң,— деп, эми дед Гриша да күлдү. «Эмнеге күлөт булар? мен чын дилим менен жакшылык кылайын десем, булар эмнеге күлү-шөт»... Мураттын бетинен кан уруп, ал ичинен тити-реди. Анын ачууланганын дед Гриша туюп калды ок-шойт:

— Эй, апенди, алар «хозяинден» карандаш сурап жа-тышкан жок. Солдат сурап атышат. Көрүп турасың го, эртеңден бери өлүп жарадар болуп, батальондун теңи да калган жок. Тиги жактан «карандаштар» келишпесе, көп-кө туруштук бербейбиз... — деп каналдын ар жагына ти-гилди.

А Мурат болсо, чын эле апендиче шерменде болгонун ошондо түшүнүп, эринин тиштенди. Лагерде, токойдо жүр-гөндө анын «карандаш» менен иши болуппу? Ах, бул да, согуштук жашырын сыр эмеспи деген ойдо Мурат өзүнөн өзү кызарды.

Түштөн кийин немецтер контрчабуулду токтотушту. Ангыча комбат сураган «карандаштар» да келип калы-шып, батальон дүрбөй түштү. Дед Гриша «көрдүңбү ка-рандаштарды?» дегенсип Муратка карады. Каналдын чы-гыш бетиндеги гүрүлдөгөн мотор үнү угулду. Мурат ор-дунда сыйбай толкуп, ташып кетти. Анткени, ушул «гүр-гүр» эткен дабыштын артынан эмне болоорун ал жакшы билет.

Анан «катюша» атылып, артканонада башталды. Эр-теңден бери окоп, траншеяларда сиңип жаткан солдаттар эми ордуларынан турушуп, карагайларга сөйөнө фашист-тер тарапты карап калышты. Аларды «отургула, далдага киргиле!» деген адам болбоду. Мурат автоматын желке-синен ары таштап, пулеметуна сөйөнө турган болучу. Арыраакта снаряддар жарылып, топуракты асманга ча-чып турган.

— Мурат, Мурат, сен жарадар болупсуң... — деп, кал-дыа дед Гриша. Мурат ага карады. Тамашалап жатабы деген ойго келди.

— Башыңан жарадар болупсуң — деди ал. Мурат че-кесин сыйпап, алаканынын канга боёло түшкөнүн көрдү. Бул эмнеси? Өзүнөн-өзү таңдана түштү. «Ок болсо, аңга-рып коюп кетпейт беле?» деди ичинен. Кызууда жарадар

болгонун да сезбептир. «Ушундайда адамдар өлгөнүн да билбей калса керек» деди ал.

— Осколка тийиптир... осколка тийиптир — дешти жанындагылар.

Мураттын жарадар болуп калышын гана күтүп турган бекен аржактан санитар тура келип, анын башын дагы менен аппак кылып ороп койду да:

—Жолдош комбат, Мурат Маматовду тылга жиберебиз — деди. Комбат болсо, кете берсин дегенсип колун шилтеди. «Мен кетпейм ооруганы билинбейт. Жеңил эле жарадар болсом керек» деп, безилдеди Мурат. «Берлинге кирүүгө бир гана кадам калганда талаа госпиталына» деген ой анын жүүн-муунун калтыратты.

— Кетпейм — деди Мурат санитарга ачуусу менен. Ал комбатка барып бир нерсе деген болду.

— Жолдош Маматов, бир минутадан кийин буерден сенин карааныңды көрбөйүн, жарадар болдуңбу? Эми дарылан. Сенсиз да жетишет буерде — деди комбат мурдараак эле «карандаш» сурап жатканын унутуп койгонсуп.

Анан санитарга бурулуп:

— Маматовду бирөөңөр каналдан өткөрүп келгиле,— деп, ары басып кетти.

...Мурат просека менен бараткан эле. Машина жанына келип токтоду. Кабинадан башын чыгарып: «кузовго чык, кузовго чык» деди шофер. Одер дарыясынын чыгыш жээгине карай сызды машина. Мураттын кулагына шериктеринин ураалаган үнү жаңырып, көзү караңгылашып баратты. Ал эстен танып кеткен экен, согуштук талаа госпиталына жеткенин сезбеди.

* * *

Одер дарыясынын чыгыш жээгиндеги токойлордун биринде чоң-чоң чатырлар жайгашкан. Алардын жонунда, боорлорунда кызыл кресттер бар. Ошондой эле белгиси бар машиналар кээде токойго кирип кетсе, кээде токойдон чыгып кетип турушат. Чатырлардын ичинде эки кабат нарлар курулган. Мурат көзүн ачып, нардын алдыңкы кабатында жатканын сезди. Алсырап араң эле кыймылдап калыптыр. «Кичинекей жаратка ушунчалык боломунбу?» деди ал өзүнө өзү суроо берип. Башын көтөрүп көрдү. Көздөрү караңгылашты. Баятадан жапжарык туюлган айлана эми түнөрүп баратты. Кансырап калган экен ал. Врачтар алгачкы эки күндө бейтаптарды чатыр-чатырга

сырпо карап жүрүшсө, кийин бейтаптар врачтарга өздөрү бара башташты.

Токой. Токой ичиндеги чатырлар. Анан апрель айынын көк чөбү. Фронт буерден алыстап кеткен. Атышуулар угулбайт. Анткени менен асманда топ-топ болуп, кээде истребителдер, кээде бомбовоздор өтүшөт. Жарадарлар аларга кол булгап «Фашисттердин уюгуна төккүлө бомбаларды» деп, кыйкырышат. Учкучтар угушабы же жокпу, аны менен алардын иши жок. Самолеттордун көптүгү, алардын тынбай учуп турушу бейтаптарга дем берет. Алар жараттарынан да тез айыгып баратышкандай сезишет өздөрүн. Мурат асманга тигилип, самолетторду чын дили менен ак жолго узатат. Фронт тарапка өткөндөрүн санайт. Фронттон кайткандарын санайт. «Оо, көп. Көп» дейт көздөрүнө жаш ала. 1941-жылдын элеси келет. Көздөрүн жуумп, кайра ача коюп, көктө көөлгүп бараткан самолетторду көрөт. Көңүлү көкөлөп кетет. Жанында турган бейтапты кучактап өөп-өөп алат. Тиги Муратка таңдана түшөт:

— Кара, кара, асманды... Баратышат — дейт Мурат.

Күндөр өтүп баратат. Согуш аяктап келатат. А Мураттын фашисттерде өчү көп. Алар анын көкөйүнө өтүп, көңүлүн иренжиткен. Алар менен анын салгылашуусу керек. Ал фронтко кетүү керек. Мурат жеңил гана жарадар эмес беле? Азыраак кансыраганы болбосо, көпкө жатпады. Бат эле ордунан туруп кеткен. Колу-буту, өпкө-жүрөгү таза. Азыр ал башка жарадарлардай эмес. Башындагы таңуусун да алып таштаган. Госпиталда Мурат өңдүү жеңил жарадарлар көп. Алар күнүгө топтолуп алып, госпиталдын начальнигине киришет. Фронтко жөнөтүүсүн сурашат. «Берлинди алууга катышып калалы» дешет. Начальник болсо подполковник орто жашап калган киши. Буларга ал жаман айтпайт. Бирок, аларды жаш баланы соороткондой оңой эле сооротуп коёт. Аны алар өздөрү да сезбей калышат.

Бул күнү Мурат дагы ачуусу менен начальникке жөнөдү. Жолдо төртөө болушту алар. «Жооп берсе берди, бербесе фронтко карай качабыз. Тылга качса, аны дезертир дешет. Соттошот. А биз фронтко качабыз. Соттошсо да мейли» дешти алар. Бирок, алар начальникке жетишпеди. Жолдорунан торой чыккан ак халатчан сулуу кыз көпкөк көздөрүн мөлтүрөтүп туруп:

— Бейтаптар, силер маға жардам бере алар бекенсиңер? — деди. Анын апакай ажарданып турган өңү, сылык мүнөзү, айрыкча бал-бал жанган көздөрү — буларды арбап кетти. Алар ага сөз кайра алышпай калды.

— Биз сенин ыктыярыңдабыз — деди араларынан бирөө. Калгандары анын сөзүн ырастаган мүнөздө баш ийкешти. Бул үлбүрөгөн периштеге олдоксон сүйлөп, көңүлүн оорутуп алабызбы деген ойдо чочулап турушту. Мурат ошондо өзүнүн олдоксон мүнөзүн, олдоксон мамилесин сезди. «Ушу кыздарга жакшына сүйлөп, жатык мамиле кылуудан да ажыраган экенбиз» деп, Мурат ичинен согушка өкүнүп, аны жек көрүүсү күчөдү.

...Анан булар оор жарадарлар жаткан чатырга кирип барышты. Дары... кан жыттанат. Аба оор. Онтоолор... Оор жарадарларды экинчи чатырга алып чыгуу керек экен. Мында, чабуулдун алгачкы күндөрү шашылыштан болсо керек, жарадарлар аралаш жаткан турбайбы. Эми аларды бөлүп-бөлүп тылга жөнөтүүгө даярдап жатышыптыр.

Мурат шериги менен эки буту тең кесилген полковникти замбилге салып, көтөрүп чыгышты. «Мени бир аз күнгө койгулачы, мен айлананы карап, аба жутуп алайын» деди полковник. Мурат менен шериги замбилди этияттык менен жерге коюшту. Полковник «ах» деп, оозун ача, таноолорун дердеңдетип дем алды. Айланага суктана карады. Ушул учурда самолеттор сызып баратышкан эле. «Бүркүттөр... «Бүркүттөрүм!» деп койду. Анан эрдин тиштенип:

— Эми болду. Мени жеткирер жериңерге жеткиргиле — деди. Мурат анын абалын көргөндө өпкөсү толуп, көздөрү каканактады. Анткени менен, полковник бул абалына кейибеди. Өзүн токтоо кармады, «Оор мүнөздүү, токтоо адам экен. Үй-бүлөлүү болсо керек» деди Мурат ичинен. Көз алдына полковниктин сестейип турган аялы, бала-бакырасы келди...

Экинчи ирет алар буту тизесинен кесилген бирөөнү көтөрүп чыгышты. Эмнегедир ал сөгүнүп жатты. Кимдир бирөөнү сыягы хирургду сөккөн өңдөндү.

Аркы чатырда аялдар жатышкан экен. Бечара аялдар. Эркектер менен катар туруп, согуштун азабын бирдей көрүп келатышат. Тиги жарадар болгон эркектерге караганда, Мурат бул жарадар болушкан аялдарды аяп кетти. Согушуу жарадар болуу, кези келсе өлүү эркектерге гана мүнөздүү нерседей туюлду ага. А бу бечара аялдарчы?.. Мурат оюн аягына чыгара албады.

— Сени тигинде бирөө чакырып атат — деди шериги Муратты быкынга түртүп. Мурат ары жакты карады. Катарда жаткандардан бирөө башын азыраак көтөргөндөй болду. Мурат анын жанына басып барды.

— Сен, солдат, аткычтар полкунан эмессиңби? — деди жарадар кыз Муратка тигиле карап.

— Ооба, ошондонмун.

— Мен да ошо полктонмун... Качан, каерде жарадар болдуң? — деп ыраңында каны жок, бирок жароокер мүнөздөгү мөлтүрөгөн көздөр Муратка карады. Мурат канчалык ойлонгону менен аны каерде көргөнүн, качан көргөнүн ажырата албады. Анан, «деги ушу кызды мурда көрдүм беле?» деген ойго чөктү. Тиги Мураттын бир нерсе дээрин күтүп турду.

— Плацдармда. Шпрей каналынан чабуулга өткөн күнү жарадар болдум — деп, айтаарың айтып алып, артынан кызарып кетти Мурат. Бул жаткан кыздын жараатына караганда, Мураттын жарааты оозго ала турган эмеби? Дагы жарадар болдум деп коёт. Уят эле. Мурат ыңгайсыздана түштү. Анан:

— Атыңыз ким эле? Мен сени каерде, качан көргөнүмдү эстей албай турам — деди. Кыз мыйыгынан жылмайган болду.

— Атым Светлана. Тим эле Света деп да коюшат...

— Оо, Света, анда полктош турбайбызбы.

— Ошондой. Бирок, мен эми силердин полкуңардан кеттим го. Мен эми катардан кеттим го — деп, Света буулуп, араң сүйлөдү. Сыягы ал жашып, өпкөсү толду. Бирок, анысын билдирбөөгө аракет кылды.

— Мен полктун штабында радист элем. Штабга келгенинде көрүп калчумун. Батальондук чалгынчылардан болсоң керек — деди ал сөздү буруп.

Оо, каргыш тийген согуш. Сен ушундай белең? Мураттын көз алдына эми полктун штабындагы радист кыз келди. Ак-саргыл сулуу кыз. Боюна согуштук форма чып келишип, көпкөк көздөрү күлүңдөп турганын көргөн адам жок дегенде ошол учурда бир минутага же бир көз ирмемге болсо да согушту оюнан чыгарып, аны карап калаары шексиз эле. Мурат да Светаны алгачкы жолу көргөндө ошенткенин эсине түшүрдү. Ай Света, Света, анда ал тим эле чүрөк эмес беле. Мурат ага карап аңкайып туруп калганда: «өт, буерге турба» деген үндөн улам Мурат өзүнө келе түшүп, жолун уланткан болучу. Батальонго кайра бараткаңда да, Светаны көз алдына келтирип, «ой, тообо-оо, адамда да ушундай сулуулар болот экен ээ» деп, тамшанган эле. Светанын сулуулугуна суктанган эле.

Мурат көз ирмемге созулган кыялдануудан кайра өзүнө келип, Светага карады. Ыраңынан каны качып, өңү купкуу болуп калганы гана болбосо, ал дагы эле сулуу көрүндү. Мурат анын жараатын сураппай эле билди.

Жанындагы одеялы бир гана бутун жаап, жашыргандай болду. Экинчиси билинбеди. Света Мураттын оюна дароо түшүндү. Адамдын оюн айттырбай түшүнгөн кишилерге кыргыздар ыраазы болгондо: «Эстүү жанга айлансаң аз» деп, коюшат. Эстүү-баштуу кишилерди жогору баалашат. Мына ошерде Мурат өзүн ошондой, акыл-эстүү, адамгерчиликтүү кишилердин жанында тургандай сезип, ыңгайсызданды...

...— Осколка... Оң бутума осколка тийип... эми мен бир гана бутум менен калдым — деди Света. Билдирбей гана ары бурулган киши болуп, көздөрүнүн кычыгында мөлтүрөй түшкөн жаштарын сүртүп алды. Мураттын эси ооп, эмне кылаарын билбей туруп калган эле:

— Қана, Мурат турбайлыбы, эшикте бизди күтүп калышты — деди шериги.

— Атың Муратпы? Атыңы да сурабаптырмын. Кечирээк биздин палатага кел. Сүйлөшөбүз. Силерди госпиталдан качан чыгарат экен? Кайра полкко барсаң керек. Кат берем. Бирөөгө берип коёрсуң — деди Света.

Мурат башын ийкеп, сыртка чыгып кетти.

* * *

Күн отурууга кыйгачтап калганда Мурат Света жаткан палатага барды. Палатанын ичи ысып, аба оор экен. Дагы эле дары, дагы эле кан жыттанат. Света башын көтөрүп, «жанына отур» дегендей ишарат берди. Мурат отурду. Абалын сурады. «Түзүкмүн» деп койду. Кийин балыштын алдынан үч бурчтук кылып бүктөлгөн кагазды алды.

— Сен солдатсың ээ? — деди Муратка.

— Ооба, солдатмын — деп, жооп берди ал.

— Солдат чынчыл болот. Жалган айтпайт. Бирөөнү алдабайт. Муну сен билесиңби?

Мурат башын гана ийкеди.

— Мен сага ушул катты берип атам. Сага ишенип атам. Муну кимге атасам, ошого жеткирериңди да билем. Бирок, буерде конверт жок. Жазган катым ачык, көңүлүм тынчыбайт. Сен мага ант бер — деди Света. Мурат ага таңдана карап калганынанбы:

— Ооба, ооба ант бер. Ушул ачык катты окубай, адресатына жеткирем деп, ант бер — деди.

— Ушул ачык катты окубай, адресатына жеткирем деп, полктошум Светага ант беремин — деди Мурат.

Светлана катты берди. Мурат аны төш чөнтөгүнө салды. Анан: «Мен антыма бек жигитмин» дегендей, ага тике карап коштошуп сыртка карай жөнөдү.

— Эми көңүлүм тынч болот — деп, Света сүйүнүп калды.

Мурат эртеси госпиталдан чыкты.

* * *

Талаа госпиталынан чаккандан бери машина күтүп, жөө жүрүп, эки күн өттү. Эми алды тараптан мылтык менен пулеметтун атылганы да, снаряд менен бомбанын жарылганы да даана угулуп, фронтко жакындап калышты. Тезирээк эле жетүүгө дегдеген Мурат алдыга тигилет, анын кээ-кээде кулак түрөт. Бирок, эмнегедир басқан кадамдары арбыбайт. Бул кичинекей колонна алга жылып барган сайын фронт да арылап бараткандай сезилет.

Мынаке, Мураттар токойду аралап өткөн жол менен бара жатышат. Буерде согуштун изи али сууй элек. Аба дары темир жыттанып айлана куйкум, кан сасыйт. Ар жерден коюу кара түтүн абага көтөрүлүп, алда кайда кетет. Мурат оңго-солго көз чаптырып, ушул жерде жакында болуп өткөн согушту көз алдынан элестетет.

...Качып калган немецтердин колоннасы. Мында арминын бардык түрү бар. Жолго эки катар болуп солонуп турган танка, автомашина жана башка согуш техникалары бар. Фашисттер күндүз мына ушу токойдогу жолго жайланышкан. Бардыгы жансыз эмедей дымып калышкан. Алардын күткөнү кечтин кириши. Анда жолго жан кирмек. Бул тизилген колонналар артка чегинип. Советтик Армиянын куушуруп келаткан куугунтуктоосунан кутулуп кетмек.

Жок. Андай болбоду. Советтик чалгынчы учкучтар бул топтолуушу байкап коюшту. Ондогон штурмовиктер ушул жолдун үстүнөн ары-бери эки-үч жолу өтүштү. Оо, аны фашисттер күткөн эмес. Тим эле аларга дүйнө тарып кеткендей болду. Корголоорго жер таба алышпай, кара бойлорун жерге урушуп, ордуларынан козголгондору кайра окко учуп турушту. Жолдогу техникалар гана эмес ат арабалары да күйүп жатты. Бомба, жарылып, ок ызылдап турганда, алдастаган адамдар менен аттардын чуусун уккан беленңер? Жүрөктөр жарылып жер титиреди. Бул жолдо ошондой согуш болуп өттү.

Мурат 1941-жылы ушул өңдүү абалда калган эмес беле? Эми немецтердин аркы-терки жер өбөктөп жаткандарын көрүп, эмнегедир аларды табалап баратты. «Өлөөр

эчки койчунун таягына, сөйкөнөт деген ушул болот» деп, мыйыгынан жылмайды. Жол ботко болуп калыптыр. Ал тазалана элек. Мурат эки тарабына карайт. Тигине, апакай кайыңдардын учтарын снаряддар чырпып кетиптир. Дарак-мупжу, көз жашын төгүп, өксүп тургандай көрүнөт. Жердин бети тытылып кеткен. Дарактар да, тиги жолдо жаткандарды табалагандай болот. Мураттар алга жылат. «Эмнеси болсо да фронтко тезирээк эле жетсек экен» деп, эңсешкенде, булар алдыңкы линияга жеткенге чейин эле согуш аяктап кете турган сыяктанат. Мурат арымын кере-кере таштап, маңдайынан чыккан кирдүү терлерин улам-улам сүртүнөт. Канткен менен жөө жүрүүнүн арышы ушу да, күн отуруп бараткaнда алар бир үйлөрү өрттөнүп, күйүп жаткан кыштакка жете келишти. Командир булардын алды-артын топтоп, ошо күнү ушу элдүү пунктта жатып калып, анан таңдын атышы менен жолго чыгаарын айтты. Алар көчөнүн орто чениндеги ээси таштай качкан үйгө киришип, орун алышты. «Фронтко эртеге жетебиз го» деген ой жаш-карысына карабай, кырчылып жаткан өмүрдү, төгүлүп жаткан канды Мураттын көз алдына элестетип, жүрөгүн чыйрыктыра койду. Эртеге фронтко жетишсе, бүрсүгүнү ким бар да, ким жок. Согуш согуш да...

* * *

— Элде эмне күнөө? Эл жашоо керек. Биздин жек көргөнүбүз фашисттер. Аларды аёо жок. Жаткан жерибизде ал «фрицтерди» жексен кылабыз. Ал эми мынабу өрттөнүп жаткан үйлөр элге керек. Кеч кирип келгенге чейин өрттү өчүрүп жиберели. Буга эмне дейсиңер? — деди командир отургандарга суроолуу карап.

— Ушу кыштак түбүнөн түп көтөрүлө өрттөнүп кетсе, бизге эмне? — деп, толмочунан келген танкист тетири карап кетти.

— Үйлөрү гана эмес, өздөрү кошо өрттөнсүн. Ошондо ким менен согушуу керектигин, ким менен согушпоо керектигин үйрөнүп алышат — деди дагы бирөө.

— Анда менин табам канар эле — деди Мурат шериктеринин сөзүн колдоого алып.

— Жок, биздин максатыбыз ал эмес.

— Туура айтат. Буерде фронт турганда бир кеп эле. Эми фронт ыраактап кеткенде үйлөрдүн өрттөнүп турушу кимге жагат?

— Жакпаса, ага биз күнөөлүү белек?

— Жок, күнөөлүү эмессиз. Өз айыптары өзүндө. Бирок, бул өрттү өчүрүүбүз керек.

— Аларга жардам берели — деген чууну командир «токтогула» деп, колдорун серелеп атып, араң токтотту. Айтпаса, госпиталдан түрдүү аскер бөлүктөрүнүн өкүлдөрү чогулган экен, деги эле бири-биринин оюна көнбөй турган-дай көрүндү. Эми ага көзү жеткен командир командирдигин кылды. Ал:

— Кана эмесе, ишке киришели — деп, үнүн өкүм чыгара эле, отургандар ордуларынан олку-солку турушту. Мураттын көңүлү эмнегедир иренжий түшүп, зээни кейиди.

«Эми булардын өрттөнгөн үйлөрүн кайра калыбына келтирип бергиле дебесе эле» деп, ал ойлуу күбүрөнүп алды. Айтпаса, фашисттер эмнелерди кылбады. Бул кыштакты фронт басып өтүп, бул үйлөр согуштун отунан улам өрттөнүп отурбайбы. Согуш өрттөдү да. А немецтер болсо биздин шаарлар менен кыштактарды керосин куюп, от коюп жүрүп өрттөшпөдүбү. Буга командир эмне үчүн түшүнбөйт? Же ал тиги иттерге тим эле гумандуу болуп көрүнгүсү келеби? Айтпаса, ушу лейтенант Савельев госпиталдан келаткан солдаттарга чыныгы командирби? Госпиталдан дивизиянын штабына жеткенге чейинки гана амалын пайдаланганы эмнеси? Бул ойлорун колдоого алабы деген кыял менен Мурат жанагы танкистке карады. Кабагынан кар жаап турганы менен көпчүлүккө каршы туралбастыгын билген танкист катарда жер карап, кош көңүл гана баратты.

Жашы алтымыштан ашып калган, бирок, көрүнүшү тың бир немец чал өрттөнүп жаткан сарайын карап турат. Сыягы жакында немецтер буерде өздөрү бомбалаган го. Орто бойлуу, балжайган семиз сары кемпир чыйпыйы чыгып, ары-бери жүгүрөт. Колундагы чакасы менен суу алып келип чачкан болот. Ага жардамдашкан эч ким жок. Алоолонгон жалын аркы үйдүн шыбына жармашып барууда. Кемпири жерге турбай безилдегени менен чалы керең, пес. Ордунан козголбой, какайып турганы турган. Өрттү өчүрүп калууга ал эми алсыз, ал эми кудуретсиз: Анын мурдагы бакылдап жүргөн абалы жок. Мөгдүрөп: «булардын баары тагдырга байланыштуу» деген ойдо эки колу шалдайып, келечектен үмүтү өчкөн. Башка үйдөгүлөрдүн көбү же качып кетишкен, же үйлөрүн бекем кулпулап алып, туш-тарапка суурча кулак түрүп отурушса керек.

«Эмне дейсиңер? Урушта туруш жок» дегендей солдат-

тар көңүлсүз болушса да, өрттү өчүрүүгө өтүшүп, кимдин колуна эмне кирсе, ошону менен тиги тилсиз душманга каршы чыгышты. Минута өтүп-өтпөй эле жанараакта кайшактап аткан солдаттарды азыр таануу кыйын болуп калды. Лейтенант Савельев тиги турган карыя немецтин жанына басып барганда, анын ыраңынан каны кетип, аркы дүйнөсү көз алдына келе түштүбү, тизелери калч-калч этип, араң турду. Оюнда: «Эми өлтүрөт го» дедиби, көздөрү бакырайып, кирпиктери ирмелбей турду.

— Эмнеге катып калдың? Чакаларың барбы? Болсо алып келбейсиңби? — деди лейтенант.

— Вас... вас... — деп, дудаланды чал. Тил билбеген лейтенант дагы эмне дээрин билбей калды.

— Оо, кайран эме, «Вас... васыңды» кийин айтасың, азыр чаканы алып кел — Мурат кемпирдин колундагы чаканы көрсөттү.

Ошондо гана орустардын оюна түшүнгөн немец чал тамтаңдаган бойдон үйүнө карай жүгүрдү. Эки-үч чака менен чачылган сууга алоолонуп алган жалын моюн бербей, карагай торсундар чатырап күйө берди.

* * *

Мураттын чөнтөгүндө кат. Светлананын каты. Ал Мураттын тынчын алат. Аманатты адресатына жеткирүү керек. Качан? Кантип? Мураттын көзү жетпейт. Эчен ирет катты колуна алып, аны окуп, жибергиси келди. Анда эмне сыр жазылды экен, ал Муратты кызыктырды. Бирок, катты эми гана колуна алып келатканда берген анты көңүлүнө кылт дей түшүп, Светлананын элеси көз алдынан кетпей туруп алчу болду. Аманат. Ант. Булар Мураттын колун титиретип, көзүн ачты. Мурат полкко келгенде, полк Берлин алдындагы токойлордун биринде душмандын курчоодо калган үч дивизиясын талкалоого катышып жаткан экен. Мурат бараары менен дагы согушка кирди. Токой өңгүрөп, токой дүңгүрөп жатат. Биздикилер душманды ороп алып, эми аны замбиректер менен таш барaңга алган сымак аткылашат. Абадан бомба төгүшөт. Фашисттер токойдо ажалы жеткен карышкыр өндөнүп, бирде ары жакка, бирде бери жакка урунат. Мурду канжалайт. Курчоо бек. Советтик Армия аларды улам-улам кысымга алып, бууп бараткандай сезилет.

Аргасы кеткен душмандын айрым бир бөлүгү багынуу-

го баш ойой, Мураттардын полкунда азыраак тыныгуу пайда болду. Мурат дед Гришага да айткан болчу.

— Мурат, эки чалгынчы полктун штабына маалымат жеткирмек болду. Бирине сен бар. Алиги Светлананын катын бере келесин — деди дед Гриша.

А полктун штабына жеткенде:

— Старший лейтенант Анисимовду кайдан учуратууга болот? — деп, Мурат дежурныйдан сурады.

— Анисимовду? Ал бүгүн курман болду. Окко учуптур. Азыр аны көмүшөт — деди дежурный. Анан башын көтөрдү да:

— Эмне? Анисимовдо ишиң бар беле? — деди Муратка тигиле карап. Мурат ага Светлананын каты жөнүндө айтты.

— Мм даа-даа — деген дежурный бир азга өзүнчө ойлоно түштү да кийин:

— Мен буерде жаңымын. Бүгүн гана келдим. Эң жакшысы сен подполковник Соловьевге жолук. Ошого айт. Ал биздин жетекчи. Катты эмне кыларын ошо киши билет — деди.

Мурат подполковникке болгон окуяны билдирди.

— Аа, кат Светланаданбы? Анисимовго бергин деди беле? Ант алганы кызык болгон экен. Эми эмне кылабыз? Анисимов тирүү болгондо сенин ишиң оң келмек экен — деди подполковник.

— Анда катты сизге тапшырып кетем — деп, Мурат Светлананын катын чөнтөгүнөн алды.

— Вот, что друг мой,— деди подполковник Муратка. — Эгерде Светлана катты Анисимовго жазып, аны башка бирөөлөрдүн ачып окуусун каалабаган болсо, сенден ант алган, анда аны мен окуйт белем. Согуштук жашырын сыр дегендей, бул да адамдык ыйык жашырын сыр. Аны окур адамы курман болуптур. Бирок, азыр көмүлө элек. Эми көмүлөт. Анда Светлананын ушу сыры да, окулбастан, ошо Анисимов менен кошо кетсин. Эми сен буга да күбө бол. Сенин антың бузулбасын катты эч ким окубасын. Анисимовдун чөнтөгүнө катты өз колуң менен салып кет — деди.

Мурат эмне демек эле? Подполковник аны ээрчитип, токойдун башка бир жерине алып барды. Анда он чакты табыт жасалып бүткөн экен. Мүрдөлөр да ошерде жатыптыр. Аерде башкарып жүргөн капитан «Бардыгы даяр болду» деди подполковникке. Мүрдөлөр кийиндирилип, табытка салынды.

— Ушу киши Анисимов болот. Жанагы катты анын

чөнтөгүнө салып кой. Адамгерчилик бир карызындан кутуласың — деди подполковник.

Мурат табытка жакын келип, көздөрү ачык жаткан тармал чач сымбаттуу офицерди көрдү. Анын жүзүнөн азыраак каны качып калганы гана болбосо, ыраңы дале өчпөптүр. Ал Муратка азыр эле ордунан тура калып: «Сен Светлананы көрдүңбү? Ал кантип калыптыр» деп сурап жиберчүдөй туюлуп кетти. Мурат кетенчиктей түштү. Боюн сүр басты. Ал канчалык аракеттенгени менен колдору калтырап Анисимовдун төш чөнтөгүнө катты араң эле салды.

Мурат жана бир топ солдаттар менен офицерлер автоматтарын абага татыратып, токойдун четинде жаңыдан гана пайда болгон дөбөчөлөрдүн жанында пилоткаларын колдоруна алып турушту. «Силер үчүн өч алууга ант беребиз» деди капитан көмүлгөндөргө кайрылып. «Сүйүктүүңүн аманатын өзүңө тапшырдым. Эми аны өзүң менен кошо ала жат. Бирок, Светланага бакыт-таалай тиле. Өмүр тиле» деди Мурат ичинен Анисимовго кайрылып.

* * *

Мурат шериги менен батальондун штабына келгенде, күн кечтеп бараткан. Ал Светлананын катын ойлоп, Анисимовдун өлүмүн көз алдына келтирип, көпкө чейин өзү менен күбүрөнүп жүрдү. «Бул эмне деген кеп? Бул эмне деген укмуш? Согуш жүрүп жатса, ок ызылдап, ажал оозун араандай ачып турса, сүйүү. Бирин бири сүйүү. Согуш талаасында сүйүү, ток жиберилген зым тосмолуу өлүм лагеринде сүйүү, туш тарабынан душман каптап алган чытырман ачка токойдун ичинде сүйүү. «Оо, сүйүү, күчүңдөн, кудуретинден айланайын сүйүү. Сен эч ким, эч нерсе жадегенде дүйнө элин күл кылып, дүйнө элин өлүмгө каптап кирип келген тиги гитлердик фашизм да, сен сүйүүнү тосо албаганына, тосууга кудурети жетпегенине мен эми түшүндүм. Немка Бригентта, полячка Марта, орус Светлана, дагы-дагылардын сүйүүлөрү турбайбы. Мен эми ошо ыйык сүйүүлөрдү коргоп калуу үчүн жанымды да, канымды да аябайм» деп, Мурат муштумун түйүп, батыш тарапка карады. Батышта асман өрттөнүп, асман күйүп бараткан сыяктанды. Берлиндин көчөлөрүнө снаряд түшүп, Берлин фашизмдин уюгу өрттөнүп жатты. Ушул учурда Мураттын көөдөнү көтөрүлүп, Советтик Армия, согуштун

баштапкысы көз алдына келди. 1941-жыл жок азыр. Ал учур эрте калган экен. Мурат танка колоннасын көрдү. Сонун бурулду эле «катюшанын» дивизиону баратыптыр. Арт жагына кайрылып, резервдеги гвардиялык бөлүктөрдү учуратты. Асманга тигиле коюп, топ-тобу менен сызып бараткан бомбардировщиктерди, истребителдерди көрүп, көңүлү көкөлөп, көңүлү эргиди. «Эми Гитлер капут болот. Эми Берлин капут болот. Эми фашизм капут болот» деп күбүрөндү кубанганынан.

— Эй Мурат, сен эмне эле өзүңчө сүйлөнүп калгансың? — деди дед Гриша.

— Гитлер капут болот, Берлин капут болот деп атам,— деди Мурат.

— Ой, бу сен дүйнөдөгү жаңылыктардан артта калган турбайсыңбы, Мурат. Биздин армия Берлинди курчоого алыптыр. Союздаштар менен жолугуптур. Анан Гитлер да капут болуптур. Муну сен укпадыңбы?

— Укпадым. Ыймандай сырым, укпадым! Эй, дед... кечириңиз жолдош лейтенант, чын эле Гитлер капут болуппу?

— Чын эле.

— Даа-аа — деп, Мурат отуруп калды.

— Ой, капут болбогондо эмне кылат элең аны?

— Эмне кылаарымды өзүм билет элем, Орто Азияга алып барып, эшек кошкон арабага эки колун артына байлап отургузуп, анан «оой, эл-журт, уккула! Силердин уулуларды, сүйгөн жигиттериңерди, алган жубайыңарды өлтүргөн киши ушу. Шаар менен кыштакты өрттөгөн киши ушу» дейт элем. Бирок, аларга аны өлтүртпөйт элем. Қара кишини, аза туткан ата-эне, келин-кесек, жетим калган бөбөктөрдү Гитлердин бетине түкүртө берер элем, түкүртө берер элем. Анан Гитлердин азап-тозогун көргөн башка элдерге да жиберер элем. Кийин дүйнө элинен өкүл топтоп туруп, мына ушу Берлинде, тиги Рейхстаг дешеби, ошонусунун алдына дарга үч жолу асылтмакмын.

— Кантип?

— Мойнуна илмекти илип көтөрүп, ана жаны чыгат, мына жаны чыгат деп келатканда кайра ордуна түшүрүп, кайра өзүнө келтирип, анан дагы асат элем. Ошентип, дарга асуу эмне экенин ага билдирет элем. А то, бир жолу асаң, ал ит дардын эмне экенин билбей кете бермек.

— Анда кечиккен турбайсыңбы!

— Өкүнүчтүү. Буга өкүнөм...

Мурат менен дед Гриша өздөрүнчө Гитлерди дарга асып отурушканда, курчоодогу немецтердин экинчи бөлүгү со-

гушуп жаткан токойдо абал оорлошо түшкөн эле. Анан полк тревога боюнча көтөрүлүп, түн ичинде башка бир жерге келди. Буерде кадимкидей согуш жүрүп жаткан болчу. Роталар алдыга сүрүлүп, коргонуп жаткан башка роталардын ордун ээлешти. Батальондун штабы адаттагыдай, үч жүз метрче артта калды. Чалгынчылар эң оболу батальондун штабына окоп, траншеяларды казышып, кийин өздөрү баш калкалаар окоп, ячейкаларга өтүштү. Мурат кол пулеметту көтөрө жүргөндүктөн траншеяны казууга ага Станислав жардамга келди. Саздак жерди казуу анчейин татаал эмес, алар бат эле эки киши катар туруп, ок атууга ылайык окоп, траншеяны даярдашып, аны штабдык траншеяга кошо коюшту.

— Ээ, Мурат, сен ушу пулеметту көтөргөнүң ырас болгон экен. Тиги плацдармдан чыккан күнү дөбөчөдө согушканың үчүн сага «За отвагу» медалын берүүгө полкко документ жибериптир. Жакында төшүндө медаль жаркырайт — деди.

Мурат муну күткөн эмес эле. Дед Гриша да айткан эмес эле. Же Станислав ичинен чыгарып атабы? Саамга Мурат эндиреп, эч кепке келбеди, кийин:

— Өрдөк учуруучу адатың бар беле? — деди тигиге.

— Эмне үчүн өрдөк учурам? Ишенбейсиңби? Анда комбаттан сура.

— Тапкан экенсиң жиндини. Мен эми «мени сыйладыңарбы?» деп, комбатка барамынбы?

— Барбасаң кой. Ишенбесең ишенбе. Мен сага сени ишен деп зордойт белем. Бирок, төшүңө медаль илингенде, анда эмне дээр экенсиң?

Ушул учурда ар жактан шабырт чыкты. Анан дед Гришанын барааны көрүндү. Ал булардын талаш-тартыш сөзүн угуп отурган бекен:

— Куттуктайм, Мурат, куттуктайм! Славанын сөзүнө ишене бер. А мен болсо, ошо медалды сага тапшырар күнү гана айтайын деген элем. Болбоду. Слава информация берип жиберди — деди ал.

Мураттын бешенесинен тер кетти. Ал чекесин сүртүнүп, эмне дээрин билбей отурду. Анын кубанычы ашып, ташып, көөдөнүнө сыйбай отурду. Батальону менен колго түшкөн немецтер, жер өбөктөй жыгылган Вагнер көз алдына келди. Анда пулеметтон дед Гриша экөө тиги фашисттерге ажал төгүшпөдү беле? Эмне үчүн Мурат сый алат? А барабар эле согушкан дед Гриша куру калат. Эми Мурат ордунан атылып турду да:

— Эй, дед Гриша, ал күнү экөөбүз бирдей согушпадык

беле? — деп, аны жакадан алды. Дед Гриша күлүп жиберди.

— Мен да куру эмесмин. Мага «За боевые заслуги» медалын беришмек болушту. Так, что, мени да куттуктай бер — деди.

Мурат дед Гришаны кучактап, эки бетинен эки өптү.

— Биз да ушу күндөргө жетет экенбиз-аа! — Мурат толкуланып, бир орунга туралбастан, колдорун ушалап ары-бери басты. Анан окопко тура калып, кол пулеметтон үзүп-үзүп, бала кандай бир музыканын ыргагына окшогон очеред берди.

— Эй, эй Мурат, сен эмне кылып атасың? — деди дед Гриша.

— Салют берип атам, сыйланганыңа салют берип атам — деп, Мурат пулеметту дагы бир жолу татыратты.

— Эмне болуп кетти? Дагы эмне болуп кетти? — деген үн чыкты штаб тараптан. Ал штабдын начальниги эле.

— Биз өзүбүзчө эле. Пулеметту атып көрүп атабыз — деди да дед Гриша штабга карай багыт алды.

Мурат окопто Станислав менен дагы көпкө отурушту. Аны-муну сүйлөштү. Немецтер, азыр жарадар болгон жырткыч сымак, өлгөндөрүнө карабай согушуп жатышат. Тигине, алардын теңи колго түштү. А теңинен көбү мына согушуп жатышат. Алардын оюу курчоону бузуп кетип, жок дегенде союздаштарга колго түшүү. Ошондуктанбы тим эле жинденишет. Мурат болсо «А биз алардын жинин кагабыз» дейт. Азырда ал душманды ошо алдыңкы линиядан өткөрө коюшпайт дегендей ойдо турган эле, ар жактан штабдын начальнигинин «Куралды алгыла! Согушка!» деген үнү чыкты. «Согушка! Согушка!» деген командалар тарады. Буерде чалгынчы, байланышчылар, штабдын офицерлери жана артиллеристтердин НПдагы адамдары бар. Айлана заматта дүрбөлөңгө түштү.

Мурат пулеметко өбөктөп, алдыга тирмейип калганда, Станислав анын жанында автоматы менен даяр турду.

— Бошогон дисканы октоп берүү да сенин милдетиң болот — деди Мурат шеригине.

— Болуптур... ата бер — деп, Станислав ордунан козголоду. Ошол учурда дед Гриша келди булардын жанына.

— Биринчи ротанын катарын душман бузуп, эки-үч танка менен жүздөй «фрицтер» биз тарапка келатышат. Мурат, сен пулеметуң менен фрицтерге... а биз танка менен күрөшүп көрөбүз — деди. Анан:

— Рафик! Фауст патрондорду мында апкел! Өздөрүнүн куралы менен өздөрүн да согуп көрөлү — деп күлүмсүрөдү.

Аңгыча ар жерге снаряд түшүп, айланада чаң асманга көтөрүлө баштады. Алдыда батальондун штабына карап, душмандын танкалары, анан жөө аскерлери келатты.

— Бекем тургула! Бекем тургула! Чегинүүгө тыюу салам! — деген үн угулду. Комбат эле ал. Комбат чалгынчыларды аралап келаткан эле. Ал Муратты далыга таптады да:

— Өткөндөгүдөй дагы бир согушуп көрчү — деп койду. Анан кайра өз ордуна кетти. Комбаттын бул сөзү Муратка чоң дем берди. Ал эми буерден душмандын тумшугун эзсе эзет, бирок, өлбөсө бир кадам артка чегинбейт. Көз ирмемде мына ушу ойлор Мураттын башынан өттү. «Танка, танка» деген чуу көтөрүлдү буерден. Мурат эки жүз метрдей алдыда келаткан танкаларды көрдү. Алар үчөө эле. Катар келатышат. Танкаларга далдаланып жөө «фрицтер» келатышат. Фрицтер «дырт, дырт» эттирип, автоматтан очеред беришет, а танкалары пушкасы менен улам-улам атып коюшат. «Жакындай берсин, жакындай берсин» дейт дед Гриша. Рафик анын жанында. Ал дагы бир фауст патронду танкаларга кезеп турат. Снаряд келип түштү. Ал топуракты асманга көтөрдү. Штаб тараптан «аткыла» деген команда чыгаары менен дед Гриша аткан өңдөнду.

— Мимо — деп кыйкырды бирөө. Дед Гриша же корксо керек, же толкундаса керек. Анан ал эки-үч фауст патронду удаа-удаасынан берди.

— Өрттөндү, өрттөндү — деп кыйкырды Рафик. Ырас эле, Мурат ортоңку танканын токтоп калганын, танканы коюу кара-кочкул түтүн каптап бараткан көрдү. Анан ошо түтүндүн арасынан чыгып келаткан «фрицтерди» көрүп, пулеметтун курогун басып калды. Ал бир дисканы эми экиге гана бөлүп аткандай болду. Чаң, чуу көтөрүлдү. Душмандын калган эки танкасы эми пулемет менен фауст патрон чыккан жерди баамдап коюштубу, снаряддар же алдыга, же артка түшүп, айланада осколкалар ышкыра баштады. Мурат саамга окопто баш калкалай калып, кайра көтөрүлдү. «Азаматтар! Азаматтар» Душмандын экинчи танкасы өрттөнүп, үчүнчүсү эми буйтап бурулуп бараткан экен. А солдаттары ок төгүп туура эле келатыптыр. Алар улам-улам жыгылып түшкөндөрүнө, өлгөндөрүнө карабай сүрүлүп келатышыптыр. Мурат пулемет менен дагы элеп кирди. Ал заматта эки дисканы ооштуруп жиберди. Эми Станислав дисканы октоо менен гана алек болуп калды. Душмандын көбү жер өбөктөгөнү менен көбү өжөрлүккө салып, заар кыйкырышат. Алга жылышат. Улам-улам бу-

ойдон аралыгы кыскарып келатат. Штабдын начальниги жарадар болду... жарадар болду... деген шыбыштар жетти Муратка. Анын көз алдына тыкан гана капитандын элеси келе түшүп, кайра өчтү. Рафиктин «аа!» деген үнү чыкты. Ушул учурда Мурат өзүн билбейт, ал.

— Ур-раа-аа! За Родину-уу! — деп, пулеметтон ок төгүп, окоптон көтөрүлдү. Мындан, андан Муратты коштогон үндөр угулду.

Ур-раа! Ур-раа-аа! — деп жаңырды айлана. Ушул учурда душмандын үчүнчү танкасы да өрттөнүп кетти. «Муну да дед Гриша соктуго» деген ойго келди Мурат. Душман турушун бере албады. Танкалары өрттөнүп кеткенден кийин эле жоо аскерлери:

— Гитлер капут... Гит-лер кап-уут! — дешип кол көтөрө башташты. Чалгынчылар, байланышчылар «фрицтерди» ороп, аларды штабга айдап келишти. Ботала болгон Мурат эмнегедир артында калган эки-үч «ири фрицти» тепкилеп жиберди. Башкалар ага анчейин көңүл бурушпады.

Капысынан башталып кеткен согуш, капысынан басылды. Дед Гриша туткунга түшкөн «фрицтерди» санады. Алтымыш беш. Бирок, штабдын начальниги оор жарадар. Үч байланышчы өлүптүр. Чалгынчылардан Рафик да жарадар болуптур.

Бир кезде комбат штабдагыларды, анан чалгынчы, байланышчыларды топтоп алып:

— Жолдоштор, силер чоң иш кылдыңар, коргонууну бузуп чыккан душмандын үч танкасы менен элүүдөй солдат, офицерин талкаладыңар. Алтымыш бешин колго түшүрдүңөр. Мына ачыгын айтуу керек, лейтенант Григорий Дементьев менен чалгынчы Мурат Маматов партизандарча согушту. Мен силерге алкыш жарыялайм. Дементьев менен Маматовго айрыкча алкыш жарыялаймын! — деди.

— Служим Советскому Союзу! — деген чогуу үн айлананы жаңыртып жиберди.

* * *

Ошол күнкү согуш түшкө чейин уланды. Абадан бомбулап, жерден артиллериялык атууга алганда, аргасы кеткен душман колго түшүүгө парламентерлорун жибериптир.

Ошентип, ал күнү курчоодо калган немецтердин үч дивизиясынын эң акыркы солдаты куралын таштаганы менен Берлинде, Берлин үчүн согуш жүрүп жаткан эле.

Полк түш оогондо Берлинге карай багыт алды.

— Ээ, Мурат, эми Берлинди да көрөбүз — деди дед Гриша каргылданган үнү менен.

— Дед Гриша, Гитлер капут болду. Буга биз кечигип калдык. Эми Берлин капут болот. Жок дегенде ошого жетип калбасак, бу дүйнө, ой дүйнөдө менин арманым ичимде кетет,— деп, Мурат батышка карады. Батыш тарап, жери да, асманы да кызарып өрттөнүп турган эле.

Полк алга сүрүлдү. Дед Гриша менен Мурат катарда алдыда баратышты.

*Москва-Малеевка*
*Ош дем алуу үйү.*

# ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР

Ауфштейн — тургула
Дольметчер — котормочу
Яволь-яволь — ооба
Хауптман — капитан
Ду-ду — Сен, сен!
Галет — галет (азыктын түрү)
Лос-лос — бол, бол!
Шнел-шнел — тез-тез
Юде-юде — Еврей
Яволь, хер оберс — ооба, господин полковник
Раус, раус, шнел, шнел — тез-тез баскыла
Оберс — полковник
Ахтунг — көңүл бургула
Айн, цвай, драй, цванг — бир, эки, үч, жыйырма
Цурик, цурик — артка, артка
Гольд ист — бул алтын
Ком хиер — бери кел
Гут арбайтен — жакшы иштөө керек
Ком, ком — кет-кет
Марино командо — деңиз командасы
Век, век — жогол, кет жолуң менен

## МАЗМУНУ

Биринчи бөлүм . . . . . . . . . . . . . . . . 4
Экинчи бөлүм . . . . . . . . . . . . . . . . 51
Үчүнчү бөлүм . . . . . . . . . . . . . . . . 141
Төртүнчү бөлүм . . . . . . . . . . . . . . . 217

*Исраил Сулайманов*

ДАЛЬНИЙ ПУТЬ

Роман

(На киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Рецензенти философия илимдеринин кандидаты
А. Медетбеков
Редактору Т. К. Ташматов
Сүрөтчүсү Б. Жайчибеков
Худ. редактору С. Ямгырчиев
Тех. редактору В. Крутякова
Корректору М. Кожалиева


ИБ № 4215

Терүүгө 16. 11. 87. берилди. Басууга 08. 02. 88. кол коюлду. Д—01719. Басмаканалык № 1 кагаз. Адабий ариби, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 84×108 1/32. 8,5 физ. басма табак, 14,28 шарттуу басма табак, 15,849 учеттук табак, 14,7 боёк түшүрүү. Тиражы 8000. Заказ № 334. Баасы 1 с. 00 т.

Элдердин Достугу ордендүү «Кыргызстан» басмасы.
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

1 с.



ИСРАИЛ
СУЛАЙМАНОВ

# АЛЫС САПАР



